3(2)
Д-185

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

С. ДАНИЯРОВ, А. КАНГЕЛДИЕВ

КООМДУК-САЯСИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК-СПРАВОЧНИГИ

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ-СПРАВОЧНИК ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Фрунзе 1979

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР.

ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

С. ДАНИЯРОВ, А. КАНГЕЛДИЕВ

КООМДУК-САЯСИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК-СПРАВОЧНИГИ

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ-СПРАВОЧНИК ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

„ИЛИМ" БАСМАСЫ
Фрунзе 1979

3(03)
Д 185
+494,341-3

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ БОЮНЧА БАСЫЛДЫ

Жооптуу редактор: тарых илимдеринин кандидаты Б.Маравиков

Редактор: филология илимдеринин кандидаты В.Закирова

© Издательство "Илим", 1979

500765

Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР

КИРИШ СӨЗ

Азыркы учурда илимий-техникалык прогрестин жетишкендиктеринин жана бул боюнча эл аралык карым-катнаштын улам кеңип бараткандыгына байланыштуу тилибизде кептеген коомдук-саясий терминдер, түшүнүктөр пайда болуп жаткандыгы белгилүү. Буга байланыштуу кийинки жылдарда тарыхый, философиялык, экономикалык ж.б.у.с. терминдердин орусча - кыргызча сөздүктөрү да басылып чыкты. Ал сөздүктөргө кийинки улам жаңы өнүгүш-өсүштөргө байланыштуу келип чыккан түшүнүктөр, алардын терминдери кирбей калышы да табигый нерсе. Ошондуктан мындай жаңы терминдерди көпчө камтыган коомдук-саясий терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн түзүп, аны кеңири окуучу массага тартуу кылуу максатында авторлор бул иште колго алышты.

Бул сөздүк-справочник марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектерин, саясий-экономикалык адабиятты кыргыз тилине которгондо колдонулуп жүргөн терминдердин көпчүлүгү негизге алынып, мурдагы жарык көргөн "Коомдук-саясий терминдердин сөздүгүн" /авторлор: К. Сооронбаев, С. Чолоков, Ж. Шукуров/; "Саясий экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн" /автор А.Түкөмбаев/; "Өнөр жай экономикасы боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн" /авторлор: М. Иманалиев, А. Иманбеков, К.Соодонбеков/; "Экономикалык терминдердин кыскача орусча-кыргызча сөздүк-справочнигин" /автор К.Жумадилов/ ж.б. сөздүктөрдү пайдалануу менен, жогорку окуу жайларынын программаларынын көлөмүндө учурдагы терминдери көпчө камтылып, иштелип чыкты.

"Сөздүк", коомдук-саясий терминдерди бүтүндөй баштан алып бардыгын ичине толук камтый алган жок, аздыр-көптүр алдан, негизинен, коомдук-саясий жагына таандык колдонулуучу гана терминдерге орун берилди.

"Сөздүктү" түзүүдө, биринчиден, кыргыз тилинин ички мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, мүмкүн болушунча кыргызча эквиваленттерин берүүгө аракет жасалды. Экинчиден, кыргызча эквиваленттери болбогон учурда терминдер ошол бойдон сакталды. Ошондой эле терминдик маанидеги синонимдердин санын мүмкүн болушунча азайтууга аракеттендик. Алынган терминдердин бардыгына баштан алып түшүндүрмө берилө берген жок. Анткени айрым терминдер өтө эле кеңири колдонулат же алардын маанисин жалпыга белгилүү. Кээ бир терминдерге түшүнүктөр берүү менен бирге, алардын маанисин чечмелеп түшүндүрүүчү мисалдар да алынды.

"Сөздүктүн" сапатын жакшыртууга көп жардам берип, өз ой-пикирлерин, сунуштарын көрсөткөн Терминология комиссиясынын мүчөлөрүнө, терминология секторуна, адис редакторго ж.б. авторлор өзүнүн алкышын айтат.

"Сөздүктүн" мазмунуна байланыштуу сунуштарыңыздарды, ой-пикир, каалоолорунуздарды төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү сурайбыз:

Фрунзе шаары, Ленин проспектиси 265 а Терминком.

Авторлор

АЕДИКАЦИЯ абдикация /тактан, бийликтен, кызматтан баш тартуу/.

АБЕРРАЦИЯ аберрация /капылыктык, чындыктан четтөө/.

АБИТУРИЕНТ абитуриент /I. орто мектепти бүтүрүүчү окуучу; 2. окуу жайына кирүүгө талапкер болгон киши/.

АБОЛИЦИОНИЗМ аболиционизм/I.кандайдыр бир законду жокоюу кампаниясы; 2. кул эээчилдикти, эмесе АКШдагы негрлерди кул кылууну жокоюга багытталган XVII кылымдын аягындагы жана XIX кылымдын башындагы коомдук кыймыл/.

АБОРИГЕНЫ аборигендер /тигил же бул өлкөдөгү же жердеги эзелтен бери жашаган жергиликтүү калк/.

АБСЕНТЕИЗМ абсентеизм /граждандык милдетти аткаруудан баш тартуу; капиталисттик өлкөлөрдө пайдоочулардын пайдоого барбай коюшу; эмгекчилердин капиталисттик пайдоо системасына каршылык көрсөтүүсүнүн бир формасы/.

АБСОЛЮТИЗМ абсолютизм /чексиз бийлик, бир адамдын-монархтын колунда болгон мамлекеттик башкаруу/.

АБСОЛЮТНАЯ ИСТИНА абсолюттук чындык /К. ИСТИНА/

АБСТРАКЦИОНИЗМ абстракционизм /XX кылымдын башында капиталисттик өлкөлөрдөгү сүрөт искусствосунда пайда болгон агым /искусствонун/ коомдук мазмунсун жана тээлим-тэрбия берүүчү ролун танууучу, социалисттик реализмге жат агым/.

АБСТРАКЦИЯ абстракция /I. заттардын, кубулуштардын жалпы гана башка, маанилүү, жалпы касиеттери, байланыштары, мамилелери боюнча алардын ички мазмунун ачып көрсөтө турган илимий изилдөөнүн методу. Жеңекей сезимдик кабыл алууга караганда жараттыш-

тын жана коомдук өнүгүүнүн закондорун терең жана толук билүүгө жардам берүү менен "ботракция объективдүү дүйнөнү таанып билүү процессинде зарыл баскыч болуп эсептелет; 2. жалпы түшүнүк, практикалык тажрыйбаны теориялык жактан жалпылоо/.

АВАНГАРД авангард /I. аскер ишинде армиянын башкы күчтөрүнүн алдыга жибергүүчү бир бөлүгү; 2. коомдук таптын, алдын алдыңкы баатыр жүргүүчү бөлүгү: КПСС - совет элинин кызыл, сыналган авангарды/.

АВАНПОСТ аванпост /душман тарапка коюлган алдыңкы кароол, пост, бул посттун жайгашкан орду/.

АВАНТЮРА авантюра /реалдуу күчтөрдү жана кырдаалды эсепке албоонун натыйжасында көп учурда ишке ашпай калуучу шектүү, коптуу иш/.

АВАНТЮРИЗМ ПОЛИТИЧЕСКИЙ саясий авантюризм /реалдуу күчтөрдү, шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү эсепке албай, коомдук өнүгүүнүн объективдүү закондоруна карама каршы багытталгандыктан, ордунан чыкпай калуучу саясий иш-аракеттер. Буга фашисттик Германиянын саясаты, тынчтыкка жана прогресске коркунуч туудурган империалисттик авантюралар мисал болот/.

АВАНТЮРИСТ авантюрист /көбүнчө ез пайдасын гана көздөгөн принципсиз, жоболоңдуу окуяны издеген шылуун, шектүү, митаам киши/.

АВРАЛ аврал /шашылыш түрде иштн өткөрүү үчүн кызматчыларды мобилизациялоо; аврал пландаштыруунун жана уюштыруунун начарлыгынан шашылыш, жантайлаштырып иштетүү сыяктуу терс маанида колдонулат/.

"АВРОРА" "Аврора" /25.X/ 7.XI/ 1917-ж. куралдуу көтөрүлүштүн

убагында Кишки сарайды - буржуазиялык Убактылуу өкмөттүн акыркы тиреги - штурмалоого сигнал берүү үчүн замбректен кур дүрмөт менен залп берип, жаңы доордун башталышы жөнүндө дүйнөгө жар салган кеме/.

АВТАРКИЯ автаркия /империалисттик мамлекеттердин башка мамлекеттер менен болгон экономикалык байланышын чектеп, улуттук чарбаны өзүнчө обочолонтуп, аны монополиялык когорку пайданы алуу үчүн агрессивдүү даярдануучулук согуштарга даярдануучу багыттаган экономикалык саясат/.

АВТОКРАТИЯ автократия,жеке бийлик, абсолютизм (чексиз бийлик бир кишинин - монархтын, падышанын колунда топтолгон саясий түзүлүш/.

АВТОНОМИЯ автономия /кандайдыр бир мамлекетке, айрым элге, улутка берилген саясий жактан өзүн өзү башкаруу укугу. СССРде автономиялуу область, автономиялуу советтик социалисттик республика, автономиялуу округ улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн түрлөрү болуп эсептелет).

АВТОР автор /кандайдыр бир адабий, көркөм, илимий, техникалык чыгарманы түзгөн, жазган, ойлоп тапкан адам/.

АВТОРЕФЕРАТ автореферат /өзүнүн илимий чыгармасынын мазмунун кыскача баяндап жазган текст/.

АВТОХТОНЫ автохтондор /жергиликтүү калк/.

АВУАРЫ авуарлар /I. чет өлкөлөрдүн банктарындагы салымдар; 2. чет элдик валюталарды алууга укук берө турган чет мамлекеттердин банктарына кыска мөөнөткө салынган салымдардын бардык түрлөрү/.

АГЕНТ агент /1. мекеменин, уюмдун, жеке кишинин эр түрдүү тапшырмаларын аткаруучу окулу; 2. кимдир бирөөнүн идеяларын күргүзүүчү адам, топ же коом; 3. тыңчы, бакчооч/.

АГЕНТСТВО агентство /1. кандайдыр бир борбордук мекеменин жер-жердеги окулдеру, бөлүмдөрү; 2. саясий экономикалык, илимий жана маданий окуялар жөнүндө материалдар жыйноочу жана алар менен басма сөзду, радиону, теле көрсөтүүнү камсыз кылуучу мекеме: ТАСС, Кыргыз ТАГ к.б.; 3. мекемелердин же жеке адамдардын белгилүү бир тапшырмаларын орундатып туруучу уюм/.

АГЕНТСТВО ПЕЧАТИ НОВОСТИ /АПН/ кеңилик басма сөз агентствосу /СССРдеги бир топ коомдук уюмдар тарабынан 1961-к. түзүлгөн, Советтер Союзундагы жана чет өлкөлөрдөгү басма сөзду, радиону, теле көрсөтүүнү информациялык материалдар менен жабдуучу агентство/.

АГЕНТУРА агентура /1. бир уюмга баш ийген жана жалпы милдетти орундатышкан агенттердин чогундусу; 2. жашырын маалыматтарды жыйноо жана диверсиялык иштерди күргүзүү максатын көздөгөн тыңчылык кызмат/.

АГИТАТОР агитатор /агитация иши күргүзүүчү адам/.

АГИТАЦИЯ агитация /ооз эки жана басма сөз жүзүндө, радио, кино, теле көрсөтүү к.б. аркылуу массаларга саясий таасир көрсөтүүнүн каражаттарынын бири; таптардын жана алардын партияларынын күрөшүнүн куралы/.

АГИТБРИГАДА агитбригада /агитаторлордун бригадасы/.

АГИТКОЛЛЕКТИВ агитколлектив, агитаторлор коллективи

АГИТПУНКТ агитпункт /агитациялык пункт; калк арасында массалык саясий иштерди күргүзүүчү жергиликтүү мекеме/.

АГНОСТИЦИЗМ агностицизм /объективдүү дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүгүн таанып билүү мүмкүндүгүн толук же жарым-жартылай танган идеалисттик философиялык окуу/.

АГРАРИЙ аграрийлер /1. ири жер ээлери, помещиктер; 2. ири жер ээлеринин кызыкчылыгын коргогон реакциячыл саясий партиянын мүчөлөрү/.

АГРАРНАЯ ПРОГРАММА КПСС КПССтин агрардык программасы /партиянын агрардык маселе боюнча негизги максаттары менен милдеттерин белгилеген Коммунисттик партиянын жалпы программасынын ажырагыс бир бөлүгү/.

АГРАРНАЯ СТРАНА агрардык өлкө /өнөр жайына караганда айыл чарбасы көп өнүккөн өлкө/.

АГРАРНО-ПРОМЫШЛЕННЫЕ КОМПЛЕКСЫ агрардык=өнөр жай комплекстери (СССРдеги айыл чарба продукцияларын биргелешип өндүрүү, алардан азык=түлүктөрдү жасап чыгаруу жана аларды сатуу үчүн бир нече чарбадан-колхоздордон, совхоздордон, колхоздор менен совхоздордон-түзүлгөн, азыркы кездеги техника менен жабдылган, адистештирилген ишкана).

АГРАРНЫЕ ОТНОШЕНИЯ агрардык мамилелер /айыл чарбасындагы өндүрүштүк мамилелер. Жер айыл чарбасында башкы өндүрүш каражаты болгондуктан, агрардык мамилелердин негизин жер менчигинин формасы түзөт да, жер ээлөөнүн жана жерди пайдаланууунун шарттарынын өзгөрүшү менен агрардык мамилелердин мүнөзү дагы өзгөрөт. к. АГРАРНЫЙ ВОПРОС/.

АГРАРНЫЕ РЕФОРМЫ агрардык реформалар /жер ээлөөнү жана жерди пайдаланууну өзгөртүүгө байланыштуу мамлекеттик ич=чаралар.

Агрардык реформанын таптык мазмуну өлкөдөгү коомдук түзүлүштүн жана мамлекеттик бийликтин мүнөзүнө кәрәшә болот. Капиталисттик өлкөлөрдө агрардык реформалар дыйкандардын революциялык кыймылын начарлатуу же болтурбай коюу максатында жүргүзүлүп, ири жер ээлеринин-помещиктердин кызыкчылыгына көп зыян келтирбей, алардан бөбөсүн төлөп берип алган жерлерди өнөр жай буржуазиясына, бай дыйкандарга, чиновниктерге ж.б. берет. Социалисттик өлкөлөрдө агрардык реформалар дыйкандардын пайдасына жүргүзүлүп, помещиктердин тап катары жоюлушуна, кулактардын экономикалык позициясынын начарлашына жана айыл чарбасында социалисттик кайра курууларды жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө алып келет/.

АГРАРНЫЙ ВОПРОС агрардык маселе /айыл-кыштактарда жерге болгон жеке менчик, таптар жана тап күрөшү, айыл чарбасынын өнүгүшүнүн жолдору жөнүндөгү маселе. Агрардык маселе социалисттик революциянын натыйжасында гана толук чечилет. Айыл чарбасында социалисттик кайра куруулар биринчи жолу СССРде В.И.Ленициндин кооперативдик планынын негизинде айыл чарбасын коллективдештирүү жолу менен ишке ашырылган).

АГРАРНЫЙ КРИЗИС агрардык кризис /капиталисттик айыл чарбада ашык өндүрүүнүн жана конкуренциянын натыйжасында көптөгөн дыйкандарды жашоо-каражаттарынан ажыратып, жумушсуздукка алып келүүчү экономикалык кризис /к. КРИЗИС ЭКОНОМИЧЕСКИЙ/.

АГРЕМАН агреман /бир мамлекеттин өкмөтүнүн өз өлкөсүндө башка бир мамлекеттин дипломаттык өкүлдүгүнө тигил же бул адамды дайындоого берген официалдуу макулдугу/.

АГРЕССИВНЫЙ БЛОК агрессивдүү блок /агрессивдүү империалисттик согуш отун тутандыруу максатында бир топ капиталисттик мамлекеттердин согуштук союзу: НАТО, СЕАТО ж.б./.

АГРЕССИЯ агрессия /бир же бир нече империалисттик мамлекеттердин башка мамлекетке же мамлекеттерге алардын территориясын басып алуу, алдерин эзүү, экономикалык же саясий жактан аларды баш ийдирүү максатында күралдуу кол салуусу/.

АГРЕССОР агрессор /кол салуучу тарап, басып алуучу; башка мамлекетке карши биринчи күралдуу күч колдонуп, агрессия жасаган мамлекет/.

АДАПТАЦИЯ адаптация,ылайыкташуу (1. Сыртқы чөйрөнүн шарттарына организмдин ылайыкташуу процесси; 2. Социалдык адаптация-бир же бир нече адамдардын тобунун жүрүш-турушунун тигил же бул коомдо, тапта, социалдык топто устөмдүк кылган нормаларга ылайыкташуу процесси).

АДВОКАТ адвокат /1. юридикалык жардам көрсөтүүнү кесип кылып алган атайын билими бар адам; 2. өтмө мааниде: кандайдыр бир нерсени ооз эки же кагуу жүзүндө жактап чыгуучу/.

АДВОКАТУРА адвокатура /1. адвокаттар; 2. адвокаттын иши/.

АДЕПТ адепт /кандайдыр бир окууну, идеяны кызуу жактоо, анын жолун колдоо/.

АДМИНИСТРАЦИЯ администрация / мамлекеттин, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчи органы, башкаруу органы, ушул органдардын башкаруучу адамдары/.

АДМИРАЛ адмирал /бардык мамлекеттерде кабыл алынган аскер-деңиз флотунун жогорку командалык составындагы аскердик наам. СССР Аскер-Деңиз флотунда контр-адмирал, вице-адмирал, адмирал,

флоттун адмиралы жана Советтер Союзунун флотунун адмиралы деген наамдар белгиленген/.

АДРЕС адрес /I.белгилүү бир адамдын, мекеменин, үйдүн ж.б. жашаган же орун алган жайы, жери; 2. кимдир бир кишини, мекемени, үйдү ж.б. кат жүзүндө куттуктоо/.

АДЪЮНКТ адъюнкт /I. Батыш Европанын бир катар өлкөлөрүндөгү жана революцияга чейинки Россиядагы илимий стажировка өтүп жүргөн киши; кафедранын жетекчисинин, профессордун, академиктин жардамчысы; кеңеш илимий кызмат; 2. СССРде күралдуу күчтөрдүн жогорку аскердик окуу жайынын же илим-изилдөө мекемесинин алдында илимий же илимий-педагогикалык иште даярдалуучу офицердик составдагы аскер кызматчысы к. АДЪЮНКТУРА/.

АДЪЮНКТУРА адъюнктура /СССРдин күралдуу күчтөрүнүн жогорку аскердик окуу жайларында, илим-изилдөө мекемелеринде илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун негизги түрлөрүнүн бири/.

АКЦИОТАЖ акциотаж /I. капиталисттик өлкөлөрдө пайда табуу максатын көздөп, акция, облигация ж.б. баалуу кагаздардын курсун жасалма түрдө көтөрүү же түшүрүү; 2. өтө мааниде: кандайдыр бир иштин, маселенин тегерегинде ызы-чуу түшүрүү, талмандардын күрөшү/.

АЗПАК /Азиатско-Тихоокеанский совет/ Азпак /Азия - Тынч океан совети/ /составына Япония, Австралия, Жаңы Зеландия, Таиланд, Филиппин, Малайзия, Түштүк Корея, Түштүк Вьетнам жана Тайвань кирген, 1966-жылы уюшулган агрессивдүү уюм. 1973-жылы Малайзия, 1975-жылы сайгондук режим кыйрагандан кийин Түштүк Вьетнам андан чыгышты).

АКАДЕМИЯ академия /I. жогорку квалификациялуу окумуштуу кадрлары бар, бир же көп илимий тармактарда илимий проблемаларды иштеечү ири илимий мекеме: СССР илимдер академиясы - Советтер Союзундагы Жогорку илимий борбор; Кыргыз илимдер академиясы; 2. кээ бир жогорку окуу жайларынын аты: Айыл чарба академиясы/.

АККРЕДИТИВ аккредитив /кредиттик бир мекеменин экинчи кредиттик мекемеге аккредитивди берүүчүгө акча төлөө керек экендигин билдирүүчү документ/.

АККРЕДИТОВАНИЕ аккредиттөө /I. чет мамлекеттин өкмөтүнүн алдында анын макулдугу менен кандайдыр бир башка мамлекеттин дипломаттык өкүлүнүн кызматка кириши; 2. акча алууга же соода операцияларын жүргүзүүгө уполномочие берүү/.

АКТИВ актив /I. кандайдыр бир үйдүн, мекеменин, коллективдин ишкердүү, таасирдүү, алдыңкы бөлүгү; 2. бухгалтердик балансттын бир бөлүгү, пассивдин карама-каршысы/.

АКТИВНОЕ ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО активдүү шайлоо укугу /закон чыгаруучу бийликтин органдарына өкүлдөрдү, депутаттарды шайлоо укугу /к. ПАССИВНОЕ ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО/.

АКЦЕССИОННЫЙ ДОГОВОР акцессиондук келишим /башка мамлекеттердин ортосунда мурда түзүлгөн келишимге кийин кандайдыр бир мамлекеттин кошулган келишими/.

АКЦИОНЕР акционер /акциялардын ээси, акционердик коомдун мүчөсү/.

АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО акционердик коом /капиталисттик ири ишканалардын бир формасы; анын капиталы баалуу кагаздарды - акцияларды сатып алуучу пайдиктердин - акционерлердин ар тараптан чогулат да, киреше-лери акциялардын баалуулугуна жараша коомдун мүчөлөрүнө бөлүштүрүлүп турат/.

АКЦИЯ акция /I. акционердик коомго катышкандыкты далилдөөчү жана пайда - дивиденд алууга укук берүүчү баалуу кагаз; 2. кан-

дайдыр бир саясий же башка максатка жетүү үчүн жасалган аракет/.

АЛЬБИОН Альбион /кээде Великобритания деген сөздүн ордуна колдонулуучу Британия аралдарынын байыркы аты/.

АЛЬТЕРНАТИВА альтернатива /бири бирине карама-каршы болгон эки же андан көп мүмкүнчүлүктөрдүн биреөнү тандап алуу зарылдыгы/.

АЛЬТИНГ альтинг /I. орто кылымдардагы Исландиядагы элдик чогулуш; 2. азыркы кездеги Исландиядагы эки палаталуу парламент/.

АЛЬТРУИЗМ альтруизм /адамдардын жыргалчылыгы үчүн жан-дили менен кам көрүүчүлүк, башка адамдын пайдасы, бактысы үчүн керт башынын кызыкчылыгынан да кайыл болууга даярдык; эгоизмдин карама-каршысы/.

АЛЬФА И ОМЕГА альфа жана омега /I. от альфы до омеги - баштан аягына чейин; 2. өтө мааниде: негизги баштамасы; маңызы/.

АЛЬЯНС альянс /союз, бирикме/.

АМБИЦИЯ амбиция /текебердик, көөдөн кетөрүү, кекирейүүчүлүк/.

АМЕРИКАНСКИЙ ЛЕГИОН американдык легион /демобилизацияланган фронтовиктердин кызыкчылыгын коргоо үчүн 1919-ж. уюшулуп, чындыгында ага карахат берген монополистердин талабын жактоочу АКШдагы согуш ветерандарынын уюму. Американдык легиондун кетекчилери АКШнын агрессивдүү тышкы жана реакциячыл ички саясатын колдошот/.

АМЕРИКАНСКОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНФОРМАЦИИ И КУЛЬТУРНОМУ ОБМЕНУ информация жана маданий карым-катнаш боюнча америкалык агентство (АКШнын тышкы саясий пропаганда иштин кайра уюштурууунун натыйжасында анын Информациялык агентствосунун жана билим менен маданият маселелери боюнча мамлекеттик департаментгин бюросунун базасында 1978-жылы түзүлгөн официалдуу ведомство. Анын негизги максаты АКШнын екметүнүн тышкы саясатын пропагандалоону камсыз кылуу, коммунисттик идеологияга, улуттук-боштондук кыймылга, социалисттик

өлкөлөргө каршы күрөшүү болуп эсептелет).

АМНИСТИЯ амнистия, мунапыс /мамлекеттик жогорку бийликтин чечими боюнча кылмышкерлердин жазасын жеңилдетүү же толук кечирүү/.

АМОРАЛИЗМ аморализм /моралдык /нравдык/ принциптерден баш тартып, ар кандай моралды, уят-сыйытты, абийирди тануу. Аморализм куну буткөн эзүүчү таптардын, өзгөчө акыркы кездеги фашисттешип бараткан империалисттик буржуазиянын идеологиясы жана практикасы болуп саналат/.

АНАЛОГИЯ аналогия, окшоштук /жалпы жонунан ар түрдүү болгон кубулуштардын, буюмдардын, түшүнүктөрдүн ортосундагы кандайдыр бир жагынан болгон окшоштугу, жалпылыгы/.

АНАРХИЗМ анархизм /XIX кылымдын ортосунда пайда болгон, ар кандай мамлекеттик бийликтин, өзгөчө пролетариат диктатурасынын зарылдыгын танган, марксизм-ленинизмге жат, майда буржуазиячыл коомдук-саясий агым/.

АНАРХИСТ анархист /I. анархизмди жактоочу адам, анархисттик уюмдун мүчөсү; 2. тартипке мойн сунбаган эзөмөл адам/.

АНАРХИЯ анархия /бийликсиздик, баш аламандык к. АНАРХИЗМ/.

АНАРХИЯ ПРОИЗВОДСТВА индустриттик анархия /индустрия карекеттеринде болгон жеке менчикке негизделген нарк законунун үстөмдүк кылышынын натыйжасында болгон капиталисттик өндүрүштөгү баш аламандык, плансыздык, стихиялуулук/.

АНАРХО-СИНДИКАЛИЗМ анархо-синдикализм /XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында анархизмдин таасири менен бир катар өлкөлөрдө пайда болгон эл аралык профсоюздук кыймылдагы майда буржуазиялык, пролетариатка кас, оппортунисттик агым. Анархо-синдикалисттер саясий күрөштү, пролетариаттын өз алдынча саясий партиясынын боду-

мунун зарылдыгын, пролетариат диктатурасын таанышкан. РКП /б/ нын X съездинде анархо-синдикализм катуу сынга алынып, ашкереленген/.

АНАТЕМА анафема /динге ишенбеген прогрессивдүү коомдук жана илимий көзкарашты чиркөөдөн четтетүү, диндик каргышка калтыруу/.

АНАХРОНИЗМ анахронизм /1. хронологиялык жаңылыштык; 2. кандайдыр бир доорду сүрөттөөдө ага мүнөздүү болбогон белгилерди киргизүү; 3. эски замандын саркындылары, калдыктары; азыркы мезгилге туура келбеген эскирген үрп-адат/.

АНГАРИЯ ангарин /согушуп жаткан мамлекеттин бейтарап өлкөлөрдүн транспорт каражаттарын /көбүнчө соода кемелерин/ кармап алып, аларды согуштук максатка пайдаланышы/.

АНЗАМ анзам /составына Англия, Австралия, Жаңы Зеландия, Малайзия жана Сингапур кирген Түштүк-Чыгыш Азиядагы жана Тынч океандын түштүк-батыш бөлүгүндөгү улуттук-боштондук кыймылга каршы багытталган согуштук-саясий топ/.

АНЗЮК АНЗЮК (Англиянын демилгеси менен 1971-жылы уюшулган согуштук=саясий топ. Составына Австрия, Жаңы Зеландия, Англия, Малайзия жана Сингапур кирет. Бул топтун катышуучуларынын негизги максаты Түштүк-Чыгыш Азияда өздөрүнүн стратегиялык, экономикалык жана согуштук=саясий кызыкчылыктарын камсыз кылуу, ошол региондогу улуттук=боштондук кыймылды басуу болуп саналат).

АНКЛАВ анклав /бардык тарабынан башка өлкөнүн жерлери менен курчалган жана деңиз жээги жок мамлекеттин территориясы же территориясынын бир бөлүгү/.

АННАЛЫ анналдар /олуттуу тарыхий окуяларды жылдар боюнча иреттүү менен баяндап жазуу; летопись. Анналы деген сөз римдик жана орто кылымдык летопистердин атынан алынган. Ушундан "тарых-

тын анналдары" деген сөз тизмеги келип чыккан/.

АННЕКСИЯ аннексия /эл аралык укуктун нормаларын одоно түрдө бузуп, бир мамлекет тарабынан экинчи бир өлкөнү же анын территориясынын бир бөлүгүн зордук кылып тартып алуу, басып алуу/.

АННИБАЛОВА /ГАННИБАЛОВА/ КЛЯТВА Ганнибалдын анты /алдына койгон максатка жетүү үчүн акыр аягына чейин күрөшүүгө ант берүү. Бул сөз өмүрүм өткөнчө Римдин душманы болом деп каргаган карфагендик полководец Ганнибалдын ысмынан алынган/.

АННУЛИРОВАНИЕ /АННУЛЯЦИЯ/ жокко /кандайдыр бир актты, келишимди, укукту же полномочиени каректыз, күчүн жоготту деп жарыялоо/.

АННОТАЦИЯ аннотация /китептин, макаланын, илимий эмгектин, кол жазманын кыскача мазмуну/.

АНОМАЛИЯ аномалия /нормадан, жалпы закон ченемдүүлүктөн четтеп кетүү, туура эместик/.

АНОНИМ аноним /өз ысмын жашырган каттын же чыгарманын автору; жазган кишинин аты көрсөтүлбөгөн чыгарма же документ/.

АНТАГОНИЗМ антагонизм /эксплуататордук коомдо антагонисттик таптардын, талаштардын бири-бири менен таптакыр келишпес күрөшү; социалдык революцияга алып баруучу карама=каршылык/.

АНТАГОНИСТИЧЕСКИЕ И НЕАНТАГОНИСТИЧЕСКИЕ ПРОТИВОРЕЧИЯ антагонисттик жана антагонисттик эмес карама-каршылыктар /ар түрдүү тарыхий шарттардагы коомдун өнүгүшү үчүн мүнөздүү болгон карама-каршылыктардын негизги түрлөрү, типтери. Буга эксплуататордук коомдун коомдук мамилелер үчүн таандык болгон карама-каршылыктары, булардын негизине бири бирине душман таптардын, социалдык топтордун, күчтөрдүн келишпес талаштары жатат. Антагонисттик карама=каршылыктар ошол коомдук түзүлүштү өзгөртүүчү революциячыл таптык күрөш жана

Центральная научная библиотека

социалдык революция коду менен чечилет. Антагонисттик эмес карама-каршылыктар бири бирине жат эмес, негизги талаштары жалпы таптардын жана социалдык топтордун кызыкчылыгы болуп саналат. Мындай каршылыктар жаатташкан карама-каршылыктарга айланбайт жана алардын ортосундагы күрөш конфликтке - чыр чатакка чейин өсүп жетпейт/.

АНТАНТА Антанта /XX кылымдын башында түзүлгөн империалисттик мамлекеттердин - Англия, Франция жана Россиянын блогу, согуштук союзу. Кийинчерээк /1917-ж./ага АКШ ж.б. өлкөлөр кошулган. Октябрь революциясы жеңгенден кийин Антанта мамлекеттери башка капиталисттик мамлекеттер менен бирге Совет бийлигин кулатуу үчүн Россияга согуштук интервенция жасашкан. Граждандык согуш жана интервенция аяктагандан кийин Антанта таркаган/.

АНТИ... анти... /кандайдыр бир нерсеге карама-каршылыкты, каршылыкты билдирген татаал сөздүн башталыш бөлүгү: антифашизм - фашизмге каршы/.

АНТИГИТЛЕРОВСКАЯ КОАЛИЦИЯ антигитлердик коалиция /II дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө түзүлүп, фашисттик блок менен күрөшүүдө жеңишке ээ болгон мамлекеттердин жана элдердин союзу/.

"АНТИКОМИНТЕРНСКИЙ ПАКТ" "Антикоминтерндик пакт" /Коммунисттик Интернационалга каршы күрөшүү деген ураан астында дүйнө күзүнө үстөмдүк орнотуу үчүн фашисттик Германиянын, Италиянын жана империалисттик Япониянын 1936-37-жылдарда түзүлгөн агрессивдүү блогу. Ал II дүйнөлүк согушта антигитлердик коалициянын жеңиши менен кыйрады/.

АНТИКОММУНИЗМ антикоммунизм /коммунисттик теория менен практикага каршы империалисттик буржуазиянын эң негизги идеялык-саясий куралы. Антикоммунизмдин негизги мазмуну коммунисттик партиялардын саясатын жана максаттарын, марксизм-ленинизм окуусун бурмалоо, социалисттик түзүлүштү ушактап жамандоо болуп саналат/.

АНТИПОДЫ антиподдор/I. Жер шарынын карама-каршы пункттарында жашагандар; 2. өтмө мааниде: карама-каршы көз караштагы, мүнөздөгү адамдар/.

АНТИСЕМИТ антисемит /еврейлерге каштык мамиле кылуучу адам/.

АНТИСЕМИТИЗМ антисемитизм /үстөмдүк кылуучу эксплуататордук таптар көп кылымдар бою өздөрүнүн таптык жана саясий максаттары үчүн колдонушкан еврейлерге карата болгон улуттук жана диний жек көрүүнүн эң коркунучтуу формасы/.

АНТИФАШИСТ антифашист /фашизмге каршы күрөшкөн адам/.

АНТОЛОГИЯ антология /ар түрдүү авторлордун тандалган чыгармаларынын, көбүнчө ырларынын жыйнагы/.

АНШЛЮС аншлюс /кошуп алуу; бул термин Австрияны зордуктап өзүнүн составына кошуп алууга багытталган /1938/ германиялык империализмдин саясатын түшүндүрөт/.

АПАРТЕИД апартеид /Түштүк Африка республикасынын реакциячыл башкаруучу чөйрөлөрүнүн жергиликтүү африкалык калкка жүргүзгөн расалык дискриминациялоо саясаты/.

АПЕЛЛЯЦИЯ апелляция, даттануу /I. сот же башка органдардын чечими жөнүндө жогорку инстанцияга даттануу, арыздануу; 2. кечеш бергиле, колдогула деп кандайдыр бир авторитеттүү умтуга, айрым адамдарга, коомчулуктун пикирине кайрылуу/.

АПН к. АГЕНТСТВО ПЕЧАТИ НОВОСТИ

АПОГЕЙ апогей /кандайдыр бир нерсенин жеткен жери, туу чокусу, жогорку чеги, дуркуреп өсүшү, гүлдөшү/.

АПОЛИТИЗМ аполитизм, саясаттан четте туруу /I. саясатка жана саясий турмушка кайдигер, бейкапар мамиле кылуу; 2. эмгек-

чилерди тап курөөлөнөн алагды кылуу максатында буржуазиялык айрым идеологдордун "партияда жоктукка", "бейтараптыкка" жомоонун алынып, саясат маселелерине кадп эле кайдигерлик кылыш/.

АПОЛОГЕТ апологет /кандайдыр бир окууну, идеяны, коомдук түзүлүштү, адамды ж.б. жан-жак кылоой жактаган жана атайылап алыпа мактаган киши/.

АПОЛОГИЯ апология, жактоо/жантайлашып жактоо жана обу жок алыпа мактоо/.

АПОСТЕРИОРИ апостериори /тажрыйбанын жана коомдук практиканын негизинде келип чыккан билим/.

АПОФЕОЗ апофеоз /I. кандайдыр бир кишини же окуяны дацазалап мактоо; окуянын, иштин салтанаттуу аякташы; 2. элди, баатырды, окуяны ж.у.с. дацазалаган спектаклдин, майрамдык концерттин, көрсөтүүлөрдүн корутунду бөлүгүнүн салтанаттуу аякташы/.

АППАРАТ аппарат /I. башкаруунун же чарбанын белгилуу бир тармагын тейлөөчү мекеме же мекемелердин бир тобу; 2. кандайдыр бир уюмдун кызматчыларынын жыйындысы, мекеменин штаттык составы; 3. илимий эмгекке, чыгармалардын жыйынтыгына колдонулуучу түшүндүрмө эскертүүлөр, көрсөткүчтөр ж.б. кошумча маалыматтар: илимий аппарат/.

АПРИОРИ априори /I. тажрыйбага карабагандык, фактыга жана практикага таянбагандык; 2. текшерилип турып эле күн мурунтан бир нерсе жөнүндө тыянак чыгаруу же макул болуу/.

АПРОБАЦИЯ апробация, апробациялоо /кубаттоо, жактыруу, бекитүү/.

АРАКЧЕЕВЩИНА аракчеевщина /I. орус падышалары Павел I жана Александр I нин түшүндө көкүстөн бийликке келген зулум Аракчеев

орнотком таянтын күчүнө таянган ирайымсыз полициялык деспоттук режим; 2. зордук-зомбулукка, ирайымсыздыкка негизделген ашынган реакциячыл режим/.

АРБИТР арбитр /I. сот системасында каралбай турган талаш-тартыштарды чечүүдө арачы, калыс катарында жүрө турган кызматтагы адам; 2. арбитраждын мүчөсү; к.АРБИТРАЖ 3. спорттук мелдештердин судьясы/.

АРБИТРАЖ арбитраж /I. талаш-тартыш маселелерди арбитрлердин чечүү жолу; 2. ушул функцияларды аткаруучу органдын /мекеменин/ аты: СССР Министрлер Советинин алдындагы СССРдин мамлекеттик арбитражы ж.б./.

АРГУМЕНТ аргумент, далил /ойду, көз карашты, теорияны ж.б. ырааттап далилдөө үчүн келтирилген далил/.

АРЕНА арена /I. байыркы римдик амфитеатрлердеги оюндарды, гладиаторлордун урушун ж.б. көрсөтүүчү аянт; 2. азыркы кездеги циркте оюн көрсөтүүчү тегерек аянт; 3. өтмө маанисинде: арена, майдан; саясий күрөштүн майданы; эл аралык арена ж.б./.

АРЕНДА аренда /убактылуу пайдаланууучун кандайдыр бир мүлктү /жерди, үйдү ж.б./ белгилуу акыга күчүн алуу/.

АРЕНДАТОР арендатор /бир нерсени арендага алган, күчүн алган киши/.

АРИЙЦЫ арийликтер /индо-иран тилдеринде сүйлөгөн элдердин эски аты. Фашисттик Германиядагы расизмдин идеологдору бул терминди жогорку "арийлик расанын" /буга алар немец улутун киргизишкен/ бөтөнчө артыкчылыгы жөнүндөгү өздөрүнөн башкаларды жек көрүүчү "теориясын" актоо үчүн курал кылып пайдаланышкан/.

АРИСТОКРАТИЯ аристократия /I. кулээлөөчүлүк жана феодалдык

коомдогу, ошондой эле феодалдык калдыктар сакталган капиталисттик коомдогу привилегиялуу уруулук жана бай ак-сөөк төбөлдөр; 2. капиталисттик өлкөлөрдөгү кандайдыр бир таптын же социалдык топтун өзгөчө артыкчылыктарды же укуктарды пайдаланышкан привилегиялуу жогорку катмары: финансылык аристократия; 3. жумушчу аристократиясы-капиталисттик өлкөлөрдө пролетариаттын бир бөлүгү-жогорку квалификациялуу жана оокаттуу жумушчулар; буржуазия жакты камсыз кылып тургандыктан,алар бул таптын таянычы, эр кандай оппортунисттик агымдардын тиреги болуп кызмат кылат/.

АРМЯНО-ГРИГОРИАНСКАЯ ЦЕРКОВЬ армяндык-григориандык чиркөө /Арменияда б.з. У кылымында орногон православие диниие жакын христиан чиркөөлөрүнүн бири/.

АРСЕНАЛ арсенал /I. мамлекеттин куралдуу күчтөрү үчүн курал-жабдыктардын көп түрлөрүн өндүрүүчү, ремонттоочу жана сактоочу ишкана, база, склад; 2. чоң запас, көп сандагы кандайдыр бир нерсе, көздөгөн максатка жетүү үчүн эр түрдүү каражаттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн бар болгондугу/.

АРТЕЛЬ артель /чарбалык ишти биргелешип жүргүзүү максатында адамдардын өз ыктыяры менен биригишинин эр түрдүү формалары: айыл чарба артели; /к. КОЛХОЗ/ промыселдик - өндүрүштүк артель; балык кармоочулгрдын артели ж.б./.

АРХАИЗМ архаизм /I. колдонуудан чыгып калган эски сөз, түшүнүк; 2. эскинин калдыгы, азыркы мезгилге мүнөздүү болбогон эскирген көрүнүш/.

АРХИ... архи... /I. белгилүү бир касиеттин, өзгөчөлүктүн, белгинин ж.б. жеткен жерин билдирген татаал сөздүн бөлүгү: архиважный вопрос - өтө маанилүү маселе; 2. чиркөөлүк наамдардын

жогорку баскычын билдирет: архиепископ - башкы же старший епископ/.

АРЬЕРГАРД арьергард /согуштук чегинүүлөр учурунда башкы күчтү артынан, душман тарабынан капкалап жаап туруучу аскерлердин отряды/.

АРЬЕРГАРДНЫЕ БОИ арьергарддык уруштар /аскерлердин чегинип, башка чекке өтүшүн капкалоо максатында жүргүзүлгөн уруштар/.

АСЕАН АСЕАН /англисче атынын биринчи тамгаларынан кыскартылып алынган Түштүк-Чыгыш Азиядагы мамлекеттердин Ассоциациясы; 1967-ж. Бангкокто түзүлгөн, составына Тайланд, Филиппин, Индонезия, Малайзия, Сингапур кирген регионалдык саясий-экономикалык союз/.

АСКЕТИЗМ аскетизм /I. диний идеяга жетишүү үчүн элден, дүйнөдөн, турмуштун кыргалыңан аз кечип, калгыз, жупуну тиричилик кылууга, такыбалыкка үндөгөн диний мистикалык окуу; 2. турмуштун кыргалчылыгынан баш тартып, өзүн азырл болгон нерселерден чектеп, түнт жашоочулук/.

АСПЕКТ аспект /I. кандайдыр бир затты, кубулушту, көрүнүштү, окуяны баяндоодо колдонулуучу көз караш; 2. белгилүү бир илим изилдеген предметтин бир жагы: философиялык аспект ж.с./.

АСПИРАНТУРА аспирантура /СССРдеги илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун негизги формасы; аспирантура жогорку окуу жайларынын жана илим-изилдөө мекемелеринин алдында уюштурулат. Түздөн-түз окуудан башка дагы сырттан окуучу аспирантура бар/.

АССАМБЛЕЯ ассамблея /I. коомдук чогулуштардын бир түрү; 2. кандайдыр бир мамлекеттик же эл аралык уюмдун жетекчи органынын аты: Биригкен Улуттардын уюмунун Генералдык Ассамблеясы/.

АССАМБЛЕЯ ОБЩЕСТВЕННЫХ СИЛ ЗА БЕЗОПАСНОСТЬ И СОТРУДНИЧЕСТВО В ЕВРОПЕ Европада коопсуздук жана кызматташтык үчүн коомдук күчтөрдүн ассамблеясы/1972-жылы июнда Брюсселде өтүп, европалык өлкөлөрдүн көбүнөн жана СССРден 800гө жакын делегат катышкан. Ассамблеяда Европадагы коопсуздук жана кызматташтыктын маанилүү проблемаларын курамсыздандыруу, экономикалык, илимий-техникалык жана маданий байланыштар ж.б. талкууланган. Тажик интеечу органы-европалык коопсуздук жана кызматташтык үчүн эл аралык комитет Брюсселде жайгашып, сессиялары жылына чакырылып турат/.

АССИГНОВАНИЕ ассигнование /1. ассигновать этүү; бекитилген бюджет же смета боюнча белгилүү бир ишке сарп кылуу үчүн акча каражаттарын каржы жана бөлүп берүү; 2. бир нерсеге жумшоо үчүн бөлүнүп берилген акчанын суммасы/.

АССИМИЛЯЦИЯ ассимиляция /тилин, үрп-адатын, маданиятын кабылдоочулугу жоюлуу акырындап отуруп өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн башка эл менен аралашып, жоголуп кетиши/.

АССИСТЕНТ ассистент /жалпы маанисинде: белгилүү бир иште негизги адамга жардам берүүчү адам; илимий изилдөөдө, студенттер менен практикалык иш жүргүзгөн, операция жасаган кезде профессорго, окутуучуга, врачка жардам берүүчү жогорку маалыматтуу адам; жогорку окуу жайларын бүткөн студенттердин жөндөмдүүлүгүн илимий жана окутуу иштерине пайдалануу үчүн ВУЗга калтырылган окутуучулук ишенимдин чечими менен берилүүчү биринчи илимий наам/.

АССОЦИАЦИЯ ассоциация /кесиптердин, умтулдардын же адамдардын бирикмеси, союзу/.

АСТРОЛОГИЯ астрология (болгон окуялар жана айрым адамдардын тагдырлары асмандагы планеталардын, жылдыздардын жайгашына жараша болот имиш деген жалган илим. Астрология байыркы жана орто кылымдарда кеңири тарап дагы ушул кезде да капиталисттик көп өлкөлөрдүн басма сөздөрүндө астрологиялык алдын ала айтуулар, олуялык кылуулар жарыяланып журналдар басылат/.

АТАВИЗМ атавизм /адамдын же жаныбардын организминде анын эң байыркы тегине мүнөздүү болгон организмдердин тарыхый өнүгүшүнүн далилдеринин бири болуп саналуучу белгилердин, касиеттердин сакталып калышы/.

АТЕИЗМ атеизм /ар кандай динди жокко чыгара турган көз караштардын системасы; кудайдын жана тигил дүйнөдө ар кандай үмүттүүдөй күчтөр бар экендигин төгүндөгөн илимий жактан негизделген көз караш; жалпы эле динге ишенбөөчүлүк/.

АТЕИСТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ атеисттик тарбия /коммунисттик тарбиянын составдык бөлүгү, адамдарда илимий-материалисттик көз карашты тарбиялоо, диндик ишенүүлөрдү жоюу үчүн аларга атайылап таасир көрсөтүү. Атеисттик тарбия биздин өлкөдө алдыңкы марксисттик-ленинчил идеология менен куралданган, эскинин калдыктарынан арылган жаңы адамды-коммунизмдин активдүү куруучусун тарбиялоодо зор роль ойнойт/.

АТЕИСТИЧЕСКАЯ ПРОПАГАНДА атеисттик пропаганда /динге жана диний көз караштарга каршы, атеизмди жайылтуу үчүн болгон идеялык күрөш/.

"АТОМНАЯ ДИПЛОМАТИЯ" "атомдук дипломатия" /АКШ империализминин атомдук куралдарды колдонобуз деп опузалап, коркутуп-үркүтүүгө негизделген агрессивдүү тышкы саясий курсу. СССРде атомдук /1949/ жана водороддук /1953/ куралдардын, континент аралык раке-

телардын жасалмы "Атомдук дипломатиянын" максатын таш каптырды/.

АТРИБУТ атрибут /I. философияда-заттын же кубулуштун зарыл-гыс мазмундуу касиети: ыймыл-материянын атрибуту; 2. искусстводо-кандайдыр бир адамдын, мифтик каармандын башкалардан айырмалануу-чу, ага гана тиешелүү бетонче белгиси; 3. кеңири мазмунда: кимдир бирөөгө же бир нерсеге тиешелүү болгон, аны айырмалап тур-ган белги/.

АТТАШЕ атташе /I. дипломаттык кенже ранг; 2. посольстволор-догу жана миссиялардагы дипломаттык составдын кызматкери; 3. белги-лүү бир тармак боюнча адис катарында башка /дипломаттык эмес/ ведомстволордон посольствого же миссияга жиберилген өкүл: соода атташеси ж.б./.

АУТСАЙДЕРЫ аутсайдерлер /монополисттик бирикмелерге кирбеген капиталисттик ишканалар/.

Б

БАБИЗМ бабизм /феодализмге, шахтын жеке бийлигине, чет элдик капиталдын үстөмдүгүнө каршы багытталган Ирандагы 1848-52-жылдар-дагы массалык демократтык ыймылды чагылдырган жалам дининдеги секталттык агым/.

БАБУВИЗМ бабувизм /эксплуатацияны жана социалдык теңсиздик кооду жок кылуу, "Тең укуктуулардын республикасын" - бирдиктүү, бир борбордон башкарылуучу жалпы улуттук коммунаны түзүү үчүн XVIII кылымдын аягында, XIX кылымдын башында Францияда чыккан рево-люциялык ыймыл/.

БАЗИС базис /экономикалык базис-өндүргүч күчтөрдүн өнүгү-шүнүн белгилүү баскычына ылайык келүүчү жана коомдун экономика-лык структурасын түзүүчү өндүрүштүк мамилелердин жыйындысы.

Социализмдин базисин өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик менен эксплуатациядан кутулган адамдардын кызматташтык жана бири бирине жардамдашуу мамилелери менен мүнөздөлөт. Капиталисттик базис өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикке жана жалданма эмгекти эксплуатациялоого негизделген. Базис ылайык келген над-стройканын - саясий, укуктук ж.б. уюмдардын, мекемелердин, ошон-дой эле коомдук ой-сезимдин бардык формаларынын материалдык негизи болуп эсептелет. Базистин өзгөрүшү менен көп узабай эле надстрой-ка да өзгөрөт/.

БАЛАНС баланс /тыңчысыз өзгөрүштө болуп туруучу белгилүү бир кубулуштун жагдайын билдирүүчү көрсөткүчтөрдүн системасы, социалисттик эл чарба тармактарынын экономикалык көрсөткүчтөрү-нүн темптерин, пропорцияларын айкындоочу, ишканалардын, мекеме-лердин, элдин киреше-лери менен расходдорунун өз ара байланыш-тарын мүнөздөөчү система/.

БАЛЛАСТ балласт /дайрдыгынын жогунан, көңдөмсүздүгүнөн, колунан эч нерсе келбегендиктен, эч бир ишке жарабаган, пайдасыз адам; керексиз, пайдасыз жүк болгон нерсе/.

БАЛЛОТИРОВКА колго салуу, добуш берүү /маселени же кандай-дыр бир уюмдун, комиссиянын ж.б. мүчөлөрүн пайдасына колго салуу, добуш берүү аркылуу чечүү/.

БАНДИТИЗМ бандитизм /бандалардын - кылмыш кылуу үчүн бирик-кен кишилердин, куралданган топтордун жана отряддардын талоон-чулук кылуу, өлтүрүү, саясий террор жүргүзүү максатында кылган ин-аракеттери. Саясий бандитизм-реакция менен контрреволюциянын куралдарынын бири/.

БАНДУНГСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ Бандунг конференциясы /Индонезиянын

Бандунг шаарында 1955-жылы Азия менен Африканын 29 мамлекети катышкан конференция. Ал эр башка саясий системадагы мамлекеттердин тынчтыкта жанаша жашоо идеясын колдоп, адамдардын негизги укуктарын, бардык элкелердун өз алдынчалыгын жана территориялык бүтүндүгүн сыйлоо, бардык расалар менен улуттардын тең укуктуулугун таануу, башка элкелердун ички иштерине кийлигишпее ж.б. сыяктуу белгилүү он принципти жарыяланган Декларация кабыл алган/.

БАНКНОТЫ банкноттор /банк тарабынан чыгарылуучу процент коюлбаган кредиттик билеттер, кагаз акчалар/.

БАНКРОТСТВО банкрот болуу /1. капиталисттик элкелерде жакырлануу, бүлүнүү, милдеттүү болгон карыздарын төлөөдөн баш тартуу, кереметь көктугунан кредит алууга жөндөмдүү болбой калуу; 2. өтмө мааниде: иштин, ойлогон ойдун, умуттун ордунан чыкпай калышы; чабалдык, мажүрөөлүк, кунарсыздык/.

БАРРИКАДА баррикада /күрөлдүү күрөштүн учурунда көчөлөргө, маанилүү имараттардын алдына ж.б. жерлерге коргонуу үчүн эр түрдүү нерселерден курулган тосмоо/.

БАРУХА ПЛАН Барухтун планы /Биригкен улуттардын уюмунун атомдук энергияга контролдук жөнөө боюнча Комиссиясына АКШнын өкүлү Барухтун 1946-ж. июнда киргизген планы. Анын негизги максаты атомдук энергияны АКШ жана өзү контролдук кылуу, атомдук курөлдү эл калгыз өөлөө абалын сактап калуу болгон. Комиссияда СССР бул планга каршы чыгып, атом курөлын өндүрүүгө, колдонууга тыюу салуу жана мындай курөлдын бардык запастарын жок кылуу жөнүндө эл аралык конвенциянын долбоорун киргизген/.

БАТАДИЯ батөлия /1. сөлгөлөшүү, сөгүшүү; 2. кызыл чеке болуп чатакташуу, урушуу/.

БДИТЕЛЬНОСТЬ РЕВОЛЮЦИОННАЯ революциячыл кыраакылык /революциячыл көрөгөчтүк, тап душманды айра тааный билүү жана анын бетин ача билүү/.

БЕЗГРАЖДАНСТВО граждансыздык /эч бир мамлекетте граждандык укукка ээ болбогондук. Мындай абал тигил же бул адам бир мамлекетте граждандыгын жоготуп, башка элкеде эге ээ болбогон учурда пайда болот. Мындай кишилер берген мамлекеттин элчилиги же консулдугунан баш пийлет, оирок пайдоо укуктарынан, башка бир элке тарабынан дипломаттык коргоодон пайдаланы алышпайт/.

БЕЗРАБОТИЦА жумушсуздук /капиталисмдин шартында адамдардын ишсиз, кирешесиз калышы; жумушсуздук капиталисттик өндүрүш жолунда мунөздүү көрүнүш: 1978-жылдын башында өнүккөн капиталисттик элкелерде гана 17 млн. жумушсуз болгон. СССРде жумушсуздук 30-жылдардын башында эле жоюлган/.

БЕЛАЯ КНИГА ак китеп /мукабасынын түсүнө жараша ушундайча аталып калган ар түрдүү мамлекеттердин өкмөттөрү өздөрүнүн ички жана тышкы саясатына же башка элкелердун өкмөттөрүнүн ишине тиешелүү документтерди жарыялай турган китеп/.

БЕЛЫЙ ДОМ ак үй /АКШнын президентинин Вашингтондогу резиденциясы, иштей турган жай. АКШнын өкмөтүн көп убактарда, "Ак үй" деп да аташат/.

БЕНИЛЮКС бенилюкс /Бельгиянын, Нидерландиянын /Голландиянын/ жана Люксембургдун экономикалык жана таможналык келишимининн кыскартылган аты/.

БЕРНШТЕЙНИАНСТВО бернштейнианство /марксизмдин философиядагы, саясий экономикадагы илимий социализмдин теориясындагы негизги жоболорду ревизия кылууга, кайра карап чыгууга, аларды бул жолдо,

жокко чыгарууга аракет кылган революциялык жумушчу кыймылындагы марксизмге-ленинизмге жат ревизионисттик, оппортунисттик агым. Анын негиз салуучусу немецтин социал-демократ Э.Бернштейн /1850-1932/ болгон. к. РЕВИЗИОНИЗМ/.

БЁРЧИСТЫ бёрчиттер /1958-к. АКШда түзүлгөн фашисттик "Джон Бёрчтун коомунун" мүчөлөрү жана аны жактоочулар. Бул революциячыл расисттик, террористтик коомду, башка ультрачончул уюмдар сыяктуу эле, империалисттик чөйрөлөр прогрессивдүү иштерди куугунтуктоо жана негрлерге карата кишини жек көрүүчү расисттик саясатты күргүзүү үчүн пайдаланышат/.

БИ-БИ-СИ би-би-си /1927-к. уюшулган, монополиялык укугу бар Британия радио уктуруу корпорациясынын кыскача аты/.

БИБЛИЯ библия /еврейлердин жана христиандардын диний "ыйык" китеби/.

БИЗНЕС бизнес /капиталисттин пайда, киреше алуу, баюу үчүн жасаган ис-аракети/.

БИЛЛЬ биллъ /Великобританияда, АКШда, ал эми англис тилинде сүйлөгөн башка кээ бир мамлекеттерде закон чыгаруучу органдын кароосуна киргизилген закондун долбоору/.

БИРЖА биржа /1. капиталисттик өлкөлөрдөгү баалуу кагаздарды - акцияларды, облигацияларды ж.б. /фонд биржасы/ же товарлардын ири партиясын /товар биржасы/ сатып алуу жана сатуу иштерин күргүзө турган өзгөчө турдагу рынок, мекеме; 2. эгиек биржасы-жумушсуздардын эсебин алып, аларга иш табып берүү үчүн жумушчулар менен ишкана ээлеринин ортосунда күрүүчү эрчи эгиек бироосу, эгиек биржасы/.

БЛАНКИЗМ бланкизм /1. XIX кылымда болгон франциядагы революциялык кыймылдагы агым. Ал көрүнүктүү саясий ишмер, революционер Луи Огюст Бланкинин ысмынан алынган. Бланкисттер ал массасын катыштырбай эле үркөрдөй болгон анча-мынча революционерлердин заговору аркылуу бийликти басып алып, эксплуататордук түзүлүштү жокко болот деп эсептешкен. Алар чындыгында пролетариаттын тап күрөшүн жана анын саясий партиясын уюштырууну танышкан; 2. кеңири мааниде: конкреттүү революциялык кырдаалды эсепке албаган, партиянын ролун кемсинткен жана массалар менен байланыш касоону этибарга албаган көтөрүлүштүн заговорчулук тактикасы/.

БЛИЦКРИГ /МОЛНИЕНОСНАЯ ВОЙНА /блицкриг/ чагылгандай тез согуш/ /кол салган тарап эбегейсиз зор күч менен капысынан согуш ачып, душманын талкалап, эң эле кыска мөөнөттүн ичинде жеңишке жетүүнү көздөгөн согуш. Фашисттик Германиянын СССРге карши согушунда /1941-45/ гитлердик командованиенин стратегиялык планынын негизин түзгөн ындай авантюристтик теория толугу менен ойрон болду/.

БЛОК блок /биргелешип аракет кылуу менен көздөгөн максаттарына жетүү үчүн мамлекеттердин, саясий партиялардын, коомдук уюмдардын ортосунда түзүлгөн келишим/.

БЛОК КОММУНИСТОВ И БЕСПАРТИЙНЫХ коммунисттер менен партиядан жактордун блогу /СССРде шайлоо кампаниясынын учурунда мамлекеттик бийликтин органдарына элге чейинки берилген ыктыяр адамдарды шайлоону камсыз кылуу үчүн түзүлгөн коммунисттер менен партиядан жактордун союзу/.

БЛОКАДА блокада /кандайдыр бир мамлекетти, мамлекеттердин тобун, территорияны, аймакты, алдуу пунктту ж.б. тышкы дүйнө менен экономикалык, саясий, согуштук жактан болгон бүткүл байланышын үзүп, обочолотуп таштоо; 1918-20-жылдарда империалисттик мамлекеттер курамдуу интервенция менен катар жаш Совет республикасын

блокадага алышкан. Ата Мекендик согушта немецтик фашисттик баскынчылар Ленинградды 29 ай бою блокадага алып турушкан, бирок багындыра алышкан эмес/.

БЛОКИ АГРЕССИВНЫЕ агрессивдүү блоктор /социалисттик өлкөлөргө, эл аралык коммунисттик, жумушчу жана улуттук-боштондук кыймылдарга каршы күрөшүү үчүн империалисттик мамлекеттердин жеткен реакциячыл, монополисттик чөйрөлөр тарабынан жер шарынын ар кайсы райондорунда түзүлгөн согуштук-саясий союздарынын системасы: Европада -НАТО, Азияда - СЕАТО, АНЗЮС ж.б./.

БОГЕМА богема /I. капиталисттик коомдогу өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүн дурустап пайдаланууга мүмкүндүк табе алышпай, жецил ойлуулукка жецдиришип, дайны жок, ишпаз күн өткөргөн адамдар: артисттер, музыканттар, сүрөтчүлөр ж.б. майда буржуазиялык интеллигенттер; 2. камырбагандык, бош-аламандык, саясатка жана саясий турмушка кайдыгер мамиле жылуучулук, үстөмдүк кылган чөйрө/.

БОЙКОТ бойкот /айрым адамдар, топтор же мамлекеттер менен өз ара мамиле жасоодон толук же жарым-картылай баш тартуу: кандайдыр бир уюмга катышуудан, кандайдыр бир функцияны аткаруудан, кандайдыр бир укукту пайдаланууден ж.б. баш тартуу; экономикалык жана саясий күрөштүн бир формасы: өкүлдүк органдарга шайлоого катышпай коюу/.

БОЛЬШЕВИЗМ большевизм /эл аралык жумушчу кыймылындагы саясий ой-пикирдин революциячыл марксисттик агымы. К. КОММУНИСТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ СОВЕТСКОГО СОЮЗА/.

"БОЛЬШОЙ ДУБИНКИ ПОЛИТИКА" "чоң чокмордун саясаты"/мындай саясаттын аты АШтын президенти Теодор Рузвельттин: "Эл аралык

мамилелердеги туура хол "чоң чокмору" дайрдап коюп, "жылуу-жумшак сүйлөө керек" - деген белгилүү сөзүнөн алынган. Бул-"Америка түндүк америкалыктар үчүн" деген жоболондуу уран менен АКШнын Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн ички ишине кийлигишүү саясаты/.

БОНАПАРТИЗМ бонапартизм /тап күрөшү курчап турган кырдаалда карама-шаткан таптардын ортосунда абийн таап кайынчылыктан чыгуучу ири буржуазиянын контрреволюциячыл диктатурасынын бир формасы. Бонапартизм Францияда XVIII к. аягындагы буржуазиялык революциядан кийин Наполеон Бонапарттын диктатурасынын мезгилинде пайда болгон. Башкаруунун бонапарттисттик методу ар түрдүү өлкөлөрдүн буржуазиялык өкмөттөрүнө мүнөздүү: Россиядагы Столыпиндин жана Керенскийдин бонапартизми/.

БОНЗА бонза /I. Индиядагы, Кытайдагы, Япониядагы, Кореядагы буддалык дин кызматындагы киши; 2. өтмө мааниде: көкиректейген, масаадан четтеп калган адам; оңчул социалисттик партиялардын жетекчилерине, реформисттик профсоюздардын бюрократташкан чиновниктерине ж.б. берилген кек көрүнүү каалмаат/.

БОНД бондор /I. белгилүү мөөнөткө акча же бир баалуу нерсени алууга укук берүүчү кредиттик документтер; 2. каргиликтуу бийлик тарабынан кагаз акчанын ордуна жүрүү үчүн чыгарылган суррогат, каалма акча. СССРде бондорду чыгарууга тыюу салынган/.

БОРЬБА ДВУХ СОЦИАЛЬНЫХ СИСТЕМ социалдык эки системанын күрөшү /бири бирине карама-каршы турган дүйнөлүк эки социалдык системанын-социализмдин жана капитализмдин тап күрөшү. Бул күрөштүн саясий, экономикалык жана идеологиялык деп аталган негизги үч түрү бар/.

БОРЬБА ЗА МИР тынчтык үчүн күрөш/дүйнөлүк жаңы согуштун

коркунучуна карши адамдарды улутуна, расасына, социалдык абалына карабай биригтирген азыркы кездеги эң кенири демократтык кыймыл. Анын максаты – үчүнчү дүйнөлүк согушту болтурбай коюу, агрессорлорго сокку берүү, халпы жана толук куралсыздандыруу, эл аралык мамилелерде социалдык түзүлүшүнүн ар башкалыгына карабастан мамлекеттердин тынчтыкта жаныша жашоо принцибин ишке ашыруу. Тынчтык үчүн күрөш азыркы учурда демократия, улуттук көз каранды эместик, социализм үчүн күрөш менен акырғыс бирдикте. КПССтин XXIУ съезди Тынчтыктын кенири программасын-тынчтык жана эл аралык кызматташтык үчүн, элдердин эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн мындан эрки күрөштүн программасын иштеп чыккан. Тынчтыктын программасын бер жүзүндөгү оордук элдер, тынчтыкты сүйгөн бардык күчтөр колдоодо. Бүгө халпы европалык кенешменин /1975-ж/ Корутунду актиси мисал болот. КПССтин XXУ съезди Тынчтыктын программасынын ийгиликтүү ишке ашырылып жаткандыгын канааттангандык менен белгилеп, ани эри карай өнүктүрүп, жаңы бышып жетилген милдеттерди чечүүнү күн тартибине койду/.

БОРЬБА КЛАССОВ таптардын күрөшү к. КЛАССОВАЯ БОРЬБА

БОРЬБА С ПЕРЕЖИТКАМИ БЮРОКРАТИЗМА бюрократизмдин калдыктары менен күрөшүү /эксплуататордук түзүлүштүн формализи, канцелярщина, бийликчилик, эмгекчилердин талаптарына көңүл бурбай, тоготпой мамиле кылуу сыяктуу башкаруудагы социализмге жат болгон көрүнүштөрүн чечкиндүүлүк менен жоюу/.

БОСС босс, кожоюн /1. капиталисттик ишкананын, мекеменин жетекчиси, кожоюну; 2. АКШда монополисттик капиталдын диктатурасын ишке ашыруучу буржуазиялык партиялардын борбордук жана жергиликтүү аппаратынын саясий башкаруучусу, жетекчиси/.

БРАХМАНИЗМ брахмандык /индиялык эң байыркы мифологиялык кудай Брахмандын аты менен аталган диндердин бири. Кийинчерээк буддизм жана индуизм тарабынан сүрүлүп чыгарылган/.

БРЕСТСКИЙ МИР Брест тынчтыгы /1918-ж. 3-мартта Брест-Литовскиде Советтик Россия менен Төрттүк Союздун-Германиянын, Австро-Венгриянын, Түркиянын жана Болгариянын ортосунда түзүлгөн тынчтык келишими. Брест тынчтыгынын шарттары өтө оор болсо дагы /Совет республикасы I млн. км^2 территориясынан-Польшадан, Украинадан, Белоруссиянын бир белүгүнөн, Латвия, Литва жана Эстониядан ажырап, чоң суммадагы контрибуция төлөөгө болгон/жаң Совет мамлекети өзүнүн көз каранды эместигин сактап калып, согуштан чыгып, Совет бийлигин чыңдоого, ички жана сырткы контрреволюциялык күчтөргө сокку берүүгө көндөмдүү болгон Кызыл Армияны түзүүгө, эл чарбасын калыбына келтирүүгө зарыл болгон тынчтыкка ээ олуу мүмкүндүгүн алган. 1918-ж. ноябрде Германияда революция жеңгенге байланыштуу ВЦИК Брест тынчтык келишимин жойгон/.

"БРИТАНСКИЙ ЛЕВ" "Британия арстаны"/ көп учурларда шылдыңдаган маанида колдонуучу, Великобританиянын мамлекеттик гербиндеги арстандын сүрөтүнөн келип чыккан Англиянын /Великобританиянын/ аты/.

БРИТАНСКИЕ ТРЕД-ЮНИОНЫ британдык тред-юниондор /жетекчилери буржуазия менен "таптык кызматташтык" саясатын жүргүзүшкөн Англиядагы профессионалдык союздар/.

БУДДИЗМ буддизм /христианство жана ислам менен катар кенири таралган диндердин бири, б. з. ч. УI-У жылдарда Индияда пайда болуп, кийин Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Азиядагы өлкөлөргө, ошондой эле Ирактын Чыгышка тараган. Буддизм башка диндер сыяктуу

эле реакциячыл роль ойноп, монундукка, баш ийүүчүлүккө, пассивдүүлүккө, турмушка багынууга, хамандык кылгандарга каршылык көрсетпөөгө үндөп, эмгекчи элдин тап күрөшүнөн алагды кылат. Буддизмдин бир түрү - Ламаизм/.

БУМ бум /I. ири капиталисттер тарабынан өлкөнүн экономикалык турмушунда же анын бир тармагында касалма кол менен кургузулган кандануу; 2. коомчулуктун ой-пикирин козгоо жана аны четтетируу максатында касалган чуу көтөрүү, сенсация/.

БУМЕРАНГ бумеранг /I. австралиялык уруулар аңчылыкка жана оюнга колдонуучу иргиткенде айланып кайтып келип кайра отол иргитылган жерге түшүүчү ийилген таяк түрүндөгү иргитуучу курал; 2. өтмө мааниде: биреөгө казган орго өзү келип түшүп калуу/.

БУНД бунд /"Литвадагы, Польшадагы жана Россиядагы жалпы еврей жумушчу союзу", оппортунисттик, майда буржуазиялык улутчул уюм. Ал 1897-жылы түзүлүп, ага, негизинен, Россиянын батыш райондорундагы еврей кол өнөрчүлөрү киришкен. Еврей жумушчуларынын кызыкчылыгын башка улуттардын жумушчуларынын мүдөөсүнө карама-каршы коюучу Бунддун улутчул сепаратисттик саясаты пролетариаттын күчүн бөлүп-жарып, начардаткан. Ал "экономисттерди", меньшевиктерди колдоп, большевиктерге каршы күрөшкөн. 1921-жылы Бунд таран, анын революциячыл бөлүгү РКП /б/ ге кабыл алынган/.

БУНДЕСВЕР бундесвер /Германия Федеративдик Республикасынын 1954-жылы түзүлгөн курамдуу күчтөрү/.

БУНДЕСРАТ бундесрат /I. Германия империясындагы /1871-1918/ парламенттик жогорку палата; Германиянын составына кирген мамлекеттердин империялык совети; 2. ФРГ деги жерлердин /областтардын/

өкметтөрүнүн өкүлдөрүнөн турган өкүлдүк орган/.

БУНДЕСТАГ бундестаг /Германия Федеративдик Республикасындагы федералдык парламент/.

БУРЖУА буржуа /I. орто кылымдык Батыш Европада-шаарда жашаган адам /бюргер/; 2. капиталисттик коомдо-буржуазия табынын өкүлү/.

БУРЖУАЗИЯ буржуазия /I. феодалдык Европада - бюргерлер; 2. капиталисттик коомдо - өндүрүш куралдарын жана каражаттарын ээлеген, жумушчулардын жалданма эмгегин эксплуатациялоонун эсебинен жашап жана байыган үстөмдүк кылуучу тап. Буржуазия барып турган революциячыл, эксплуататордук, мите тап катарында эмгекчилердин, социализмдин жана коммунизмдин душманы болуп эсептелет/.

БУРЖУАЗНАЯ ДЕМОКРАТИЯ буржуазиялык демократия к. ДЕМОКРАТИЯ

БУРЖУАЗНАЯ РЕВОЛЮЦИЯ буржуазиялык революция /негизги милдети феодалдык түзүлүштү же анын калдыктарын жок кылуу болуп эсептелген социалдык революциянын тиби. к. РЕВОЛЮЦИЯ/.

БУРЖУАЗНО-ДЕМОКРАТИЧЕСКАЯ РЕВОЛЮЦИЯ буржуазиялык-демократиялык революция /жумушчулар менен дыйкандардын экономикалык жана саясий талаптарын көздеген буржуазиялык революция. Революцияга кеңири эл массасынын катышы революциянын чектелген рамкадан чыгып, милдеттерин кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берген/.

БУФЕРНОЕ ГОСУДАРСТВО буфердик мамлекет /эки чоң мамлекеттин ортосунда жайлашкан жана алардын бири бирине болгон мамилелеринде буфер /ортодогу звено/ катарында пайдаланылуучу кичинекей, экономикалык, саясий жана аскердик күч-кубаты жагынан начар мамлекет/.

БЫТ турмуш-тиричилик /адамдардын өндүрүштүк жана коомдук-

саясий материнен бөлүп бардык жамаатын кучагына камтыган турмуштун эң маанилүү чөйрөлөрүнүн бири; тамакка, кийимге, үй жайга, дем алууга, көңүл ачууга, саламаттык сактоого ж.б. болгон талаптарды канааттандыра турган материалдык жана маданий чөйрө. Турмуш-тиричилик коомдук жана жекече болуп айырмаланат. Турмуш-тиричиликке элдердин үрп-адаты, салт-санаасы, традициясы, таптык жана улуттук айырмачылыктар, шаар менен кыштактын ортосундагы айырмачылык, коомдогу ролдордун аброю, коомдун идеологиясы жана анын маданияты терең таасир тийгизет. Жекече турмуш-тиричиликти уюштуруунун маанилүү формасы үй-бүлө болуп эсептелет. Социалисттик коомдо эмгекчилердин турмуш-тиричилиги жакшырып, алардын материалдык кызгалчылыгы жана маданий деңгээли күнөмөсүз жогорулап отурат/.

БИТИЕ бытие /ак-сезимге көз карандысыз объективдүү дүйнөнү, материяны билдирген философиялык түшүнүк. Диалектикалык материализм бытие алгачкы, биринчи, ак-сезимди болсо экинчи деп белгилөө менен бирге ак-сезимди пассивдүү гана чагылуу эмес, бытиеге таасир көрсөтүүчү активдүү күч деп эсептейт/.

БЫТИЕ ОБЩЕСТВЕННОЕ коомдук бытие /коомдук материалдык турмушту мүнөздөгөн философиялык категория. Коомдук бытие - коомдук ак-сезимден алгачкы, андан сыртқары, ага көз каранды эмес. Коомдук материалдык турмушу - бул материалдык байлыктарды өндүрүү, ошондой эле өндүрүү процессинде жана коомдун реалдуу практикалык турмушунда адамдардын ортосунда түзүлгөн материалдык мамилелер. Қ. ОБЩЕСТВЕННОЕ БЫТИЕ И ОБЩЕСТВЕННОЕ СОЗНАНИЕ/.

БЮДЖЕТ бюджет /I. белгилүү бир мезгилге /жылга, кварталга, айга/ мамлекеттик кирешелер менен чыгымдардын акчалай көрсөткүч менен алынуучу, өлкөнүн жогорку закон чыгаруучу органы бекитүүчү план; 2. кеңири маанида: ишкананын, мекеменин, үюмдун же айрым

кишинин белгилүү бир мөөнөттөгү акчалай кирешелеринин жана чыгымдарынын ар кандай плану).

БЮЛЛЕТЕНЬ бюллетень (I. коомдук маанисн бар окуялар, маселелер, иштер к.б.; 2. мамлекеттик мекемелердин же коомдук кебүнчө информациялык материалдардан болгон мезгилдүү же анда-санда басмага басып чыгаруулардын бир түрү; 3. шайлоо бюллетени - кандидаттардын аты жазылган баракча; 4. оорулуу кишиге врачтын амбулаториялык жөнөмөсүн деп берген кагазы).

БЮРГЕР бюргер (I. феодалдык Батыш Европада - шаардык адам; 2. майда мүдөөлүү, идеясы жана коомдук түшүнүгү тар киши).

БЮРГЕРСТВО бюргерлер (Батыш Европадагы феодалдык коомдогу шаардык сословие (купецтер, сүткорлор, пол өнөрчүлөр, майда соодагерлер к.б.). Бюргерлерден буржуазия табы түзүлгөн).

БЮРОКРАТ бюрократ (кызматына кайдигер мамиле кылып, иштин негизги мазмунуна көңүл бурбай, эл маселелеринен четтеп, алардын мүдөөлөрүнө көңүл көп караган кызматчы).

БЮРОКРАТИЗМ бюрократизм (I. башкаруунун феодалдык-абсолютисттик жана капиталисттик мамлекеттерге мүнөздүү системасы; 2. канцелярщина; иштн чечпей сүйрөө, иштн аксатып, эмгекчилердин мүнөздөмөлөрүнө карабай, жаселени формалдуу түрдө чечүү. Социалисттик коомдогу бюрократиянын көрүнүшү капитализмдин элементтүү калдыгы болуп саналат. Сын жана өзүн-өзү сыноо, контроль жана иштин аткарылышын текшерүү-бюрократизмди жоюу үчүн болгон күрөштүн маанилүү каражаттары).

БЮРОКРАТИЯ бюрократия (феодалдык-абсолютисттик жана капиталисттик мамлекеттеги үстөмдүк кылуучу эксплуататордук таптар менен тыгыз байланышкан жогорку кызматтагы чиновниктердин привилегиялуу катмары).

ВАЛОВАЯ ПРОДУКЦИЯ дүн продукциң (белгилүү мезгилде эл чарбасынын тармактарында өндүрүлүп чыгарылган продукциялардын акча менен белгиленген жалпы суммасы. Ал социалисттик өлкөнүн коомдук жыйынтык продуктусун түзөт).

ВАЛЮТА валюта (тигил же бул өлкөдө кабыл алынган акча системасы; негизги акча бирдиги: сом, доллар, франк ж.б.).

ВАЛЮТНЫЙ КРИЗИС валюта кризиси (капитализмдин жалпы кризисинин доорундагы капитализмдин акча-кредит системасынын кризиси. Ал 70-жылдардагы экономикалык кризистин жана АКШнын доллары-нын базасынын төмөн түшүшү менен күчтүү).

ВАЛЮТНЫЙ КУРС валюта курсу (чет өлкөлүк ар түрдүү валюталардын ортосундагы белгилүү катнаш; бир өлкөнүн акча бирдигинин базасынын башка өлкөлөрдүн акчалары менен салыштырылып көрсөтүлгөн өлчөмү: 1. IX 1978-жылы АКШнын 1 доллары СССРде 67,1 тыйынга барабар болгон).

ВАНДАЛЫ вандалдар (1. I кылымда жашаган өшпөс агрессивдүүлүк жана мыкаачылык менен айырмаланган байыркы герман уруусу; 2. адамга карата колдонгондо: нааандыкты, маданиятсыздыкты, одоносуздукту билдирет. "Вандализм" - маданий жана материалдык байлыктарды талкалап кыратуу деген түшүнүк ушундан келип чыккан).

ВАНДЕЯ Вандея (Франциядагы провинция. XVIII кылымдын аягындагы буржуазиялык революциянын жылдарында монархисттик контрреволюциянын негизги очогу болгон. Азыр "Вандея" контрреволюциялык көтерүлүштөрдүн очокторун билдирген жалпы ат болуп калды).

ВАРВАР варвар (1. маданий өнүгүшүнүн деңгээли төмөн турган бөтөн, чет элдерге байыркы гректер менен римдиктердин жектөө, ко-

дулоо иретинде берген аалы; 2. өтмө маанисинде: маданиятсыз, орой, наадан, түркөй киши).

ВАРВАРСТВО варварчылык, жыртыңчтык (маданияттын, искусствонун, өткөн замандын эстеликтерине наадандык, аяйымсыздык, жыртыңчтык менен одоно мамиле кылуу).

ВАРФОЛОМЕЕВСКАЯ НОЧЬ Варфоломей түнү (1. Франциянын королунун жана католик духовенствосунун буйругу боюнча 1572-жылы 24-августа, "ыйык Варфоломей" майрамынын алдында түнү Парижде католиктердин гугенотторду (протестанттарды) кырышы (курман болгондордун саны 30 мингe жеткен); 2. өтмө маанисинде: саясий, диний, расисттик же башка себептер менен кишилердин белгилүү бир топторун массалык түрдө кыруу).

ВАРШАВСКИЙ ДОГОВОР Варшава келишими (европалык социалисттик мамлекеттердин аскердик-саясий коргонуу союзу. Достук, кызматташтык жана өз ара жардам көрсөтүү жөнүндөгү келишимге 1955-жылы май айында Варшавада Болгариянын, Венгриянын, ГДРдин, Польшанын, Румыниянын, СССРдин, Чехословакиянын, ошондой эле Албаниянын (1962-жылдан бери катышпайт) өкүлдөрү кол коюшкан. Варшава келишими социалисттик өлкөлөрдүн коопсуздугуна коркунуч туудурган НАТОнун блогуна жооп иретинде түзүлгөн).

ВАССАЛ вассал (1. орто кылымдарда Батыш Европадагы өзүнөн ири феодалдарга (сеньорго) көз каранды болуп, аның көз бир интерин аткарган феодал-жер ээси; 2. өтмө маанисинде: көз каранды, башка бир адамга же мамлекетке көз каранды болгон киши, мамлекет).

ВАТИКАН Ватикан (Рим шаарынын территориясында жайлашкан эң эле кичинекей теократтык /саясий бийлик дин кызматчыларынын колунда болгон/ мамлекет; католик чиркөөсүнүн башчысы - Рим папасынын турган жери; католик чиркөөсүнүн дүйнөдик - административдик борбору. к. КАТОЛИЦИЗМ).

ВАХТА вахта /I. деңиз же дарыя кемелеринде такай байкоо жүргүзүү, коопсуздукту сактоо максатында коюлган күзөт, ушундай күзөттүн аткарылышы; 2. отпо мааниде: социалисттик коомдогу кандайдыр бир маанилүү коомдук-саясий окуянын, юбилейлик датанын ж.б. урматына шыктанып аткарылган иш: эмгек вахтасы ж.б./.

ВЕЛИКАЯ ОКТЯБРЬСКАЯ СОЦИАЛИСТИЧЕСКАЯ РЕВОЛЮЦИЯ Улуу Октябрь социалисттик революциясы /бүткүл дүйнөлүк тарыхтагы биринчи жеңиштүү пролетардык революция. Аны башында В.И.Ленин турган Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен Россиянын жумушчу табы эмгекчи дыйкандар менен бирге ишке ашырган. Натыйжада буржуазия менен помещиктердин бийлиги кулатылып, Советтердин республикасы түрүндөгү пролетариаттын диктатурасы орнотулган. Октябрдын жеңиши - бүткүл адамзаттын өнүгүшүнүн жүрүшүн түп тамырынан бери өзгөрткөн XX кылымдагы башкы окуя. Октябрь революциясы - коомдук өнүгүүнүн, монополисттик капитализмдин шарттарындагы тең күрөшүнүн закон ченемдүү натыйжасы. Анын жеңиши менен тарыхта биринчи социалисттик мамлекет пайда болуп, дүйнө эки системага - социалисттик жана капиталисттик системага бөлүнүү, адамзаттын капитализмден социализмге өтүү доору башталды/.

ВЕЛИКАЯ ОТЕЧЕСТВЕННАЯ ВОЙНА СОВЕТСКОГО СОЮЗА 1941-45-жылдардагы Советтер Союзунун Улуу Ата мекендик согушу /совет элинин фашисттик Германияга жана анын союздаштарына /Венгрияга, Румынияга, Италияга, Финляндияга, Японияга/ каршы боштондук согушу, 1939-45-жылдардагы экинчи дүйнөлүк согуштун маанилүү бөлүгү. СССРдин фашисттик Германияны жана милитаристтик Японияны талкалашы Европа менен Азиядагы бир катар мамлекеттерде реакциячыл режимдердин кулашына алып келип, эмгекчи массалардын социализм үчүн күрөшүнө ыңгайлуу шарт түзүп, дүйнөлүк социалисттик система пайда болуп, капитализмдин жалпы кризиси тереңдеп, жумушчу жана улуттук -боштондук кыймылдын күчөшүнө, империализмдин колониялык системасынын кыйрашына зор өбөлгө түздү).

ВЕЛИКИЕ ДЕРЖАВЫ улуу державалар (эл аралык аренада чечүүчү ролду ойногон күч-кубаттуу жана ири мамлекеттер. Ар түрдүү тарыхый доорлордо ар башка өлкөлөр "улуулук" ролду ээлөөгө талаптанышкан. Азыркы кезде улуу державалар деп беш мамлекет (СССР, АКШ, Великобритания, Франция жана Кытай) эсептелет, алар Биримкен Уюттардын Уюмунун Коопсуздук Советинин туруктуу мүчөлөрү болуп саналышат).

ВЕЛИКОДЕРЖАВНЫЙ ШОВИНИЗМ улуу державалык шовинизм ("улуу" деп аталган улуттардын үстөмдүк кылуучу таптарынын улутчул саясаты жана идеологиясы. Улуу державалык шовинизм башка улуттарды басууга, эзүүгө, кемсинтүүгө, аларды өз алдынча болуудан ажыратууга, улуттук кастыктын отун тутандырууга, эзилген элдерди жек көрүүгө багытталган. М.: эл аралык коммунисттик кыймылга өзүнүн гегемониясын орнотууга аракет кылган СССРдин башка социалисттик өлкөлөр менен кызматташтыгын үзгүлтүккө учуратууга, начарлатууга багытталган Кытайдын жетекчилеринин азыркы кездеги саясаты улуу державалык шовинизмдин, согушчан улутчулдуктун духуна жык толгон. Улуу державалык шовинизм марксизм-ленинизмге жат, душман).

ВЕРБАЛЬНАЯ НОТА вербалдык нота (кол коюлбаган, ооз эки билдирүүгө барабар болгон дипломаттык нотанын бир түрү).

ВЕРДИКТ өкүм (кылмыштын бардыгы же жоктугу, айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөсүз экендиги жөнүндө присяжный заседателдердин чечими, өкүм).

ВЕРИТЕЛЬНАЯ ГРАМОТА ишеним грамотасы (белгилүү бир адамдын

тигил же бул мамлекеттин дипломаттык өкүлү болуп дайындалгандыгын күбөлөндүрүүчү документ. Ишеним грамотасы өкүл тарабынан ал дайындалган мамлекеттин башчысына тапшырилат).

ВЕРМАХТ вермахт (фашизм үстөндүк кылган кездеги (1933-45) Германиянын куралдуу күчтөрү. Улуу Ата Мекендин согушта СССРдин Куралдуу күчтөрү гитлердин вермахтин кечилбастыгы жөнүндөгү мифти жокко чыгарды).

ВЕРСАЛЬСКАЯ СИСТЕМА Версаль системасы (1914-18-жылдардагы биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Париждеги тынчтык конференциясында (1919-20) жеңген державалардын, АКШнын, Англиянын, Франциянын ж.б. империалисттери түзгөн эл аралык мамилелердин системасы. Версаль системасы (Германия менен тынчтык келишимге кол коюлган Версаль дворецинин атынан улам келип чыккан) жеңген өлкөлөр менен жеңилген өлкөлөрдүн - Германия, Австрия, Венгрия, Болгария жана Түркиянын ортосунда түзүлгөн бир катар тынчтык келишимдердин натыйжасында пайда болгон. Версаль системасы боюнча Европанын саясий картасы кайрадан каралып, Германия жана Түркия империялары жоюлуп, алардын ордуна Европа жана Жакынкы Чыгышта айрым жаңы мамлекеттер түзүлүү менен, эски колониялар Антанта өлкөлөрүнүн пайдасына кайрадан бөлүнгөн. Версаль системасы империалисттик мүнөздө болуп, Совет мамлекетине, капиталисттик өлкөлөрдөгү кызматчу жыйымына жана улуттук-боштондук кыймылга каршы багытталган. Версаль системасы I дүйнөлүк согушту туудурган эски империалисттик карама-каршылыктарды жойбостон, кайра жаңы карама-каршылыктарды туудуруп, империалисттик 2 топтун түзүлүшүнө, 1939-ж.1-сентябрда 2 дүйнөлүк согуштун башталышына алып келди).

ВЕРСАЛЬЧЫ версалдыктар (I. 1871-ж. 18-мартта Париж коммунасы түзүлгөндөн кийин борбордон Версалга качып баргандар жана аны

жактаган, контрреволюциячыл өкмөт; версалдыктар Коммунаны кулатып, коммуналарды жана аларды жактоочуларды репрессиялык менен жоготкон; 2. революцияны муунтуп жок кылуучулар; чет элдик интервенттер менен кызматташ болгон ашыгып контрреволюционерлер).

ВЕРСИЯ версия (кандайдыр бир окуя же факт жөнүндө ар башка кылып баяндоо же түшүндүрүү).

ВЕТО вето (I. болгилүү бир чечимдин, иштин аткарылышына тыюу салуу, убактылуу тонтотуп коюу; 2. ООНдун Коопсуздук Советиндеги улуу державалардын кайсынын бир добуштан макул болуп чечүү принциби да "Вето укугу" деп аталат, анткени Коопсуздук Советинин туруктуу беш мүчөсүнүн бирөө эле каршы кол көтөрсө, эл аралык тынчтыктын жана коопсуздуктун маселелери боюнча бир дагы чечим кабыл алынбайт).

ВИГИ виги (XVII-XIX кылымдардагы Великобританиядагы саясий партия; азыркы кезде мунун ордуна либералдык партия келген. Вигилер соода-өнөр жай жана финансылык буржуазиянын тобокелдөрүнүн жана буржуазияга ээлешип баратган жер ээлеринин бир бөлүгүнүн кызыкчылыгын көздөшкөн).

ВИЗИТ визит (официалдуу визит кандайдыр бир өлкөгө башка өлкөнүн мамлекеттин иштеринин же иштерлер тобунун (делегациясынын) өкмөттүк органдарынын полномочиеси боюнча жана эки тараптын алдын ала макулдашуусу менен баруусу же келүүсү: официалдык визит).

ВНЕШНЯЯ ПОЛИТИКА тышкы саясат (эл аралык аренада башка мамлекеттер жана элдер менен мамилелерди көңгө салуучу саясат. Тышкы саясат ички саясат менен тыгыз байланышта болот да, мамлекеттин ичиндеги таптык мамилелердин мүнөзүн чагылдырып көрсөтөт).

ВНЕШНЯЯ ТОРГОВЛЯ тышкы соода (бир өлкөнүн башка өлкөлөр менен товарларды алып келүү (импорт) жана алып чыгаруу (экспорт)

аркылуу соода күргүзүүсү).

ВНУТРЕННЯЯ ПОЛИТИКА ички саясат (мамлекеттик ичиндеги таптардын, социалдык топтордун жана улуттардын өз ара мамилелерин билдирүүчү саясат. Жеке мэнчикке негизделген мамлекеттин ички саясаты эксплуататорлордун кызыкчылыгын коргойт. Империализм доорунда үстөмдүк кылуучу таптардын ички саясаты өзгөчө реакциячыл мүнөзгө ээ болот да, жумушчу табына, Коммунисттик жана жумушчу партияларга карш репрессия күчөйт. Ашыкча реакциячыл ички саясат фашисттик диктатура орногон өлкөлөрдө тана мүнөздүү <u>к</u>. ФАШИЗМ).

Социалисттик мамлекеттердин марксизм-ленинизмдин принциптерине негизделген ички саясаты эл массаларынын кызыкчылыгын көздөйт да, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүгө, совет элинин материалдык кыргалчылыгын андан ары көтөрүлүүгө, социалисттик демократияны өркүндөтүүгө, эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоого, өлкөнүн коргоо жөндөмдүүлүгүн чыңдоого багытталат).

ВНУТРИПАРТИЙНАЯ ДЕМОКРАТИЯ партиялык ички демократия (марксисттик-лениндик партиялардын ички турмушунун негизи, демократиялык централизмдин составдык бөлүгү. Партиялык ички демократия партиялык турмуштун лениндик принциптерин сактоону, бардык коммунисттердин активдүүлүгүнүн өсүшүн, партиялык саясаттын маселелерин эркин жана иштиктүү талкуулоо үчүн, сын жана өзүн-өзү сыноону кеңири жайылтууну камсыз кылат. Партиялык турмуштун лениндик принциптери жеке адамдын культ башына сыйынуу менен, жетекчилик кылуунун коллективдүүлүгүн жана партиялык ички демократияны бузуулар менен тап-такыр туура келбейт. Партиялык ички демократияны ар тараптан өстүрүү КПССтин мындан ары карай чыдалышына, анын массалар менен байланышынын кеңейишине, анын авторитетинин даңы кете-

рүлүшүнө мүмкүндүк берет).

ВОЕННО-ПРОМЫШЛЕННЫЙ КОМПЛЕКС согуштук-өнөр жай комплекси (согуштук экономиканын негизинде пайда болгон ири согуштук-өнөр жайлык монополиялардын, империалисттик өлкөлөрдүн, биринчи кезекте АКШнын мамлекеттик аппаратындагы согушчандар менен союзу, бириги-ши. Бул АКШнын өкмөтүнүн ички жана тышкы саясатына, буржуазиялык коомдун идеологиясы менен моралына күчтүү таасир тийгизип жатат. АКШнын согуштук-өнөр жай монополияларынын башкаруучу чөйрөлөрү өкмөттүн согуштук заказдардан эбегейсиз зор пайда алышкандыктан, согуштук чыр-чатактардын өтүп турушуна, эл аралык абалды таазалдандырууга аракет кылышат).

ВОЕННО-РЕВОЛЮЦИОННЫЕ КОМИТЕТЫ (ВРК) аскердик-революциялык комитеттер (Россияда Совет бийлигин орнотууга жетекчилик кылуу үчүн большевиктер партиясы тарабынан жумушчу жана дыйкан депутаттарынын Советтеринин алдында түзүлгөн (октябрь 1917-ж. март 1918-ж.) жүзүрмөн органдар. Совет бийлигинин бүт өлкө боюнча триумфалдык жүрүшүнүн негизинде, советтик мамлекеттик аппараттын түзүлүп, борбордо жана чет жакаларда Совет бийлигинин чыңалышы менен революциянын зарылдыгы болбой калган).

ВОЕННЫЕ ПРЕСТУПНИКИ согуш кылмышкерлери (тынчтыкка жана адамкерчиликке каршы кылмыш кылышкан, согуштун закондорун жана салтын бузушкан кишилер. СССРдин демилгеси боюнча экинчи дүйнөлүк согушта жасаган кылмыштары үчүн согуш кылмышкерлеринин коопкерчилиги жөнүндө 1943-ж. 30-октябрда Москва декларациясы кабыл алынган. Эл аралык аскер трибуналдары Нюрнбергде (Нюрнберг процесси) жана Токиодо (Токио процесси) башкы согуш кылмышкерлерин соттогон).

ВОЕННЫЙ КОММУНИЗМ согуштук коммунизм (1918-20-жылдардагы граждандык согуштун жана чет элдик интервенциянын өтө оор шартта-

рындагы Совет мамлекетинин экономикалык саясаты. Өлкөнүн бүтүнүл эл чарбасын согуштун талаптарына карата кайра куруу максатында большевиктер партиясы менен Совет өкмөтү жекече соодага тыюу салып, продразверстканы – дыйкандардын бардык азык-түлүктөрүн белгиленген баа менен мамлекетке сөзсүз өткөрүүнү жана милдеттүү түрдө жалпы эмгектенүүнү киргизишкен. Бул саясат интервенттер менен ички контрреволюцияны жеңүүдө, пролетариат диктатурасын бекемдөөдө маанилүү роль ойноп, граждандык согуш жеңиштүү аяктагандан кийин (март 1921-ж.) эл НЭП – экономикалык жаңы саясат менен алмаштырылган).

ВОЙНА согуш (өздөрүнүн экономикалык жана саясий максаттарын ишке ашыруу үчүн мамлекеттердин же коомдук таптардын ортосундагы куралдуу күрөш, саясаттын күч колдонуу каракаттары менен улантылышы. Согуштун адилеттүү жана адилетсиз деген эки түрү бар. Адилеттүү согуштар элдерди таптык, улуттук жө колониялык зөөкүрдөн куткаруу максатында жүргүзүлөт: СССРдин фашисттик Германияга каршы Улуу Ата мекендик согушу. Эмгекчилерди багындыруу, башка территорияларды басып алуу, империалисттик үстөмдүктү чыңдоо жана кеңейтүү максатын көздөгөн зөөкүрдөн таптардын саясатынын курал менен улантылышы адилетсиз согуштар болуп эсептелет: Израилдин араб өлкөлөрүнө каршы согушу. СССР империалисттик согушту болтурбоо, тынчтыкты чыңдоо, мамлекеттердин ортосундагы зор абалды жеңилдетүү, социалдык түзүлүшү ар башка болгон мамлекеттердин тынчтыкта жана эл аралык коопсуздук үчүн талыкпай күрөшүп келе жатат).

ВОЛОКИТА волокита (бюрократизмдин бир көрүнүшү; кызматчынын, мекеменин же уюмдун кандайдыр бир маселени, иште чечпей, кечүл коштук кылып созуктуруп сүйрөшү).

ВОЛЮНТАРИЗМ волюнтаризм (коомдун өнүгүшүнүн объективдүү мыйзамдарын

чоң эрк деп таанылган идеалисттик философиядагы агым. Саясаттагы волюнтаризм коомдук өнүгүштүн объективдүү закондоруна карабастан субъективдүү амалге кесеп, авантюристтик жана күчкө салып эрекет кылат. Марксизм-ленинизм волюнтаризмди четке кагып, коомдук практиканын бардык тармактарында объективдүү закондорду жана коомдук өнүгүүнүн тенденцияларын илимий жактан билүүдө волюнтаристтик өкүмдүккө жол болгон социалисттик демократиянын принциптерине таянат).

ВООРУЖЕННОЕ ВОССТАНИЕ куралдуу көтөрүлүш (үстөмдүк кылуучу эксплуататордук таптарга, улуттук зөөкүрдөн каршы эл массаларынын куралдуу ачык чыгышы, пролетариаттын бийлик үчүн болгон күрөшүнүн курч формасы).

ВОТУМ вотум (капиталисттик өлкөлөрдө парламентте, кыйналыштта добуш берүү аркылуу билдирилген чечим, пикир; парламентте өкмөттүн жүргүзгөн ишине ишенүү же ишенбөө).

ВСЕМИРНАЯ КОНФЕДЕРАЦИЯ ТРУДА (ВКТ) эмгектин бүткүл дүйнөлүк конфедерациясы (78 өлкөнүн 86 улуттук профсоюздук уюмдарын кучагына алган, 1920-жылы уюшулган, профсоюздардын эл аралык реформисттик биримеси. Эмгек менен капиталдын таптык кызматташтыгын жактаса дагы эл капиталисттерден эмгекчилердин пайдасына кээ бир социалдык-экономикалык жеңилдиктерди берүүнү талап кылат. ВКТ куралсыздандыруу, согушту болтурбоо, талаш маселелерди тынчтык жолу менен чечүү саясатын жүргүзөт. Жетекчи органдары-конгресс, аткаруу бюросу Брюссельде жайланган).

ВСЕМИРНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ (ВОЗ) Саламаттыкты сактоонун бүткүл дүйнөлүк уюму (1948-жылы уюшулган составына 150 мамлекет, анын ичинде СССР, кирген ООНдун адистештирилген мекемеси. ВОЗ саламаттыкты сактоо жана медицина илими жагынан эл аралык кызматташтыкты ишке ашырып, терелгендер, сорулар ж.б. жөнүндө маалымат-

[illegible] чакыруун, аларды коргоодо, эпидемиялар менен күрөшүүдө, сыймыктуулукка сактоо жана коопсуздукта өлкөлөргө кардам берип, аймак-чыйрек коргоонун айрым иш-чараларына катышат. ВОЗдун жогорку органынын – саламаттыкты сактоонун бүткүл дүйнөлүк ассамблеясынын штаб – квартирасы – Женевада).

ВСЕМИРНАЯ ФЕДЕРАЦИЯ ДЕМОКРАТИЧЕСКОЙ МОЛОДЕЖИ (ВФДМ) Демократтык жаштардын бүткүл дүйнөлүк федерациясы (1945-жылы уюшулган демократтык жаштардын эл аралык ири коомдук уюму. Буга 130 өлкөнүн, анын ичинде СССРдин, жаштар уюмдары кирче. Жаштарды саясий жана диний көз карашына, расасына жана улутуна карабастан биригтирген бүткүл дүйнөлүк жаштардын, прогрессивдүү жаштардын интернационалдык бөлүмүнүн, империализмге, колониализмге, неоколониализмге, фашизмге жана расизмге каршы күрөшөт. Анын жогорку органы – ассамблея, Будапештте).

ВСЕМИРНАЯ ФЕДЕРАЦИЯ ПРОФСОЮЗОВ (ВФП) Профсоюздардын Бүткүл дүйнөлүк федерациясы /демократтык профессионалдык союздардын 1945-ж. түзүлгөн эл аралык биримеси. ВЦСПС муну уюштуруучулардын бири жана азыр кирче/.

ВСЕМИРНЫЙ ДЕНЬ МОЛОДЕЖИ жаштардын бүткүл дүйнөлүк күнү /тынчтык, демократия, алдардын улуттук көз каранды эместиги жана жаштардын укуктарын коргоо үчүн күрөш күнү катарында дүйнөнүн демократтык жаштары жылына 10-ноябрда белгилөөчү күн. Бул күн демократтык жаштардын бүткүл дүйнөлүк федерациясынын түзүлүшүнүн урматына 1945-ж. Лондондо өткөн жаштардын бүткүл дүйнөлүк конференциясында белгиленген/.

ВСЕМИРНЫЙ СОВЕТ МИРА (ВСМ) Тынчтыктын бүткүл дүйнөлүк совети /тынчтыкты жактоочулардын эл аралык массалык кыймылынын 1950-ж. күзүндөгү биринчи алдардын өкүлдөрүнөн уюшулган жетекчи органы;

турган жери-Вена шаары /Австрия/; Тынчтыкты коргоонун Советтик Комитети ВСМ жүргүзгөн иштерге активдүү катышат/.

ВСЕНАРОДНОЕ ОБСУЖДЕНИЕ халкты алдын талкуу /социализмге мүнөздүү болгон өмүрчилердин коомдук жана мамлекеттик иштерин башкарууга катышуусунун формасы. Халкты талкууга алынуун турмушундагы эң маанилүү маселелер – экономикалык жана социалдык саясат, эл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары, орчундуу закондордун долбоорлору ж.б. кошулат: СССРдин жаңы Конституциясынын төрт айга созулган талкуулоого 140 миллиондон ашык адам катышты/.

ВСЕОБЩАЯ ЗАБАСТОВКА /ВСЕОБЩАЯ СТАЧКА / халкты забастовка /халкты ишташуу/ /капиталисттик өлкөлөрдөгү жумушчу табынын саясий жана экономикалык талаптарын канаатандыруу үчүн күргүзүлгөн тап күрөшүнүн бир формасы, массалык чыгуусу. Бул өнөр жайынын, транспорттун ж.б. бир же бир нече, кээде бардык тармактарынын өмүрчилеринин ушкан түрдө белгилүү мөөнөткө жумушту токтотуусу аркылуу ишке ашырылат. Халкты саясий стачка халкты забастовканын жогорку формасы болуп эсептелет. Азыркы кездеги капиталисттик өлкөлөрдөгү халкты забастовка өмүрчилерди турмуш-талаптар, тынчтык, демократия жана социалдык прогресс үчүн күрөшкө уюштыруунун жана мобилизациялоонун кубаттуу болуп эсептелет).

ВСЕОБЩЕЕ ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО халкты шайлоо укугу /закон тарабынан белгиленген курактан жеткенде бардык граждандардын мамлекеттик бийликтин өкүлдүү органдарына шайлоолорго катышуу укугу. Бул укук СССРде ж.б. социалисттик өлкөлөрдө Конституция тарабынан гарантияланат. Буржуазиялык мамлекеттердин көбүндө халкты шайлоо укугу формалдуу түрдө жарыяланганы менен, ар түрдүү ценздин чектөөлөрдүн /жынысы, каада, расасы, мүлкү ж.б. боюнча/ натыйжасында шайлоочулардын көпчү-

дук болгу шайлоолордон четте калат/.

ВСЕРОССИЙСКАЯ ЧРЕЗВЫЧАЙНАЯ КОМИССИЯ (ВЧК) Бүткүл россиялык өзгөчө комиссия /мамлекеттик коопсуздукту коргоо боюнча 1917-жылы декабрде түзүлгөн Совет мамлекетиндеги атайын орган. Ф.Э.Дзержинский башында турган ВЧКнын алдына жаң Совет республикасына каршы турган контрреволюциянын күчтөрүн жок кылуу, саботаж жана спекуляция менен күрөшүү ж.б. милдеттер коюлган. Ал социалисттик революциянын жеңип алууларын коргоп калууда зор роль ойноду. 1922-жылы ВЧК Мамлекеттик саясий башкарма (ГПУ), СССР түзүлгөндөн кийин Биригкен мамлекеттик саясий башкарма (ОГПУ) болуп кайра уюшулган/.

ВСЕСОЮЗНАЯ ПИОНЕРСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ им. В.И.Ленина В.И.Ленин атындагы Бүткүлсоюздук пионер уюму /1922-ж. уюшулуп, 1924-ж. В.И. Ленindин аты берилген массалык интиярдуу балдар уюму. Ишине КПСС багыт берип, комсомол түздөн-түз жетекчилик кылган мындай пионер уюмунун негизги милдети - балдарды коммунисттик духта тарбиялоо, аларды комсомолго өтүүгө даярдоо/.

ВСЕСОЮЗНЫЙ ЛЕНИНСКИЙ КОММУНИСТИЧЕСКИЙ СОЮЗ МОЛОДЕЖИ (ВЛКСМ) Бүткүл союздук лениндик коммунисттик жаштар союзу /советтик алдыңы жаштарды биригтирген өспүрүмдөрдүн массалык уюмдарынын бири; КПССтин активдүү жардамчысы, анын жетекчилиги астында иштөөчү резерви жумушчу жана дыйкан жаштарынын Бүткүл россиялык I с"ездинде (29.X-4.XI 1918-ж.) уюшулуп, Россиялык коммунисттик жаштар союзу (РКСМ) деп аталган. 1924-жылы ага В.И.Ленindин аты берилип, 1926-жылдан бери ВЛКСМ деп аталат.

Комсомолдун башкы милдети марксизм-ленинизмдин улуу идеяларын, революциялык күрөштүн баатырдык традицияларын негизинде өң-сезимдүү, жогорку билимдүү, өз Родинасына чексиз берилген коммунисттик коомдун жаң куруучуларын тарбиялоо болуп эсептелет.

ВЛКСМ Совет бийлигин орнотууга, социализмди курууга, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштардын жылдарында социалисттик Родинаны Коргоого, өзүрүн кезде коммунизмди курууга активдүү катышты жана катышып да жатат. Ал үч Ленин ордени, Октябрь революциясы, Кызыл Туу, Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланган. 1978-жылы ВЛКСМдин катарында 37 миллиондон ашык уландар менен кыздар болгон/.

ВТОРОЙ ИНТЕРНАЦИОНАЛ Экинчи интернационал /социалисттик партиялардын Ф.Энгельстин катышуусу менен 1889-ж. негизделген эл аралык биримеси. II Интернационал массалык жумушчу кыймылынын өсүшүнө, марксизмдин идеяларын таратууга жана марксизмдин базасында социалисттик партиялардын чыңалышына көмөкчү болгон. XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында II Интернационалдын ичинде Маркстын революциячыл окуусун ревизиялоо жолуна түшкөн оппортунисттик элементтердин таасири күчөйт. I дүйнөлүк согуштун башында /1914-ж./ II Интернационалдын лидерлери социализмдин ишине, пролетариаттын кызыкчылыгына чыкынчылык кылышып, ачык эле социал-шовинизмдин позициясына-өздөрүнүн буржуазиялык өкмөттөрүнүн империалисттик саясатын коргоого өтүшкөндүктөн, ал толугу менен ыйраган. В.И.Ленин түзүп, жетекчилик кылган большевиктер партиясы II Интернационалдын оппортунизми менен келишпес күрөш жүргүзүп, империалисттик согушка чечкиндүү каршы чыгып, империалисттик согушту граждандык согушка айландыруу ураанын койгон/.

Г

ГАРЛЕМ Гарлем /Нью-Йорк шаарынын расалык ыймынсыз дискриминацияга дуушар болгон негрлер жайлашкан бир бөлүгү; негрлердин өзүнчө бир геттосу. Гарлемдин территориясы көп учурларда граждандык укуктарын коргоп баш көтөрген негрлерди жазалоо үчүн АКШнын өкмөтү

уюштурган полициялык операциялардын аренасына да айланат/.

ГВАРДИЯ гвардия /I. илгерки замандагы падышанын же полководецтин кайтаруучулар; 2. жогорку кызматтан сапаттуу, мыкты, тандалган куралдуу күчтөр: 3. кызыл гвардия-пролетариаттын алгачкы колу 1905-07-жылдардагы революциянын күрүшүндө, андан кийин 1917-ж. падышачылыкты кулаткандан кийин пайда болгон кызматтан коомдары жана куралдуу отряддары. Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында Кызыл гвардиянын отряддары Улуу Октябрь социалисттик революциянын учурунда чоң роль ойноп, 1918-ж. кайрадан түзүлгөн кызматтан Кызыл Армиясынын негизи болуп калды; 4. Советтик гвардия-Советтик Армиянын жана Аскер-Деңиз Флотунун Улуу Ата Мекендин согушта /1941-45/ эрдик көрсөткөн мыкты, тандалган бөлүктөрү жана бирикмелери. 1942-ж. майдан тартып гвардиялык бирикмелердин аздык составы үчүн кызматтан тагынуучу белги, ал эми бөлүктөр үчүн атайын гвардиялык туулар киргизилген; 5. өтмө мааниде: кандайдыр бир социалдык топтун, коомдун үлгүдүн мыкты, сыналган бөлүгү, алдыңкы, өз ишине берилген күрөшүүчүлөрү; эски кызматтан гвардиясы, большевиктик гвардия ж.б./.

ГЕГЕМОН гегемон, жетекчи /кандайдыр бир иште жетекчилик ролго ээ болуучу. н. ГЕГЕМОНИЯ/.

ГЕГЕМОНИЯ гегемония /I. биринчилик, күч, таасир жагынан артыкчылык, үстөмдүк кылуучу абал; 2. кандайдыр бир коомдук топтун же мамлекеттин башка топторго же мамлекеттерге болгон алдыңкы, жетекчилик ролу. Пролетариаттын гегемониясы - буржуазиялык-демократиялык революцияны аягына чыгаруу үчүн социалисттик революциянын жеңиши; капиталисттик түзүлүштү жок кылуу, социализмди жана коммунизмди куруу үчүн революциячыл күрөштө шаар менен кыштактын эмгекчилерине пролетариаттын жетекчилик кылышы/.

ГЕДИСТЫ гедисттер /франциялык социалист М.Геддин жолун колдоочу, XX к. башындагы Франциянын жумушчу кыймылында оппортунизмге жана социал-шовинизмге каршы күрөшкөн саясий агым. 1914-18-жылдардагы биринчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде гедисттер интернационалдык социалисттик кыймылга чыккынчылык кылышкан; алардын бир бөлүгү кийинчерээк гедизм менен кол узушуп, Франциянын Коммунисттик партиясынын катарына киришкен/.

ГЕНЕАЛОГИЯ генеалогия /I. уруулардын, үй-бүлөнүн /биологияда-жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн/ келип чыгышын изилдөө; 2. орто кылымдардагы уруулардын түпкү тегин жана социалдык мамилелерин үйрөтүүчү тарыхтын комушча бир тармагы/.

ГЕНЕРАЛЬНАЯ АССАМБЛЕЯ ОРГАНИЗАЦИИ ОБ"ЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ Биригкен улуттардын уюмунун Генеральный Ассамблеясы /ООНго мүчө болгон, бардык мамлекеттердин өкүлдөрүнөн турган ООНдун башкы органдарынын бири; Ассамблеяда ООНдун ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Генеральный ассамблея ООНдун Уставынын рамкасында бардык маселелерди карап, алар боюнча ООНдун мүчөлөрүнө же ООНдун органдарына рекомендация кыла алат. Бирок, бул рекомендация ООНдун мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп саналбайт. Генеральный Ассамблея жылына бир кезектеги сессияга чогулат, ал эми зарыл болсо, атайын же чукул сессия чакырылат. Ар бир кезектеги сессиянын күн тартибинде 100 гө жакын маселе коюлуп, сессия, эреже катары, үч айга созулат/.

ГЕНЕРАЛЬНЫЙ СЕКРЕТАРЬ Генеральный секретарь /I.кептеген Коммунисттик жана жумушчу партияларындагы жетекчи пост. Борбордук Комитеттин КПСС БКнын Генеральный секретарын кээде Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Уставында көрсөтүлгөн. Азыр КПСС БКнын Генеральный секретары Л.И.Брежнев; 2. башкы административдик кызматтагы адам: ООНдун Генеральный секретары, аны Коопсуздук

Советинин рекомендациясы боюнча ООНдун Генеральный Ассамблеясы дайындайт/.

ГЕНЕРАЛЬНЫЙ ШТАБ генеральный штаб /жогорку башкы командачыга, Коргоо министрине же мамлекеттин башчысына баш ийүүчү куралдуу күчтөрдү башкаруунун жогорку органы. Штаб коргонууну уюштуруу, куралдуу күчтөрдү түзүү пландарын иштеп чыгат; аскерлердин кыймылын даярдыгына жетекчилик кылып, согуш мезгилинде стратегиялык жана оперативдик пландоону ишке ашырат. СССРде генеральный штаб 1935-ж. түзүлгөн /ага чейин РККАнын штабы болгон/. Кээ бир мамлекеттерде генеральный штабдын функциясын куралдуу күчтөрдүн ар кандай түрлөрүнүн начальниктеринин биригинен комитеттери аткарышат/.

ГЕНОЦИД геноцид /расалык, улуттук, диний же башка мотивдер менен калктын белгилүү бир тобун кырып жок кылуу; эксплуататор таптардын эң реакциячыл чөйрөлөрүнүн адамзатка каршы атайын жасаган эң оор кылмыштарынын бири: европалык колонизаторлордун Азиянын, Африканын, Америкanын, Австралиянын көп өлкөлөрүндөгү жергиликтүү калкты кырышы; АКШда негрлерди линч соту боюнча жазалоо, кыйноо; германдык фашисттердин орустарды, украиналыктарды, белорустарды, поляктарды, еврейлерди ж.б. кырып өлтүрүшү; расисттердин Түштүк-Африка республикасындагы жана Түштүк Родезиядагы жергиликтүү калктарды өлтүрүшү ж.б./.

ГЕОПОЛИТИКА геополитика /өзүнүн мамлекетинин территориясынын "жетишсиздигинен" болгон ич деп башкалардын территориясын зордуктап басып алууну актоого жана далилдөөгө аракет кылган империализмдин идеологдорунун реакциячыл теориясы. Геополитиктер капитализм доорундагы эл массаларынын көп жабыр тартышынын себеби "жашоо мейкиндигинин" жетишсиздигинен болуп жатат, ошондуктан аны өз алдынча жашоого жөндөмсүз болгон башка элдерден тартып алуу керек

деп келтирет. Геополитика расизмдин, буржуазиялык улутчулдуктун жана космополитизмдин адамды жек көргүч теориясы менен тыгыз байланыштуу/.

ГЕРБ герб /1. феодалдык коомдогу уруунун, династиянын, шаардын, рыцардык ордендин, кол өнөрчүлүк цехинин, соодагерлер биримесинин ж.у.с. айырмалоочу белгиси; 2. тууларга, анча белгилерине, печаттарга, айрым официалдуу документтерге, имараттарга, ж.у.с. тартылуучу, атайын закон аркылуу бекитилген мамлекеттин официалдуу эмблемасы, айырмалоочу белгиси/.

ГЕСТАПО гестапо /гитлердик Германиядагы фашисттик мамлекеттин кашыруун полициясы, массалык террордук орган. Гестапо өлкөнүн ичиндеги хумшчулардын демократтык уюмдарын талкалап, жүз миңдеген антифашисттерди жок кылып, экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде колго түшкөн аскерлерди,басып алган өлкөлөрдүн элдерин кыргынчтык менен массалык түрдө кырган. 1946-ж. Нюрнбергдеги Эл аралык аскер трибуналынын чечими менен гестапо кылмыштуу уюм катары таанылып, закондон тышкары деп жарыяланган. Бирок гестапонун кадрларын жана методдорун батыш германиялык реваншисттер жана алардын империалисттик колдоочулары ФРГдагы прогрессивдүү күчтөргө каршы күрөштө кеңири пайдаланып жатышат/.

ГЕТТО гетто /орто кылымдык жана капиталисттик бир катар өлкөлөрдөгү калктын айрым топторун расасына, кесибине же динине карата зордуктап болуп, өзүнчө жайлаштырган шаардын бир аймагы, атайын кварталдары. Батыш Европада гетто адегенде, негизинен, еврейлер үчүн түзүлгөн. Германияда фашисттик режимдин мезгилинде гетто көптөгөн шаарларда уюшулган да, гитлерчилер аларды өлүм лагерлерине айландырышкан. Азыркы кезде дээрлик айрым капиталисттик өлкөлөрдө геттолор бар/.

ГИГАНТОМАНИЯ гигантомания /эрилдиги жок болсо да чоң масштабдуулукка обу жок кызыгуу/.

ГИЛЬДИЯ гильдия /1. орто кылымдардагы Батыш Европадагы соодагерлердин же кол өнөрчүлөрдүн өздөрүнүн таламдарын коргоо үчүн түзүлгөн союз, биримеси; 2. революцияга чейинки Россиядагы /XYШ к.-XX кылымдын башы/ капиталынын өлчөмүнө жарама I-2-жана 3-гильдия болуп бөлүнгөн соодагерлердин сословиелик уюмдары/.

ГИЛЬОТИНА гильотина /өлүм жазасына өкүм кылынгандардын башын кесүүчү, биринчи жолу XYШ кылымдын аягындагы буржуазиялык революциянын учурунда Францияда колдонулган курал/.

ГИМН гимн /Ата Мекенди, мамлекетти, кандайдыр бир тарыхый окуяларды жана алардын баатырларын даңктаган салтанаттуу ыр. Коммунисттик партиялардын гимни-"Интернационал". Ар бир өлкөнүн официалдуу түрдө белгиленген мамлекеттик гимни болот/.

ГИПЕРБОЛА гипербола /айта турган ойго өзүнчө бир таасирдүүлүк, жагымдуулук, курчтук берүү максатында көркөм адабиятта, публицистикада, сүрөт ж.б. искусстволордо колдонула турган өтө ашырып, апыртып айтуу, кезүү, тартуу ыкмасы/.

ГИПОТЕЗА гипотеза /илимий божомол; кандайдыр бир көрүнүштүн, кубулуштун себебин так далилдөөгө мүмкүн болбогон учурда ал көрүнүштүн, кубулуштун ыктымалдуу себеби жөнүндө айтылган илимий божомол; гипотезанын илимий теорияга айланышы үчүн кошумча изилдөөлөр, тажрыйба, практиканын маалыматтары талап кылынат/.

ГЛАВА ГОСУДАРСТВА мамлекеттин башчысы /мамлекеттин жогорку бийлиги берилген адам же орган. Советтер Союзунда мамлекеттин башчысынын функциясы СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан ишке ашырылат/.

ГЛАВА ПРАВИТЕЛЬСТВА өкмөттүн башчысы /мамлекеттик жогорку аткаруучу жана башкаруучу бийликтин башында турган адам. Адатта

өкмөттүн башчысы Министрлер советинин председатели же Премьер-министр деп аталат/.

"ГОЛОС АМЕРИКИ" "Америкanын үнү" /АКШнын информациялык агентствосунун /ЮСИА/ контролу астында иштеген радиостанция. "Америкanын үнү" 1942-жылдан бери көптөгөн тилдерде берүүлөрдү жүргүзүп, АКШнын реакциячыл империалисттик саясатын пропагандалап, социалисттик өлкөлөргө каршы идеологиялык диверсияларды уюштуруп келе жатат/.

ГОСУДАРСТВЕННО-МОНОПОЛИСТИЧЕСКИЙ КАПИТАЛИЗМ мамлекеттик-монополисттик капитализм /монополисттик буржуазиянын экономикалык жана саясий үстөмдүгүнүн бир формасы. Монополияларды байытуу, жумушчу кыймылын жана улуттук-боштондук күрөштү басуу, капиталисттик түзүлүштү сактоо максатында мамлекеттик-монополисттик капитализм монополиялардын күч-кубатын мамлекеттин күчү менен бириктирет. Монополиялардын колуна капиталды концентрациялоо жана борборлоштуруу, кеңеюү жана мамлекеттик монополиялардын чырмалышып бириги-ши, эң ири монополиялардын мамлекеттин аппараты менен кууруллуп кошулушу мамлекеттик-монополисттик капитализмдин өсүшүнүн экономикалык негизи болуп саналат. Мамлекеттик-монополисттик капитализмдин негизин мамлекеттик-капиталисттик менчик түзөт. Мамлекет экономиканын айрым тармактарынын, согуштук-өнөр жай, энергетика, транспорт ж.б. ишканалардын толук же жарым-картылай эсесине айланат, ошону менен катар ири өнөр жайлык жана финансылык монополисттик капиталга пайдалуу болгон бир катар ишчаралар күргүзөт; мамлекеттик-монополисттик капитализмдин жаратылышын өзгөртпөгөнү менен, эмгек менен капиталдын ортосундагы айырманы тереңдетип, капитализмдин карама-каршылыктарын дагы кебүрөөк курчутуп, анын фундаментин бошотот да, социализмге материалдык даярдын түзөт/.

ГОСУДАРСТВЕННЫЙ КАПИТАЛИЗМ мамлекеттик капитализм /1.капитализмдин тушунда-өндүрүш каражаттарына болгон мамлекеттик менчик, капиталисттин принциптеги мамлекеттик ири ишканаларды түзүү. Капиталисттик монополиялардын мамлекеттик аппарат менен жуурулуп кошулушу мамлекеттик-монополисттик капиталдын түзүлүшүнө алып келет. Колониалдык өзүүдөн кутулушкан, экономикалык жактан начар өнүгүшкөн өлкөлөрдө мамлекеттик капитализм улуттук өнөр жайдын жаралышына көмөк берет; 2. пролетариат диктатурасынын шарттарында-жумушчу табынын кызыкчылыгы үчүн кол берүүчү жана пролетардын мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу коомдук-экономикалык укладдардын бири/.

ГОСУДАРСТВЕННЫЙ СЕКРЕТАРЬ мамлекеттик секретарь /кээ бир өлкөлөрдөгү мамлекеттик кызмат: Югославияда мамлекеттик секретариаттын /министерствонун/ башчысы, Англияда-министр, Францияда-өкмөттүн мүчөсү, АКШ да-тышкы иштер министри/.

ГОСУДАРСТВО мамлекет /таптык коомдо саясий бийликтин уюму; экономикалык жагынан үстөмдүк кылуучу таптын диктатурасынын органы. Мамлекет өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин пайда болушунун, эмгектин бөлүнүшүнүн, эксплуататордук жана эксплуатациялануучу таптардын түзүлүшүнүн натыйжасында пайда болгон. Тарыхта эксплуататордук таптардын мамлекетинин үч тиби /нул өзөөчүлүк, феодалдык жана буржуазиялык/ белгилүү. Булардын башкаруу формалары ар башка болгону менен маңызы бир — эксплуататордук азчиликтин көпчүлүк эмгекчилердин үстүнөн болгон диктатурасы. Надстройканын маанилүү бир бөлүгү катарында мамлекет, жалпы эле надстройка сыяктуу, өзүн каратkан экономикалык курулушту сактап калууга жана күчөтүүгө тырышат. Социалисттик революция буржуазиялык мамлекетти талкалап, кыйратып,

социализмди куруу жана чыңдоо үчүн зарыл болгон жумушчу табынын саясий үстөмдүгүн-пролетариат диктатурасын орнотот. Анынкен социалисттик коом курулгандан кийин жана коммунизмдин куруу мезгилинде пролетариат диктатурасынын мамлекети Коммунисттик партия башында турган жумушчу табынын жетекчилик ролу менен бүткүл элдин саясий уюмуна айланат. Социалисттик демократиянын андан ары карай өнүгүү процессинде мамлекеттик бийликтин органдары бара-бара коомдук өзү башкаруунун органдарына айланат/.

"ГОСУДАРСТВО ВСЕОБЩЕГО БЛАГОДЕНСТВИЯ" "жалпы жыргалчылыктын мамлекети" /капиталисттик мамлекеттин таптык маңызын жашырган, аны коомдун бардык катмарлары жөнүндө бирдей кам көрген, бардык таптарга бирдей орган катарында көрсөтүүгө аракет кылган буржуазиялык-реформисттик концепция/.

ГОЭЛРО ГОЭЛРО /Коммунисттик партиянын жана В.И.Ленindин көрсөтүүсү боюнча 1920-ж. өлкөнү электрлештирүүнүн перспективдүү планын жана ал чарбасын өнүктүрүүнүн алгачкы планын түзгөн Россияны электрлештирүү боюнча Мамлекеттик комиссия. Бул план социализмдин материалдык-техникалык базасын -электрлештирүүнүн негизинде бүткүл эл чарбасын, анын ичинде дыйканчылыкты да кайра куруугa жөндөмдүү болгон ири машина өнөр жайын түзүүнү көздөгөн/.

ГРАЖДАНСКАЯ ВОЙНА граждандык согуш /мамлекеттин ичиндеги таптардын ортосундагы куралдуу күрөш; тап күрөшүнүн бирдей турган күрч жана жогорку формасы. Тарыхта көптеген граждандык согуштар белгилүү. Өздөрүнүн эркиндиги үчүн козголгон таптардын саясий күрөшүнүн уландысы болгон граждандык согуш адилеттүү, прогрессивдүү, революциячыл болот. Эгерде граждандык согуш реакциячыл таптын кайра бийликке келишин жана анын үстөмдүгүн чыңдоону максат кылса, анда ал адилетсиз, реакциячыл, контрреволюциячыл болот/.

ГРАЖДАНСТВО граждандык /укук жагынан кандайдыр бир мамлекетке тиешелүүлүк, ошол мамлекеттин гражданддарынын катарына катуучулук. Граждандын өзүнүн мамлекетине карата болгон саясий укуктар жана милдеттер менен байланыштуу. СССРдин гражданддарынын Советтер Союзунун Конституциясы гарантиялаган демократтык укуктары жана эркиндиктери бар, алар СССРдин Негизги Законунда көрсөтүлгөн бардык милдеттерди аткарышат. СССРдин граждандыгы жөнүндөгү закон 1938-ж. 19-августа кабыл алынган. Советтер Союзунда бир гана союздук граждандык бар-союздук республиканын ар бир граждалы СССРдин граждалы болуп эсептелет. Чет элдиктер алардын улутуна жана расасына карабастан, СССР Жогорку Советинин Президиумуна же алар жашаган союздук республиканын Жогорку Советине өздөрүнүн көрт башынын аризаданусу боюнча СССРдин граждандыгына кабыл алынышат. Монархиялык мамлекеттерде "гражданство" деген терминдин ордуна "подданство" деген термин колдонулат/.

"ГРЯЗНАЯ ВОЙНА" "басып алуучу согуш" /эркиндик жана көз карандысыздык үчүн күрөшүп жатышкан колониялык өлкөлөрдүн элдерине каршы империалисттик мамлекеттердин басып алуучулук согушу. Алгачкы жолу бул термин француз империалисттеринин Вьетнам элине каршы жүргүзгөн колониялык согушун /1946-54/ мүнөздөө үчүн колдонулган. АКШнын Вьетнам элине каршы кең жылга созулган "басып алуучу согушу" да кецилүү менен бүттү/.

ГУБЕРНАТОР губернатор /1. революцияга чейинки Россияда: дворяндардын жогорку катмарынан чыккандардан дайындалуучу губерния начальниги; 2. капиталисттик өлкөлөрдө: айрым мамлекеттердин аймактарындагы өкмөттүк жогорку чиновник; АКШнын жана бир катар латинамерикалык мамлекеттердин штаттарындагы өкмөт башчысы; кээ бир өлкөлөрдө /Белгияда, Испанияда/: провинциянын, департаментин жогорку кызматтагы адамы. Өзүнүн колуна граждандык жана аскердик бийликтерди бириктирип кармаган губернатор генерал-губернатор деп аталат/.

ГУГЕНОТЫ гугеноттор /XVI-XVII кылымдардагы Францияда протестант диндеринин бири болгон, католик чиркөөсү жана короолук бийлик тарабынан куугунтукталган кальвинизмди жактоочулар/.

ГУМАНИЗМ гуманизм /1. адамды жакшы көрүүгө, адамдык жакшы нарктуу урматтоого, адамдардын жыргалчылыгы жана аларда моралдык жогорку сапаттарды өстүрүүгө негизделген көз караштардын системасы; 2. XIV-XVI кылымдарда Батыш Европанын бир катар өлкөлөрүндө феодализмге, католицизмге каршы чыккан коомдук ой-пикирдеги, адабияттагы, искусстводогу жана илимдеги прогрессивдүү ыкмалык. Коомдук түзүлүшү өзүнүн каратылышы боюнча гумандуу болгон социалисттик өлкөлөрдө гуманизм чыңдап өнүгөт жана гүлдөйт. Социалисттик гуманизм пролетардык интернационализм, эмгекчилердин эл аралык тилектештиги, бардык элдердин достугу жана бүткүл дүйнөдө тынчтык үчүн күрөш менен ажырагыс түрдө байланыштуу/.

ГУМАНИТАРНЫЙ гуманитардык /адамдын ой-сезимине, адам коомуна, анын маданиятына тиешелүү; гуманитардык илимдер: философия, саясий экономия, история, филология ж.б./.

ГУМАННОСТЬ гумандуулук /адамкерчилик, адамды жакшы көрүүчүлүк. и. ГУМАНИЗМ/.

ГУННЫ гуннлар /1. биздин эрага чейинки III-II кылымдарда согушкан-уруу союзун, андан кийин өзүнүн мамлекетин түзгөн Борбордук Азиядагы көчмөн уруулар. Б. з. I-V кылымдарында гуннлар өздөгөндө Чыгыш, кийинчерээк Батыш Европанын көп өлкөлөрүнө талоончул жортуулдарды жасашкан. Гуннлардын жүргүзгөн жырткычтык, кыйратуучу мүнөздө болгондуктан, аларга дуушар болгон элдердин, булардын ичинде славян-

дардын да коомдук өнүгүүгө кепке чейин кайланып келген. Атилла башчылык кылган гуннадар Каталаун талаасындагы /Чыгыш Галлия/ салгылашууда жеңилгенден кийин, 453-ж. гунндардын союзу тарап бузулган; 2. өтмө мааниде: каарларды, кыштактарды, элди, маданиятты талкалап жок кылуучу жыртыч, ырайымсыз жеңип алуучулар/.

Д

ДАМОКЛОВ КЕЧ Дамокldын кылычы /I. байыркы гректердин уламышы боюнча өзүнүн абалынын бекем эместигин көрсөтмөкчү болуп, сиракуза дык залим Дионисий тойдун учурунда ага көз арткан Дамоклды өзүнүн ордуна отургузуп, анын үстүнө жилге байланган курч кылычты асып койгон; 2. өтмө мааниде: сыртынан баары жайында болуп көрүнгөнү менен, дайыма башка түшүүчү коркунуч, кубаттуу сары суусун алуу/.

ДАУНИНГ-СТРИТ Даунинг-стрит /Лондондогу тышкы иштер министерствосу менен кээ бир башка министерстволордун имараттары, министрлер кабинети чогула турган имарат жайлашкан көчө. Бул ат менен Англиянын тышкы иштер министерствосун, кээде Англиянын өкмөтүн да аташат/.

ДАШНАКИ Дашнактар /армяндардын XIX кылымдын аягында уюшулган буржуазиячыл-улутчул контрреволюциячыл партиясы. 1918-20-жылдарда дашнактар Армениядагы буржуазиялык өкмөттүн башында турушуп, 1920-ж. Совет бийлиги жеңгенден кийин өлкөдөн кубаланган/.

ДВИЖЕНИЕ ЗА КОММУНИСТИЧЕСКОЕ ОТНОШЕНИЕ К ТРУДУ Эмгекке коммунисттик мамиле кылуу кыймылы /СССРде эмгекчилердин социалисттик мелдешинин массалык формаларынын бири. Кыймыл 1958-жылы КПССтин XXI с"ездинин чакырыгына кулач кайган мелдештин жүрүшүндө пайда болгон. Анын катышуучуларынын урааны - коммунисттерче окуу, иштөө жана жашоо. Эмгекке коммунисттик мамиле кылуу үчүн мелдештин катышуучулары эмгек өндүрүмдүүлүгүн, өндүрүштүн сапатын жана

натыйжалуулугун көтөрүү менен катар кесиптик адистигин, маданий-техникалык деңгээлди жогорулатуу, коомдук- саясий ишке катышуу, коммунисттик моралдын нормаларын сактоо сыяктуу социалдык-саясий жана нравалык-психологиялык көрсөткүчтөрдү өздөрүнүн милдеттенмелеринде жана келишимдеринде чагылдырышат. Саясий жана эмгек тарбиясын айкалыштырган бул кыймыл илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин социалисттик түзүлүштүн артыкчылыгы менен бириктирүүдө маанилүү каражат болуп эсептелет/.

ДВИЖЕНИЕ НЕПРИСОЕДИНЕНИЙ Согуштун-саясий блокторго кошулбоо кыймылы /элдердин империализмге каршы күрөшүнүн бүткүл дүйнөлүк фронтунун маанилүү звеносу. 1961-жылы уюшулган бул кыймылга ар кандай саясий түзүлүштөгү дүйнөдөгү 80ден ашык мамлекет кирет. Алардын тышка саясаттагы негизги багыты мамлекеттердин согуштун - саясий блокторуна катышпоо, Эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн империализмге, колониализмге жана неоколониализмге каршы активдүү күрөшүү болуп эсептелет. Советтер Союзу ж.б. социалисттик өлкөлөр бул кыймылга катышкан мамлекеттердин тынчтыкты коргоо үчүн күрөшүн колдошот/.

ДВИЖЕНИЕ СОПРОТИВЛЕНИЯ Каршылык көрсөтүү кыймылы /экинчи дүйнөлүк согуштун жылдарында германдын, италиялык, япондук ж.б. басып алуучуларга каршы алар оккупациялап алган өлкөлөрдөгү эл массаларынын эркиндик, антифашисттик, патриоттук кыймылы. Бул кыймылдын негизги күчү Коммунисттик партиялар башында турган жумушчу табы болгон. Анын тегерегине дыйкан, майда жана орто буржуазия, интеллигенция ж.б. топтолгон. Кыймылдын негизги формалары антифашисттик пропаганда, ич ташты, оккупанттарга ишенгенин ишке саботаж кылуу, партизандык согуш, көтөрүлүш болгон. Ата Мекендин согуштун жылдарында СССРде партизандык кыймыл кеңири кулач жайган. Каршылык көрсөтүү

кыймыла Польшада, Югославияда, Францияда, Италияда ж.б. өлкөлөрдө кеңири тараган/.

ДВИЖЕНИЕ СТОРОННИКОВ МИРА тынчтыкты жактоочулардын кыймыла /дүйнөлүк жаңы согушту болтурбай коюу максатында пайда болуп, социалдык, саясий жана диндик көз караштарына карабастан, бардык өлкөлөрдөгү тынчтык үчүн күрөшкөндөрдү биriктирген азыркы кездеги эбегейсиз зор элдик демократтык кыймыл . Анын жогорку жетекчилик кылуучу органы-Тынчтыктын Бүткүл дүйнөлүк совети/.

ДВОРЯНСТВО дворяндар /феодалдык коомдо-үстөмдүк кылган жер ээлеринин привилегиялуу катмары, дыйкандарды эзген помещик-крепостниктер; революцияга чейинки Россияда дворяндар падышачылыктын негизги тиреги болгон. Улуу Октябрь революциясы дворяндардын социалдык базасын-помещиктик жер ээлөөнү жок кылып, дворяндардын катмарын жойгон/.

ДВУЛИКИЙ ЯНУС эки жүздүү Янус /I. римдик мифология боюнча Янус карама-каршы жакты караган эки жүзү болгон,бири алдыга, келечекке жана экинчиси артка, өткөнгө карап турган эшиктин кудайы . 2.өтмө маанисинде: куйту, эки жүздүү, карама-каршы көз караштагы адам/.

ДВУХПАРТИЙНАЯ СИСТЕМА эки партиялуу система /көз бир капиталисттик өлкөлөрдөгү буржуазиялык эки партия: АКШ да - республикалык жана демократтык, Англияда - консерваттыдык жана лейбористтик ж.б. партиялар; мезгил-мезгили менен бийликте бирин бири алмаштырып туруучу система. Бул эки партиянын ортосундагы саясий "күрөшкө" карабастан, эки партиялуу система көпчүлүк учурда, бийликтин монополисттик буржуазиянын колунда сакталып калышын гарантиялайт/.

ДЕБАТЫ дебаттар /кандайдыр бир жыйналышта, заседаниеде карыш сөзгө чыгып сүйлөө, маселени талкылоо; пикир алышуу; талашуу-тартышуу/.

ДЕБЛОКИРОВАНИЕ блокададан бошотуу /блокада кылууну токтотуу, блокаданы коюу; блокадада калган чепти, шаарды, территорияны, мамлекетти бошотуу/.

ДЕВАЛЬВАЦИЯ девальвация /акчанын официалдуу курсунун, базасынын төмөн түшүшү; валютаны туруктуу кылуу максатында анын алтынга, күмүшкө, же башка бир өлкөнүн валютасына болгон курсун азайтуу же төмөндөтүү үчүн жүргүзгөн акча реформасы. Девальвация капиталисттик өлкөлөрдө экономикалык абалдын начарлагандыгынын натыйжасында келип чыгат да, керектелүүчү товарлардын базасынын жогорулашына, эмгекчилердин турмуш деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет/.

ДЕВИЗ девиз /I. негизги ойду, идеяны, максатты, милдетти билдирүүчү кыскача сүйлөм; 2. кабык конкурска материал бергенде шарттуу белги катарында колдонулуучу сөз же сөзүм сөз; 3. чет өлкөлүк валюталар менен белгиленүүчү жана эл аралык эсептешүүлөрдө колдонулуучу кредит жана төлөө документтери; буга чет өлкөнүн валюта боюнча өлчөнүп, чет өлкөдө колдонулуучу банктык чектер, векселдер, аккредитивдер, төлөнүүгө фиксттүү болгон чет өлкөлүк облигациялар ж.б. кирет/.

ДЕГРАДАЦИЯ деградация /деградация болуу, төмөндөө, начарлай баштоо, мурдагы жакшы сапаттарын жана касиеттерин жоготуу, кеэри кетүү/.

ДЕЗАВУИРОВАНИЕ дезавуирование /келишпөөчүлүктү билдирүү, өзүнүн официалдуу өкүлүнүн айтканын же кылган ишин жокко чыгаруу, же аларды колдоодон баш тартуу: кандайдыр бир мамлекеттин элчисинин айтканын ошол мамлекеттин өкмөтүнүн дезавуирование кылуусу/.

ДЕЗИНФОРМАЦИЯ дезинформация, жалган информация /натуура, атайын эле жалган кабар таратып, иштн чаташтыруу, туура жолдон чыгаруу.

Капиталисттик басма сөз, радио, теле көрсөтүү жана пропаганданын башка каражаттары аркылуу коомдун ой-пикирди чагылдыруу максатында дезинформация кеңири колдонулат; анти-коммунисттик компаниянын, социалисттин өлкөлөрдү ушактоонун мыкты каражаттарынын бири/.

ДЕЗОРГАНИЗАЦИЯ дезорганизация /иште бузуктуруу, бүлдүрүү; тийиштүү тартиптин, ыраакандыктын жоктугу/.

ДЕЗОРИЕНТАЦИЯ дезориентация/I. ориентациясын жоготуу; каңылыштыкка, кездеген багытын жоготууга алып баруучу белгилүү бир нерсе, окуя жөнүндө туура эмес кабарлар болуу; 2. кандайдыр бир нерсени аңдоо, кайсы бир ситуацияны, шартты түшүнө билүү көндөмдүүлүгүн жоготуу/.

"ДЕИДЕОЛОГИЗАЦИЯ" "деидеологизация" /азыркы дүйнөдө социалдык антогонизмдерди жоюунун натыйжасында идеологиянын күнү бүтөт иши деген илимге жат буржуазиялык концепция/.

ДЕИЗМ деизм /дүйнөнү кудай жараткан, бирок эл табигаттын жана коомдун тиричилигине кийлигишпейт деген XVП-XVШ кылымдардагы диний-философиялык окуу/.

ДЕКАБРИСТЫ декабристтер /дворяндык революционерлер; кашируун коомдордун мүчөлөрү жана падышалык жеке бийликке, крепосттук эзүүгө карши 1825-ж. I4/26/-декабрдеги Петербургдагы куралдуу көтөрүлүштүн катышуучулары. Булар өздүк кызыкчылыгы үчүн, бирок эл массаларын катыштырбай эле аскер төңкөрүшү аркылуу революция жасамакчы болушкандыктан көтөрүлүш жеңилип калган да, декабристтер падышалык бийлик тарабынан ыраймсыздык менен жазаланышкан/.

ДЕКАДЕНСТВО декаденттик/XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы ыдыраң өчүү, чөгүү, үмүттү үзүү мүнөздүү болгон буржуазиялык маданияттын кризистик көрүнүштөрүнүн жалпы аты. Декабристтер искусстводо салсий жана граждандык темалардан, тап күрөшүнүн бардык формасына катышуудан баш тартышкан/.

ДЕКЛАРАЦИЯ декларация /I. кандайдыр бир маселеге арнаткан официалдуу билдирүү; өкмөттүн же партиянын атынан закондуу чараларды салтанаттуу түрдө жарыялоо жана ошол чаралар жазылган документ; 2. ар кандай керектүү маалыматтар жазылган, жарыяланган официалдык документтердин аталышы: Россия элдеринин укуктарынын декларациясы ж.б./.

ДЕКЛАССИРОВАННЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ таптык мүнөзүн жоготкон элементтер /табынан ажыраган элементтер; эч табы менен байланышын үзгөн жана башка эч бир топко кошулбаган, коомдук өндүрүшкө катышпаган, моралдык жагынан төмөн түшкөн, бузулган адамдар/.

ДЕКРЕТ декрет /мамлекеттик бийликтин жогорку органы чыгарган закондордун, чечимдердин аталышы. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында мамлекеттик турмуштун маанилүү маселелери боюнча өкмөттүн закондору, токтомдору декрет деп аталган: жер жөнүндө декрет, тынчтык жөнүндө декрет ж.б./.

ДЕЛЕГАТ делегат /мамлекеттин же кандайдыр бир уюмдун шайлаган же дайындаган өкүлү: с"ездин делегаты/.

ДЕМАГОГ демагог /өзүнүн ишинде принципсиз, демагогиялык ыкмаларды колдонуучу адам/.

ДЕМАГОГИЯ демагогия /өзүнүн эрам ойлуу максатына жетүү үчүн жалган убадалар менен лозунгдар аркылуу эңгенчилерди алдоо; алдын артта калган билгүнүн эң-сезимине апыртмалуу сөздөр менен таасир кылып, алардын көңүлүн өзүнө тартууга жасаган аракет. Демагогия - буржуазиялык партиялардын саясатында колдонулуучу негизги ыкмалардын бири/.

ДЕМАРКАЦИЯ демаркация /чектөө, жанаттан жайлашкан мамлекеттердин ортосундагы тийиштүү шарттын, келишимдин негизинде мамлекеттин

чек араны белгилее, аныктоо. Демаркациялык линия-карашу; мезгилинде кооланышкан тараптардын аскерлерин бөлүп турган тилке же оккупацияланган зона/.

ДЕМАРШ демарш /бир мамлекеттин же анын органдарынын экинчи бир мамлекетке отунуч, нааразылык билдирүү, эскертүү к.б. менен дипломаттык кайрылуусу/.

ДЕМАСКИРОВКА демаскировка /1. маскировканын бузулушу, ачылышы, алынып салынышы; 2. отме мааниде: бетин ачуу, аныкталее/.

ДЕМИЛИТАРИЗАЦИЯ демилитаризация, куралсыздандыруу /кандайдыр бир мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн, согуш өнөр жайынын, согуштук чептеринин жана базаларынын к.б. болушуна эл аралык келишим боюнча толук же кары-картылай тыюу салуу/.

ДЕМИЛИТАРИЗОВАННАЯ ЗОНА демилитаризацияланган зона /эл аралык келишим менен аски чептерди сактоого, кошуун куруугa, аскер кармоого, согуштук-өнөр жай об"ектилерин куруугa тыюу салынган территориянын тилкеси/.

ДЕМОБИЛИЗАЦИЯ демобилизация /1. армиянын өздүк составын кыскартуу же аскер кызматынын мөөнөтүн өтөгөн аскер кызматчыларын бошотуу; 2. куралдуу күчтөрдү жана эл чарбасынын белгилүү тармактарын согуш абалынан тынчтык абалга өткөрүү;

ДЕМОГРАФИЯ демография /калктын составын, санын, өсүшүн изилдей турган коомдук илим. Демографиялык статистика жана демографиялык изилдөө эл чарбасын пландаштыруу, социология, география к.б. экономикалык жана социалдык илимдер үчүн баалуу маалыматтарды берет/.

ДЕМОКРАТИЗАЦИЯ демократизация,демократиялаштыруу /кандайдыр бир мамлекеттин, коомдун, союздардын, уюмдардын турмушуна демократиялык принциптерин киргизүү же аларды демократиянын негизинде кайра куруу, демократтык ык-жараларды күчтөө/.

"ДЕМОКРАТИЧЕСКИЙ СОЦИАЛИЗМ" "демократиялык социализм" /демократтык реформалар аркылуу капитализмди социализмге кайра куруугa болот деген реформисттик теория жана саясий концепция. Марксизм-ленинизмге жат"демократтык социализмдин" идеологиясы коммунисттик жана жумушчу партиялардын практикалык ишине карши багытталып, аны жактоочулар "элдик" капитализмдин, буржуазиялык коомду "кызыл кыргалчылыктын мамлекетине" айландируу идеяларын үгүттөйт/.

ДЕМОКРАТИЧЕСКИЙ ЦЕНТРАЛИЗМ демократиялык централизм /Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын, чет өлкөлөрдөгү Коммунисттик жана жумушчу партиялардын уюштуруу жагынан түзүлүшүнүн башкы принциби; партиянын бардык жогорку органдарынын төмөндөн жогору карай шайланышы; партиялык органдардын өздөрүнүн партиялык уюмдарынын алдында мезгили менен отчет берип туруусу; коммунисттердин чыгармачылык активдүүлүгү; партиялык бекем тартип жана аскачылыктын кемчүлүккө баш ийиши; жогорку органдардын чечимдеринин төмөнкүлөр үчүн сөзсүз милдеттүүлүгү. Демократиялык централизм СССРдеги, башка социалисттик өлкөлөрдөгү мамлекеттик аппаратты, чарбалык органдарды, комсомолдун, профсоюздун к.б. коомдук уюмдарды уюштуруунун да негизин түзөт/.

ДЕМОКРАТИЯ демократия /элдин бийлик; бийлик элге таандык болгон саясий түзүлүш; дайыма таптык мүнөздө болгон үстөмдүк кылуучу таптын диктатурасынын саясий формасы; ар кандай тарыхый доордо демократия деген түшүнүктүн мазмуну ошондогу социалдык-экономикалык түзүлүшкө карата өзгөрүп отурат. Толугу менен элдин бийликке негизделген социалисттик демократия - демократиянын принципиалдуу жаңы, жогорку тиби; эксплуататордук таптарды, адамды адам эксплуатациялоону жоюу жана социализмдин жеңиши ме'н

негизи болуп эсептелет. Биринчи жолу демократиянын социалисттик түрү Совет өлкөсүндө түзүлгөн, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бир катар өлкөлөрдө пролетариат диктатурасынын бир формасы болгон элдик демократиянын түзүлүшү орноду да, элдик-демократиялык мамлекеттер социализмди куруу жолуна түшүштү. Коммунисттик коомду курууну жүрүшүндө социалисттик демократия андан ары карай өнүгүп жана өркүндөтүлет да, коомдук өз башкаруу органдары барган сайын көбүрөөк роль ойной баштайт/.

ДЕМОНСТРАЦИЯ демонстрация /I. бир нерсени көпчүлүккө көрсөтүү: кинофильмди, искусство чыгармаларын, физика, химия ж.б. сабактарда тажрыйбаларды демонстрациялоо, көрсөтүү; 2. коомдук ой-пикирлерди, талаптарды, наразылыктарды ж.б. билдирүү үчүн массалык жүрүш: өнөрчүлөрдүн майрамдык демонстрациясы; колдоону, тилектештикти, наразылыкты билдирген демонстрация; 3. көңүл бурдуруу, кимдир бирөөгө кыр көрсөтүп, таасир этүү максатында жасаган аракеттер: өзүнүн күчүн көрсөтүү жана кысым кылуу үчүн империалисттик мамлекеттердин башка мамлекеттин жээктерине согуштук кемелерин жиберүү/.

ДЕМОРАЛИЗАЦИЯ деморализация /I. жүрүм-турумдун, жүрүм-турумдун бузулушу; 2. ишенимсиздик, активдүүлүктүн, тартиптин, жөндөмдүүлүктүн төмөн түшүшү/.

ДЕМПИНГ демпинг /капиталисттик мамлекеттердин конкуренттешкен өлкөлөрдүн өнөр жайынын өнүгүшүнө жолтоо кылуу максатында өздөрүнүн ички рынокторунун жана дүйнөлүк рынктун бааларынан бир катар төмөндөтүлгөн баалар боюнча чет өлкөлөргө товарларды эрзан баада сооданоо. Бул эл массаларынын абалынын начарлашына алып келет/.

ДЕНАТУРАЛИЗАЦИЯ денатурализация /айрым адамдын өз жашаган мамлекеттин граждандыгынан чыгып кетиши же аны граждандыктан чыгарып жиберүү/.

ДЕНАЦИОНАЛИЗАЦИЯ денационализация /I. мамлекеттештирилген ишканаларды жана мүлктөрдү мурдагы ээлерине кайтарып берүү; 2. улуттун өзгөчөлүктөрүн, маданиятын, тилин ж.б. жоготуу/.

ДЕНАЦИФИКАЦИЯ денацификация /нацизмдин - фашизмдин кылмыштуу үстөмдүгүнүн калдыктарынан жана кесепеттеринен Германиянын коомдук, саясий жана экономикалык турмушун тазалоо процесси. Германия Демократиялык Республикасында денацификация толугу менен жүргүзүлүп, Батыш Германияда аны жүргүзүүнү америкалык, англиялык жана французиялык империалисттер жагылтууга учуратышты/.

ДЕНОМИНАЦИЯ деноминация /акчалардын курсу төмөн түшүп кеткендиктен, акча реформасын жүргүзүп, нагаз акчалардын атын жана алардын номиналын-наркын өзгөртүү/.

ДЕНОНСАЦИЯ денонсация /бир мамлекеттин экинчи мамлекетке экөөнүн ортосунда түзүлгөн келишимди бузуу же аны аракеттерин токтотуу жөнүндө билдириши/.

ДЕПАРТАМЕНТ департамент /I. революцияга чейинки Россияда жана кээ бир башка өлкөлөрдө министерствонун, сенаттын ж.б. жогорку өкметтүк мекемелердин бөлүмү; 2. Францияда-административдик область; 3. АКШда жана Швейцарияда - министерство/.

ДЕПОЗИТАРИЙ депозитарий /көп жактуу келишимди түзүүгө катышкан жана ал келишимдин шарттары боюнча аны текстин, аны ратификациялагандыгы жөнүндөгү документтерди ж.б. сактоого милдеттенген мамлекет/.

ДЕПОНИРОВАНИЕ депонирование /I. мамлекеттик мекемеге /мисалы, банкка же конторага/ сактап коюу үчүн баалуу кагаздарды, акчаларды ж.б. берүү; 2.ратификациялаган грамотаны белгилүү бир мамлекетке, эгерде бир нече мамлекет кол койгон келишим болсо - эл аралык органга сактоого берүү/.

ДЕПОРТАЦИЯ депортация /империалисттик мамлекеттерде үстөмдүк кылган түзүлүш үчүн коркунучтуу деп табылган граждандарды сот же административдик жол менен зордоп башка жерге көчүрүү, жубалап жиберүү. Буга кабыл прогрессивдүү жана революциячыл иштерлер дуушар болушат/.

ДЕПРЕССИЯ депрессия /1. капиталисттик өлкөлөрдө чарбанын, коомдун турмуштун төмөндөшү, кээри кетиши; экономикалык кризистен кийин өндүрүштүн өнүппөй туруп калышы, товарларга болгон керектөөнүн начарлашы менен мүнөздөлгөн өнөр жай циклинин фазасы/.

ДЕПУТАТ депутат /борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарына эл тарабынан шайланган өкүл. Бизде өлкөчүлөр депутаттарды СССР Жогорку Советине, союздук жана автономиялык республикалардын Жогорку Советтерине жана жергиликтүү Советтерге: крайлык, шаардык, райондук, округдук, поселоктук, селолук, айылдык советтерге шайлашат/.

ДЕПУТАЦИЯ депутация /кандайдыр бир уюм, мекеме, чогулуш тарабынан бир иште, тапшырманы орундоо үчүн атайын шайлынган адамдар/.

ДЕСПОТИЗМ деспотизм /1. зулумдук; монархтын - жеке бийлөөчүлүн эч кандай закон менен чектелбеген бийлигине негизделген мамлекеттик түзүлүш жана башкаруунун системасы; 2. өткө мааниде: жеке бийлөөчүлүк, өзү баштык, закондордун негизинде эмес, зордук-зомбулук менен оюна келгендей бийлөөчүлүк, ыраймансыздык, зулумдук/.

ДЕСПОТИЯ деспотия /1. эч кандай закондор менен чектелбеген жеке бийликтин формасы; 2. законсуздукка, зордук-зомбулукка жана күч кыймоого негизделген монархия/.

ДЕТЕКТИВ детектив /1. капиталисттик өлкөлөрдөгү кашыруун же уголовный полициянын тыңчысы, агенти; 2. кылмышкерлердин коруктарын жана алар менен күрөштү, жасалган кылмыштардын "сырларын" ачканды сүрөттөп көрсөткөн укмуштуу окуялуу адабий чыгарма же кинофильм/.

ДЕ-ФАКТО де-факто /ак жүзүндө, чындыгында бар, бирок юридикалык жактан оформить өтүлбөгөн ит. Де-факто деп таануу эки мамлекеттин ортосунда дипломаттык мамилелер түзүлө элек болсо да, соода мамилелерин түзүү дегендик менен бирдей/.

ДЕФЕКТ дефект /кемчилик, жетишпегендик, майыптык ж.б./.

ДЕФИНИЦИЯ дефиниция /илимий эмгектерде, сөздүктөрдө ж.б. кандайдыр бир түшүнүктүн негизги мазмунун кыскача аныктоо/.

ДЕФИЦИТ дефицит /1. зыян, киреше дөн чыгашанын ашып кетиши; 2. кандайдыр бир материалдык байлыктардын, товарлардын жетишсиздиги/.

ДЕФЛЯЦИЯ дефляция /капиталисттик өлкөлөрдө инфляция убагында кагаз акчанын баркын арттыруу үчүн анын санын кыскартуу. Бул эмгекчилерге кошумча салык салуу, социалдык - маданий максаттарга каралган акча каражаттарын азайтуу ж.б. сыяктуу эмгекчи элдин абалын начарлатуучу чараларды күргүзүү жолу менен ишке ашырылат/.

ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ децентрализация /1. децентрализация кылуу борбордук бийликтин кээ бир функцияларын башкаруу органдарына берүү, муну менен бул мекемелердин укуктарын кеңейтүү; 2. кәлпы мааниде: борборлоштурууну начарлатуу же жоюу/.

ДЕШИФРИРОВАНИЕ дешифровкалоо /мурда эч ким ачып окуй албаган, белгисиз алфавит /шифр/ менен жазылган текстин мазмунун ачып окуу/.

ДЖИМКРОУИЗМ джимкроуизм /АКШдагы негрлердин келечелеген жалпы аты, андагы негр калкынын саясий ж.б. укуктарын, билим алуу, саламаттыкты сактоо, турак-жай жагынан чектөөгө багытталган, АКШнын башкаруучу чөйрөлөрү тарабынан XIX кылымдын аягында-XX кылымдын башында пайда болгон расисттик ит-чаралардын жана традициялардын системасы/.

ДИАЛЕКТИКА диалектика /каратылыштын, коомдун жана ойлоонун өнүгүшүнүн жалпы закондору жөнүндөгү илим/.

ДИАЛЕКТИЧЕСКИЙ МАТЕРИАЛИЗМ диалектикалык материализм /К. Маркс жана Ф. Энгельс тарабынан негизделип, В.И.Ленин тарабынан улантылган, өнүктүрүлгөн Коммунисттик партиянын программасынын стратегиясынын жана тактикасынын философиялык негизи; каратылыштын, коомдун жана адамдын таанып-билүүсүнүн өзгөрүшүнүн жана өнүгүшүнүн жалпы об"ективдүү закондорун изилдөөчү, аларды материалисттик позицияда кароочу илим; марксисттик диалектикалык метод менен марксисттик философиялык материализмдин биримдиги/.

ДИАПАЗОН диапазон /өтмө мааниде: бир нерсенин аралыгы, көлөмү, өлчөмү, чеги. Мисалы: билимдердин кеңири диапазону/.

ДИВЕРСИЯ диверсия /I. каршылаш тараптын экономикасын жана согуштук күч-кубатын начарлатууга, үзгүлтүккө учуратууга багытталган аракет. Идеологиялык диверсия социалисттик жана өсүп келе жаткан өлкөлөрдүн элдери үчүн радио, теле көрсөтүү аркылуу провокациялык пропаганда жүргүзүү, контрреволюциячыл адабиятты жашыруун таратуу, жалган жалаа, ушактарды жайуу ж.б. 2. башкы сокку уруучу жерден душманды алагды кылуу максатында жүргүзүлгөн согуштук операция/.

ДИВИДЕНД дивиденд /алынган пайданын акционердик коом тарабынан акциялардын ээлерине - пайщиктерге таратып берилүүчү бөлүгү/.

ДИКСИКРАТЫ диксикраттар /АКШдагы демократтык партиянын өтө реакциячыл иштерлеринин расисттик теорияны, расалык дискриминациянын өтө одоно формаларын жактоочу барып турган оңчул тобу/.

ДИКТАТ диктат /саясий жана экономикалык кысым көрсөтүү, согуштук күч менен коркутуу аркылуу аргасыз кылуу; күч-кубаттуу империалисттик мамлекеттин начар өлкөгө анын эркине каршы тең укуктуу эмес келишимдерди таңуулоо саясаты: АКШнын Латын Америкасынын бир катар өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн диктат саясаты/.

ДИКТАТОР диктатор /чектелбеген бийликке ээ болгон жана жеке өзү башкаруучу адам/.

ДИКТАТУРА диктатура /I. диктатордун бийлиги, эч бир чектелбеген, эч кандай закон менен кысылбаган, күчкө таянган бийлик; 2. кандайдыр бир топтун саясий үстөмдүгү/.

ДИКТАТУРА ПРОЛЕТАРИАТА пролетариат диктатурасы /кумушчу табынын эмгекчи дыйкандар жана эмгекчилердин башка катмарлары менен бекем союзу аркылуу буржуазиянын диктатурасын жоюткан социалисттик революция жолу менен орнотчу саясий бийлиги. Эгер империалисттик буржуазия каршылык көрсөтсө, пролетариат диктатурасы куралдуу күчтөрүлүштүн натыйжасында орнотулат; кээде аны тынчтык жол менен да орнотуу мүмкүн. Коомду капитализмден социализмге революциялык жол менен өткөрүү мезгилинде пролетариат диктатурасы зарыл. Тигил же бул өлкөнүн спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша пролетариат диктатурасы ар түрдүү жол менен ишке ашырылышы мүмкүн. СССРде пролетариат диктатурасы кумушчу, дыйкан жана солдат депутаттарынын Советтеринин бийлиги түрүндө орноду. Марксисттик-лениндик партия жетекчи жана багыттоочу күчү болгон пролетариат диктатурасынын башкы милдети адамды адам эксплуатациялоону, социалдык жана улуттук езүүнү жок кылуу; социалисттик революциянын жеңип алгандарын ички жана тышкы душмандардан коргоо; жаңы социалисттик коомду куруунун уюштуруу, эмгекчилерди социализмдин жана коммунизмдин принциптеринин духунда тарбиялоо болуп саналат. Пролетариат диктатурасы өзүнүн тарыхый миссиясын аткарып, өлкөдө социализм толук жана биротоло жеңгенден кийин кумушчу табынын жетекчилик ролу менен бүткүл элдин саясий уюмуна айланат/.

ДИЛЕММА дилемма /I. бири бирине карама-каршы келген, бирин бири жокко чыгарган абал, коротунду, тыйнак, ой-пикир; 2. өтмө

маниде: эки нийин абалдын, чечимдин бирин эркисиден тандоодогу мажбурлук/.

ДИНАСТИЯ династия /этие маниде: неп убактан бери кандайдыр бир тармакта иштешип белгилуу болушкан, бир уй-буледен чыккан муундун екулдеру/.

ДИПЛОМАТ дипломат /I. чет мамлекеттердин екулдеру менен байланышуу же сүйлешүүлер жүргүзүү үчүн өкмөт тарабынан жиберилген тышкы иштер ведомствосунун кызматчысы; 2. этие маниде: башкалар менен мамиле кылууда эптүү, айлакер, чебер киши/.

ДИПЛОМАТИЧЕСКИЙ ИММУНИТЕТ дипломаттын иммунитет /чет элдик дипломаттын екулдердун: элчинин, посланниктин, енулдуктун секретарларынын,атташенин ж.б. бетен мамлекеттин территориясындагы укуктарынын жана артыкчылыктарынын жыйындысы, б.а.: I/ дипломаттын жеке нерт башына жана ал эзлеген уй-жайга эч кимдин тие албастыгы; 2/ дипломаттын жергиликтүү сот тарабынан соттолбой тургандыгы; 3/ ев элкесү менен эркин түрде кат алышууга жана дипломаттык кур"ердн пайдаланууга укуктуулугу ж.б./.

ДИПЛОМАТИЧЕСКИЙ КОРПУС дипломаттык корпус /I. бул же тигил елкеде аккредитивделген бардык чет элдик дипломаттык екулдүнтердун башчыларынын жыйындысы; 2. кенири маниде: бул же тигил өкмөттүн алдындагы дипломаттык иммунитет укугунан пайдаланган чет элдик екулдүктердун бүткүл персоналы/.

ДИПЛОМАТИЧЕСКИЙ КУР"ЕР дипломаттык кур"ер /тышкы иштер ведомствосунун дипломаттык почтону ташыган кызматчысы. Дипломаттык кур"ерге тийүүгө эч кимдин акысы жок, ага кол салуу эл аралык кылмыш катарында каралып, кимдин территориясында кол салынса, ошол мамлекет коон берет. Дипломаттык кур"ер кайсы елкеде болсо,ага ошол елкенун бийликтери жардам берүүгө, коргоого милдеттүү/.

ДИПЛОМАТИЯ дипломатия /I. өкмөттүк органдардын тышкы саясат жагынан жүргүзгөн бардык иши; чет мамлекеттер менен байланышууда жана сүйлешүүлөр жүргүзүүдө колдонула турган методдор менен ыктардын жыйындысы; 2. этие маниде: амалдуулук, айлакерлик, эптүүлүк/.

"ДИПЛОМАТИЯ ДОЛЛАРА "доллардын дипломатиясы" /башка елкелерду эзүүгө багытталган АКШнын экспансионисттик саясаты. Америкалык империалисттер "доллардын дипломатиясын" начар өнүккен елкелерге сансыз чоң капитал, алардын ички иштерине куралдуу күч менен кийлигишүү, оор шарттагы карыздар берүү, финансылык жана экономикалык "жардамдарды" таңуулоо методдору менен жүргүзөт. "Доллардын дипломатиясы" улуттук-боштондук кыймыл менен күрөшүү үчүн, чиригэн реакциячыл режимдерди колдоо үчүн пайдаланылат. Дүйнөнүн прогрессивдүү күчтөрүнүн "доллардын дипломатиясына" каршылык көрсөтүүсү кылдат жылга өсүп жатат/.

"ДИПЛОМАТИЯ КАНОНЕРОК" "Канонерканалардын дипломатиясы" /коз каранды кылуу максатында начар өнүккен елкелердун ички иштерине одоно түрде кийлигишүү үчүн куралдуу күчтөрдү, асыресе аскер-деңиз флотун пайдалануучу империалисттик мамлекеттердин агрессивдүү саясатынын кенири тараган аты. Мындай саясатты АКШ кеп колдонот. "Канонеркалардын дипломатиясы" деген термин капиталисттик елкелер Марокконо устемдук орнотуу үчүн күрөшкөн мезгилде пайда болгон: 1911-ж. Германия Марокконо канонердик /кичине/ "Пантера" деген согуш кемесин жиберип, ал эл аралык мамилелерди өтө татаалдантып жиберген/.

ДИСКРЕДИТАЦИЯ дискредитация /беделин түшүрүү, кадыр-баркын кетирүү, жаман көрсөтүү/.

ДИСКРИМИНАЦИЯ дискриминация /дискриминация кылуу; адамдын, улуттун, мамлекеттин укугун атайын басуу, чектөө, немесептүү, жөнү. Капиталисттик өлкөлөрдө дискриминация расалык, улуттук белгилерине, кайсы мамлекеттин экендигине, мүлк абалына, саясий жана диний көз караштарына ж.б. жарата жүргүзүлөт. Саясий дискриминациянын кеңири тараган түрү - майлоо укугунан айыратуу. Расалык дискриминация-элементардык граждандык укуктарды чектөө жана расасына карап адамдарды кыргындуктоо; расизм/.

ДИСКУССИЯ дискуссия /кандайдыр бир талаш маселени жыйналышта, басма сөз жүзүндө ж.б. жерлерде талкуулоо/.

ДИСПРОПОРЦИЯ диспропорция /пропорциясыздык, эп келишпегендик, туура келбестик; коомдоштук; капиталисттик экономиканын өнүгүшүнүн өзгөчө бир белгиси; капиталисттик чарбачылыктын тармактары менен өндүрүш элементтеринин ортосундагы катнаш бирдей болбой, дайыма бузулуп турушу/.

ДИСЦИПЛИНА тартип, сабак/I. илимдин бир тармагы, окуу предмети; 2. тартип; белгилүү тартипке коллективдин бардык мүчөлөрүнүн милдеттүү түрдө моюн сунушу: мамлекеттик, партиялык, эмгектик, финансылык, аскердик ж.б. тартиптер/.

ДИФФАМАЦИЯ диффамация /кандайдыр бир адамдын, мекеменин кадыр-баркына, беделине шек келтире турган чын же жалган маалыматтарды басма сөз, радио ж.б. аркылуу жалпыга маалым кылып жарыялоо. К. ДИСКРЕДИТАЦИЯ/.

"ДОБРОГО СОСЕДА ПОЛИТИКА""жакшы коңшуна саясаты"/АКШнын Латын Америкадагы өлкөлөрдү империалисттик экспансиялоонун маскировкаланган формасы; бул узак убакыт бою Латын Америкасында жүргүзүлгөн "Чоң чокмор" саясатынан кийин келип чыккан. Түштүк америкалык мамлекеттердин ички иштерине АКШ күралдуу күч менен кийлигишүүдөн убактылуу баш тартууга аргасыз болгону менен, "жакшы коңшуна" саясаты бул өлкөлөргө Түндүк америкалык монополисттик капиталдын "тынчтык" жол менен кириишине шарт түзүп, алардын АКШ га болгон саясий жана экономикалык көз карандылыгын күчөттү/.

ДОБРЫЕ УСЛУГИ жакшы иш кылуу, ишке көмөк /чатакташкан же согушкан тараптарды жараштыруунун эл аралык укуктагы бир каражаты. Конфликтке катышпаган ар бир мамлекет өзүнүн демилгеси же коолашкан эки тараптын биринин өтүнүчү боюнча сүйлөшүү жолу менен чатакты басуу үчүн өзүнүн кызматын сунуш кыла алат, бирок коолашкандардын сүйлөшүүлөрүнө өзү катышпайт: 1965-жылкы Индия-Пакистан конфликтисин жөнгө салуудагы СССРдин ишке жарашы буга мисал боло алат/.

ДОГМА догма /текшербеде текшерип, сын көз менен карабастан, конкреттүү тарыхый шарттарды эсепке албай жөн эле сонур ишеним менен алынган далилсиз көбө; бардык мезгил жана шарттар үчүн өзгөрбөй бирдей деп жаңылыш эсептелинген талаптоо чындык. К. ДОГМАТИЗМ/.

ДОГМАТ догмат /I. кандайдыр бир диний окуунун негизги жобосу; догма/.

ДОГМАТИЗМ догматизм /өзгөрбөй бир калыпта катып калган көбөлөргө жана формулаларга сын көз менен карабастан ой жүгүртүү, сонур ишеним; 2. өзгөрүп турууну конкреттик-тарыхый шарттарды эсепке албай, догмаларга гана негизделген көз караштардын системасы. Диалектикалык материализмдин методологиясына жана илимий коммунизмдин принциптерине негизделген марксизм-ленинизмдин окуусу буга түп тамырынан бери карама-каршы/.

ДОГМАТИК догматик /догматизмге ишенүүчү адам, белгилүү бир догмага ишенген адам/.

ДОКТРИНА доктрина /илим, илимий же философиялык теория, кез караштардын системасы, саясий жетекчи программа/.

ДОКТРИНА ТРУМЭНА Трумэндин доктринасы /1947-ж. 12-марттa өзүнүн америкалык конгресске кибэрген посланиесинде жарыялаган АКШнын президенти Трумэндин өкметүнүн тышкы саясатынын программасы; Трумэндин доктринасынын негизги максаты начар өнүккөн өлкөлөрго акчалай жана техникалык "жардам" көрсөтүү деген шылтоо менен буржуазиялык өлкөлөрдөгү капиталисттик түзүлүштү чыңдоо, реакциячыл күчтөрдү колдоо, капитализм жеңилген өлкөлөрдө аны кайра калыбына келтирүү, америкалык империализмдин экспансиясын кеңейтүүгө шарттарды камсыз кылуу ж.б. болгон. Ушул кезге чейин америкалык империалисттер өздөрүнүн тышкы саясаттында Трумэндин доктринасын кеңири колдонуп жатышат/.

ДОКТРИНЁР доктринёр /эски доктринаны, жаттап алган эрежелер менен теорияны жактаган, аларга сын көз менен карабаган, турмуш, чындык менен эсептешпеген киши; начетчик/.

ДОКТРИНЁРСТВО доктринёрчулук (доктринёрчо ойлоочулук; кандайдыр бир эскирген доктринанын артынан ээрчиген жана аны жактаган доктринёрдун ойлогон ою жана кылган иши).

ДОМИНИОНЫ доминиондор /Британия империясынын ички иштерин өзү башкарууга укук алган бөлүгү - мурдагы колониялар /Жаңы Зеландия, Канада, Австралия союзу ж.б. /доминиондор деп аталган. 40-жылдардын аягында доминиондор деген термин "Шитымактыктын мүчөсү" же "Мамлекет-шитымактыктын мүчөсү" деген термин менен алмаштырылган/.

ДОМИНИРОВАНИЕ басымдуулук кылуу /1. бир нерседен өйдө, жогору туруу; 2. өтмө мааниде: үстөмдүк кылуу, басымдуулук кылуу/.

ДОСЬЕ досье /1. кандайдыр бир маселеге, иште же кишиге тиешелүү болгон документтердин ж.б. жазма материалдардын жыйындысы; 2. ошол материалдар сакталган папка/.

ДОТАЦИЯ дотация /СССРде ишканаларга, чарбаларга, мекемелерге белгилүү максат үчүн же алардын финансылык абалын чыңдоо үчүн мамлекет тарабынан бекер берилген кошумча каражат. Капиталисттик өлкөлөрдө мамлекеттик дотация монополиялардын байлыгынын бир булагы болуп эсептелет/.

„ДРАКОНОВЫ ЗАКОНЫ" Дракондун закондору /өтө катаал, ырайымсыз закондор/.

ДРУЖБА НАРОДОВ В СССР СССРдеги элдердин достугу /социализмдин жеңишинин, улут саясатынын лениндик принциптерин ыраттуу түрдө ишке ашыруунун натыйжасында пайда болгон биздин өлкөнүн элдеринин саясий, экономикалык жана маданий кызматташтыгы жана өз ара жардамдаштыгы. Совет адамдарынын чыныгы бир туугандыгы, боордоштугу болгон элдердин достугу социалисттик коомду өнүктүрүүдө күрдөөлдүү күймылдаткыч күчкө айланды/.

ДУАЙЕН /ДОЙЕН/ дуайен /кандайдыр бир өлкөдөгү дипломаттык корпустун старшинасы. Дуайенди старшина кылууда анын дипломаттык рангасы, ошол өлкөдө ушундай даражадагы дипломаттык кызматта канча мезгилден бери болгондугу эске алынат/.

ДУАЛИЗМ дуализм /дүйнө бири бирине көз каранды болбогон эки башталмадан - материя менен духтан турат деп эсептеген философиялык окуу. Дуализм материализм жана идеализмди элдештирүүгө аракет кылат. Диалектикалык материализм дуализмге идеализмдей эле тыптамырынан бери каршы. Дуализм көбүнчө Декарттын жана Канттын философиясына мүнөздүү/.

ЕВРОПЕЙСКОЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СООБЩЕСТВО /"ОБЩИЙ РЫНОК",ЕЭС/ Европалык экономикалык биримдештик /"Жалпы рынок", ЕЭС/ /Европалык бир топ капиталисттик өлкөлөрдүн-ФРГ, Франция, Италия, Нидерланды, Бельгия жана Люксембургдун ортосунда таможналык чек аралы жоюу жана "жалпы рынок" уюштуруу максатында 1957-ж. түзүлгөн мамлекеттик-монополисттик бирикме . 1973-ж. ага Великобритания, Дания жана Ирландия кошулган/.

ЕДИНСТВО И БОРЬБА ПРОТИВОПОЛОЖНОСТЕЙ карама-каршылыктардын биримдиги жана өз ара күрөшү /өнүгүү процессинин булагы жана ички мазмуну; каратылыш, коом жана ойлоо жөнүндөгү диалектикалык материализмдин негизги закондорунун бири/.

ЕДИНЫЙ ФРОНТ бириктүү фронт /жумушчу табынын империалисттик реакцияга, фашизмге жана согушка каршы, эмгекчилердин турмуштук кызыкчылыгы, тынчтык, демократия, социалдык прогресс үчүн болгон күрөшүндөгү анын партиялык, профсоюздук ж.б. уюмдарынын бириктүү иш-аракети. Бириктүү фронттун негизин пролетариаттын таптык кызыкчылыгынын жалпылыгы түзсө, ал эми анын мазмунун - жумушчу табынын ар түрдүү отряддарынын жергиликтүү, улуттук жана ал аралык масштабдагы бирге-лешмен күрөшү түзөт. Бириктүү фронттун тактикасы экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Европа менен Азиянын бир катар өлкөлөрүндө элдик-демократиялык революциялардын жеңишине, ал аралык массалык уюмдарды,профсоюздардын бүткүл дүйнөлүк федерациясын ж.б. түзүүгө, тынчтык үчүн болгон күймүлды кеңири кулач жайдырууга көмөк берди/.

ЕРЕСЬ ереси, сандыраак /I. орто кылымдагы үстөмдүк кылып турган динге каршы болгон сектанттык диний агым. Ересперде көбүнчө ал массаларынын үстөмдүк кылган коомдук-саясий түзүлүшкө каршы нааразылыктары диний формада көрүнгөн; 2. өтмө мааниде: тентирөө, сандырактоо/.

ЖАКЕРИЯ Жакерия /I. оор алын-салыктарга, катуу эксплуатацияга чыдабай 1358-ж. Францияда феодалдарга каршы чыккан дыйкандар көтөрүлүшү; 2. өтмө мааниде: стихиялуу түрдө чыккан дыйкандардын ири көтөрүлүштөрү/.

ЖАНДАРМ жандарм /жандармерия полициясындагы төмөнкү чиндеги кызматчы; 2. өтмө мааниде: ар кандай революциялык, улуттун-бошотуучу, прогрессивдүү күймүлдарды аскердин жана полициялык күчтөрдү колдонуу менен басып жок кылуучу. Империализмдин жана капитализмдин жалпы кризисинин доорунда ал аралык жандармдын ролун иш жүзүндө америкалык империализм аткарып жатат/.

ЖАНДАРМЕРИЯ жандармерия /өлкөдөгү ички тартипти сактоо жана революциялык күймүлды басуу үчүн падышалык Россияда жана көп бир капиталисттик өлкөлөрдө уюштурулган мамлекеттик полициянын өзгөчө түрү/.

ЖЕЛТАЯ ПРЕССА ушакчы пресса, ушакчы басма сөз /капиталисттик өлкөлөрдөгү сатылган реакциячыл басма сөздүн кайсына аты. Капиталисттик монополиялардын, капиталдын айрым магнаттарынын, реакциячыл партиялардын жана топтордун колунан жем жеген пресса ушулардын пайдасы үчүн башкаларды ушактоодон, жалаадоодон, фактыларды бурмалоодон ж.б. да жийиркенбейт/.

ЖИРОНДИСТЫ жирондисттер /I. XVIII кылымдын аягындагы Француз революциясынын мезгилиндеги феодализмге каршы чыккан ири буржуазиянын партиясы; кийинчерээк ал массалардын революциялык активдүүлүгүнүн өсүшү, якобиндер диктатурасынын орношу, революциялык кайра курууларды терендеши жана жирондисттер роялисттер менен жалпы тил таап, контрреволюциянын тарабына өтүп кетишинен; 2. өтмө мааниде: реакциячыл чөйрөлөр менен келишип кетүүчү либералдын багыттагы буржуазиялык партия/.

ЖЮРИ жюри /көрсөтмөлөрдө, конкурстарда, мелдештерде ж.б. берилүүчү сыйлыктарды ыйгаруу үчүн дайындалган жана шайланган адистердин тобу/.

В

ЗАБАСТОВКА /СТАЧКА/ забастовка, иш таштоо /капиталисттик өлкөлөрдөгү пролетариаттын буржуазияга каршы тап күрөшүнүн негизги формаларынын бири; уюшулган түрдө коллективдүү иш таштоо; көздөгөн максаты боюнча экономикалык жана саясий забастовкалар болот/.

ЗАКОН О ЗАЩИТЕ МИРА тынчтыкты коргоо жөнүндө закон /тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйнөлүк II конгрессинин*/1950-ж./ чечими боюнча СССР Жогорку Совети 1951-ж. 12-мартта Тынчтыкты коргоо жөнүндө алган закону. Анда согушту ар кандай формада пропагандалоо тынчтыктын ишин үзгүлтүккө учуратып, жаңы согуш коркунучун туудургандыктан, мындай аракеттер адамзатка каршы эң эле оор кылмыш деп эсептелген. Ошондуктан согушту пропагандалаган кишилер анбагандай оор кылмышкер катарында сот жообуна тартылат деп белгиленген/.

ЗАКОН ПЛАНОМЕРНОГО РАЗВИТИЯ НАРОДНОГО ХОЗЯЙСТВА айыл чарбасынын план ченемдүү өнүгүшүнүн закону /өндүрүш каражаттарына коомдук менчик болгон шарттарда ӨЗ чарбасынын бүткүл тармактары план ченемдүү өнүгүп, алардын бири-бири менен байланышта болушу, кеңири түрдө кайталанып өркүндөгөн социалисттик өндүрүштүн борборлоштурулган масштабда жөнгө салынышы, социалисттик чарбанын бардык тармактарынын ортосунда пропорциялуулуктун сакталышы зарыл экендигин белгилөөчү социализмдин экономикалык закону/.

ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВО закон чыгаруу /закондорду мамлекеттик бийликтин атайын органдары тарабынан чыгарууну, аларды өзгөртүүсү же алып таштоосу; 2. кандайдыр бир өлкөнүн же укук тармагынын закондорунун жыйнагы/.

ЗАКОННОСТЬ СОЦИАЛИСТИЧЕСКАЯ социалисттик закондуулук /эмгекчилердин эркин билдирген социалисттик закондорду бардык мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын, кызматтагы адамдардын так жана кыймылсыз сактоосу, адамдын укуктарын бекем коргоо/.

ЗАКОНОПРОЕКТ закондун долбоору /закон чыгаруучу органдын талкуусуна жана бекитүүсүнө коюлган закондун долбоору/.

ЗАПАДНИКИ батышчылар /XIX кылымдын 40-жылдарындагы орустун коомдук ой-пикирлериндеги багыттардын биринин өкүлдөрү. Батышчылар феодалдык-крепосттук мамилелерди жоюну жана Россиянын "батышча" б.а. буржуазиялык жол менен өнүгүшүн жакташкан/.

ЗАПАДНОЕВРОПЕЙСКИЙ СОЮЗ /ЗЕС/ Батыш европалык союз /Түндүк атлантикалык блок менен тыгыз байланыштуу болгон капиталисттик өлкөлөрдүн согуштук-саясий жабык союзу. 1955-ж. түзүлгөн бул союзга Бельгия, Великобритания, Италия, Люксембург, Нидерланды, Франция жана ФРГ кирет. ЗЕСтин иши НАТОнун согуштук-саясий пландарын жүзөгө ашырууга, батыштагы державалардын башка согуштук группировкалар менен байланышын чыңдоого, германдык милитаризмди кайра жандандырууга көмөкчү болууга багытталган. Союзда башчылык позицияны ФРГ ээлейт. 1969-ж. Франция ЗЕСтин Советинин ишине катышуудан убактылуу баш тарткандыгы жөнүндө билдирген. ЗЕСтин куралдуу күчтөрү НАТОнун командованиесине баш ийет/.

"ЗЕЛЕНЫЕ БЕРЕТЫ" "жашыл береттер" /АКШнын армиясынын өзгөчө ишке пайдалана турган аскер бөлүктөрүнө коюлган ат. Бул аскер бөлүктөрү улуттук-боштондук кыймылга каршы жашалоочу акцияларды жүргүзүү үчүн атайын даярдыктан өтүшөт/.

ЗОЛОТОЙ ЗАПАС алтын запасы /борбордук банкта же мамлекеттик казнада топтолгон алтын куймалардын жана тыйындардын фондусу. Бул фонд эл аралык төлөөгө пайдалануу үчүн резервдик фонд

болуп кызмат кылат. Капиталисттик дүйнөнүн алтын запасынын кийла бөлүгү колуна топтолгон америкалык империализм аны башка өлкөлөрдү экономикалык жактан көз каранды кылуу үчүн пайдаланат/.

ЗОЛОТОЙ СТАНДАРТ алтын стандарт /капиталисттик мамлекеттердеги акча жүгүртүүнүн формасы; бул боюнча акча бирдигинин алтын наркына жараша банкнотторду алтынга же чет элдик валютага алмаштырууга мүмкүн болгон. Алтын стандарт 30-жылдарда биротоло жоюлган/.

ЗОНА зона /I. айырмалоочу атайын белгилер коюлган территория, кер тилкеси: чек ара зонасы, оккупацияланган аймак; 2. географиялык зона-климаттык, кыртыштык, өсүмдүктөрдүн башка дагы табийгый белгилеринин окшоштугу менен мүнөздөлүүчү кер шарынын тилкеси: тундра зонасы, талаа зонасы/.

ЗУБАТОВЩИНА зубатовщина /1901-1903-жылдарда Россиядагы кумушчу ыймылына каршы күрөшүүнүн полициялык методдорунун бири. Кумушчу табын революциялык ыймылдан алагды кылуу максатында москвалык полиция бөлүгүнүн начальниги Зубатовдун демилгеси жана анын жетекчилиги менен полициянын айтуусу боюнча иштей турган легалдуу жасалма "кумушчу уюмдары" уюмулган. Булар "полициялык социализм" же зубатовщина деп аталган/.

И

ИГНОРИРОВАНИЕ тоотпоо, этибарга албоо, көңүл салбоо

ИДЕАЛ идеал/I. ойлогон оюн ишке ашырууда алдыга коюлган эң жогорку максат, умтулган тилек; 2. коомдук идеал-кандайдыр бир социалдык топтун экономикалык жана саясий талаптарына туура келүүчү, телегейи тегиз келген коомдук түзүлүш жөнүндө көз алдыга келтирүү. Таптык коомдо идеал да таптык мүнөздө болот. Бардык өлкөлөрдүн эмгекчилеринин идеалы барып турган адилеттүү коомдук түзүлүш

болгон коммунизмди орнотуу; 3. бир нерсенин эң жогорку, бардык жагынан тең келген үлгүсү/.

ИДЕАЛИЗАЦИЯ идеализациялоо /бир нерсени же бирөөнү өз турмушунан алда канча мыкты, сонун кылып көз алдыга келтирүү, сүрөттөө/.

ИДЕАЛИЗМ идеализм /философияда материализмге карама-каршы келип, идеяны, духту, эң-сезимди биринчи, ал эми материяны, жаратылышты, бытиени экинчи деп эсептеген агым. Идеализмдин суб"ективдүү идеализм жана об"ективдүү идеализм деген негизги эки түрү бар. Суб"ективдүү идеализм тышкы дүйнө адамдын эң-сезиминен сыртка ары жашабайт деп эсептесе, об"ективдүү идеализм заттар, нукулуштар адамдын эң-сезиминен тышкаары об"ективдүү жашайт да, дух, идея алардын негизине тиешелүү деп эсептейт. Философиянын бүткүл тарыхында материализм менен идеализмдин ортосунда айгышкан күрөш жүрүп келатат, бул күрөш таптардын күрөшүн да чагылдырат, антсени идеализм эреже катары эксплуататорлордун таламдарын жактайт. Идеализмдин ар түрдүү формаларын В.И.Ленин өзүнүн "Материализм жана эмпириокритицизм" деген китебинде катуу сынга алган/.

ИДЕОЛОГИЧЕСКАЯ БОРЬБА идеологиялык күрөш /I. ИДЕОЛОГИЯ, ПАРТИЙНОСТЬ ИДЕОЛОГИИ.

ИДЕОЛОГИЯ идеология /тиги же бул таптын кызыкчылыгын көздөгөн саясий, укуктук, илимий, диний, философиялык, моралдык, адабий көз караштардын жыйындысы. Таптарга бөлүнгөн коомдо идеология таптык мүнөздө болот да, кайсы тап экономикалык жана саясий жактан үстөмдүк кылса, ошол таптын идеологиясы үстөмдүк кылат. Таптык коомдо прогрессивдүү жана реакциячыл идеологиялардын ортосунда такай күрөш жүрөт. Идеология коомдук бытиенин базасында пайда болуп, коомдун экономикалык турмушуна активдүү таасир тийгизет. Азыркы

кезде дүйнөдө коммунисттик жана буржуазиялык идеологиялардын ортосунда айыгышкан күрөш жүрүп жатат, ал капитализмден коммунизмге өтүүдөгү тарыхый процессти чагылдырып көрсөтөт. Идеологияда реакциячыл идеялар менен алдыңкы, прогрессивдүү идеялардын тынчтыкта жанаша жашашы мүмкүн эмес. СССРде жана бешке социалисттик өлкөлөрдө үстөм кылган идеология-марксизм-ленинизм-барып турган прогрессивдүү идеология, коомду коммунисттик негизде кайра куруу үчүн күрөштөгү күчтүү курал болуп саналат. Капиталисттик өлкөлөрдө империалисттик буржуазиянын идеологиясы үстөмдүк кылат. Марксизм-ленинизмдин идеялары жумушчу табынын, адамзаттын өбөгөйсүз чоң белүгүнүн түрмүштүк талаптарын билдиргендиктен, улам жаңы жеңиштерге жетип жатат. Социализм жаңчалык жаңы жеңиштерге жетишкен сайын капитализмдин жалпы кризиси тереңдеп, идеологиялык күрөш өзөнчөлүк курчуйт, коммунисттик идеологияга империализм айыгышып чабуул коет. Ошондуктан буржуазиялык идеологияга каршы күрөш КПССтин, коммунисттик жана жумушчу партиялардын азыркы кездеги идеологиялык иштеринин эң маанилүү багыттарынын бири болуп саналат/.

ИЕЗУИТ иезуит /католик чиркөөсүнүн жеткен реакциячыл жана согучтан уюмунун "Иисус коомунун" /1534-ж. түзүлгөн/ мүчөсү. Октябрь революциясы жеңгенден кийин иезуиттер жаңы Совет бийлигине каршы активдүү күрөшүүгө, европалык өлкөлөрдүн көбүн фашистештирүүгө көмөкчү болушкан. Алар АКШдагы ж.б. империалисттик өлкөлөрдөгү финансылык капиталдын төбөлдөрү менен тыгыз байланыштуу. Демократтык күчтөргө, социалисттик өлкөлөргө, прогрессивдүү ойлорго каршы колунан келишинче жанталашып күрөшүп жатышат; 2. өткөө мааниде: арамза, эки жүздүү, эң карама, көзмаячы/.

ИЕРАРХИЯ иерархия /бири бирине баш ийгенине жарата төмөндөн жогору карай жайлашкан кызматтардын, даамдардын чиндердин системасы. Иерархияны бекем сактоо абсолютисттик /к. АБСОЛЮТИЗМ/ мамлекеттерде жана чиркөө уюмдарында абдан өнүккөн/.

ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ СИСТЕМА шайлоо системасы /мамлекеттик бийликтин өкүлдүк органдарына шайлоолорду уюштуруунун жана өткөрүүнүн мамлекет тарабынан белгиленүүчү тартиби /к. ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО/. Советтик шайлоо системасында кеңири социалисттик демократия ыраатту түрдө жүргүзүлөт, капиталисттик өлкөлөрдө шайлоо системасы эксплуататордук өзчылыктын талаптарына кызмат кылып, анын бийлигин камсыз кылат/.

ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО шайлоо укугу /1. бийликтин өкүлдүк органдарына шайлоолорго граждандардын катышуусунун принциптерин жана шарттарын белгилеген нормалардын жыйынтыгы; 2. гражданддардын бул органдарга шайлоого /активдүү шайлоо укугу/ жана аларга шайланууга болгон /пассивдүү шайлоо укугу/ укугу/ к. ВСЕОБЩЕЕ ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО/.

ИЗДОЛЬЩИНА ортоктук, шериктик /жерди арендалоонун бир формасы. Жер ээсинен арендага алган жер үчүн акчалай эмес, алган түшүмдүн белгилүү белүгүн - үчтөн бирин, төрдүн д.у.с. төлөө. Издольщина ири жер ээлеринин майда арендаторлорду эксплуатациялоонунун бир түрү/.

ИЗОЛЯЦИЯ изоляция, обочолонтуу /айлана-чейреден бөлүп коюу/.

ИЛЛЮЗИЯ иллюзия /жалган сезимдин негизинде чындыгы туура эмес, бурмалап кабыл алуу; 2.ии жүзүнө ишпай турган үмүт, куру кыял/.

ИММИГРАЦИЯ иммиграция /башка бир өлкөгө дайыма же узак убакытка чейин жашоо үчүн көчүп баруу/.

ИММУНИТЕТ иммунитет /закон чыгаруучу органдын депутатынын ошол закон чыгаруучу органдын макулдугусуз сот жообуна тартылбай турган же камакка алынбай турган укугу. к. ДИПЛОМАТИЧЕСКИЙ ИММУНИТЕТ/.

ИМПЕРАТИВНЫЙ императивдүү /сөзсүз баш ийүүнү, сөзсүз аткарууну талап кылуу. Императивдүү мандат - дайындалган адам сөзсүз жана ыйгаусуз аткара турган макам/.

ИМПЕРАТОР император /монархтын укумдан тукумга калуучу жогорку титулу,ушул титулдагы падыша/.

ИМПЕРИАЛИЗМ империализм /капитализмдин XIX кылымдын аягы XX кылымдын башынан тартып башталган эң жогорку жана акыркы стадиясы. Капитализмдин бул стадиясында капиталисттик монополиялар менен финансылык капитал үстөмдүк кылат да, капиталисттик ири өлкөлөрдүн ортосунда дүйнөнү территориялык жактан бөлүштүрүү аяктайт. Империализм доорунда капитализмдин бир калыпта эмес өнүгүшү империалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды абдан курчутуп, товар сатуучу рынокторо жана сырьелордун булактары үчүн,баш-

калардын территорияларын басып алуу жана экономикалык жактан начар өнүккөн өлкөлөр менен элдерди эзүү үчүн, дүйнөлүк үстөмдүк үчүн күрөштү күчөтөт да, кандуу, бүлүндүргүч согуштарга алып келет. Империализм чирип, мите болуп, өлүп бараткан капитализм гана болбостон, жеңиштүү социалисттик революциялардын доору да болуп саналат. Биринчи дүйнөлүк согуш /1914-18/ жана 1917-ж. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши капитализмдин жалпы кризисин баштады да, бул кризис жер шарынын 1/6 бөлүгүнө тарыхтагы биринчи социалисттик мамлекетти орнотуп, дүйнө социалисттик жана капиталисттик эки системага бөлүндү. Экинчи дүйнөлүк согуштун /1939-45/ жүрүшүндө жана Европа менен Азиянын бир катар өлкөлөрүндө социалисттик революциялардын жеңиши аркасында капитализмдин жалпы кризисинин экинчи этабы кулач жайды. Социализм бир өлкөнүн рамкасынан чыгып, дүйнөлүк системага айланды. Азыркы кезде капитализм кризистин жаңы, үчүнчү этабына кирди. Советтер Союзунун, социалисттик өлкөлөрдүн социализмди жана коммунизмди куруудагы чечүүчү ийгиликтери, капитализмден жаңы мамлекеттердин бөлүнүп чыгышы, колониялык системанын кыйрашы, эмгек менен капиталдын ортосундагы таптык карама-каршылыктардын, империалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы келишпеечүлүктөрдүн күрчүшү капитализмдин жалпы кризисин кескин түрдө тереңдетти/.

ИМПЕРИАЛИСТ империалист /агрессияны жана колонияларды басып алууларды, башка өлкөлөрдүн элдерин талап-тоноону жана эзүүнү,баш-

ка мамлекеттердин ички иштерине кийлигишүүнү жактоочу империалисттик саясатты жүргүзүүчү, империализмдин агрессивдүү, адамды жек көрүнө реакциячыл идеологиясын пропагандалоочу ири монополисттик капиталдын өкүлү/.

ИМПЕРИЯ империя /I. башында император турган монархиялык мамлекет; 2. колониялык жана көз каранды өлкөлөрдүн элдерине өзүнүн үстөмдүгүн күч менен орнотқон ири империалисттик колониялдуу держава/.

ИМПОРТ импорт /өлкөгө чет мамлекеттерден товарларды алып келүү/.

ИНВЕСТИЦИЯ инвестиция /пайда алуу максатында капиталдардын көп жылдык мөөнөт менен өнөр жай, транспорт ж.б. тармактарга салынышы; капитал жыйноонун бир формасы; империализм доорунда башка мамлекеттерге монополисттик компаниялардын капиталдарын чыгаруу менен чет өлкөлүк инвестиция күчөйт. Ал өзөл өлкөлөрдүн экономикасын жана саясатын империалисттик мамлекеттерге баш ийдирүү максатына кызмат кылат да, өтө көп пайда алуунун булагы болуп саналат/.

ИНДЕКС индекс /I. бир нерсенин баасын, атын ж.б. санап көрсөткөн тизме; 2. кандайдыр бир экономикалык көрүнүштүн, м.: өндүрүштүн көлөмүнүн же анын дүң наркынын, кеңири керектелүүчү буюмдарга орточо баанын, жумушчулардын реалдуу айлык акысынын ж.б. ирээттүү түрдө өзгөрүп турарын процент менен белгилөөчү цифралык көрсөткүч/.

ИНДИВИДУАЛИЗМ индивидуализм /айрым адамдын таламын коомдун талаптарынан жогору коюган буржуазиялык көз караш. Индивидуализм жеке адамды коллективге, массага, элге жана көрт баштын талаптарын коомдун талаптарына карама-каршы коет. Марксизм-ленинизм индивидуализмге илимий коммунизмдин, коллективизмдин, социалисттик гуманизмдин, пролетардык интернационализмдин принциптерин каршы коёт. Айрым совет адамдарында индивидуализмдин калдыктары алигиче бар. Бул сарындыларды жоюу менен социалисттик коом ар бир кишинин ар тараптан өнүгүшүнө, өсүшүнө, анын жөндөмдүүлүгүнүн артышына бардык шарттарды түзөт/.

ИНДИВИДУАЛИСТ индивидуалист /I. индивидуализмдин идеологиясы жана морали боюнча тарбияланган киши; 2. коллективдин талаптары жана турмушу менен эсептешпеген, коллективден оолактаган киши/.

ИНДИФФЕРЕНТНОСТЬ көңүл коштук /бир нерсеге көңүл коо каралчулук; пассивдүүлүк/.

ИНДУИЗМ индуизм /брахманизмдин жана буддизмдин көп элементтеринин кошулушунун натыйжасында орто кылымдарда Индияда пайда болгон дин. Индуизмдин негизги догматтарынын бири болгон "жандын учун көчүп жүрүшү" жөнүндөгү окууну үстөмдүк кылуучу таптар каста-лык түзүлүштү чыңдоо үчүн пайдаланышкан/.

ИНДУЛЬГЕНЦИЯ индульгенция /орто кылымдардагы католик чиркөөлөрү "күнөөнү кечиргендиги" тууралу Рим папасынын атынан берүүчү грамота. Индульгенция чиркөөгө сиңирген эмгеги үчүн гана берилбестен, динге ишенгендерге акчага да сатылган. Ошондуктан индульгенция католик чиркөөсүнүн жана дин эзелеринин кирешелеринин ири булагына айланган. Индульгенцияны сатуу реформациянын /к. РЕФОРМАЦИЯ/ чыгышынын /XVI к./ себебинин бири болгон. Индульгенция бөрүү католик чиркөөлөрүндө азыркы кезде да бар/.

ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯ индустриализация /өлкөнүн айыл чарба өлкөсүнөн өнөр жай мамлекетине айлануу процесси. Социалисттик индустриализациянын максаты — өлкөнүн экономикалык жактан көз каранды болбостугун камсыз кылуу, эл чарбасынын бардык тармактарын техникалык реконструкциялоо, анын ичинде коллективдештирилген айыл чар-

басын механизациялаштыруу үчүн база түзүү, элдин жыргалчылыгын көтөрүү, өлкөнүн коргоо жөндөмдүүлүгүн чыңдоо. Социалисттик интымактыктын өлкөлөрүнүн өз ара кардамдашуусу алардын индустриализациялаштыруунун маанилүү фактору болуп саналат. Индустриализация илим менен техниканын акыркы жетишкендиктерин пайдалануу, өндүрүшкө жаңы технологиялык процесстерди киргизүү жана чыгарылган продукциянын сапатын кыйлажусуз көтөрүү менен тыгыз байланыштуу/.

ИНДУСТРИЯ индустрия /өнөр жай; оор индустрия — металлургия, машина куруу, отун, энергетика өнөр жайы ж.б. өндүрүш күралдарын жана кереметтерин өндүрөт; жеңил индустрия — кали көпчүлүк талап кылуучу буюмдарды жана азык-түлүктөрдү өндүрөт/.

ИНЕРТНОСТ шалаакылык, демилгесиздик

ИНИЦИАТИВА демилге /кандайдыр бир иште баштай билүү, кандайдыр бир маселенин чечүүдө жаңыча аракет кылуу/.

ИНИЦИАТОР демилгечи /кандайдыр бир иште иштөөгө демилге көрсөткөн киши/.

ИНКВИЗИЦИЯ инквизиция /I. феодализмге жана чиркөөгө каршы элдин күймылга катышкандар жана диний-феодалдык идеологияга каршы чыккандар менен күрөшүү үчүн XIII к. башында Батыш Европада Рим папалары тарабынан уюштурулган соттук-тергөөчү жана кызматчы полициялык уюм. Бул уюм чиркөөнүн душмандарын абдан мыкаачылык менен кызматаган. XIX к. инквизиция таратылган; 2. өтмө мааниде: мыкаачылык менен күйөө, ырайымсыз катаалдык/.

ИНКОГНИТО инкогнито, атын жашыруу /өзүнүн ысмын жана ким экенин билгизбей жашыруун ат менен жүрүү/.

ИНКРИМИНИРОВАНИЕ айып коюу, күнөө коюу /кимдир бирөөнү күнөөлүү, кылмыштуу деп айыптоо/.

ИНСИНУАЦИЯ инсинуация, жалаа, ушак /кимдир бирөөнү жаманатты кылуу максатындагы жалган ушак. Дезинформация сыяктуу эле инсинуация буржуазиянын жакшы көргөн ыкмасы/.

ИНСПИРИРОВАНИЕ инспирациялоо /таасир этүү, шыпырдыруу; тынчын кетүү, желиктирүү, залакалуу, азгыруу; колтукка суу бүркүү/.

ИНСТАНЦИЯ инстанция /бири бирине баш ийген мамлекеттин башкаруу органдарынын, сот органдарынын, коомдук ж.б. уюмдардын системасындагы өзүнчө баскыч/.

ИНСТИТУТ институт /I. көптөгөн илимий-изилдөө мекемелердин жана адистештирилген жогорку окуу жайларынын аты; 2. коомдук мамилелердин кандайдыр бир тармагындагы закондордун, эрежелердин жыйнагы/.

ИНСУРГЕНТ инсургент /куралдуу көтөрүлүштүн катышуучусу/.

ИНСЦЕНИРОВАНИЕ инсценировкалоо /I. адабий чыгарманы театрга же киного коюу үчүн ылайыкташтырып кайра иштеп чыгуу; 2. кимдир бирөөнү жаңылыштырып, белгилүү максатка жетүү үчүн атайын эле антидүн менен жасалган иш-аракет: кол салууну, чатак чыгарууну ж.б.инсценировкалоо. Инсценировкалоо көпчүлүк пландаштырылган провокациянын составдык бөлүгү болушу да мүмкүн/.

ИНТЕГРАЦИЯ интеграция / кандайдыр бир бөлүктөрдү же элементтерди бир бүтүнгө бириктирүү; капиталисттик алты мамлекет: Франция, ФРГ, Италия, Бельгия, Нидерланды жана Люксембург Европалык экономикалык бир интеграцияны түзөт/.

ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ интеллигенция /илимдин, искусствонун, адабияттын, маданияттын, техниканын ар түрдүү тармактары боюнча билими, кабары бар, акыл эмгегин кесип кылгандардын социалдык катмары. Капиталисттик өлкөлөрдө интеллигенциянын орчундуу бөлүгү үстөмдүк кылуучу таптардан чыкпандыктан, алар буржуазия менен байланышта болуп, анын талаптарын коргойт. СССРде жумушчулар менен кожосачу-

дардан чыккан советтик, элдик интеллигенция түзүлдү. Социалисттик өлкөлөрдө азыркы кезде ушундай процесс жүрүп жатат/.

ИНТЕЛЛИДЖЕНС СЕРВИС Интеллидженс сервис /Англиялык империализмдин тапшырмалары үчүн иштеген Великобританиянын мамлекеттик жашыруун чалгындоо жана контрчалгындоо ведомствосу/.

ИНТЕНСИВНОСТЬ интенсивдүүлүк /күчөгөндүк, күчтөнгөндүк/.

ИНТЕНСИФИКАЦИЯ интенсификация /интенсификациялоо, күчөтүү; өндүрүш процессинде чыгарылып алынган продукциянын көлөмүнүн өсүшүнө күчөтүү; капиталисттик өлкөлөрдөгү интенсификация эмгекчилерди эксплуатациялоону күчөтүүнүн бир жолу; айыл чарбасын интенсификациялоого капиталдык салымдарды көбөйтүү, механизациялаштыруу, электрлештирүү, химиялаштыруу, сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү, айыл чарбасын адистештирүү, ага илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин колдонуу, материалдык кызыкчылык принцибин сактоо ж.б. агротехникалык ыкчамдардын негизинде аз эмгек жана каражат жумшап, айыл чарба продуктыларын көп алуу системасы кирет/.

ИНТЕРВЕНЦИЯ интервенция /бир же бир нече капиталисттик өлкөлөрдүн экинчи бир мамлекеттин территориясын басып алуу, анда өз бийлигин орнотуу, революциялык жана улуттук-боштондук кыймылды мууздап жок кылуу ж.б. үчүн аны ички иштерине куралдуу күчтөр менен кийлигишүүсү: 1918-20-жылдарда империалисттик мамлекеттердин жаш Совет республикасына каршы интервенциясы/.

ИНТЕРВИДЕНИЕ интервидение /1960-жылы уюмдашкан телекөрсөтүүлөрдү эл аралык алмашуу системасы. Ага Белорусия ССРнин, Болгариянын, Венгриянын, ГДРдин, Латвия ССРнин, Литва ССРнин, Молдавия ССРнин, Монголиянын, Польшанын, Румыниянын, СССРдин, Украина ССРнин, Финляндиянын, Чехословакиянын жана Эстония ССРнин телекөрсөтүү уюмдары кирет/.

ИНТЕРВЬЮ интервью /коомдук, саясий, илимий ж.б. иштерлердин кеңири кызыкчылык туудура турган маселелер боюнча журналист менен адамдын, маегі. Интервью көбүнчө суроо-жооп иретинде болот да, басма сөз, радио, телекөрсөтүү аркылуу жарыяланып турат/.

ИНТЕРНАТ интернат /1. окуу жайынын алдындагы жатакана; 2. окуп жана жашоого ылайыкталган жабык окуу жайы; 3. жетим балдар, инвалиддер, жаш-картаңдар жашоочу үй/.

ИНТЕРНАЦИОНАЛ интернационал /жумушчу табынын эл аралык ири саясий уюмдарынын аты: Биринчи Интернационал, Экинчи Интернационал, Коммунисттик Интернационал/.

"ИНТЕРНАЦИОНАЛ" "Интернационал" /жумушчу табынын жана Коммунисттик партиялардын эл аралык гимни, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын партиялык гимни. "Интернационалдын" текстин француз акын-коммунар Э.Потье, музыкасын француз композитору П. Дегейтер жазышкан. "Интернационал" алгачкы жолу 1888-ж. атмарылган, 1917-1944-ж. чейин Советтер Союзунун гимни болгон/.

ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ ПРОЛЕТАРСКИЙ пролетардык интернационализм /илимий коммунизмдин маанилүү составдык бөлүгү; коомду революциялык кайра куруу үчүн болгон пролетариаттын тап күрөшүнө жетекчилик кылуунун идеялык негизи. Пролетариаттын улуу тарыхый миссиясын ишке ашыруу үчүн, капиталисттик коомду социалисттик кылып кайра куруу үчүн буржуазияга каршы айыгышкан тап күрөшү бардык улуттардын жана өлкөлөрдүн эмгекчилеринин биримдигі зарыл экендигин талап кылат. Буржуазиялык улутчулдук, космополитизм, расизм пролетардык интернационализмдин барып турган душмандары. Марксизм-ленинизм классиктери пролетардык интернационализмдин эң маанилүү принциптеринин ичине төмөндөгүлөрдү киргизишкен: жалпы максат үчүн - социализм жана коммунизм үчүн болгон күрөштө бардык улуттардын жана өлкөлөрдүн пролетарийлеринин бек конфедерациялык, биримдиги, координациялык союзу;

эксплуататорлорго карш күрөштө: өзилген өлдөрдин улуттук эркиндиги үчүн, социалисттик өлкөлөрдүн интымагын сактоо жана чыдоо үчүн, бүтүл дүйнөдө тынчтыкты камсыз кылуу үчүн, улуттардын тең укуктуулугу, алардын чыныгы эркиндиги жана өз алдынчалыгы үчүн күрөштөгү пролетардын тилектештиги; ал аралык пролетариаттын алдында ар бир өлкөнүн хумушчу табынын өзүнүн интернационалдык милдетин аткарыши. Марксизм-ленинизмдин составдык бөлүгү болгон пролетардын интернационализмге берилгендик, социалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы кенири кызматташтык, алардын арасындагы байланыштардын ар тараптан өсүшү – ал аралык коммунисттик кыймылдын ийгиликтеринин маанилүү шарты/.

ИНТЕРНИРОВАНИЕ интернирование /1. согушуп жаткан мамлекеттердин аскерлери нейтр мамлекеттин территориясына кирип кетсе, аларды ошол нейтралдык мамлекеттин карап калыши жана куралсыздандырыши; 2. согушуп жаткан мамлекеттин анын территориясындагы жоолашкан өлкөнүн граждандарын согуш бүткөнгө чейин кетирбей карап, эркинен ажыратуусу/.

ИНТЕРПЕЛЛЯЦИЯ интерпелляция /парламенттин депутатынын кандайдыр бир айрым маселе же өкметтүк саясатынын жалпы маселелери боюнча өкметке же министрге койгон суроосу/.

ИНТЕРПРЕТАЦИЯ интерпретация /тигил же бул түшүнүктөрдүн, тексттердин же закондун статьяларынын маанисин ачуу, талдоо, түшүндүрүү/.

ИНТРИГА интрига, өрөмөлүк, бузукулук /1. кандайдыр бир максатты көздөп, тымызын жаман ниетте болуу, жаман иш кылуу; 2. адабий чыгармада окуянын өнүгүшүнүн, кызыктуу сюжеттин негизин түзгөн түйүн; персонаждардын ортосундагы талаш тартыштар/.

ИНТРИГАН интриган, бузуку /бузукулук иш кылган киши/.

ИНТРОНИЗАЦИЯ интронизациялоо /тактыга отургузуу; Рим папасын же патриархты салтанаттуу түрдө тактыга отургузуу/.

ИНФЛЯЦИЯ инфляция /капиталисттик өлкөлөрдө кагаз акчанын керек болгон өлчөмдөн көп чыгарылышынын натыйжасында анын баасызданышы, баасынын төмөн түшүшү. Инфляция кенири керектелүүчү товарлардын баасынын кымбатташына жана реалдуу айлык акынын төмөн түшүшүнө алып келет/.

ИНФОРМАЦИОННОЕ АГЕНТСТВО США /ЮСИА/ АКШнын информациялык агенттиги /АКШдагы антикоммунисттик борборлордун жана башка өлкөлөрдөгү өзүнүн филиалдарынын ишин координациялаган орган, антикоммунизмдин идеологиясын таратуунун жана америкалык жашоо турмуш деп аталган немени пропагандалоонун негизги, официалдуу каналы. 1000-ден ашуун капиталисттик өлкөлөрдө өзүнүн информациялык борборлору, бөлүмдөрү, посттору бар ЮСИАнын башкы максаты – социалисттик өлкөлөргө, коммунисттик, хумушчу жана улуттук-боштондук кыймылдарга карш идеологиялык диверсия, "психологиялык согуш" жасоо болгон. Ал өзүнүн бүлгөнч ишине чыккынчыларды, шпиондорду ж.б. бузулган элементтерди кенири пайдаланган. ЮСИАнын ишине Борбордук чалгындоо башкармасы – ЦРУ контролдун кылып, аны каражат менен камсыз кылган. 1978-жылы ЮСИА жөнүндө.Ж. АМЕРИКАНСКОЕ АГЕНТСТВО ПО ИНФОРМАЦИИ И КУЛЬТУРНОМУ ОБМЕНУ/.

ИНФОРМАЦИЯ информация /1. иштин ал – жайын, бир нерсенин абалын билдирүү; 2. илимдин, коомдук-саясий турмуштун кандайдыр бир тармагындагы абалды билдирүүчү материалдар; илимий информация, басма сөз жана радио үчүн күнүмдүк информация ж.б./.

ИНЦИДЕНТ инцидент, жаңжал, чатак /тегерегиндеги окуя, жаңжал, нааразычылык/.

ИПОТЕКА ипотека /капиталисттик өлкөлөрдө кредиттик мекемелер тарабынан кер, имарат сыяктуу өлүү мүлктөрдү залогго коюу аркылуу акчалай ссуда берүү. Ушундай жол менен ссуда алуудан – ипотектик кредиттен карыздар болуу эмгекчи дыйкандар жана майда фермерлер үчүн оор жүк болуп саналат/.

ИСЛАМ ислам /УШ к. Аравияда пайда болгон бир гана кудайга – Аллага ишенүүгө үндөөчү дүйнөгө эң кеңири тараган диндердин бири; исламдын негиздөөчүсү Мухаммед деп эсептелет да, мында негизги эки багыт: сунниизм менен шиизм деген багыт бар. Түркияда, араб өлкөлөрүндө, Ираңда, Афганистанда, Пакистанда, Индонезияда ж.б. өлкөлөрдө ислам мамлекеттик дин болуп саналат/.

ИСПОЛЬЩИНА испольщина /кер эвсине түшүмдүн теңин берип, ардага жер алуу; кез карандылыкты, эзүүнү күчөткөн ушундай жер арендасынын бир түрү/.

ИСТИНА чындык /об"ективдүү дүйнөнү акыл-ой менен туура элестетүү, кез алдыга келтирүү, чагылдыруу. Чындыктын критерийи – практика. Абсолюттук жана салыштырмалуу чындыктарда болот/.

ИСТОРИЧЕСКИЙ МАТЕРИАЛИЗМ тарыхый материализм /XIX кылымдын 40-жылдарында К.Маркс жана Ф.Энгельс тарабынан түзүлүп, аны В.И. Ленин андан ары карай өнүктүргөн макроистик-лениндик философиянын составдык бөлүгү, коомдун өнүгүшүнүн жалпы закондору жөнүндөгү илим, коомдук илимдердин методологиялык жана теориялык негизи. Марксизмдин негиз салуучулары каратылыш сыяктуу эле коом дагы өзүнүн өнүгүшүндө белгилүү закон ченемдүүлүктөргө баш ият деп биринчи жолу көрсөтүшүп, ал закон ченемдүүлүктөрдүн табиятын ачышты. К.Маркс коомдун мамилелердин негизи материалдык, экономикалык мамилелерде экендигин ачты. Ал адамзаттын тарыхый өсүшүнүн негизги баскычтарын коомдук – экономикалык формацияларды бөлүп көрсөтүп, алардын пайда

болушунун жана жоюлушунун закондорун ачты. Тарыхый материализм тарыхты өнүгүүнүн закон ченемдүү процесси катарында карайт да, тарыхтын чыныгы жаратуучулары коомдун башын өндүргүч күчү болгон эмгекчи масса деп эсептейт. Антагонисттик коомдогу өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы карама-каршылыктар коомдун экономикалык өсүшүнүн кыйындаткыч күчү болгон тап күрөшүнөн көрүнөт да, алар революциялык жол менен чечилет. Коммунисттик коомду куруу коомдук өнүгүүнүн закон ченемдүү натыйжасы экендигин тарыхый материализм далилдеп көрсөттү. Тарыхый материализм – марксисттик-лениндик партиялардын саясатынын илимий негизи, алар бул окууну жетекчиликке алышып, практиканын процессинде жаңы тарыхый шарттарда аны байытып жана нугери карай өнүктүрүп жатышат/.

ИУДАИЗМ иудаизм /биздин эрага чейинки эки мицинчи кылдарда байыркы еврей урууларынын арасында пайда болгон бир кудайга – Яхвага ишенүүгө үгүттөгөн дин. Еврейлердин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө чачырап жашашына байланыштуу иудаизм көп жерлерге тараган. 1948-ж. бери Иудаизм Израилдин мамлекеттик дини болуп эсептелет/.

К

КАБАЛА кез карандылык, катуу эзүү /I. байыркы Руста карыздар кишини, өзүнө адамды карыз берген кишиге кез каранды кылган, ал эми карызын убагында төлөп бербесе, бүт өмүр бою кез каранды кылган милдеттенме. XVII к. башында кез каранды болгон кишилер крепостнойлорго теңелген; 2. кирт бактын кез карандылыгы, эзилүүсү, кез каранды болуусу; кабальный договор – кез каранды кылуучу келишим, кабальные займы – карыз алгандыгы үчүн кеп процент коюп туудуруп берүүчү заем. Мындай заем /карыз/ алган мамлекет карыз берген мамлекетке кез каранды болуп калат/.

КАБИНЕТ кабинет /башында премьер -министр же президент /өкмөт башчысы президент болгон өлкөлөрдө/ турган министрлерден түзүлгөн өкметтүн жогорку орган/.

КАГУЛЯРЫ кагулярлар /1936-ж. Францияда пайда болгон фашисттик уюмдун мүчөлөрү. Кагулярлар прогрессивдүү иштерлерге, революциялык ыймылга каршы террористтик иштер жүргүзүшүп, 1940-ж.Гитлердик Германиянын Францияны басып алышына көмөкчү болушкан.Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин кагулярлардын башчылары жоопко тартылган, бирок уюм өз ишин уланта берген. ж. ОАС/.

КАДЕТЫ кадеттер /I. Россиядагы империализмдин буржуазиянын 1905-ж. пайда болгон Конституциялык-демократтык/ кыскача: кадеттер/ партиясынын мүчөлөрү; кадеттер падышачылыкты конституциялык монархия түрүндө сактап калууга аракет кылышкан, ал жулгандан кийин буржуазиялык Убактылуу өкметтүн убагында активдүү роль ойношуп,элдин аяусыз душмены, реакциянын башкы тиреги жана контрреволюциялык чыгуулардын уюштуруучулары, жаш Совет мамлекетине каршы чет элдик согуштук интервенциянын шыктандыруучулары болушкан; 2. революциядан мурдагы Россиядагы жана жөө бир башка өлкөлөрдөгү жабык аскердик орто окуу жайларынын окуучулары; алар негизинен дворяндардын жана офицерлердин балдары болушкан/.

КАДРЫ кадрлар /I. иштин тигил же бул тармагындагы: шаанаанын, мекеменин, партиялык, профсоюздук ж.б. коомдук уюмдардын даярдыгы бар, квалификациялуу кызматчыларынын негизги составы. Кеңири маанисинде: таза иштеген бардык кызматчылар; 2. мамлекеттик куралдуу күчтөрдөгү аскер кызматын өтөп жаткан командалык жана катардагы состав. Социалисттик коомдо башы саясий жана чарбалык маселелерди чечүү кадрлардын саясий жана иштиктүүлүк сапаттарына жарата туура жайгаштырууга, аларды максатка ылайык пайдаланууга байланыштуу болот/.

КАЗАКИ казактар /крепостук өзүүдөн кутулуу үчүн Россия жана Польша мамлекеттеринен качып кетишип, XV-XVII кылымдарда Дон,Днепр, Волга, Урал, Терек дарыяларынын өзөн жаткан төмөнкү бойлорунан жай алышкан "эркин кишилер", качкын крепостной дыйкандар жана кулдар. Кийинчерээк казактардын арасында жиктелүүнүн натыйжасында таптар пайда болгон/.

КАЙЗЕР кайзер /I. Германия империясындагы императордун аты; 2. Австро - Венгрия империясындагы монархтык титулдардын бири/.

КАЛЕНДАРЬ календарь /I. жылды эсептеп чыгаруу системасы: Юлиан календары - жылдарды эски стиль менен көрсөтүүчү календарь, Григориан календары - жылдарды жаңы стиль менен эсептөөчү календарь; 2. жылдын ичиндеги күндөрдү, жумаларды, айларды, майрамдарды ж.б. маалыматтарды көрсөткөн таблица же китепче-календарь; 3. айрым иштин, окуунун иштеле турган даталары көрсөтүлгөн план: занияттелердин календары/.

КАМАРИЛЬЯ камарилья /I. монархиялык түзүлүштө кызмат абалдарынан пайдаланышып, мамлекеттин иштерди өз мүдөөлөрү үчүн жүргүзүшкөн падышанын сарайындагы башкаруучулардын тобу; өтмө маанисинде: өздөрүнүн көрт башынын кызыкчылыгы үчүн башкаларга каршы тымызын арамзалык ыкма жүргүзүшкөн кишилердин тобу/.

КАМПАНИЯ кампания /I. согуштук жортуул; бир мезгилдин ичинде белгилүү бир багытта жүргүзүлгөн согуштук операциялардын жыйынтыгы: советтик-герман фронттогундагы 1944-ж.жайындагы кампания; 2. коомдук-саясий же чарбалык маанилүү маселелерди белгилүү бир мөөнөттө чечүүгө багытталган ыкма-чаралар: жайлоо кампаниясы, айыл чарба өсүмдүктөрүн оруп-жыюу кампаниясы; 3. өтмө маанисинде: капиталисттик өлкөлөрдөгү прогрессивдүү иштерлерге, уюмдарга ж.б. каршы жалган жалааларды, ушак-айыңдарды таратып, чуу түшүрүү/.

КАМУФЛЯЖ камуфляж /I. душманды адаштыруу жана ага билгизбөө максатында түсүн өзгөртүү ж.б. жолдор менен согуштук же башка маанилүү об"ектилерди – куралдарды, техникаларды аэродромдорду, имараттарды ж.б. маскировкалоо ыкмасы; 2. өтмө мааниде: ар кандай айлаамалдар менен өзүнүн ниятын, ойлогон оюн жашырып-жаап, билдирбөө/.

КАНДИДАТ кандидат /I. депутат, делегат кылып шайлоо үчүн, кандайдыр бир уюмдун мүчөлүгүнө же кандайдыр бир кызматты, окуу жайындагы орунду ж.б. ээлөө үчүн көрсөтүлгөн адам; 2. илимпоздун даража: илимдин кандидаты ж.б./.

КАНДИДАТУРА кандидатура /кимдир бирөөнү кандидат катарында көрсөтүү мүмкүнчүлүгү, укугу: илайыктуу кандидатура/.

КАННИБАЛ каннибал /I. мыкаачы; 2. өтмө мааниде: өтө каардуу, ырайымсыз адам/.

КАНОН канон /I. диниге ишенүүдөгү же диндик ырым-жырымдардагы эреже, көрсөтмө же догмат;2. белгилүү бир доордогу адабият менен искусствонун кандайдыр бир багытындагы, агымындагы традициялык түрдө милдеттүү болуп калган эрежелердин, жоболордун жамыны; 3. кеңири мааниде; бузулгус эреже, норма, үлгү/.

КАНТОН кантон /I. Швейцариядагы өзүнчө конституциясы, бийликтин өзөк чыгаруучу жана аны аткаруучу органдары бар аймактык федералдык бөлүктөрдүн аты; 2. Бельгиядагы жана Франциядагы административдик единица; 3. Францияда департаменттин генералдык советин шайлоо учурундагы шайлоо округу/.

КАНЦЛЕР канцлер /бир катар капиталисттик мамлекеттердеги жогорку кызматтардын же чиндердин аты: федералдык канцлер – Австрияда жана ФРГда–өкмөт башчысы. Лорд канцлер – Великобританияда өкмөттүн юридикалык жогорку кеңешчиси, ошондой эле жогорку соттун лорддор

палатасынын председатели ж.б. Революцияга чейинки Россияда канцлер жогорку граждандык чинди билдирген/.

КАПЕР капер /I. каперчилик менен кесип кылган киши; 2. талоончулук кылуу үчүн куралданган жеке меншик кеме/.

КАПЕРСТВО каперчилик /согушуп жаткан мамлекеттеги куралданган жеке меншик кемелердин жоолашкан тараптын же калыс өлкөлөрдүн соода кемелерине колго түшүрүү же сууга чөктүрүү максатында кол салуусу/.

КАПИТАЛ капитал /саясий экономиянын капиталисттер табы менен жумушчу табынын ортосундагы өндүрүштүк мамилелерди билдирүүчү категориясы; жалданма жумушчуларды эксплуатациялоо жолу менен өзүнө киреше алып келе турган нарк. Анча өз алдынча капитал боло албайт. Анчаны бирөөнүн эмгегин эксплуатациялоо максатында пайдаланганда гана капиталга айланат, б.а.капитал белгилүү тарыхый шарттарда гана, өндүрүш каражаттарды буржуазия табынын жеке меншигине топтолуп, жумушчу табы жашоо үчүн өзүнүн жумушчу күчүн товар катары сатууга аргасыз болгондо гана пайда болот. Жумушчуларды эксплуатациялоо жолу менен кошумча наркты өндүрүү же баюу капитализмдин абсолюттук закону болуп саналат/.

КАПИТАЛИЗМ капитализм /өндүрүш каражаттарына болгон капиталисттик жеке меншик жана жалданма эмгекти эксплуатациялоого негизделген коомдук-экономикалык формация, феодализмден кийин келүүчү эң акыркы антагонисттик формация. Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши менен капитализм дүйнөдөгү бардыгын кучагына алган бирдей бир система болуудан калды. Социализмдин дүйнөлүк системага айланышы, колониялык системанын кыйрашы капитализмдин жалпы кризисинин тереңдешине алып келип, анын биротоло ойрон болушу сөзсүз экендигин айгинелейт/.

КАПИТОЛИЙ Капитолий /I. байыркы Рим жайгашкан эң байыркы римдик капитолий храмы курулган жети дөбөнүн бири;

2. АКШнын конгресси өз заседаниелерин өткөрүүчү Вашингтондогу имараттын, көргиликтүү закон чыгаруучу ассамблеялардын сессиялары өтө турган америкалык штаттардын борбордорундагы имараттардын аты/.

КАПИТУЛЯЦИЯ капитуляция /I. согушуп жаткан мамлекеттердин жеңилген тарабынын каршылык көрсөтүүсүн жана согуш аракеттерин токтотуп, жеңген тараптын койгон шарттарына баш ийип, куралдуу күчтөрүн өткөрүп бериши; 2. Капитуляциялык режим /система/ - капиталисттик ири державалардын аки тарапка бирдей эмес келишимдерди түзүү жолу менен экономикалык жактан начар өнүккөн Азиянын жана Африканын бир катар өлкөлөрүнө таңуулаган жана буларды көз каранды кылып зөөүнүн бир каражатына айландырган режим/.

КАРАНТИН карантин /I. белгилүү бир адамдардын тобун, өлдүү пункттарды же территорияларды башкалар менен катташтырбай белүү, блокадага алуу чаралары: АКШнын империалисттери Куба республикасын 1962-ж.законсуз түрдө блокада кылышынын карантин деп атышкан; 2. Эпидемияга чалдыккан жерден келген кишилерди, транспортту, жүктү санитардык текшерүүгө алган пункт/.

КАРБОНАРИИ /"УГОЛЬЩИКИ"/ КАРБОНАРИЙЛЕР /"көмүрчүлөр"/ /XIX к. башында Италияда түзүлгөн чет элдик-француздук жана австриялык-зөөүгө каршы өз өлкөсүнүн көз каранды болбоотугу үчүн күрөшкөн революциялык жашыруун уюмдун мүчөлөрү. Карбонарийлер XIX к. 20-30-жылдарда Францияда да пайда болуп, алар реакциячыл монархиялык режимге каршы күрөшүшкөн/.

КАРДИНАЛ кардинал /католик чиркөөсүндөгү Рим папасынан кийинки диндик жогорку наам; ал эми папа кардиналдардын чогулушунда шайланат/.

КАРИКАТУРА карикатура /I. турмуштагы терс көрүнүштөрдү же конкреттүү кишини шылдыңдап, аңкерелөө максатында тартылган, коомдук-саясий сатиранын бир түрү болуп саналуучу сатиралык же юморис-

тик мүнөздөгү сүрөт; 2. жарамсыз, мазасыз тууроо; кандайдыр бир көрөнүн же кимдир биреөнүн күлкүлүү, бурмаланган селекету/.

КАРТ-БЛАНШ карт-бланш /I. күн мурунтан бирөө тарабынан аягына кол коюлуп, экинчи бир киши аны каалаган текст менен толтуруп алууга укук берилген актай бланк; 2. өтмө маанисинде: чексиз укук, чексиз бийлик/.

КАРТЕЛЬ картель /ургундай бир типтеги продукцияларды чыгаруучу капиталисттик монополиялардын негизги түрлөрүнүн бири, союз, бирикмеси/.

КАРЬЕРИЗМ карьеризм, мансапкордук /коомдук талап менен эсептешпей, керт башынын пайдасы үчүн гана ийгиликтерге жетүүгө, кызматтан жогорулоого умтулуу/.

КАССАЦИЯ кассация кылуу /I. сот законунун эрежелерин бузгандыгына байланыштуу төменкү сот инстанциясынын күчүнө кирө элек чечимдерин жана өкүмдөрүн соттун жогорку инстанциясынын жокко чыгарышы же кайра карашы; 2. өкүмдү ушундай кылып жокко чыгаруу тууралуу берилген даттануу, өтүнүч/.

КАССАЦИЯ ВЫБОРОВ шайлоолорду кассация кылуу /шайлоо кампаниясынын жүрүшүндө шайлоо закону бузулгендиктен болуп өткөн шайлоону жарамсыз деп табуу/.

КАСТА каста /I. ата кесибинин жана укук абалдарынын бирдейлиги боюнча биригкен адамдардын тобу: дыйкандардын кастасы, кол өнөрчүлөрдүн кастасы, соодагерлердин кастасы ж.б.; өзгөчө каста Индияда өнүккөн. Индиянын конституциясы боюнча бардык касталар тең укуктуу деп эсептелгени менен, улут келеке чейин ич ичүндө касталык айырмачылыктар жана тең укуксуздуктар жокко элек; 2. өтмө маанисинде: өз кесибин, таламдарын ж.б. кол тийгис деп эсептеген, аны башкалардан коруучу топ: капиталисттик өлкөлөрдөгү офицердик каста ж.б./.

КАТАКЛИЗМ катаклизм /каратылыштагы жана коомдук турмуштагы капысынан болуучу чайраткыч чоң төңкөрүш, катастрофа/.

КАТАСТРОФА катастрофа /күтүлбөгөн жерден болгон чоң алаамат, оор жана кайгылуу окуя/.

КАТЕГОРИЯ категория /I. философияда – об"ективдүү дүйнөнүн кубулуштарынын жалпы касиеттерин жана байланыштарын билдирүүчү илимий түшүнүк. Мисалы: материя, ак-сезим, карама-каршылык, сапат жана сан, форма жана мазмун д.у.с.; 2. бир тектеги буюмдардын, кубулуштардын тобу, түркүмү же алардын жалпы белгилери; дарака, бир адистиктеги адамдар тобу ж.б./.

КАТОЛИЦИЗМ католицизм /Европадагы, Латин Америкасындагы ж.б. көп өлкөлөрдө католицизм үстөмдүк кылуучу дин болуп саналган жана Рим папасы башчылык кылган христиан дининдеги негизги үч багыттын бири/.

КАТОЛИЧЕСКИЕ ПАРТИИ католиктик партиялар /Италиядагы христиан-демократтык партия, ФРГдеги христиандык-демократтык союз ж.б. кирген Ватикан менен тыгыз байланыштуу буржуазиялык партиялар. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин европалык өлкөлөрдүн саясий турмушунда орчундуу ролду ойной баштаган католиктик партиялар динге жамынып алышып, өз таасирин массанын жайда буржуазияшын, бай дыйкандардын жана католик жумушчулардын айрым бөлүктөрүнүн арасына таратышкан/.

КАУДИЛЬО каудильо /орто кылымдардагы жана жаңы доордогу Испаниядагы жана Латын Америкасындагы бир катар өлкөлөрдөгү аскер башчылары; кийинчерээк төңкөрүш жасап бийликти колуна алган аскер башчысы. Фашисттик козголоңдун жана италиялык-германиялык интервенциянын /1936-39/ натыйжасында Испанияда бийликке келген Ф.Франко 1939-ж. өзүн империянын түбөлүк "башчысы" /"каудильо"/ – диктатор деп жарыялаган/.

КВАЛИФИКАЦИЯ квалификация /I. адамдын эмгектин кандайдыр бир түрүнө даярдыгынын, жарактуулугунун дарежеси; 2. кесип, адистик; 3. кандайдыр бир нерсени аныктоо же ага баа берүү; белгилүү бир категорияга, разрядга, топко жайгаруу/.

КВИСЛИНГИ квислингдер /Родинасын саткан чыкынчылар. Гитлерчилер менен кызматташ болгон Норвегиялык фашисттердин башчысы В.Квислингдин ысмында аталып, жалпы эле чыкынчы дегенди билдирип калган/.

КВОРУМ кворум /жыйналышка катышуучулардын закон, устав тарабынан белгиленген саны 1/2/ же 2/3, бул сан чогулушта кабыл алынган чечимдерди закондуу деп табуу үчүн зарыл шарт болуп эсептелинет/.

КВОТА квота /I. монополисттик бирикмелердин, картелдин, синдикаттын ж.б. мүчөлөрүнүн белгиленген продукцияны өндүрүүгө жана сатууга катышуу үлүшү; 2. алына турган налогдун өлчөмү; 3. кандайдыр бир нерсенин: импорттун белгиленген үлүшү, белүгү, нормасы/.

КЛАН клан /уруу, уруулук община. Алгачкы жолу бул түшүнүк кельт элдеринде пайда болгон; өтмө мааниде: кандайдыр бир топко, белгилүү бир адамдардын, саясий иш-мердердин чейресүнө, кабыл уюмга киргендер: "Кеннединин кланы", АКШдагы антикоммунисттик террористтик Ку-клукс-клан уюму/.

КЛАССОВАЯ БОРЬБА тап күрөшү /бардык антагонисттик коомдук-экономикалык формацияларды негизги күчү болуп эсептелинген карама-каршы болгон таптардын ортосундагы күрөш. Кул элөөчүлүк коомдон тартып бардык коомдордун тарыхы таптардын күрөшүнүн тарыхы болуп эсептелет. Марксизм-ленинизм тап күрөшү антагонисттик таптарга бөлүнгөн коомдун өнүгүшүндөгү кайнылдаткыч күч болорун илимий жактан аныктап, жумушчу табынын тап күрөшү социалисттик революцияга жана пролетариат дикта-

турасын орнотууга алып барарын көрсөттү. Пролетариаттын тап күрөшүнүн негизги формаларын экономикалык, саясий жана идеологиялык күрөш болуп эсептелет. Саясий күрөш пролетариаттын тап күрөшүнүн жогорку формасы, жумушчу табын жана бүткүл коомду эксплуатациядан куткаруунун чечүүчү шарты болуп саналат/.

КЛАССЫ ОБЩЕСТВЕННЫЕ коомдук таптар /"Коомдук өндүрүштүн тарыхый белгилүү системасындагы ээлеген ордуна, өндүрүш каражаттарына болгон мамилелерине, коомдук эмгекти уюштуруудагы ролуна коомдук байлыктан алган үлүшүнүн өлчөмүнө жана аны кандай жол менен алгандыгына карама айырмаланган адамдардын чоң топтору" /В.И.Ленин/. Эксплуататордук коомдо таптардын ортосунда айгышкан күрөш жүрөт. Капиталисттик коомдогу негизги таптар буржуазия жана помещиктер, пролетариат жана дыйкандар. Социалисттик коомдо антагонисттик эмес таптар саналат: СССРде жумушчу табы, колхоздук дыйкандар, ошондой эле социалдык катмар болуп эсептелген эмгекчи интеллигенция бар. Таптар жана таптык айырмалар коммунизм доорунда толугу менен жоюлат/.

КЛЕВРЕТ клеврет /жан – көкөр; өзүнүн пайдасына жагыш үчүн кандайсынсына карабай бардыгын кылоого жөндөмдүү жан – көкөр/.

КЛЕРИКАЛ клерикал /I. клерикализмди жактоочу, клерикал партиясынын мүчөсү; 2. дин кызматчысы/.

КЛЕРИКАЛИЗМ клерикализм /капиталисттик мамлекеттерде өлкөнүн саясий жана маданий турмушунда чиркөөнүн үстөмдүгүн күчөтүүгө далалат кылган реакциячыл агым. Католик чиркөөсүнүн таасири күчтүү капиталисттик өлкөлөрдө – Италияда, ФРГда ж.б. монополисттик капитал колдогон клерикалдык саясий /"христиан – демократиялык" ж.б./ партиялар бар. Эмгекчилердин артта калган бөлүгүнүн диндик сезимин, ишенимин жана нааандыгын пайдаланышып, клерикалдар жумушчу табынын биримдигин бөлүп – каруусу аракеттенишип, жумушчу кыймылына каршы айгышкан күрөш жүргүзүшөт/.

КЛИКА клика /өз максатына жетүү үчүн арам ой менен биригишкен кишилердин тобу: фашисттик клика/.

КЛИРИНГ клиринг /өз ара талаптар боюнча милдеттенмелерди эсепке алуу жолу менен колмо-кол төлөбөй, анчасы эсептешүү системасы. Эл аралык клирингдик эсептешүүлөрдө мамлекеттердин бири бирине болгон карызы өз ара товар берүү жана төлөө милдеттенмелерин алуу жолу менен жоюлат/.

КОАЛИЦИЯ коалиция /мамлекеттердин, саясий партиялардын, профсоюздардын ж.б. уюмдардын жалпы бир максатка жетүү үчүн түзүлгөн союзу, биримдиги: экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө түзүлгөн антигитлердик согуштук коалиция/.

КОГОРТА когорта /I. байыркы Римдеги легиондун составына кирген жөө аскерлердин отряды; 2. өткө мааниде: адамдардын биримдиги, бир көпчөн тобу/.

КОД код /телеграфтык белгилер, жашыруун кат алышуулар ж.б. максаттар үчүн колдонулуучу шарттуу белгилердин системаси/.

КОДЕКС кодекс /I. унчулуу кандайдыр бир тармагындагы закондордун системалаштырылган жыйнагы: эмгек жөнүндөгү закондордун кодекси; 2. белгилүү бир коомдук чөйрөдө кабыл алынган этикалык нормалардын жана эрежелердин жыйынтыгы: КПССтин Жаңы Программасындагы коммунизмди курууучулардын моралдык кодекси; 3. өзгөчө кандайдыр бир тармагын, спорттук мелдештерди ж.б. жөнгө салуучу эрежелердин жана жоболордун жыйнагы/.

КОЛЛАБОРАЦИОНИСТЫ коллаборационисттер /чыккынчылар; экинчи дүйнөлүк согушта гитлердик Германия басып алган өлкөлөрдө өз Родинасын сатышып, фашисттер менен кызматташ болуп кетишкен адамдар, өз элинин чыккынчылары/.

КОЛЛЕГИАЛЬНОСТЬ коллегиялуулук /иштин атайын дайындалган жө шайланган адамдардын тобу тарабынан талкууланыш жана чечилиши; коллегия жө коллегиялык органдын кардамы менен, коомдук талкуулоо методу менен башкаруу, жетекчилик кылуу, масела чечүү/.

КОЛЛЕГИЯ коллегия /кандайдыр бир жетекчи, административдик, башкаруучу жө кенеш боруучу органдарды түзүү үчүн дайындалган жө шайланган адамдардын тобу: министерствонун коллегиясы, редакциялык коллегия ж.б./.

КОЛЛЕКТИВИЗАЦИЯ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА айыл чарбасын коллективдештирүү /Лениндик кооперативдик пландын негизинде социализмди куруу процессинде майда, бытыранды, жекече дыйкан чарбаларын ыктыярдуу түрдө коллективдешкен ири чарбага - колхоздорго бириктирүү жолу менен айыл чарбасын социалисттик кайра түзүү/.

КОЛЛЕКТИВИЗМ коллективизм /эмгектин, менчиктин, көз карандысыз максаттардын жана идеалдардын жалпылыгына, керт башынын мүдөөсүн коомдук кызыкчылыкка ар-сезимдүү баш ийдирүүгө негизделген эмгекчилердин биримдүүлүк, колдоштук кызматташтык принциби/.

КОЛЛЕКТИВНАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ коллективдүү коопсуздук /тынчтыкты камсыз кылуу, агрессияга жол бербөө максатында иш-чараларды көргүзүү үчүн мамлекеттердин кызматташтыгы/.

КОЛЛЕКТИВНОСТЬ РУКОВОДСТВА жетекчиликтин коллективдүүлүгү /Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын жетекчилик кылуусунун жогорку принциби; партиялык уюмдарда жана анын жетекчи органдарында бардык маселелер бул принципке ылайык коллегиялдуу түрдө, биргелешип талкуулоо жолу менен чечилет. Мамлекеттик органдардын, профсоюздун, комсомолдун ж.б. шайлануучу коомдук уюмдардын иштери да ушул принцип боюнча көргүзүлөт/.

КОЛЛЕКТИВНЫЙ ДОГОВОР коллективдүү келишим /ишкананын, мекеменин администрациясы менен кызматчылар коллективинин

профсоюзунун ортосундагы түзүлгөн келишим. СССРде жана социалисттик башка өлкөлөрдө коллективдүү келишим өндүрүштүк планды орундатуу, эмгекти уюштурууну жана коргоону жакшыртуу, ишканадагы жана мекемедеги ички тартипти сактоо, жумушчуларды жана кызматчыларды материалдык-тиричилик жана маданий жактан тейлөөнү жакшыртуу боюнча эки тараптын өз ара алган милдеттенмелерин камтыйт. Капиталисттик өлкөлөрдө коллективдүү келишим түзүү жана эмгек шарттарын жакшыртуу үчүн күрөшүү эмгекчилердин өз укуктары үчүн болгон күрөшүнүн бир формасы болуп эсептелет/.

КОЛЛИЗИЯ коллизия /карама-каршы көз караштардын, ыктыярлардын, сезимдердин, талаптардын катуу кагылышуусу; адабиятта жана искусстводо - турмуштагы конфликтерди жана күрөштү чагылдырып көрсөтүү/.

КОЛЛОКВИУМ коллоквиум /I. окуучулардын билимин текшерүү максатында мугалимдин алар менен өңгөмөлөшүүсү, оозеки экзамендин бир түрү; 2. белгилүү бир темада докладдарды талкуулай турган илимий чогулуш/.

КОЛОНИАЛИЗМ колониализм /капиталисттик өлкөлөрдүн империализм доорунда өзүнүн өзгөчө формасына жеткен зордуктап басып алуучу, талоончул саясаты/.

КОЛОНИЗАЦИЯ колонизация, колонизациялоо /I. өлкөнүн чет жакасындагы же анын чегинен тышкары бош, өзү жаткан жерлерге элди отурукташтыруу: байыркы грек шаарлары-мамлекеттери Кара-Ортолук деңизинин, Кара деңиздин жээктерине өздөрүнүн колонияларын уюштурушкан; 2. капитализмдин түшүндө башка өлкөлөрдү жана элдерди күч менен басып алуу, аларды көз каранды кылып, колонияга айландыруу жана эксплуатациялоо/.

КОЛОНИЯ колония /I. мурда жаак жашабаган же жергиликтүү элден тартып алган жерге курулган эл жашоочу жай; 2. экономикалык жана

саясий өз алдиначалыгын жоготуп, басып алган ири мамлекеттин карамагына өткөн көз каранды өлкө же область. к. КОЛОНИАЛИЗМ; 3. белгилүү бир улуттун чет өлкөгө же бөтөн жерге көчүп барып, ал жерде чогуу жашаган адамдары: чет өлкөлөрдөгү эрмян колониялары; 4. бир өлкөдөн экинчи өлкөгө көчүп барган адамдардын турган жери; 5. түрдүү себептерге, максаттарга, дарылоо, түзөтүү ж.б., карата илайынтаптырылып топтолгон адамдардын туруучу жайы; дудуктар колониясы; балдар колониясы/.

КОЛХОЗ колхоз /коллективдешкен чарба коомдук өндүрүш карахаттарынын жана коллективдүү эмгектин негизинде ири социалисттик айыл чарба өндүрүшүн бирголешип жүргүзүү үчүн дыйкандардын ыктыярдуу биригишкен кооперативдүү уюму. к. КООПЕРАЦИЯ, КОЛЛЕКТИВИЗАЦИЯ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА. Колхоз өзүнүн өндүрүшүн эга бекер жана мөөнөтсүз бекитилип берилген мамлекеттин мөнчүк жериңде жүргүзөт. Анын иши колхозчулардын жалпы чогулушунда бекитилген Уставдын негизинде жөнгө салынат да, пландын жана чарбалык расчеттун принциптеринин негизинде ишке ашырылат/.

КОЛХОЗНО-КООПЕРАТИВНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ колхоздук – кооперативдик мөнчүк /СССРдеги социалисттик мөнчүктүн бир формасы; колхоздордун ж.б. кооперативдик уюмдардын уставдык милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл болгон өндүрүш карахаттарынан жана башка мүлкүнөн турган мөнчүгү. Буга керек-жарак коомдоруна, турак жай, курулуш ж.б. кооперативдерине тиешелүү болгон мүлктөр да кирет. Өнүккөн социализм доорунда айыл чарба өндүрүшүн чарба аралык кооперация жана агро-өнөр жай интеграциясынын базасында адистештирүү жана концентрациялоо менен мамлекеттик /жалпы элдик/ жана колхоздук – кооперативдик мөнчүктөр кайшаруусуз жакындашууда/.

КОМБИНАТ комбинат /1. СССРдеги технологиялык процесси боюнча бири-бири менен байланыштуу болгон бир нече ишканаңы биригтирген ири ишкана. Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлеген кийим тигүүчү ательелердин, жамап-жасгоочу мастерскаялардын, чач тарачтардын, мончолордун, кир жуугучтардын ж.б. бирикмеси да комбинат деп аталат; 2. капиталисттик өлкөлөрдө – өнөр жайдын ар түрлүү тармактарынын, ишканаларынын конкуренттик күрөш үчүн уюшулган бирикмеси/.

КОМБИНАЦИЯ комбинация /1. кандайдыр бир фактыларды, нерселерди тийиштүү өлчөмдө, составда, белгилүү ыраттуулук жана тартип боюнча айкалыштыруу, коюу: боектордун комбинациясы, тонттардын комбинациясы; 2. максатка жетүү үчүн ар түрдүү карахаттарды жана ыктарды колдонуу менен түзүлгөн иш-аракеттин татаал планы: стратегиялык комбинация, шахматтык комбинация; 3. көбүнчө кыянаттык, жаман максат үчүн жасалган амалкөйлүк, айлакердик: кызыл кулактык комбинация ж.б./.

КОМИНТЕРН Коминтерн /к. КОММУНИСТИЧЕСКИЙ ИНТЕРНАЦИОНАЛ/.

КОМИНФОРМ /ИНФОРМАЦИОННОЕ БЮРО КОММУНИСТИЧЕСКИХ И РАБОЧИХ ПАРТИЙ/ коминформ, коммунисттик жана жумушчу партиялардын информациялык бюросу/ өз ара макулдашуунун негизинде тажрыйба алмашууну уюштуруу жана иш-аракеттерди координациялоо үчүн 1947-ж. сентябрда айрым коммунисттик партиялардын информациялык кеңешмесинин чечими боюнча түзүлгөн бир катар коммунисттик жана жумушчу партиялардын өкүлдөрүнүн бюросу. Коминформ 1956-ж. чейин иштеген/.

КОМИССАР комиссар /саясий, административдик милдеттерди аткаруу үчүн мамлекет /өкмөт, закон чыгаруучу орган/ тарабынан өкүл кылып дайындалган адам; СССРде 1917-1946-жылдарда /министерликтер уюшулганга чейин/ ал комиссары өкметтүн мүчөсү болуп эсептелинип, тигил же бул эл комиссариатына башчылык кылган; 1918-1942-жылдарда аскер комиссары болгон, ал Коммунисттик партиянын жана Совет өкмө-

түнүн атайы окуу катарында аскерлердин нукуруен, саясий жана материалдык-техникалык абалына жана согуштун милдеттердин аткарылышына аскер белүгүнүн командири менен бирдей коом берген/.

КОМИССАРИАТ комиссариат /комиссар башкарган мамлекеттик мекеме же орган; эл комиссариаты СССРдеги азыркы министерствонун ордундагы /1917-1946-жылдарда/ боорбордук мамлекеттик орган; аскер комиссариаты - СССР Коргоо министерствосунун системасындагы жергиликтүү учеттук - мобилизациялоо органы/.

КОМИССИЯ комиссия /1. белгилүү бир маселени даярдоо же иштеп чыгуу, контролдук кылуу, текшерүү ж.б. функцияларга ээ болгон шайлануучу же дайындалуучу мамлекеттик коомдук коллегиялуу орган; турунтуу же белгилүү мөөнөткө түзүлгөн комиссиялар да болот; 2. бир тараптын - комиссионердин экинчи тараптын тапшыруусу боюнча белгилүү бир келишим, бүтүм жасоого милдеттүү кылган келишим; 3. комиссионерге төлөнө турган акы; заказдар бюросунун белгилүү акыга - комиссиялык кийинге самолетко же поездге билетти үйгө жеткирип бериши/.

КОМИССИЯ ПО ПРАВАМ ЧЕЛОВЕКА Адамдын укуктары боюнча комиссия /ООНдун Экономикалык жана Социалдык Советинин /ЭКОСОС/ 1946-жылы түзүлгөн кардамчы органы ЭКОСОСтун тапшыруусу менен белгилүү бир маселелер боюнча изилдөөлөр жүргүзөлөт, информация даярдалат, сунуштар жасалат. Бул комиссия адамдын укуктарынын Жалпы декларациясы,расалык дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө эл аралык конвенция сыяктуу көптөгөн эл аралык мааниликүү документтерди иштеп чыгууга катышты. Ал өзүнүн резолюцияларын кабыл алат, ошондой эле ООНдун Генералдык Ассамблеясы кабыл алып турган ЭКОСОСтун резолюцияларынын долбоорлорун сунуш кылат/.

КОМИТЕТ комитет /1. партиялык, комсомолдук, профсоюздук ж.б. коомдук-саясий уюмдарга, илимий, агартуу ж.б. коомдорго же коомдук

иштин белгилүү бир тармагына жетекчилик кылуучу шайланма орган: Тынчтыкты Коргоонун Советтик комитети; 2. СССРде мамлекеттик башкаруунун системасындагы ар түрдүү функцияларды: пландаштыруу,контролдук кылуу, эл чарба жана маданий курулуштун айрым тармактарына жетекчилик кылуу, илимий проблемаларды иштеп чыгуу ж.б. иштерди аткарууга жетекчилик кылуучу атайын органдар/.

КОМИТЕТ МОЛОДЕЖНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ СССР СССРдин жаштар уюмдарынын комитети /советтик жаштар уюмдарынын чет өлкөлөрдөгү демократтык жаштардын жана студенттердин уюмдары менен кызматташтыкты жана достук байланышты орчутуу үчүн түзүлгөн коомдук уюм. Ал 1941-жылы советтик жаштардын Антифашисттик комитети катарында уюшулуп,1956-жылдан СССРдин жаштар уюмдарынын комитети деп аталат/.

КОМИТЕТ ПО ИЗУЧЕНИЮ КОСМИЧЕСКОГО ПРОСТРАНСТВА /КОСПАР/ Коомоо мейкиндигин изилдөө боюнча комитет /1958-жылы түзүлгөн эл аралык уюм. Негизги максаты - ракеталардын жана спутниктердин жардамы менен жүргүзүлүүчү илимий изилдөөлөрдүн бардык түрүн эл аралык масштабда уюштуруу жана жөнгө салуу. КОСПАРдын составына СССР баш болгон бир катар социалисттик өлкөлөр, коомдук изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн капиталисттик жана өнүгүп келаткан мамлекеттер кирет. КОСПАРдын турган жери - Париж/.

КОМИТЕТ ПАРТИЙНОГО КОНТРОЛЯ /КПК/ Партиялык контролдоо комитети /Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети тарабынан БКнын алдында уюштурулган КПССтин жогорку органдарынын бири. Бул орган: а/КПССтин мүчөлөрүнүн жана мүчөлүккө кандидаттардын партиялык тартипти сакташын текшерет, партиянын Программасы менен Уставын, партиялык жана мамлекеттик тартипти, партиялык моралды бузган коммунисттерди жоопко тартат; б/ партиядан чыгаруу жана партиялык катар берүү жөнүндөгү союздук республикалардын Коммунисттик пар-

тиялардын Борбордук комитеттеринин, партиянын крайлык жана областтык комитеттеринин чечимдерине болгон аппеляцияларды карайт/.

КОМИТЕТ ПО РАЗОРУЖЕНИЮ Куралсыздандыруу комитети /СССР менен АКШнын сүйлөшүүлөрүнүн натыйжасында 1961-жылы түзүлүп, ага 18 мамлекет кирсе, 1977-жылы Комитеттин составына 31 өлкө кирди. Анда социалисттик жана батыштагы капиталисттик мамлекеттердин өкүлдөрүнүн саны бирдей, блокторго кошулбаган өлкөлөрдүн да тийиштүү өкүлдөрү бар. Чечимдер Комитеттин бардык мүчөлөрүнүн жалпы макулдугунун негизинде кабыл алынат. СССРдин демилгеси жана активдүү катышуусу менен Комитет ядролук куралдарды жайылтпоо жана ядролук куралдарды, ж.б. массалык кыратуучу куралдардын түрлөрүн дениздердин, океандардын түбүндө жайлаштырууга тыюу салуу жөнүндөгү келишимдерди, бактериологиялык жана токсиндик куралдарды өндүрүүгө тыюу салуу жана алардын запасын жок кылуу жөнүндө конвенцияны ж.б. маанилүү келишимдерди иштеп чыкты. 1978-жылы майда болуп өткөн ООНдун Генералдык Ассамблеясынын атайын сессиясында Комитеттин составын дагы кеңейтүү, анын ишин жакшыртуу жагы макулдашылды. Комитеттин заседаниелери Женевада өткөрүлөт/.

КОМИТЕТ СОВЕТСКИХ ЖЕНЩИН Советтик аялдарынын комитети /коомдук уюм; 1941-жылы советтик аялдардын Антифашисттик комитети уюшулуп, 1956-жылдан Советтик аялдардын комитети деп аталат. 1945-жылдан бери Аялдардын Эл аралык демократтык федерациясына кирет. Ал дүйнөдөгү 140тан ашуун мамлекеттердин прогрессивдүү аялдар уюмдары менен достук байланышта болуу менен, боштондукка чыккан өлкөлөрдүн аялдар уюмдарына жардам көрсөтүүдө/.

КОММЕНТАРИЙ комментарий /кандайдыр бир чыгарманын, документтин, китептин ж.б.тексттин түшүндүрүү, ага кошумча түшүндүрмө берүү; кандайдыр бир окуяны, иш-аракетти ж.б. жазуу жүзүндө же оозеки түшүндүрүп, талкуулап берүү/.

КОММУНА коммуна /1. орто кылымдардагы Батыш Европадагы өзүн-өзү башкаруунун жаңы тиби; 2. өндүрүш каражаттарын жана эмгекти коомдоштуруунун негизинде уюшулган коллектив; 3. азыркы кездеги Франциядагы жана көп бир башка өлкөлөрдөгү административдик-территориялык бирдик/.

КОММУНАР коммунар/1. Париж коммунасынын мүчөсү; 2. жалпы эле коммунанын мүчөсү/.

КОММУНИЗМ коммунизм /бардык жагынан өркүндөп=өсүп жаткан коммунисттик коомдук - экономикалык формациянын капитализмдин ордуна тарыхый закон ченемдүү түрдө келүүчү эң жогорку баскычы. Коммунисттик коом пролетардык революциянын жеңишинин, капитализмден социализмге өтүүчү мезгилде мамлекеттин формасы болгон пролетариат диктатурасынын орношунун жана коммунизмдин биринчи фазасы болгон социалисттик коомду куруунун натыйжасында курулат. Коммунизм - адам коомун уюштуруунун жогорку формасы. КПССтин XXП с"езди кабыл алган партиянын Программасында коммунизмге мындай деген аныктама берилген: "Коммунизм дегенибиз - бул өндүрүш каражаттарына жалпы элдик бирдиктүү менчиги болгон, коомдун бардык мүчөлөрүнүн социалдык толун тендиги болгон таптык коомдук түзүлүш, анда адамдардын ар тараптан өнүгүшү менен бирге дайыма өнүгүүчү илимдин жана техниканын негизинде өндүргүч күчтөр да өсөт, коомдук байлыктын бардык булактары толун ташкындап кебейет жана "Ар кимдин - жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге - керектөөсүнө жараша" деген улуу принцип ишке ашат. Коммунизм дегенибиз - бул эркин жана эң-сезимдүү эмгекчилердин жогорку даражада уюмдашкан коому, анда коомдук өзүн-өзү башкаруу иши орнойт, коомдун кыргалчылыгы үчүн иштелген эмгек бардык адамдардын турмуштук биринчи керектөөсү, түшүнүлгөн зарылдыгы болуп калат, ар кимдин жөндөмдүүлүгү элге эң чоң пайда келтирүү менен колдонулат"/.

КОММУНИКАЦИЯ коммуникация / автомобиль, темир жол, суу, аба ж.б. жол катнашы; кандайдыр бир пункттардын же райондордун ортосундагы байланыш/.

КОММУНИСТИЧЕСКАЯ МОРАЛЬ коммунисттик мораль /коммунисттик коомдун шарттарындагы адамдардын турмушунун жана мамилелеринин закондорун чагылдырып көрсөтүүчү нравалык принциптер жана нормалар,адамзаттын адептуулугунун жогорку баскычы. Социализмдин жеңиши жана коммунизмди ийгиликтүү алга жылдыруда коммунисттик моралдын принциптери жана нормалары жаңы мазмуун менен байыйт; мунун негизги талаптары КПССтин Программасында коммунизмди куруучунун моралдык кодекси түрүндө көрсөтүлгөн/.

КОММУНИСТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ СОВЕТСКОГО СОЮЗА /КПСС/ Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы /биздин өлкөнүн жумушчу табынын, колхоздук дыйкандарынын жана интеллигенциясынын алдыңкы, аң-сезимдүү бөлүгүн ынтымактуу түрдө бириктирген совет элинин күчүрөмөн сыналган авангарды. КПССти түзүүчү жана уюштуруучу В.И.Ленин болгон.

1898-ж. I с"езден тартып партия адегенде россиялык социал демократиялык жумушчу партиясы /РСДРП/ деп аталган. РСДРПнин II с"ездинде /1903/ анда эки агым: В.И.Лениндин айланасына баш коошкан большевиктер /революциячыл марксисттер/ жана меньшевиктер /оппортунисттер/ пайда болот. УП с"езде партия Россиялык Коммунисттик /большевиктер/ партиясы - РКП/б/ деп аталат. ССР Союзунун түзүлгөндүгүнө байланыштуу XIУ с"ездан /1925/ тартып ал Бүткүл союздук Коммунисттик /большевиктер/ партиясы - ВКП /б/ деп атала баштады. Партиянын XIX с"езди /1952/ ВКП/б/ни Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы - КПСС деп атады. Россиядагы марксисттик ыкжоктордон уюшулган жаңы типтеги саясий партия катары большевизм /большевиктер/ народниктер, "легалдык марксистер", "экономисттер", меньшевик-

тер ж.б. менен күрөштө өсүп-өнүктү. Большевизм - бул ленинизм,анын стратегиясы жана тактикасы - бул империализм жана пролетардык революциялардын доорундагы, Советтер Союзунда социализм жеңген доордогу марксизм.

Партиянын II с"езде кабыл алынган биринчи Программасы социалистик революцияны ишке ашырып, пролетариат диктатурасын орнотуу милдетин койгон. Октябрь революциясы жеңгенден кийин РКП /б/нин УШ с"езди /1919/ жаңы Программаны - социализмди куруу программасын кабыл алды. КПССтин XXП с"езди /1961/ үчүнчү Программаны - СССРде коммунизмди куруу программасын бекитти.

КПСС эбегейсиз зор жана даңктуу жолду басып өтүп, коомдук-саясий түзүмдүн жогорку формасына, советтик коомдун жетекчи жана багыт берүүчү күчүнө айланды. Ал Россиянын жумушчу табы менен эмгекчи дыйкандарын Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишине, пролетариат диктатурасынын орношуна алып келди. Граждандык согуш жеңиштүү аяктагандан кийин,партия эмгекчилердин бардык күч-аракеттерин социалисттик экономиканын фундаментин курууга багыттады. Троцкисттерге, оңчул оппортунисттерге жана оппозициялык башка топторго каршы күрөштө ал ленинизмди коргоп келди. Социализмди куруунун лениндик планын жетекчиликке алып, КПСС элдин күчүн өлкөнү индустриялаштырууга, айыл чарбасын коллективдештирүүгө жана маданий революцияны ишке ашырууга мобилизациялады. Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен эксплуататордук таптар жоюлуп, совет элинин моралдык жана саясий биримдиги түзүлүп жана чыңалды,-биздин өлкө күрдөөлдүү социалисттик державага айланды. Улуу Ата Мекендин согуштун жылдарында партия фашизмге каршы каардуу күрөштө совет элин уюштуруп, шыктандырып, идеялык жактан куралдандырды. Согуш жеңиштүү аяктагандан кийин КПСС эл чарбасын тезинен калыбына келтирип жана андан ары

өнүктүрүү үчүн жигердүү чараларды көрдү. Советтик демократияны мындан да жакшыртуу, жетилтүү курсун жүргүзүп, ал партиялык турмуштун нормаларын жана принциптерин сактоо жана так аткаруу үчүн зарыл болгон ич-чараларды күзөгө алырды. КПССтин XXV с"езди /1975/ партиянын акыркы жылдардагы бай тажрыйбасын жыйынтыктап, СССРде коммунисттик коомду куруунун ачык-айкын жолдорун белгиледи.

Өзүнүн бардык ишинде Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы марксизм-ленинизмдин улуу окуусун жетекчиликке алып, аны тарыхый жаңы шарттарга жараша илгери карай өнүктүрүп, революциячыл теорияга жат болгон ревизионизмдин жана догматизмдин ар кандай көрүнүштөрүнө каршы чечкиндүү күрөшүп жатат.

КПСС - жаңы коомду куруу процессине тикие байланыштуу такай өнүгүп отурган жандуу саясий организм. Анын ишинин бирден-бир зарыл шарты - демократтык централизм. Партиянын турмушунун бузулбас закону - анын идеялык жана уюштуруу жактан биримдиги, катарларынын болоттой бекемдиги, ач-сезимдүү катуу тартип. Партия коомдун өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири болгон принципиалдуу сынды жана өзүн-өзү сыноону күчөтүүгө чоң маани берет.

Коммунисттик курулушка шыгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган өлкөнүн ички жана тышкы саясатына жетекчилик кылууда, дүйнөлүк социалисттик системаны чыңдоодо КПСС өбөгөйсиз бай тажрыйбага ээ болду. Азыркы кезде эл аралык аренада тап күрөшү күч алып турган кырдаалда партия идеологиялык зор иштерди жүргүзүп жатат.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы - ал аралык коммунисттик жана жумушчу кыймылынын ажырагыс составдык бөлүгү. Ал пролетардык интернационализмдин марксисттик-лениндик принциптерине бекем туруп, бүткүл эл аралык коммунисттик жана жумушчу кыймылынын биримдигин, бардык өлкөлөрдүн коммунисттик жана жумушчу партияларынын бир

туугандык байланышын чыңдоого активдүү көмөк көрсөтүүдө/.

КОММУНИСТИЧЕСКИЕ СУББОТНИКИ коммунисттик ишембиликтер /советтик эмгекчилердин эмгекке коммунисттик мамиле жасап, коомдун жыргалчылыгы үчүн дем алыш жана жумуштан тышкаары убакта ыктыяры менен бекер иштеп бериши. Өзүнүн мүнөзү жана мазмуну боюнча коммунисттик ишембиликтер социалисттик милдеттин алгачкы түрлөрүнүн бирине болуп саналат. Биринчи ишембилик Москва - Сортировочная депосунун партиялык ячейкасынын демилгеси менен 1919-жылы 12-апрелде уюмдулуп, 15 коммунист ишембиге караган түнү /аты ушундан келип чыккан/ 10 саатын ичинде 3 паровозду бекер ремонттошкон. Бул сааналыкты Москва к.б. шаарлардын жумушчулары кызуу колдоого алышкан. Коммунисттик ишембиликтердин алгачкы тажрыйбасын В.И.Ленин "Улуу демилге" деген чыгармасында жыйынтыктап, аларды "коммунизмдин бүчүрлөрү" деп атап, буга тарыхый зор маани берген. 1920-жылы 1-майда өткөрүлгөн Москвадагы Бүткүл россиялык ишембилинке В.И.Ленин катышкан. Коммунисттик ишембиликтер жана жекишембиликтер биринчи беш жылдыктарда, Улуу Ата мекендин согуштун мезгилинде жүргүзүлүп турган. Эмгекчилердин демилгеси менен 1969-жылдан бери Бүткүл союздук коммунисттик ишембиликтер өткөрүлөт, алардан түшкөн каражаттар социалдык-маданий максаттар үчүн пайдаланылат/.

КОММУНИСТИЧЕСКАЯ УБЕЖДЕННОСТЬ коммунисттик ишеним, ишенгендик /коммунисттик идеалдарга жан-дили менен берилгендик, коммунисттик идеялардын салтанатына ишенгендик; бүткүл адамзаттын жарыбаган келечеги болгон коммунизм үчүн күчүн жана жанын аябаган марксисттер-ленинчилердин ажырагыс сапаты/.

КОММУНИСТИЧЕСКИЙ ИНТЕРНАЦИОНАЛ /Коминтерн, III Интернационал/ Коммунисттик интернационал /бүткүл дүйнөнүн коммунисттик партияларынын 1919-ж.уюмулган эл аралык биримдиги. Коммунисттик интернационал-

дын уюштуруучусу жана шыктандыруучусу В.И.Ленин болгон. I Интернационалдын колун голдоп, Коминтерн ар түрдүү өлкөлөрдүн эмгекчилеринин ортосундагы байланышты калыбына келтирип, андан ары чындап, маанилүү тарыхый ролду ойногон. Ал марксизм-ленинизмди оппортунисттер менен ревизионисттердин бурмалоолорунан коргоп калып, жеп коммунисттик партияларды идеялык жактан тазалатып, аларды бак контурууга көмөкчү болгон. Дүйнөлүк революциялык кыймыл өсүп жетилгендиктен, жаңы тарыхый шарттарда Коммунисттик партияларды биригтирүүнүн мындай уюштуруу формасы керексиз болуп калгандыктан, 1943-ж. Коммунисттик интернационалдын Аткаруу Комитетинин Президиуму Коминтернди таратуу жөнүндө чечим кабыл алган/.

КОММУНИСТИЧЕСКИЙ ИНТЕРНАЦИОНАЛ МОЛОДЕЖИ /КИМ/ Жаштардын Коммунисттик интернационалы /1919-ж. В.И.Ленициндин демилгеси менен социалисттик жаштардын I конгрессинде уюмдулуп, Коммунисттик Интернационалга өзүнчө секция катарында кирген эмгекчи жаштардын эл аралык революциялык уюму. КИМдин кезек-кезеги менен чакырылып турууучу конгрессстеринде дүйнөлүк социалисттик жаштардын турмушуна байланыштуу маанилүү маселелер талкууланып турган. КИМдин секциялары 56 өлкөгө таралган. Бүткүл дүйнөлүк конгресс жана КИМдин Аткаруу комитети анын жетекчи органдары болуп эсептелген. Коммунисттик Интернационалдын таратылышына байланыштуу 1943-ж. КИМ да таратылган/.

КОММУНИСТИЧЕСКИЙ МАНИФЕСТ Коммунисттик Манифест ж. "МАНИФЕСТ КОММУНИСТИЧЕСКОЙ ПАРТИИ".

КОММУНИСТИЧЕСКИЙ ТРУД коммунисттик эмгек /I. жетилген коммунисттик коомдогу ар бир адамдын турмуштук эң биринчи талабына айланган эмгек. В.И.Ленициндин аныктамасы боюнча ал бүткүл коомдун пайдасы үчүн болгон бекер эмгек, аны аламын деп эсептебеген ыктыярдуу эмгек; 2. кенири маанide: социализмдин мезгилиндеги эмгектин белгилерин жа-

на тенденцияларын да ичине алат, алардын өсүшүнүн натыйжасында коммунисттик эмгекке өтүүгө шарттар түзүлөт. Коммунисттик эмгек үчүн болгон кыймыл коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн көтөрүү, эмгек дисциплинасын жана ар бир жумушчу орунда жоопкерчиликти чыңдоо үчүн жумушчулардын патриоттук саамалыктары, алдыңкы жаңы методдорду,ыктарды тынымсыз издөө жана ушул сыяктуулар эмгекке коммунисттик мамиле жасоонун көрүнүшү болуп саналат/.

КОММУНИСТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ коммунисттик тарбия /коммунисттик коомду куруунун жүрүшүндө эмгекчилерди, өсүп келаткан жаштынчектерди коомдук тарбиялоонун, коммунизмдин активдүү жана аң-сезимдүү курууучуларын даярдоонун кең кирдүү процесси. КПССтин идеологиялык ишинин эң маанилүү милдеттеринин бири болгон коммунисттик тарбия коммунисттик көз карашты, коммунисттик интернационалдүүлүктү, патриотизм жана интернационализм сезимин өстөп чыгууга, капитализмдин сарынцыларын, буржуазиялык көз караштар менен моралдын калдыктарын толугу менен жоюуга, адамдарды ар тараптан өстүрүүгө, коммунисттик моралдын нормаларын кеңк баштын ыкынимине жана күнделүк жүрүш-турушун эрежесине айландырууга багытталган. Адамдардын коомдук тиричилигинин түп-тамырынан бери өзгөрүшү, алардын социалисттик жана коммунисттик курулушка активдүү катышуусу коммунисттик тарбиянын чечүүчү фактору болуп эсептелет/.

КОММУНИСТИЧЕСКОЕ ОБЩЕСТВЕННОЕ САМОУПРАВЛЕНИЕ коммунисттик коомдук өзү башкаруучулук /өлкөдө коммунисттик коомду куруу, эл аралык аренада социализмдин жеңиши жана бекемдеши менен орной турган коомду уюштуруу. Коммунисттик коомдук өзү башкаруунун бетенчелүүгү мындай башкаруу учурунда анын органдары жана функциялары саясий мүнөзүн жоготуп, коомду башкаруу өз алдынча кесип /профессия/ болуудан калат.

Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, коммунисттик коомдук мамилелердин өнүгүшү жана жаңы адамдын калыптыгы, коомдун бардык мүчөлөрүнүн аң-сезиминин жогорку деңгээлге жетиши, социалисттик демократиянын илгери карай өсүшү, коомдун иштерин башкарууга бардык граждандарды тартуу - коммунисттик коомдук өзү башкаруунун түзүлүү процессинин шарттары болуп эсептелет да, мунун жетилиши халең гана мамлекеттик бийлигтин органдарынын коомдук өзү башкаруунун органдарына айланышына гана эмес, бардык коомдук уюмдардын иштеринин активдештирилишине жарама болот/.

КОММЮНИКЕ коммюнике /эл аралык сүйлөшүүлөрдүн, келишимдердин, мамлекеттик жана коомдук иштердин, делегациялардын к.б. ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн жүрүшү жана натыйжалары; өлкөнүн ички турмушунун маанилүү окуялары к.б. жөнүндө официалдуу билдирүү. Коммюниканын тексти сүйлөшүүлөргө катышкандардын бардыгы менен макулдашылат/.

КОМПАНИЯ компания /I. бирге убакыт өткөрүүгө, бирге көңүл ачууга чогулган бир тилектеш, бир максатташ адамдардын тобу; 2. айрым капиталисттердин тең шерик болуп катышкан өнөр жай, финансылык же соода ишканасы: акционердик компания/.

КОМПЕНСАЦИЯ компенсация, компенсациялоо /бир нерсенин ордун толтуруу же тарткан зыяндын ордун толуктоо; закон боюнча көрсөтүлгөн өзгөчө учурда кызматкерге акы төлөө: пайдаланылбай калган отпуск күндөрүнө акча төлөп берүү/.

КОМПЕТЕНЦИЯ компетенция /кандайдыр бир адамдын же мекеменин полномочиеси; тигил же бул ишти мыкты билген маселелердин тобу/.

КОМПИЛЯЦИЯ компиляция /I. башка авторлордун эмгектеринен материалдарды алып, аларды өз алдынча иштеп жана изилдеп чыкпастан, ошол боюнча пайдалануу менен түзүлгөн адабий чыгарма, илимий эмгек/.

КОМПЛЕКС комплекс /бүтүн бир нерсени түзө турган буюмдардын, нубулуштардын, аракеттердин, касиеттердин, түшүнүктөрдүн айкалышы, жыйнагы: курулуш комплекси/.

КОМПРАДОРСКАЯ БУРЖУАЗИЯ компрадордук буржуазия /тышкы соода жүргүзүп, чет элдик капитал менен жергиликтүү рынокту ортосунда делдалчылык кылуучу, империалисттер менен тыкыс байланышта болуп алып, алар менен бирге эл массаларын талап-тоноого, колониялык жана көз каранды өлкөлөрдөгү улуттук-боштондук кыймылды басууга катышуучу, экономикалык жактан артта калган колониялык жана көз каранды өлкөлөрдөгү ири соодагерлерден турган буржуазиянын бир бөлүгү/.

КОМПРОМЕТАЦИЯ /КОМПРОМЕТИРОВАНИЕ/ жаман аттуу кылуу /беделин түшүрүү, абийирин кетирүү, кимдир бирөөнү башкалардын алдында жаман атка кондуруу/.

КОМПРОМИСС компромисс /эки тараптын ортосунда бири бирине жол берип, ырка келүү, макулдашуу аркылуу түзүлгөн келишим/.

КОНВЕНЦИЯ конвенция /кандайдыр бир атайын маселе боюнча түзүлгөн эл аралык келишим: балык кармоо боюнча конвенция, темир жол конвенциясы к.б./.

КОНВЕРГЕНЦИЯ ТЕОРИЯ конвергенция теориясы /тарыхый процесстин жүрүшүндө социализм менен капитализмдин ортосунда айырмачылыктар жоюлуп, "жакындашат" жана "биригишет", бул кандайдыр бир "ортолук" коомдун чыгышына алып келет имиш деген негизсиз идеяны жактоочу, аны элге тануулоого аракет кылуучу империализмдин идеологиялык диверсиясынын дагы бир түрү болгон азыркы кездеги империалисттик буржуазиянын реакциячыл теориясы/.

КОНВЕРСИЯ конверсия /мурда чыгарылган мамлекеттик заемдордун алгачкы шарттарын өзгөртүү боюнча мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн

ш=чаралар: а/ заемдун адегенде белгиленген процентин төмөндөтүү; б/ мурда чыгарылган заемдордун бардыгын жаңы чыгарылган конверсиондун заеми менен алмаштыруу; в/ кыска мөөнөттүү заемдорду узак мөөнөттүү заемдорго айландыруу; г/ заемдорду төлөөнүн мөөнөттөрүн жана көлөмүн өзгөртүү/.

КОНВЕРТИРОВАНИЕ конверсиялоо /I. өлкөнүн валютасын чет өлкөнүн валютага конверсиялоо /алмашуу/; 2. ишканаларды согуштук продукцияларды чыгарууга которуу/.

КОНГЛОМЕРАТ конгломерат /I. ар түрдүү нерселерди, бөлүктөрдү, ой-пикирлерди системасыз, баш аламан, механикалык түрдө бириктирүү. Бул термин принципиалдуу негизи жок, кандайдыр бир бирикмелердин, союздардын коюсунан болгондугун баса көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы; ар түрдүү элдерди, диндерди, маданияттарды жордоп бириктирген Александр Македонскийдин империясына окшогондорду да конгломерат деп аташат; 2. азыркы кезде империалисттик өлкөлөрдө, көбүнчө АКШда, пайда болгон монополисттик бирикмелердин бир формасы. Көп сандаган ар түрдүү майда монополияларды коюу жана өзүнө сиңирүү менен конгломерат, эреже катары, экономиканын эң жаңы тармактарында – ракеталык жана авиациялык, электрондук ж.б. өнөр жайларда пайда болуп, империалисттик мамлекеттердин тышкы жана ички саясаттарына багыт берүүчүлөрдүн бирине айланды/.

КОНГРЕГАЦИЯ конгрегация /I. католик монастрларынын же общиналарынын бирикмеси; 2. католиктик дин уюмдарынын бир түрү; 3. Ватикандын жетекчи органдарынын аты/.

КОНГРЕСС конгресс/I. кеңири составдагы, көбүнчө эл аралык мүнөздөгү кеңешме, с"езд: тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйнөлүк конгресси; 2. АКШдагы жана Латын Америкасынын көп өлкөлөрүндөгү закон чыгаруучу орган – парламент; 3. кээ бир өлкөлөрдөгү саясий

партиялардын жана уюмдардын аты: Индиянын улуттук конгресс деген партиясы/.

КОНГРЕССМЕН конгрессмен /АКШдагы жана кээ бир башка мамлекеттердеги конгресстин мүчөсү/.

КОНДОМИНИУМ /СОВЛАДЕНИЕ/ кондоминиум, биргелешип башкаруу /кандайдыр бир территорияны эки же бир нече мамлекеттердин биргелешип башкаруусу; колониалдык үстөмдүктүн бир формасы/.

КОНДОТЬЕР кондотьер /I. XIУ-XУ кылымдардагы Италиядагы айрым падышалардын жана Рим папасынын кызматындагы жалданма аскерлердин отряд башчылары; булар калкка зомбулук көрсөтүшүп, талап-тоноп турушкан; 2. өтмө мааниде: ач көз, сатылып кетүүчү киши/.

КОНКИСТАДОРЫ конкистадорлор/XУ к. аягында жана XУI к. башында Борбордук жана Түштүк Америкадан эбегейсиз зор территорияны басып алышып, анда талап-тоноонун, кергиликтүү калкты-индеецтерди кулга айландыруунун жана кырып жок кылуунун колониялык ырайымсыз режимин орнотушкан испандык баскынчылар/.

КОНКЛАВ конклав /жаңы Рим папасын өмүр бою шайлоо үчүн католик чиркөөлөрүнүн кардиналдарынын чогулушу жана Ватикан дворециндеги ушундай чогулуш өтө турган жай/.

КОНКОРДАТ конкордат /өлкөнүн территориясындагы католик чиркөөсүнүн ишинин негизги принциптери, анын укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн, реакциячыл режимди чыңдоого, революциялык ыйымылга каршы багытталган кандайдыр бир капиталисттик мамлекеттин өкмөтү менен Рим папасынын ортосундагы келишим/.

КОНКУРЕНЦИЯ конкуренция /I. кескече өндүрүүчүлөрдүн ортосунда товар өндүрүүнүн жана сатуунун ыңгайлуу шарттары үчүн жүргүзүлгөн күрөш; көшүмча пайда көп алуу үчүн капиталисттердин ортосундагы айгышкан күрөш; мындай күрөш өндүрүш каражаттарына болгон жеке

менчикке негизделген товардык өндүрүшкө мүнөздүү болот. Конкуренция капиталисттик өндүрүш менен коопсуздуктун стихиялык мүнөзүн белгилейт; 2. кеңири мааниде: кандайдыр бир тармактагы, майдандагы айрым кишилердин же адамдардын тобунун ортосундагы атаандашуу/.

КОНКУРС конкурс /натыйжуучулардын ичинен татыктууларын, абдан мыктысын аныктоого, тандап алууга мүмкүндүк берүүчү мелдеш: мыкты пьеса, окуу китеби үчүн болуучу конкурс; жогорку окуу жайынын профессорлорун же окутуучуларын дайындоо үчүн конкурс ж.б./.

КОНСЕРВАТИЗМ консерватизм /эски түзүлүштү, тартипти, салттарды ж.б. жактоочулук, коомдук - саясий турмуштагы, илимдеги искусстводогу, адабияттагы ж.б. прогресске, жаңылыкка каршы чыгуучулук. Саясий турмуштагы консерватизм – бул капитализмди жана эксплуататордук таптардын үстөмдүгүн өзгөртпөй сактоого аракет кылган, революциялык, улуттук - боштондук, прогрессивдүү кыймылдарга каршы чыккан, монополисттик капиталдын кызыкчылыгына туура келүүчү империалисттик, колониалдык тышкы саясатты жактаган реакциячыл багыт/.

КОНСЕРВАТОР консерватор /I. консерватизмди жактоочу, прогрессивдүү жаңы түзүлүштөрдүн жана жаңылыктардын душманы; 2. Англиядагы империалисттик буржуазиянын талаптарын жактаган консервативдик саясий партиянын мүчөсү/.

КОНСЕРВАЦИЯ консервация /кандайдыр бир чаралардын жардамы менен бузулуудан, кыйроодон алдын ала сактоо: машиналарды, искусство чыгармаларын, тарыхый эстеликтерди ж.б. консервациялоо; 2. ар кандай себептерге байланыштуу фабрикаларды, заводдорду, курулуштарды ж.б. иштетпей, убактылуу токтотуп коюу/.

КОНСОЛИДАЦИЯ консолидациялоо /бекемдөө, чыңдоо; саясий консолидация-реакциячыл күчтөр менен күрөшүү үчүн элдин алдыңкы, прогрессивдүү күчтөрүн жумшчу табынын, анын авангардын, жетекчиси болгон

коммунисттик партиянын айланасына баш коштуруу/.

КОНСОРЦИУМ консорциум /империализм доорундагы банктык монополиянын бир формасы; өз өлкөсүндө же чет мамлекеттерде филиалдарынын тармагы аркылуу ири заемдорду жана акцияларды жайгаштыруу, өнөр жай ж.б. ишканалардын курулушун финансылоо боюнча ири банктардын келишими/.

КОНСПИРАЦИЯ конспирация /жашырын иштерди, уюмдарды, алардын мүчөлөрүн жашырып-жабуу үчүн ушундай уюмдардын колдонгон ыкмалары, методдору/.

КОНСТИТУЦИЯ конституция /мамлекеттин негизги закону; ал закон тигил же бул өлкөнүн коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн, шайлоо системасын, бийлик жана башкаруу органдарынын уюмдашуусун жана ишинин принциптерин, граждандардын негизги укуктарын жана милдеттерин белгилейт/.

КОНСУЛ консул /I. байыркы Римдеги республика доорунда жогорку кызматка шайланган адам; 2. башка мамлекетте белгилүү бир милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн туруктуу өкүл катарында дайындалган дипломаттык кызматтагы адам/.

КОНСУЛЬСТВО консульство /I. бир мамлекеттин экинчи бир мамлекеттин территориясынын түрдүү пункттарындагы консул башкарган өкүлдүгү; 2. консулдук кызмат/.

КОНТИНГЕНТ контингент /I. кандайдыр бир иш жагынан бир өзчөй топту, категорияны түзгөн адамдардын жамыгы, составы: окуучулар контингенти ж.б.; 2. белгилүү максат үчүн белгиленген норма, белгиленген сандын, өлчөмдүн жетиши жөнү: тышка чыгарылуучу товарлардын белгиленген нормасы ж.б./.

КОНТИНЕНТ /МАТЕРИК/ континент /жер жүзүндөгү кургактыктын бир нече жагынан деңиздер жана океандар менен курчалган чоң бөлүгү/.

КОНТР... контр... /татаал сөздүн "каршы" деген маанини билдирүүчү белгиси: контрдар - контрсоңку, каршы соңку; контрреволюционер - контрреволюционер, революцияга каршы адам ж.б./.

КОНТРАБАНДА контрабанда /I. уруксат кылынбаган же баажы-пошлина салынган товарларды башка мамлекеттин чегинен жашыруун алып өтүү; 2. өтө мааниде: тыюу салынган, билгизбей, тыныгын жасалган, жашыруун жүргүзүлгөн иш/.

КОНТРАБАНДИСТ контрабандачы /контрабандачылык кылуучу киши/.

КОНТРАГЕНТ контрагент /келишимдеги бири бирине карата болгон эки тараптын ар бири; келишим, бүтүм боюнча белгилүү бир милдеттенмени өзүнө алган адам же мекеме/.

КОНТРАКТ контракт /өз ара милдеттенме алышып, макулдашкан эки тараптын ортосундагы түзүлгөн кат жүзүндө келишим/.

КОНТРАКТАЦИЯ контрактация, контрактация кылуу /I. кимдир бирөө менен контракт, келишим түзүү; 2. дыйдоо ишкерлигинин колхоздор жана колхозчулар менен түзүлгөн келишиминин негизинде айыл чарба азык-түлүктөрүн даярдоо системасы/.

КОНТРИБУЦИЯ контрибуция /тынчтык келишимдин шарттары боюнча жеңген мамлекетке жеңилген мамлекеттин анчалай же баалуу зат түрүндө аргасыздан төлөп берүүчү төлөмү, салыгы/.

КОНТРОЛЬ контроль, текшерүү /I. текшерүү максатында жүргүзүлгөн байкоо; СССРде коммунисттер менен эмгекчилердин кеңири массалары катышкан такай иштеючу элдик контролдун системасы түзүлгөн; 2. басымдуулук кылуучу таасир, үстөмдүк: экономикалык же согуштук жактан кандайдыр бир районду контролго алуу, ал жерде өз таасирин, үстөмдүгүн күчөтүү/.

КОНТРРЕВОЛЮЦИЯ контрреволюция, революцияга каршы /жеңген революцияга жана анын натыйжасында орногон коомдук жана мамлекеттик

түзүлүшкө каршы эски түзүлүштү жана тартиптерди калыбына келтирүүчүн болгон реакциячыл таптардын активдүү күрөшү/.

КОНФЕДЕРАЦИЯ конфедерация /I. кандайдыр бир уюмдардын союзу, бирикмеси: Латин Америкасындагы профсоюздардын конфедерациясы; 2. башкага көз каранды эмес, өз алдынча мамлекеттердин өздөрүнүн кээ бир иш - аракеттерин /көбүнчө тышкы саясий жана согуштук иштерин/ координациялоо үчүн гана биригишкен союз. Н. ФЕДЕРАЦИЯ/.

КОНФЕРЕНЦИЯ конференция /кандайдыр бир маселелерди талкуулоо жана чечүү үчүн мамлекеттик, партиялык, илимий ж.б. уюмдардын өкүлдөрүнүн чогулушу, кеңешмеси/.

КОНФИРМАЦИЯ конфирмация, конфирмациялоо /I. соттун өкүмүнүн жогорку бийликтин, администрациянын же аскердик командованиенин өкүлдөрү тарабынан бекитилиши; 2. католиктердин 7-12 жаштагы балдарды же протестанттардын уландар менен кыздарды чиркөөгө сыйынууга тартуу ырым-жырымы/.

КОНФИСКАЦИЯ конфискация, конфискациялоо /атайын өкмөттүк чечим менен жеке адамга же уюмга таандык болгон мүлктү мамлекеттин менчигине өткөрүү/.

КОНФЛИКТ конфликт, чыр-чатак /карама-каршы талаптардын, ойлордун, көз караштардын кагылышы; кагылышууга алып бара турган олуттуу келишпестик, катуу чыр-чатак; эл аралык конфликт/.

КОНФОРМИЗМ конформизм /өз нараалыгын, келишип кетүүчүлүктү, үстөмдүк кылган түзүлүштү, тартипти, ой-пикирди ж.б. пассивдүү кабыл алып, аларга баш ийгендикти билдирүүчү моралдык - саясий термин. Конформизм өзүнүн позициясынын жоктугун, ээнеы жүрүп турган күчтү принципсиз, сын көз менен карабай эле эзүчүй берүүнү билдирет. Азыркы кезде буржуазиялык коомдо үстөмдүк кылган социалдык түзүлүшкө, тартипке конформизм идеологиялык таасир көрсөтүү, тарбиялоонун бүт-

нул системасы ж.б. жолдор аркылуу жайылтылат/.

КОНФРОНТАЦИЯ конфронтация /социалдык системалардын, таптык талаштардын, идеялык-саясий принциптердин ж.б. карама-каршы туруштуу, бири бирине каршы күрөшүү, кагылышуусу/.

КОНЦЕНТРАЦИОННЫЙ ЛАГЕРЬ /КОНЦЛАГЕРЬ/ концентрациялык лагерь /капиталисттик өлкөлөрдөгү аскер түзүмдөрүн, жоопко тартылган жана мекчүү граждандарды белгисиз мөөнөткө эркинен ажыратып, камай турган жер. Жыртычтык менен жазалоо, кыйноо жана массалык түрдө кыруу режимин колдонгон концентрациялык лагерлер фашисттик Германияда жана немецтик - фашисттик аскерлер басып алган территорияларда өзгөчө кеңири тараган. Концентрациялык лагерди гитлерчилер өлүм лагерине айландырышкан. Азыркы кезде Чилидеги Пиночеттин фашисттик өкмөтү өлкөнү концентрациялык лагерге айландырып, ага коммунисттерди, демократиялык күчтөрдү камап, аларды ырайымсыздык менен жазалап, кыйнап жатат/.

КОНЦЕНТРАЦИЯ концентрация, концентрациялоо /бир жерге топтоо, чогултуу; кандайдыр бир нерселердин ири массаларын белгилүү жерге аянтка, районго ж.б. топтоо: капиталды концентрациялоо; өндүрүштү концентрациялоо ж.б./.

КОНЦЕПЦИЯ концепция /I. тигил же бул маселе, кубулуш боюнча көз караштардын системасы; бир нерсенин негизги түшүнүгү жана аны түшүндүрмөсү; 2. теманы идеялык - чыгармачылык жактан түшүндүрүү, илимий же көркөм чыгарманын негизги ою/.

КОНЦЕРН концерн /жогорку пайда алуу үчүн монополиялык өнөр жай ишканаларынын ар түрдүү тармактарынын, соода фирмаларынын, банктардын ж.б. биригиши; капиталисттик монополиянын негизги формасы/.

КОНЦЕССИОНЕР концессионер /концессияга укук алган, концессиясы бар капиталист же капиталисттик бирикме/.

КОНЦЕССИЯ концессия /I. өлкөдө өнөр жай, транспорт ж.б. ишканаларды курууга жана эксплуатациялоого, кен казууга мыйзамдуу түрдө жеке капиталдын, негизинен чет элдик фирмага белгилүү шарттар менен берилген уруксат кебинан чет элдик фирмага белгилүү шарттар менен берилген уруксат келишими. Монополиялык капитал концессияны экономикалык жактан начар өнүккөн өлкөлөрдү эксплуатациялоонун бир формасы катарында пайдаланат; 2. ушундай келишимдин негизинде иштеген ишкана/.

КОН"ЮНКТУРА кон"юнктура /I. ишкердиктин кандайдыр бир тармагында белгилүү мезгилде пайда болгон шарттардын жыйынтыгы, кырдаал, абал: саясий кон"юнктура, эл-аралык кон"юнктура ж.б./.

КООПЕРАТИВ кооператив /кооперациялык байланышта иш жүргүзгөн чарбалык уюм/.

КООПЕРАТИВНЫЙ ПЛАН ЛЕНИНА Лениндин кооперативдик планы /СССРде социализмди курууунун лениндик планынын составдык бөлүгү. Айыл чарбасын социалисттик кайра куруу планын В.И.Ленин "Кооперация жөнүндө" ж.б. эмгектеринде иштеп чыккан. Планда акырындык менен ынтымарде майда жеке дыйкан чарбаларын адегенде продукцияларды сатуу түрдө майда жеке дыйкан чарбаларын адегенде продукцияларды сатуу жагынан, андан кийин айыл чарба азык-түлүгүн өндүрүү боюнча кооперативдештирүү аркылуу майда, бытыранды дыйкан чарбаларын ирилешкен социалисттик коллективдешкен чарбага бириктирүү каралган. Айыл чарбасын кайра куруу үчүн материалдык-техникалык базаны түзгөн өнөр жайдын өнүгүшү, дыйкандарга мамлекеттин кардам бериши аларды кооперативдештирүүнүн зарыл шарты болот. Айыл чарбасын коллективдештирүүнүн натыйжасында бүткүл дүйнөлүк тарыхый маанилүү иш ишке ашты. Советтер Союзунун коллективдештирүү боюнча тажрыйбасын социалисттик көп өлкөлөр өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жана конкреттүү шарттарын эске алышып, чыгармачылык менен пайдаланышууда/.

КООПЕРАЦИЯ кооперация /I. көпчүлүк эмгек процессине пландуу түрде бирголешип чогуу катышуусу; эмгекти уюштыруунун өзгөчө түрү; бул

бир же бир нече тармактагы өз ара байланыштуу эмгек процесстерин кепчулуктун биргелешип аткаруу жолу менен уюштурулат; 2. биргелешкен чарбалык иши үчүн материалдык /өндүрүш куралдарын/ же анча каражаттарын /айлык взностор/ беришкен адамдардын массалык ыктыярдуу бирикмеси. Кооперациянын өндүрүштүк, керек-жарак, кабдуу-сатуу, кредиттик, туран-хай куруу сыяктуу ж.б. түрлөрү бар. Капитализмдин шарттарында кооперация аның өнүгүшүнүн закондоруна баш ийип, ири капиталдын эксплуатациясына дуушар болот. Социалисттик өлкөлөрдөгү кооперация – социалисттик курулуштун эң маанилүү каражаты. Айыл чарбасында өндүрүштүк кооперациянын негизги формасы колхоздор болуп саналат; колхоздук-кооперативдик менчик /мамлекеттик менчик менен катар/ социалисттик менчиктин эки формасынын бирин түзөт. Биздин өлкөдө керек-жарак кооперациясы да кеңири өнүккөн. Анын жетекчи органы – СССРдин Центрсоюзу; 3. өнөр жайындагы кооперация – биргелешип белгилүү бир продукция чыгаруучу, бирок чарбалык өз алдынчалыгын сактаган бир катар ишканалардын өндүрүштүк байланышы. Мисалы: Авиация өнөр жайындагы самолет куруучу, мотор куруучу ж.б. заводдордун кооперациясы/.

КООПТАЦИЯ кооптация, кооптациялоо /кандайдыр бир шайлама органдын составына атайын шайлоосуз эле аның чечими менен кошумча жаңы мүчөлөрдү киргизүү/.

КООРДИНАЦИЯ координация /өр түрдүү адамдардын же уюмдардын иштей турган иштерин макулдашуу, алардын ортосунда өз ара байланыш түзүү, алардын күч-аракеттерин көөлгөн жалпы милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн мобилизациялоо/.

КОРДОН кордон /I. чек ара, чек; 2. чек араны коргоочу, сактап туруучу отряд, ушундай отряд турган жер жана ал аракет кылган район; 3. токой коруу системасындагы туран-хай жана чарбалык курулуш/.

КОРИФЕЙ корифей /илимдин, техниканын, адабияттын, искусствонун ж.б. кандайдыр бир тармагындагы эң көрүнүктүү инсан/.

КОРОЛЕВСТВО королевство, падышалык /башында король, падыша турган феодалдык же капиталисттик мамлекет. Азыркы кездеги королевстволордун көпчүлүгү /Бельгия, Великобритания, Дания, Нидерланды, Норвегия, Швеция ж.б./конституциялык монархиялар болуп эсептелип,аларда королдун бийлиги парламент менен чектелген/.

КОРОЛЬ король, падыша /I. монархтын, королевствонун, феодалдык же буржуазиялык мамлекеттин башчысынын титулу, наамы; 2. өтө мааниде: өндүрүштүн кандайдыр бир тармагындагы толук бийликтүү кожоюн – капиталист, ири монополист/.

КОРОНА таажы /I. монархтын, падышанын салтанаттуу учурда кийүүчү баш кийими, таажысы; өтө мааниде: жеке бийликтин символу; 2. монархиялык өлкөдөгү мамлекеттик бийлик, казына/.

КОРПОРАТИВНОЕ ГОСУДАРСТВО корпоративдик мамлекет /фашисттик диктатуранын бир түрү: анда калк өкмөт дайындаган чиновник башында турган айрым корпорацияларга бөлүнүп, эмгекчилердин таптык союздарына тыюу салынып, парламенттик система "корпорациялардын өкүлдүгү" менен алмашылат ж.б./.

КОРПОРАЦИЯ корпорация /кесиптештик, сословиелик ж.б. таламдардын негизинде түзүлгөн адамдардын башкалардан обочолонгон, жабык, кесиптик мүнөздө болгон коому, союзу, бирикмеси/.

КОРПУС корпус /I. составында бир нече дивизия болгон аскердик бирикме; 2. аскердик жабык окуу жайынын аты: кадеттик корпус; 3. бир өкметтүн алдындагы чет элдик өкүлдүктөрдүн жогорку кызмат адамдары: дипломатиялык корпус/.

"КОРПУС МИРА" "тынчтыктын корпусу" /1961-ж. Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын өнүгүп бараткан өлкөлөрүнө америкалык импе-

риализмди саясий жана идеологиялык жактан киргизүү үчүн АКШда түзүлгөн уюм. Өздөрүнүн неоколониалдын максаттарын жашырып-жабышып, америкалык империалисттер "тынчтыктын корпусунун" мүчөлөрүнүн миссиясы "башка өлкөгө жана анын элине кызмат кылуу", аларга "жардам" көрсөтүү деген шылтоо менен 68 өлкөгө 7 мингө жакын "ыктыярдуулардын" жибергенин. "Ыктыярдуулардын" чыныгы максаты - империалисттик пропаганда жүргүзүү, керегиликтүү кадрлардан өз жагына тартуу, шпиондук иш жүргүзүү. Өнүгүп бараткан өлкөлөрдө улуттук-боштондук кыймылдын күч алышы менен "тынчтыктын корпусунун" жүргүзгөн иштерине каршы массалык чыгуулар барган сайын күчөөдө. Америкалык "тынчтыктын корпусу" сыяктуу уюмдар башка бир катар буржуазиялык мамлекеттерде да түзүлгөн/.

КОРРЕКТИВ корректив /ондоо, түзетүү, анча-мынча өзгөртүү/.

КОРРЕКТИРОВАНИЕ /КОРРЕКТУРА/ корректуралоо, корректура жүргүзүү /I. басмаканада терүүдөн кеткен каталарды ондоо, түзетүүлөр киргизүү; 2. кеткен каталарын ондоо, тууралыгын текшерүү үчүн басма ж.б. колдор менен кагазга басылган текст/.

КОРРЕСПОНДЕНТ корреспондент, кабарчы /I. каттын, кезүү күзүндөгү билдирүүнүн автору; 2. мезгилдүү басма сөзду, радиону, телевидениени информациялык ж.б. материалдар менен жабдып туруучу кызматчы/.

КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ корреспонденция /I. айрым адамдардын жана мекемелердин ортосундагы болуучу кат күзүндөгү байланыш; 2. почта аркылуу жиберилген газета, журнал, кат ж.б. нерселердин жамыны; 3. газета - журналдарга, радиого, телевидениеге жер-жерлерден жиберилген информациялык билдирүүлөр түрүндөгү материалдар же макалалар/.

КОРРУПЦИЯ коррупция /паракорлук, акчага сатылуучулук; капиталисттик өлкөлөрдөгү мамлекеттик аппаратта, буржуазиялык коомдук

уюмдарда ж.б. да иштеген саясий ишмерлердин, ири чиновниктердин ж.б. чон кызматтагы кишилердин арасында тараган паракорлук, акчага сатылуучулук/.

КОРТЕСЫ кортесы /Франконун фашисттик диктатурасынын мезгилинде мааниси жоготкон Испаниядагы парламенттин аты/.

КОСМОПОЛИТ космополит /космополитизмди жана анын идеологиясын жактоочу; патриоттук сезими жана улуттук сыймыгы жок, өз элине жат, өзүн "дүйнөнүн граждынынмын" деп эсептеген киши/.

КОСМОПОЛИТИЗМ космополитизм /улуттардын өз алдынча жашоо жана мамлекеттик көз карандысыз болбоо укугун танган, Родинага, өз элине, анын улуттук маданиятына кайдыгер мамиле жасоого үгүттөгөн, "дүйнөлүк мамлекеттин", "дүйнөлүк граждандыктын" болушун жана улуттук өз алдынчалыктан баш тартууну талап кылган реакциячыл буржуазиялык идеология. Буржуазиячыл улутчулдуктун жана расизмдин чымбаттелген түрү болгон космополитизм пролетардын, социалисттик интернационализмдин душманы, буржуазиялык идеологиялык куралдын бири түрү/.

КОТИРОВКА котировка, котировкалоо /I. акциялардын ж.б. баалуу кагаздардын биржалык баасын, курсун белгилөө; 2. валютанын курсун, өлкөнүн валютасы менен чет элдик валютанын баалуулугунун ортосундагы катнашын белгилөө. Биздин өлкөдө чет элдик валютаны котировкалоону СССРдин мамлекеттик банкты жүргүзөт/.

КРЕАТУРА креатура /таасирдүү кишинин же кандайдыр бир саясий чөйрөнүн колдоосу менен кызматка турган жана анын айтканын кылган киши/.

КРЕДИТ кредит /карыз, насыя; кыска мөөнөттүү кредит; 2. кандайдыр бир максат үчүн чыгымдоого белүнгөн акча/.

КРЕДИТОР кредитор /акчаны же товарды бирөөгө кредитке берүүчү адам же мекеме/.

КРЕДО кредо, ишеним /1. диндик түшүнүн боюнча ишенимдин символу; 2. ишенимдер..., дүйнөгө болгон көз караштардын негизги принциптери/.

КРЕПОСТНАЯ ЗАВИСИМОСТЬ крепосттук көз карандылык /феодалдык коомдогу дыйкандын керт башынын помещикке болгон көз карандылыгы. и. КРЕПОСТНОЕ ПРАВО. Крепосттук көз карандылыктын калдыктары кептеген капиталисттик, колониялык жана көз каранды өлкөлөрдө сакталган, аларды жок кылуу эзүүдөн жана эксплуатациядан кутулуу үчүн күрөшүп жаткан эмгекчилердин талаптарынын бири болуп саналат/.

КРЕПОСТНИК крепостник /крепосттук укукту жактоочу реакциячыл помещик; дыйкандарды азат кылуунун душманы/.

КРЕПОСТНОЕ ПРАВО крепосттук укук /феодалдык коомдо помещиктин кол алдындагы дыйкандардын керт башына, эмгегине жана мүлкүнө өзү каалагандай бийлик кылуу укугу/.

"КРЕСТОВЫЙ ПОХОД" ПРОТИВ СССР СССРге каршы "крест жортуулу" /1929-1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризистин мезгилинде эл аралык реакциянын күргүзгөн антисоветтик провокациялык кампаниясы. Советтер Союзундагы социалисттик курулуштун ийгиликтүү жүрүшүн көрө албай, реакциячыл капиталисттик чөйрөлөр ага каршы агрессивдүү иш-аракеттерди жандандырышкан. Антисоветтик кампаниянын отун тутандырууда Рим папасы башында турган католик чиркөөсү активдүү роль ойноп, ал 1930-ж. СССРге каршы "крест жортуулун" жасоого чакырган. 1933-ж. Германияда фашисттик партия бийликке келип, 1936-ж. Германия менен Японияның ортосунда "Антикоминтерндин пакт" деп аталган келишим түзүлүп, кийинки жыл ага Италия кошулгандан кийин, гитлерчилер Советтер Союзуна каршы "крест жортуулун" жасоо чакырыгына жыныштап алышып, дүйнөнү кайрадан бөлүү үчүн дүйнөлүк согушка даярданышкан/.

КРЕСТЬЯНСТВО дыйкандар /жер шарындагы калктын теңинен көбүн түзүүчү айыл чарба продукциясын өндүрүүчү коомдук топ. Алгачкы общиналык түзүлүш бузула баштаганда пайда болуп, феодализм доорунда дыйкандар коомдогу негизги тапка айланып, феодалдарга крепосттук көз карандылыкта болгон. Капитализмдин учурунда алар жиктелип, көпчүлүгү жакырданып, анча=мынчасы байып, айыл чарба пролетарлары, жарым пролетарлар, кедейлер, орто дыйкандар жана айылдык буржуазия - кулактар болуп чыгат. Социалисттик революция дыйкандардын абалына түп=тамырынан бери өзгөртүү киргизет. Октябрь революциясы бизнен эзгиликке чыгарып, жаңы турмушту курууга кол ачып берди. Миллиондогон жеке дыйкан чарбаларын ири, коллективдешкен чарбага айландыруу менен дыйкандардын турмушунда улуу революция болуп, алар өндүрүш каражаттарына болгон коомдук социалисттик менчиктин түзүлүшүнө байланыштуу жаңы колхоздук дыйкандар табына айланышты. Айыл=кыштакты социалисттик кайра түзүү жумушчу табы менен колхоздук дыйкандар табынын союзунун чыңалышына, алардын ортосундагы айырмачылыктын жоюлушуна негиз түздү.

Жумушчу табынын союздашы болгон дыйкандар жөнүндөгү марксисттик=лениндик окуунун ар түрдүү өлкөлөрдүн коммунисттик жана жумушчу партияларын социализм үчүн болгон күрөштө чыгармачылык менен пайдаланышып жатышат.

Өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдө айыл чарба өндүрүшүнө монополиялардын терең кириши менен дыйкандардын жиктелүү процесси күчөп, майда жана орто дыйкандар жакырданып, айыл=кыштакта социалдык карама=каршылыктар курчуп, өз укуктары үчүн алардын ишмердүүлүгү күчөдө/.

КРЫМСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ ГЛАВ ПРАВИТЕЛЬСТВО СОЮЗНЫХ ДЕРЖАВ союздук державалардын өкмөт башчыларынын Крым конференциясы /СССР, АКШ жана Великобританиянын өкмөт башчылары И.Сталиндин, Ф.Рузвельттин, У.Черчилдин тышкы иштер министрлери катышкан конференция 1945- жылы 12-февралда Ялтага жакын жерде болгон. Конференциянын катышуучулары гитлердик Германиянын куралдуу күчтөрүн биротоло кыйратуу боюнча биргелешкен согуштук иш-чараларды макулдашышып, ныгык дебей капитуляциялангандан кийин Германияга кабыл турган шилтеме, согуштан кийинки тынчтыкты орнотуудагы калпы саясаттын негизги принциптерин белгилешкен. Нацисттик Германия талкалангандан кийин анын үстүнөн союздук контроль коюу, германдык милитаризмди жана фашизмди жок кылуу, Германия эч качан тынчтыкты бузууга күдурети келбей тургандай гарантия түзүү, согушта союздук державаларга келтирген зыянды Германияга төлөтүү маселелери макулдашылган.

Крым конференциясы "Европаны бөлөтүү жөнүндө" декларация кабыл алып, анда Европанын саясий жана экономикалык проблемаларын чечүүдө союздук державалар өздөрүнүн иш-аракеттерин макулдашууга умтула тургандыгы баса көрсөтүлгөн. Тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо үчүн калпы эл аралык уюм түзүү жана анын уставын даярдоо үчүн 1945-жылы 25-апрелде АКШда Биригикен Улуттардын конференциясын чакыруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Ошондой эле тынчтыкты камсыз кылуунун бардык маанилүү маселелерин чечүүдө улуу державалардын - Коопсуздук Советинин туруктуу мүчөлөрүнүн бардыгынын бир добуштан макул болуу принциби нукталган. Конференциянын катышуучулары Ыраакы Чыгыш маселелери боюнча келишим кабыл алышып, анда Советтер Союзунун Японияга каршы согушка катышуусу, согуш бүткөндөн кийин СССРге Сахалин аралынын түштүк бөлүгүн жана ага жакын жаткан бардык аралдарды, ошондой эле Курил аралдарын кайтарып берүү каралган/.

КРЫМСКИЕ ВСТРЕЧИ Крымдагы жолугушуулар/социалисттик ынтымактык өлкөлөрүнүн кызматташтыгынын эң маанилүү жана жемиштүү формасы болуп саналган. Бир туугандык партиялардын жана мамлекеттердин жетекчилеринин традициялык жолугушуулары. Бул жолугушууларда социалисттик жана коммунисттик курулуштун тажрыйбасы менен алмашышып, боордош партиялар чечип жаткан орчундуу проблемалар талкууланып, тынчтыктын жана социалдык прогрессти коргоого багытталган социалисттик өлкөлөрдүн тышкы саясаттагы иш-аракеттери координацияланат. 1971-78-жылдарда алты жолу болуп өткөн жолугушуулар социалисттик ынтымактыкты бекемдөөгө, социализмди жана коммунизмди курууда боордош партиялардын, өлкөлөрдүн жана элдердин бардык тараптан кызматташтыгын тереңдетүүгө багытталган КПССтин ыраттуу курсун чагылдырып көрсөтөт/.

КРИЗИС кризис /1. коомдук өнүгүүдө - адам коомунун өнүгүү процессиндеги кескин бурулуш, таптык карама-каршылыктардын курчуган мезгили; 2. экономикалык кризис - бош эламан же кеп өндүрүүнүн натыйжасында капиталисттик экономикада мезгил - мезгили менен кайталанып туруучу кризис, буга байланыштуу өндүрүштүн кескин түрдө кыскарышы же жабылышы. Массалык жумушсуздукка, айлык акынын азайышына, эмгекчилердин турмуш деңгээлинин кескин түрдө төмөндөшүнө алып келүүчү экономикалык кризис экономиканын бардык тармактарын, өнөр жайды, айыл чарба өндүрүшүн ж.б. же алардын орчундуу бөлүгүн кыйратып алат/.

КРИМИНАЛ криминал /кылмыштуу иш, кылмыш/.

КРИМИНАЛИСТИКА криминалистика /кылмыштарды ачуунун ыкмалары жана методдору/.

КРИМИНОЛОГИЯ криминология /кылмыштуулук, күнөөлүүлүк жөнүндө изилдөө жүргүзгөн окуу, укук илиминин бир бөлүмү/.

КРИТЕРИЙ критерий /бир нерсеге баа берүү, аны аныктоо же талдоо үчүн негиз боло турган белги, чен. Чындыктын критерийи практика болуп эсептелет/.

КРИТИКА сын, сыноо /1. бир нерсени талдоо, талкуулоо, баалоо: адабий сын; 2. кимдир биреөнүн же бир нерсенин каталыгын, жаңылыштыгын, кемчилигин, терс жактарын көрсетүү. Өзүн-өзү сындоо-өзүнүн катасын, жаңылыштыгын, кемчилигин, жетишпеген жактарын сындоо. Сын жана өзүн-өзү сынга алуу советтик коомдун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири болуп эсептелет/.

КУ-КЛУКС-КЛАН ку-клукс-клан /АКШдагы реакциячыл чейрелер демократтык уюмдар менен күрөшүү, прогрессивдүү ишмерлерди коргунтуктоо үчүн, негр калкына погром уюштуруу жана террорсуз, сураксыз соттоо, жазалоо, өздөрүнө жакпаган адамдарды өлтүрүү үчүн кеңири колдонуучу антикоммунисттик террористтик жашыруун уюм/.

КУЛАЧЕСТВО кулактар /айыл-чаруачылыкта жалданма эмгекти пайдаланып, батрактар менен кедей-кембагалдарды эксплуатациялаган, тап күрөшү курчуган кезде реакция менен контрреволюциянын тирегинин бири болгон буржуазия. Советтер Союзунда кулактар айыл чарбасын туташ коллективдештирүүнүн негизинде тап катары жоюлган/.

КУЛУАРЫ кулуарлар /1. буржуазиялык парламенттин имаратындагы заседаниелер өткөрүлүүчү залдын сырт жагындагы депутаттардын эс алуу, пикир алмашуу ж.б. үчүн ылайыкталган бөлмөлөр, жайлар; 2. өтме мааниде: парламенттик кулуарды империалисттердин жашыруун манулдашуулар, саясий махинациялар, депутаттарга кысым көрсетүү, өздөрүнө керектүү закондун долбоорлорун өткөрүү, информация алуу ж.б. үчүн кеңири пайдаланышы/.

КУЛЬМИНАЦИЯ кульминация /бир нерсенин эң жогорку чеги, аракеттин, окуянын өнүгүшүнүн жеткен жери/.

КУЛЬТ табынуу, сыйынуу /1. кудайга, дин ыйык деп эсептеген буюмдарга ж.б. сыйынуу; диний ырым-жырымдардын, эрежелердин жамыны; 2. кандайдыр бир ишмердин кадыр-баркына жөнү жок кулдук уруу, анын сиңирген эмгегин обу жок апыртуу, даңазалоо; жеке адамга сыйынуу марксизм-ленинизмдин, чыныгы демократизмдин, коллективизмдин жана коммунисттик моралдын принциптерине жат, анын эл массаларынын жана айрым адамдардын тарыхтагы ролу жөнүндөгү марксисттик-ленинчил окуу менен эч кандай жалпылыгы жок/.

КУЛЬТУРА маданият /адам баласынын коомдук=тарыхый практикасынын процессинде түзүлгөн жана коомдун өнүгүшүнүн тарыхый жетишкен баскычын мүнөздөгөн материалдык жана духовный байлыктардын жыйындысы. Материалдык маданият деген биз техника, өндүрүштүк тажрыйба, өндүрүү процессинде каралган материалдык байлыктарды кучагына алса, духовный маданият деген биз илимдеги, искусстводогу, адабияттагы, эл агартуу ишиндеги, моралдагы ж.б. рухий байлыктарды белүштүрүүнү жана пайдаланууну кучагына алат. Таптык=антагонисттик коомдо маданият өзүнүн идеялык мазмуну жана багыты боюнча таптык мүнөздө болуп, үстөмдүк кылуучу таптын маданияты үстөмдүк кылат. Маданияттын жаңы, жогорку тиби болгон социалисттик маданият буга чейинки коомдук=экономикалык формациялардын маданиятындагы болгон мыкты, прогрессивдүү жактарын өзүнө сиңирип алып, пролетардык революциянын жеңишинин натыйжасында социалисттик коомду куруу процессинде жалпы элдик болуп калды. Социализмдин шарттарында формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик советтик маданият гүлдейт. Социализмди жана коммунизмди куруп жаткан элдердин маданияттарынын өз ара байышы, башка элдердин маданияттарынын прогрессивдүү элементтерин өздөштүрүү коммунисттик коомдун келечектеги жалпы адамзаттык бир маданияттын түзүлүшүнө алып барат/.

КУЛЬТУРНАЯ РЕВОЛЮЦИЯ /социалистическая/ маданий революция /коомду духовный жактан кайра түзүүдөгү социалисттик, революциячыл прогресс, социализмди куруунун составдык бөлүгү, дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнүн жогорку баскычы болгон социалисттик маданиятты түзүү, эмгекчилерди маданияттын жетишкендиктерине үйрөтүү. Социалисттик революциянын акыралгыс бөлүгү болгон маданий революциянын капитализмден социализмге өтүү мезгилиндеги негизги милдеттери эл агартуу ишин бүт бойдон кайра түзүү, сабатсыздыкты жоюу, кенири эл массаларын маданияттын жетишкендиктерине тартуу, аларды маданий-тарыхый процесске активдүү катыштыруу, советтик интеллигенциянын кадрларын тарбиялоо жана жаңы, элдик, социалисттик маданиятты жаратуу болуп эсептелет. Анын жеңишинин натыйжасында эмгекчи массалар духовный нөлчүлүктөн, карангылыктан жана назандыктан кутулушуп, адамзат жыйнаган маданий байлыктарга аралашып, жалкынын көпчүлүгү сабатсыз болгон биздин өлкө илим менен маданияттын туу чокусун көздөй алп секирик жасады. Маданий революциянын жүрүшүндө жаңы, социалисттик маданият каралып, ал шаар менен кыштактын, күч эмгеги менен акыл эмгегинин ортосундагы карама-каршылыкты жоюуга, эмгекчилердин саясий активдүүлүгүнүн жана социалисттик аң-сезимининн өсүшүнө, аларды чарбалык, мамлекеттик жана коомдук турмушту башкарууга тартууга көмөктөш болду. Маданий революцияны ишке ашыруу ар бир конкреттүү мамлекеттин өзгөчөлүктөрүнө карабастан, социализмди кура турган бардык өлкөлөр үчүн жалпы закон ченемдүү болуп эсептелет. СССРде маданий революцияны жүргүзүү тажрыйбасынын ал аралык чоң мааниси бар. Социалисттик интымакташтыктын өлкөлөрүндө азыр жаңы, социалисттик маданиятты түзүү процесси жүрүп жатат/.

КУЛЬТУРТРЕГЕР "маданиятты алып жүрүүчү" /колониялык жана көз каранды өлкөлөрдү өзүүдө алардын арасына маданиятты жана агартуу ишин

жайылтуу деген жалган куру кыйкырыкка камынышкан империалисттик колонизаторлордун келеке аты/.

КУПЕЧЕСТВО купецтер, көпөстөр, соодагерлер /өндүрүү сферасында эмес, соода, товар жүгүртүү сферасында иштеген, соода ишканаларын ээлеген буржуазиянын бир бөлүгү/.

КУПОН купон /баалуу кагаздардан белгилүү карттарда процент түрүндө киреше алууга эсепке акылуу экендигин билдирген кесилип берилүүчү талон/.

КУПЮРА купюра /I. кагаз акчалардын, банкноттордун, облигациялардын ж.б. баалуу кагаздардын бир бетине жазылган нарк, баасы; ошондой баадагы акчанын же баалуу кагаздын өзү: он сомдук купюра; 2. адабий же музыкалык чыгарманын, кино-лентанын ж.б. кыскартып алып таштаган бөлүгү/.

КУРИЯ курия /бир катар капиталисттик өлкөлөрдүн шайлоо системасында шайлоочулардын улутуна, табына, коомдук абалына карата түрдүү разряддарга - топторго бөлүнүшү. Эмгекчилердин шайлоо укугун ушинтип чектөөнүн натыйжасында парламентте орундун көбүн үстөмдүк кылган эксплуататордук таптардын өкүлдөрү ээлеп алышат. Римдин (папалык) курия - Ватикандын борбордук мекемелеринин жыйыны; алар ар-кылуу Рим папасы католик чиркөөлөрүн башкарат/.

КУРС курс /I. кыймылдын же өнүгүүнүн, өнүгүүчү ишти багыты, жолу: көмөкөй курсу, мамлекеттик ташы сатыктын курсу; 2. биржалык курс- белгилүү бир мезгилде биржада акциялардын ж.б. баалуу кагаздардын же товарлардын белгиленген баасы, нарк; 3. чет элдик валютага коюлган банктык баа. /н. КОТИРОВКА/; 4. илимий же окутуу максатында кандайдыр бир билимдин тармагын же анын белгүлүү системалуу түрдө баяндоо; 5. жогорку жана атайын орто окуу жайларындагы окуунун бир жылы, бир жылдык баскычы/.

Л

ЛАБИРИНТ лабиринт /I. байыркы грек мифологиясындагы падыша Миностун Крит аралындагы заңгыраган өтө зор ак сарайы. Ал өтө татаал, чатыш салынгандыктан, ага кирген кишинин кайра чыгышы кыйын болгон. 2. өтмө мааниде: өтө эле татаал, чатышкан нерсе, жол таап чыгууга кыйын болгон аргасыз абал/.

ЛАМАИЗМ ламаизм /негизинен Монголия менен Тибеттеараган буддизмдин бир түрү. "Ламаизм" деген термин тибеттин буддисттик монархтардын - ламдардын атынан алынган. Ламаисттик чиркөөнүн башчысы далай - лама болуп эсептелет/.

ЛАНДСКНЕХТ ландскнехт /I. XУ-XУП кылымдарда Батыш Европадагы ким кеп төлөсө ошонун кызматын кылып, кергиликтүү калкты талап-тоноонун эсебинен жашаган жалданма солдат; 2. өтмө мааниде: керт башынын камы үчүн бирөөгө сатылган, бузуку адам/.

ЛАНДТАГ ландтаг /I. орто кылымдык Германиядагы феодалдык мамлекеттердин сословиелик өкүлдөрүнүн с"езди; 2. XIX кылымдан тартып Германия империясынын составына кирген мамлекеттердеги шайланма орган; 3. Лихтенштейндеги бир палаталуу парламент, Австрия жана ФРГнин территориялык - административдик бөлүктөрүндөгү-жерлериндеги өкүлдүү орган/.

ЛАТИФУНДИЯ латифундия /жеке менчикке негизделген ири жерээлөө системасы/.

ЛАТИНОАМЕРИКАНСКАЯ АССОЦИАЦИЯ СВОБОДНОЙ ТОРГОВЛИ (ЛАСТ) латиноамерикалык эркин соода ассоциациясы /латиноамерикалык өлкөлөрдүн бир тобунун 1960-жылы уюмулган соода-экономикалык уюму. Ага Аргентина, Бразилия, Боливия, Венесуэла, Колумбия, Мексика, Парагвай, Перу, Чили, Уругвай, Эквадор кирген. Договор боюнча ЛАСТка катышкандар I2 жылдын ичинде зоналык соодадагы бардык тарифтерди жана бажыларды - пошлиналарды жоюу менен регионалдык ички соодани кандандырып, өнүгүп келаткан өнөр жайы үчүн рынокту кеңсеге кылганчы болушкан. Ассоциацияга кирген өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли ар башка болгондуктан, ЛАСТтын ичинде кеп кыйынчылыктар болду. Анда Бразилия, Аргентина, Мексика үстөмдүк кылуучу абалды ээлешип, негизги пайданы ушул өлкөлөр көрүп жатышат. Башкы органы - конференция. Штаб - квартирасы Уругвайдын борбору Монтевидеодо/.

ЛАТИНОАМЕРИКАНСКАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ СИСТЕМА (ЛАВС) латиноамерикалык экономикалык система /Латин Америкасындагы өлкөлөрдүн 1975-жылы түзүлгөн регионалдык уюму. Ага 25 мамлекет, анын ичинде Куба да кирет. Анын негизги милдети - ЛАВСке катышкан өлкөлөрдүн өнүгүү пландарын координациялоо, экономикалык проекттерди жана изилдөөлөрдү ишке ашырууга көмөктөшүү, алардын ортосунда консультациялар жүргүзүү жана информация алмашуу. ЛАВСке АКШ менен Канаданы кошпойбуз деген атайын чечим кабыл алынган. Жогорку органы - Латиноамерикалык совет, ал Венесуэланын борбору Каракаста/.

ЛАУРЕАТ лауреат /илимде, искусствода, адабиятта сиңирген көрүнүктүү эмгеги, ойлоп чыгаргандыгы, өндүрүштүн методдорун түп-тамырынан бери жакшырткандыгы, коомдук-саясий мамилеси ж.б. үчүн жогорку сыйлыкка ээ болгон адам. СССРде бул наам Лениндик сыйлыкка, Советтер Союзунун Мамлекеттик сыйлыгына, Ленин комсомолунун сыйлыгына, союздук республикалардагы республикалык сыйлыктарга ж.б. татыктуу болгондорго да берилет/.

"ЛЕВЫЕ КОММУНИСТЫ" "солчул коммунисттер"/сентяттык көз караштарды жакташып, ашынган революциячыл ураандарга жаныпалдыгып, бузуп-каруучулук саясат жүргүзүүчү солчул, антилениндик позициядагы агымдар жана топтор, 1918-ж. Брест тынчтыгына каршы чыккан РКП/б/-дагы франциялык топ өзүнүн "солчул коммунисттерибиз" деп атаган.

Алар бир өлкөдө социализмдин жеңиши мүмкүн экендигин танышкан. Ички саясатта "солчул коммунисттер" революциячыл-социалисттик иш-чараларга каршы чыккан. В.И.Ленин, партиянын кесиптик союздан кийин РКП /б/нин лениндик саясатынын туура экендигине ишенүүдө кездеру жеткенден кийин, алар 1918-жылы жайында өз позицияларын ачык моюндарына алышкан/.

ЛЕВЫЕ СОЦИАЛИСТЫ солчул социалисттер /чыныгы революциячыл көз караштарда болушпаса да таптык позицияларга жакындап келип, реакцияга, монополиялардын үстөмдүгүнө, согуш коркунучуна каршы чыны менен күрөшүүгө аракеттенген социал-демократтык жана социалисттик ыйыктардагы агым. Ушул кезде социал-демократтык партиялардын көбүндө бир жыйла солчул топтор, көп өлкөлөрдө (Италияда, Японияда ж.б.) солчул социалисттик партиялар бар. Алар коммунисттер менен кызматташ болуп, чогуу аракет кылышат. Бир катар солчул социалисттик партиялардын жана топтордун ичинде троцкизмге, анархизмге жакын көз караштарды жактоочу аташкан солчулдар да бар/.

"ЛЕГАЛЬНЫЙ МАРКСИЗМ" "легалдык марксизм" /Россиядагы революциялык ыйымдарды жана марксизмди буржуазиянын таламдарына пайдалануугө аракет кылган XIX кылымдын 90-жылдарында пайда болгон орустун буржуазиялык интеллигенциясынын арасынан чыккан идеялык-саясий агым. Алын П.Струве, М.Туган-Барановский, С.Булгаков, Н.Бердяев сыяктуу башчылары марксизмди бурмалашып, андагы эң негизги жобону - кумушчу табынын саясий бийликти революциялык жол менен жеңип алуу зарылдыгы, пролетариат диктатурасы жөнүндөгү окууну алып ташташкан. Ошондуктан "легалдык марксисттер" падышачылык менен буржуазияга коркунучтуу болгондуктан жеке бийликтин цензурасынын урукаты боюнча өздөрүнүн журналдарын, китептерин ачык эле басып чыгарышкан. В.И.Ленин "легалдык марксизмди" албай катуу сынга алып, анын буржуазиялык,

социализмге жат маанисин ачып көрсөткөн. Лениндин "Искра" газетасы чыга баштаган кезде /декабрь 1900-ж./ ал идеялык агым катарында өз жоопсуз токтоткон. Октябрь революциясынан кийин "легалдык марксисттердин" көпчүлүгү большевизмдин душмандарына айланышып, контрреволюциянын лагерине өтүшүп, буржуазиялык кадет партиясынын уюткусун түзүшүп, граждандык согуштун мезгилинде ак гвардиячыларга айланышып, Совет мамлекетинин жеткен душмандарына айланышкан/.

ЛЕГИОН легион /I. байыркы Римдин армиясындагы жөө аскерлер менен атчан аскерлердин бирикмеси. Легионер - жоокер, солдат; 2. капиталисттик өлкөлөрдө революциялык жана улуттук-боштондук ыйымдарды басуу үчүн даярдалган аскердик, позициялык бирикмелердин, ошондой эле АКШдагы Америкалык легион сыяктуу айрым фашисттик уюмдардын аты/.

ЛЕГИСЛАТУРА легислатура /I. буржуазиялык мамлекеттерде закон чыгаруучу органдын бир чакырылыштагы иштөө мезгили, конституция аркылуу белгиленген закондуу полномочиесинин мөөнөтү; 2. көз бир өлкөлөрдөгү закон чыгаруучу органдын аты/.

ЛЕГИТИМАЦИЯ легитимация /I. паспорт системасы жок мамлекеттердеги граждандыгын ким экендигин белгилеген күбөлүктүн формасы; 2.буржуазиялык граждандык укукта гражданындын кандайдыр бир аракет жасоого ж.б. укугу бар экендигин далилдөө/.

ЛЕГИТИМИСТЫ легитимисттер /революция тарабынан кулатылган монархтардын легитимдик-"закондуу" династиясын жактоочу монархисттер; Франциядагы легитимисттер партиясы XVIII кылымдын аягында буржуазиялык революция тактыдан кулатканы Бурбондор династиясын колдогон/.

ЛЕЙБОРИСТЫ лейбористтер /Великобританиядагы, Австралиядагы, Жаңы Зеландиядагы ж.б. көз бир мамлекеттердеги "кумушчу"/лейбористтик/ деп аталган партиялардын мүчөлөрү. Алардын жетекчилери көбүнчө өз өл-

келерүндегү жана эл аралык жумушчу кыймылын бузуп-каруусуна багытталган, капиталисттик түзүлүштү колдогон оппортунисттик, реформисттик саясат күргүзүшөт. Лейбористтик партиянын башчылары тап күрөшүн танышып, капиталисттик түзүлүштү коргошуп, империалисттик мамлекеттердин реакциячыл саясатын жакташат/.

ЛЕКТОРИЙ лекторий /I. элге лекция окуп турууну уюштуруучу мекеме, уюм; 2. лекциялар окулуп турууучу жай, үй/.

ЛЕНД-ЛИЗ ленд-лиз /АКШнын конгресси тарабынан 1941-ж. гитлердик Германияга каршы согушуп жаткан өлкөлөргө курал-дар, ок-дарылар, стратегиялык сырье, азык-түлүк ж.б.материалдарды арендага же кариз берүү жөнүндө кабыл алынган закон. Экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде ленд-лиз америкалык капиталисттик монополияларга абегейсиз зор киреше берген/.

ЛЕНДЛОРД лендлорд /жерин фермерлерге арендага берип, аларды эксплуатациялоодон көп киреше алуучу Великобританиядагы привилегиялуу аристократиядан чыккан помещик, ири жер ээси. Империализм доорунда лендлорддун ири финансылык жана өнөр жай буржуазиясы менен бириүү процесси жүрөт/.

ЛЕНИНИЗМ ленинизм /империализмдин жана пролетардык революциялардын доорундагы колониализм кыйрап, улуттук-боштондук кыймылдардын жеңишинин доорундагы, адамзаттын капитализмден социализмге өтүү жана коммунисттик коомду куруу доорундагы марксизм. В.И.Ленин өзүнүн теориялык эмгектеринде жана практикалык ишинде марксизмдин революциялык окуусун жаңы, жогорку баскычка көтөрүп, жаңы тарыхый доордун шарттарында аны чыгармачылык менен өнүктүрдү жана жактады. В.И.Ленин марксизмдин бири-бири менен ажырагыс байланыштуу үч составдык бөлүгүн: философияны, саясий экономияны, илимий коммунизмди толуктап жана байытты. В.И.Ленындин марксисттик илимге кошкон салымы улуна-

лын зор болгондуктан, ал окуу татыктуу түрдө марксизм-ленинизм деп аталат. н. МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ/.

ЛИБЕРАЛ либерал /I. либерализмди колдоочу; либералдык партиянын мүчөсү; 2. коомдук турмуштун терс көрүнүштөрүнө көз жумган, алар менен чечкиндүү күрөшүүгө жөндөмсүз, жамырабаган, көнүлчөөк, соома киши/.

ЛИБЕРАЛИЗМ либерализм /I. феодалдык-крепосттук түзүлүшкө жана абсолюттук монархияга каршы жаңыдан өсүп келаткан өнөр жай буржуазиясынын күрөшкөн доорунда анын талаптарын талашкан буржуазиялык идеологиялык жана коомдук-саясий агым. Бул монархтын укуктарын парламент менен чектөөнү, конституциялык түзүлүштүн орношун жана мамлекетти башкарууга буржуазияны тартууну, демократиялык эркиндикке белгилүү бир рамкада жол берүүнү /ушундан "либералдар" деп аталып калган/ талап кылган. Пролетариаттын революциялык кыймылынын өсүшү менен либералдар реакция менен келишип кетишип, өздөрүнүн прогрессивдүү жактарын жоготушуп, революциянын душмандарынын тарабына өтүшкөн. Азыркы кезде Англия, Канада сыяктуу капиталисттик мамлекеттерде либералдык деп аталган буржуазиялык партиялар бар; 2. өтө мааниде: коомдук турмуштун терс көрүнүштөрүнө каршы активдүү күрөшүүгө жөндөмсүздүк, принципсиз келишүүчүлүк, ыңгайлуу көнүлчөөктүк жана жамырабастык, көрүп-билип туруп тап душмандарынын кылмыштуу иштерине жол берүүчүлүк, болбогон боорукерлик жана жумшактык/.

ЛИГА лига /айрым адамдардын, уюмдардын, мамлекеттердин коомдук-саясий бирикмеси, союзу, коому, ассоциациясы: Улуттар лигасы; Араб мамлекеттеринин лигасы/.

ЛИГА АРАБСКИХ ГОСУДАРСТВ /ЛАГ/ Араб мамлекеттеринин лигасы /араб мамлекеттеринин өкүлдөрүнүн 1945-ж. Каирде өткөрүлгөн кон-

Фарсанциясында түзүлгөн регионалдык уюм. Азыркы кезде ЛАГ, Алжир, Бахрейн, Биримкен Араб Эмираттары, Египет, Иордания, Ирак, Йемен, Араб Республикасы, Йемен Элдик-Демократиялык Республикасы, Катар, Кувейт, Ливан, Ливия, Мавритания, Марокко, Оман, Сауд Аравиясы, Сирия, Сомали, Судан, Тунис жана Палестинаны боштондукка чыгаруу уюму болуп, 20 араб мамлекетин биригтирет. 1979-жылдын башында Египеттин Израил менен сепаратгык "тынчтык" келишимин түзгөндүгүнө байланыштуу ЛАГдын дээрлик бардык өлкөлөрүнүн өкүлдөрү катышкан Багдаддагы конференцияда жалпы араб дүйнөсүнүн имиш чыкынчылык жасаган А.Садаттын режимине каршы санкциянын бүтүндөй бир программасын түзгөн 23 резолюция кабыл алынып, Египетке саясий, экономикалык ж.б. жактардан бойкот жарыяланды. Араб мамлекеттеринин лигасынын штаб- квартирасы Туниске көчүрүлдү. Лиганын негизги максаты - ага кирген мамлекеттердин ортосундагы байланыштарды күчөтүү, эл аралык аренага бирдиктүү саясий багыт менен чыгуу, уюмга катышкан өлкөлөрдүн өз алдынчалыгын коргоо жана аларга тиешелүү проблемаларды талкуулоо, экономика, финансы, транспорт, маданият ж.б. жактан кызматташтыкты күчөтүүгө, Жакынкы Чыгыштагы абал, арабдар менен Израилдин ортосундагы конфликт, Палестина проблемасын сыяктуу маселелерге орчундуу көңүл бурулат. ЛАГдын жогорку органы - ага кирген мамлекеттердин өкүлдөрүнөн турган Совет. Күнделүк иштн Генеральный секретариат жүргүзөт. Лиганын жетекчи органдары-Каирде/.

ЛИГА НАЦИЙ Улуттар лигасы /биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштардын аралыгындагы (1919-39) эл аралык уюм. Улуттар лигасынын Уставы боюнча анын максаты элдердин ортосунда кызматташтыкты өөрчүтүү жана алардын бейкутчулугун жана коопсуздугун гарантиялоо болгон. Иш жүзүндө Улуттар лигасы империалисттик державалардын, биринчи кезде Великобритания менен Франциянын саясатынын куралына ай-

ланып калган. 1934-39-жылдарда СССР бул уюмга катышып, тынчтыктын имин бекем кактап, фашисттик агрессияга каршы коллективдүү коопсуздук системасын түзүүгө чакырган. Алдына койгон милдетти аткабагандан кийин СССР 1939-жылы Улуттук лигадан СССР чыгып кеткен, ошондон кийин ал өзүнүн имин тонтоткон. Формалдуу түрдө Улуттар лигасы 1946-жылы апрелде таратылган/.

ЛИДЕР лидер /1. саясий партиянын, профсоюздун же башка коомдук уюмдун, коомдук-саясий кыймылдын башчысы, жетекчиси, жолбашчысы; 2. кандайдыр бир спорттук мелдешке катышкандардан озуп алдыга чыккан киши же кишилердин тобу - команда/.

ЛИКВИДАТОРСТВО ликвидаторлук /1907-1910-жылдардагы Россиядагы социал-демократтык жумушчу партиясындагы оңчул, оппортунисттик меньшевиктик агым. 1905-1907-жылдардагы биринчи орус буржуазиялык - демократтык революциясы жеңилгенден кийин меньшевиктер - ликвидаторлор большевиктер партиясынын революциячыл программасы менен тактикасынан баш тартышып, өздөрүнүн реформисттик партиясын түзүүгө далалат кылышкан. Бул иш жүзүндө пролетариаттын партиясын жоюу дегендик эле. Большевиктер ликвидаторлорго каршы чечкиндүү сокку урушуп, жаңы типтеги пролетардык партияны коргоп жана чыңдашты. Ликвидаторлор 1912-ж. большевиктер партиясынын катарынан куулуп чыгарылган/.

ЛИКВИДАЦИЯ жоюу /1. ишкананын, мекеменин, уюмдун ж.б. ишин токтотуу; 2. кандайдыр бир нерсенин, кимдир биреенун жашоосун токтотуу, жоюу/.

ЛИМИТ лимит /чектөө, чек коюу/.

"СУД ЛИНЧА" "Линчтин соту" /АКШдагы расисттердин расалык дискриминация жана зөөкүр саясатына каршы күрөшкөн нерселерди, прогрессивдүү ишмерлерди ж.б. тергөөсүз жана сотсуз эле өздөрү билгендей за-

консув, мынаачылык менен хазалоо/.

ЛИЦЕНЗИЯ лицензия /I. товарларды чет мамлекетке чыгарууга /экспорт/ же ал жактан алып келүүгө /импорт/ укук берген мамлекеттик органдардын кат жүзүндөгү уруксаты; 2. башка уюмдарга жана адамдарга патенттелген ойлоп чыгарылган нерсени пайдаланууга берилүүчү укук, уруксат/.

ЛИЧНАЯ СОБСТВЕННОСТЬ өздүк менчик /ар бир кишинин өзүнө керектелүүчү буюмдарга болгон менчиги. Капиталисттик түзүлүштүн шарттарындагы эксплуататорлордун өздүк менчиги жеке менчиктин өзүнчө бир түрү болуп саналат, анткени капиталисттин өздүк менчигинин булагы аның өз эмгеги менен эмес, калдыма эмгекти эксплуатациялоодон тапкан кирешеси болуп эсептелет да, аны ал каалаган убакта капиталга айландыра алат. Социализмдеги өздүк менчиктин булагы - ар бир адамдын коомдук пайдалуу эмгекке катышуусу, ал капиталга айланбайт. Коммунизм толук бойдон орногондо өздүк менчикти кебейтүүнүн кереги болбой калат, анткени керт баштын керектөөлөрүн канааттандыруунун негизги булагы керектөөнүн коомдук фондусу болот да, ар бир адам коомдон өзүнүн керектөөлөрүнө карата каалаганын алат/.

ЛОББИ /ЛОББИСТЫ/ лобби /АКШнын конгрессинин жана айрым штаттардагы закон чыгаруучу органдардын кулуарларында /англисче лобби/ кожоюндарынын пайдасын көздөп алдыртан тымызын иш жүргүзүшкөн буржуазиялык шылуундар, ири банктардын жана монополиялардын агенттери. Алар конгрессмендерге, сенаттын мүчөлөрүнө, мамлекеттик чиновниктерге пара берип, аларды сатып алуу жолу менен кожоюндарына пайдалуу закондордун долбоорун кабыл алдырышат, ыңгайлуу сенаттык заказдарды жана субсидияларды алышат, керектүү мамлекеттик кызматтарга өздөрүнүн кишилерин коюшат ж.б./.

ЛОЗУНГ уран /саясий партия же башка бир уюм тарабынан чыгарылып, жетекчи идеяны, милдетти, талапты кыска, даана жана түшүнүктүү формада билдирген маанилүү чакырык/.

ЛОКАЛИЗАЦИЯ локализация, локализациялоо /кандайдыр бир оорунун, кубулуштун, аракеттин - ооруунун, эпидемиянын, согуштун аракеттин ж.у.с. белгилүү бир жер, район менен чектелиши, токтолушу/.

ЛОКАЛЬНЫЕ ВОЙНЫ кыргилыктуу согуштар /чектелген территорияны, айрым өлкөлөрдү кучагына алган кыргилыктуу согуштар. Империалисттик мамлекеттер жашап турганда кыргилыктуу согуштардын чыгуу коркунучу сакталат да, анын кесепети жер шарынын башка райондоруна жайылып, адамзатты жаңы дүйнөлүк согушка дуушар кылышы ыктымал.Совондуктан СССР ж.б. социалисттик өлкөлөр Кокиинин Чыгыштагы израилдын агрессия сыяктуу империалисттердин локалдык — кыргилыктуу согуштарына каршы тынымсыз күрөшүп келишет/.

ЛОКАУТ локаут /кумушчу табына каршы буржуазиянын күргүзген тап күрөшүнүн бир түрү. Бул учурда капиталисттер өздөрүнүн ишканаларын жабышып, кумушчуларды массалык түрдө иштен бошотушат. Күрөштүн бул түрүн ишкана ээлери кумушчулардын иш ташташоорун болтурбай коюу же басуу, аларды коюлган талаптарынан баш тартууга жана өздөрүнүн шарттарына моюл болууга аргасыз кылуу максатында колдонушат/.

ЛОРД лорд /I. Великобританиядагы парламенттин жогорку, лорддор палатасынын мүчөсү, ушундай адамдарга берилүүчү титул. Бул титул король тарабынан жогорку дворяндардын, ири буржуазиянын өкүлдөрүнө, ошондой эле айрым абдан таанылган саясий жана башка иштерлерге берилип, атадан балага мураска калат; 2. Великобританиядагы кээ бир жогорку кызматтагы кишилердин аты: бир катар ири шаарлардагы муниципалдык мекемелердин башчылары лорд - мэр деп аталат/.

ЛОТЕРЕЯ лотерея /I. сатып алынган билет боюнча баалуу буюм, акча ж.б. утуп алуу; 2. отие маанисинде: тобокелчилик, бел байлагандык/.

ЛОЯЛЬНОСТЬ лоялдуулук /бийлик органдарынын закондорун, талаптарын, эрежелерин орундатуу; калыстык, бейтараптык, сыпайылык/.

ЛЮМПЕН - ПРОЛЕТАРИАТ люмпен-пролетариат /капиталисттик коомдогу ындыны өчүп, адамдык сапатын жоготуп, табынан ажыраган элементтер: дубаналар, сөлсаяктар, томаяктар, кайырчылар, уурулар ж.б./.

М

МАВЗОЛЕЙ мавзолей /атактуу адамдардын сөөгүн сактай турган жасалгаланган монументалдуу күмбөз, м.: Москвада, Кызыл аянтта В.И. Ленинди мавзолейи/.

МАГАРАДЖА магараджа /Индияда княздардын жогорку титулу жана ошол титулду алып жүрген адам/.

МАГИСТР магистр /I. кайсы бир чет өлкөлөрдө жана Россияда революцияга чейинки илимий даража жана ошол даражага ээ болгон адам; 2. Европада орто кылымдарда диний-рыцарлык ордендин башчысы/.

МАГИСТРАТ магистрат /I. кээ бир өлкөлөрдө шаардык башкарманын муниципалитеттик органы; 2. Байыркы Римдеги мамлекеттик кызмат /консулдук, претордук, трибуналдык ж.б./ орду жана ошол кызматты ээлеген адам/.

МАГИСТРАТУРА магистратура /I. Батыш Европанын кээ бир өлкөлөрүндөгү жана эски Россиядагы сот кызматын аткарган адам; 2. байыркы Римде мамлекеттик жогорку кызмат жана ошол кызматты ээлеген адам/.

МАГНАТ магнат /I. феодалдык Польшада, Венгрияда ж.б. өлкөлөрдө ири феодал-помещик; 2. ири капиталист, капиталисттик монополиялардын башчысы/.

МАЁВКА маёвка /революцияга чейинки Россияда жумушчулардын I-Май күнү өткөрүүчү жашырын чогулушу/.

МАЖОРИТАРНАЯ СИСТЕМА мажоритардык система /кээ бир капиталисттик өлкөлөрдөгү антидемократиялык шайлоо системасы. Пропорционалдык шайлоо системасынын тескериси, мында округда көп до-

бүш алган партия же кандидат гана шайланган болуп эсептелет. Аз добуш алган партиялар же кандидаттар парламентке шайланбай калат. Пайлоо менен бир өлкөлөргө буржуазиялык партиялардын аралкейлүк менен блок түзүшүнүн натыйжасында демократиялык, прогрессивдүү /коммунисттик, жумушчу ж.б./ партиялар 50% тен кем добуш алышса, парламентке өкүл жибере албай калышат/.

МАЙОРАТ майорат /революцияга чейинки Россияда жана көп бир капиталисттик өлкөлөрдө кыргыздардын феодалдык тартиби. Бул боюнча атасынын байлыгы, малы, мүлкү, жери улуу баласына өтөт/.

МАКИ маки /немецтик-фашисттик баскынчыларга каршы күрөштө /1940-44-ж./ Францияның компартиясының жетекчилиги астында каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан француздук партизандардын аты/.

МАКИАВЕЛЛИЗМ макиавеллизм /өз максатына жетиш үчүн жүзү каралык иште жасоодон да кайра тартпаган саясат, м.: италиялык саясий ишмер жана жазуучу, жаңыдан өнүгүп келе жаткан Италиянын буржуазиясынын идеологу, күчтүү чексиз монархияны жактоочу Макиавеллинин /1469—1527/ ысымынан алынган/.

МАККАРТИЗМ маккартизм /1950-жылдардагы америкалык сенатор Джозеф Маккартинин ысымынан алынган, АШтда прогрессивдүү кыймылга, демократиялык уюмдарга, аның жетекчилерине багытталган коркутуп-үркүтүү, соттоо, жазалоо методун колдонуучу реакциячыл саясат/.

МАКЛЕР маклер /капиталисттик өлкөлөрдө соода жана биржалык келишимдерди түзүү учурунда атайын далдалчы болуп турган адам/.

МАКСИМУМ максимум /эң чоң, бир нерсенин өтө зор, жогорку чеги. Минимумга салыштыр/.

МАКСИМАЛИЗМ максимализм /1. албагандай катуу талап; 2. эсерлердин арасындагы солчул карым анархисттик террордук агым/.

"МАЛАЯ АНТАНТА" "Кичи Антанта" /Чехословакиянын, Румыниянын жана Югославиянын буржуазиялык өкмөттөрүнүн /1920—1938/ саясий союзу. Франциянын колдоосу астында түзүлүп, таратылганга чейин Советтер Союзуна кас болгон жана Борбордук Европада революциялык кыймылга каршы күрөшкөн. 1938-ж. Гитлердик Германия Чехословакияны бөлүп, Судет областын басып алганда берки экөө ааразылык билдирген эмес, андан тартып Кичи Антанта иш жүзүндө жашоосун токтоткон/.

"МАЛАЯ ЕВРОПА" "Кичи Европа" /"европалык коргонуу коомчулугуна" адеп кирген Европадагы алты өлкө: Франция, Италия, ФРГ, Бельгия, Голландия жана Люксембург/.

МАЛОПРОИЗВОДИТЕЛЬНЫЙ ТРУД аз өнүмдүү эмгек /аз өндүрүмдүү, өнүму жогураак эмгек, м.: кол эмгеги/.

МАЛЬТУЗИАНСТВО мальтузианство /адамды жек көргүч буржуазиялык реакциячыл теория. Бул теориянын автору англиялык реакциячыл экономист, поп Т.Р. Мальтус /1876—1834/ болгон. Бул теорияга ылайык, жакырчылык, ачарчылык, жумушсуздук жана капиталисттик коомдун башка жапачылыктары капитализмдин экономикалык системасынын натыйжасында болбостон, калктын өтө тез көбөйүп барышынын, керектөө буюмдарын өндүрүүгө үлгүрө албагандыктын натыйжасында болот имиш. Ушуга карама баалардын төрөлүүнү азайтууну сунуш кылышып, адамдарды көп кыргынга учуратуучу империалисттик согуштарды ж.б. кырсыктарды актоого умтулушат. Америкалык-англиялык азыркы социологдор Мальтустун теориясын кубатташып, аның калкты жок кылууну "табигаттын буйругу" деп аташат. Эмгекчилердин турмуш деңгээлинин өтө төмөндөшүн алар капиталисттик түзүлүштөн кор-

бей, каратылыштын закону катары көрүп, табигий нерсе деп эсептешет. Социалистик өлкөлөрдүн элдеринин тумуш-кыргалчылыгынын көтөрүлүшү бул теорияны ич кузунде жокко чыгарууда/.

МАНДАРИН мандарин /феодалдык Кытайдагы чиновниктин эң жогорку наамы/.

МАНДАТ мандат /I. өкүлдүк, полномочие, наказ, тапшырма, кандайдыр бир адамдын полномочиесин күбөлөндүрүүчү документ, м.: Советтин депутатынын, съездин, конференциянын делегатынын мандаты; 2. бир жерди, өлкөнү башкарууга берилген укук. Биринчи дүйнөлүк согушта женилген өлкөлөрдүн /Германия жана Турция/ мурда ээлеген жерлерин Улуттар лигасы женген өлкөлөргө бөлүп берген. Ушундан "Мандаттык территория" деген келип чыккан. /К. МАНДАТНАЯ СИСТЕМА/.

МАНДАТНАЯ СИСТЕМА мандат системасы /1919-ж. Антантанын башкы державалары Германиянын мурдагы колонияларын жана Осман империясынан бөлүнгөн араб территорияларын башкаруу үчүн киргизишкен. Улуттар лигасынын пактысынын 22-ст. нлайык юридикалык жактан бекитилген. Бул боюнча Великобританияга -Палестина, Ирак, Танганыика жана Того менен Камерундун бир бөлүгү, Францияга-Сирия менен Ливан, Урунди, Японияга-Тынч океандагы Маршал, Каролин жана Марианн аралдары, Түштүк Африка Союзуна-Түштүк Батыш Африка, Австралияга-Тынч океандагы Науру аралы жана экватордун түштүгүндөгү аралдар, мурдагы немецтик Жаңы Гвинея, Жаңы Зеландияга-Батыш Самоа аралдары тийген. II дүйнөлүк согуш мезгилинде колониялык жана көз карандысыз элдердин күрөшүнүн жана СССРдин чечүүчү ролу астында фашизмдин женилишинин натыйжасында мурдагы Мандаттык территориялар азыр суверендүү мамлекет болуп калышты/.

МАНДАТНАЯ КОМИССИЯ мандат комиссиясы /мандаттардын тууралыгын текшерүү үчүн съездерде, конференцияларда, конгресстерде, Советтердин биринчи сессияларында түзүлө турган комиссия/.

МАНЕВР маневр /I. уруш убагында душманга соккү берүү үчүн аскерлердин же флоттун белгилүү жерге топтолушу жана ары-бери жүрүшү, аскерлерди же флотту согуштук шарттарга жакын жагдайда үйрөтүүчү тактикалык окуу; 2. ыкма, амал, айла, кулук; 3. темир жол станциясында паровоз менен вагондордун ары-бери жүрүп, эшелонго тизилиши/.

МАНИЛОВЩИНА маниловщина /Н.В. Гоголдун "Өлүк жандар" повестиндеги кейипкердин бири помещик Маниловдун ысмынан алынган, куру кыялга батуучулук, чындыкка тыкшийби кайдыгер мамиле кылуучулук/.

МАНИПУЛЯТОР манипулятор /айлакер, көз жаздыруучу, махинатор адам/.

МАНИПУЛЯЦИЯ манипуляция /I. махинация, көз боёмолоп алдоо; 2. татаал ыкма, кийин амал/.

МАНИФЕСТ манифест /I. кандайдыр бир маанилүү саясий окуяга байланыштуу жогорку бийликтин калкка кат кузунде кайрылуусу; 2. саясий партиянын, коомдук уюмдун, адабий топтун ж.б. өзүнүн негизги көз караштарын, программасын, чечимдерин баяндап кайрылган үндөөсү; марксизмдин XIX к. орто чениндеги маанилүү программалык документи К. Маркс менен Ф. Энгельс жазышкан "Коммунистик партиянын манифести" болуп саналат. Ал "Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!" деген элбээ-өчпөс чакырык ураан менен аяктаган/.

МАНИФЕСТ МИРА тынчтыктын манифести

МАНИФЕСТАЦИЯ манифестация /электештик, колдоо көрсөтүү максатында же наарачылык билдирип, кыр көрсөтүү претинде калктын көчөдөгү жүрүшү, чогулушу ж.б./.

МАНИЯ мания /1. өзүнүн ой-пикирин жана сезимин кандайдыр бир идеяга топтогон психикалык оозу абал; 2. бир нерсеге өтө эле берилип калуу, бир нерсенин эле артынан түшүү/.

МАНУСКРИПТ манускрипт /байыркы кол жазма/.

МАНУФАКТУРА мануфактура /1. капиталистик өндүрүштүн бир формасы, ал эмгекти бөлүштүрүүгө негизделет да, кол эмгеги, өндүрүштүн ремесололук техникасын сактайт. Ремесленниктен айырмаланып, мануфактура жумушчуларын капиталистин мастерскогында иштеткен. Мануфактурадан кийин машиналык индустрия өнүгөт; 2. машина өндүрүшү киргизилгенден кийин деле сакталып калган кээ бир текстиллик ишканалар; 3. тиричилик буюм маанисинде--кездеме, текстиллик товарлар/.

МАРКЕТИНГ маркетинг /сөзмө-сөз которгондо соода деген маанide. Ал соода рыногунун керектөөлөрүн жана керектөөчүлөрдүн жактыктарына өндүрүштүн ылайыкташын изилдеп үйрөнүүчү система. Монополиялардын конкуренттик күрөшүнүн күчөшүнө байланыштуу улам системанын коммерциялык рекламасы, керектөөчүлөргө товарларды берүү формалары, товарларды жеткирүү жолдору ж.б. сыяктуу түрлөрү өркүндөп, өнүгүп отурат. Азыр маркетинг дүйнөлүк соода системасынын составдык бөлүгү болуп саналат/.

МАРКИЗ маркиз /Батыш Европадагы кээ бир өлкөлөрдөгү граф менен герцогдун ортосундагы дворяндык титул/.

МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ марксизм-ленинизм /жаратылыштын, коомдун, ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнүн негизги жалпы закондору жөнүндөгү, эксплуататордук коомду жоюунун жолдору, социализмдин жеңиши жана

коммунисттик коомду куруунун жолдору жөнүндөгү диалектикалык илим, жумушчу табынын жана коммунисттик партиянын идеологиясы/.

МАРКСИСТСКО-ЛЕНИНСКАЯ ИДЕОЛОГИЯ марксисттик-лениндик идеология /жумушчу табынын идеологиясы/.

МАРКСИСТСКО-ЛЕНИНСКОЕ УЧЕНИЕ марксисттик-лениндик илим /жумушчу табынын, коммунисттик партиянын коомдук түзүлүштү революциялык түрдө өзгөртүү жөнүндөгү илими/.

МАРОДЕРСТВО мародерчулук /уруш майданында өлгөн же жарадар болгондорду талап-тонсо, басып алган территориядагы калкты аскерлердин талап-тоногу. Мародорчулук басып алгыч, агрессия согушун жүргүзгөн өлкөнүн аскерлеринин, м.: гитлердик фашисттердин, израилдик аскерлердин арасында кеңири тараган/.

МАРОДЕР мародер /1. уруш майданында өлгөн же жарадар болгондорду тоногон адам; 2. кызыл кулак, спекулянт, жегич, соргуч, тоноп-бутоочу адам/.

МАРСЕЛЬЕЗА марсельеза /француздардын мурдагы революциячыл ыры; кийин Франциянын улуттук гимни болуп калган/.

МАРШАЛ маршал /1. аскердик эң жогорку наам, м.: Советтер Союзунун Маршалы. Аскердик түрлөрдүн да маршаллары бар, м.: авиациянын маршалы ж.б. 2. Польша Эл Республикасында Сеймдин председателинин наамы. Ал жана анын 2 орун басары /ыпе-маршалдар/ Сеймдин депутаттары тарабынан белгилүү мөөнөткө шайланышат/.

МАСОН масондор /масончулуктун жолун жолдогондор/.

МАСОНСТВО масончулук /XVIII к. Англияда чыгып, башка өлкөлөргө тараган дини философиялык агым, кийин жашыруун коом түрүндө саясатта дини үрп-адаттарды, реакциячыл көз караштарды үгүттөгөн/.

МАССА масса /элдин кенири катмары/.

МАССОВКА массовка /1. революцияга чейинки Россияда кашырын өтүүчү чоң эмес митинг, кичине жыйын; 2. көп адам катышкан экскурсия, сейил, кабунча шаардын сыртына чыгуу; 3. спектаклдеги, кинофильмдеги массалык сцена/.

МАССОВОЕ ДВИЖЕНИЕ массалык кыймыл /көпчулук эл катышкан зор маанидеги иш, аракет. Массовое движение сторонников мира тынчтыкты жактоочулардын массалык кыймылы/.

МАСТЕР мастер /1. өндүрүштүн бир участкасын башкаруучу адис жумушчу; 2. уз, уста, чебер; мастер на все руки-колунан баары келген чебер уста. Мастер спорта -- спорттун мастери. Мастера искусства -- искусствонун чеберлери, м.: артисттер, суретчүлөр, музыканттар ж.б./.

МАТЕРИАЛИЗМ материализм /философиянын негизги маселесине туура жооп берген агым, идеализмге карама-каршы илимий багыт. Дүйнө жүзү өзүнүн жаратылышынан материалдуу, адамдын ан-сезимине көз каранды болбой жашайт, аны таанып-билүүгө болот, материя - алгачкы, ан-сезим, дух-экинчи деп ырастайт. Материализмдин жогорку формасы— диалектикалык жана тарыхый материализмди Маркс менен Энгельс түзүшүп, В.И. Ленин өнүктүргөн/.

МАТЕРИАЛИСТ материалист /материализмди жолдоочу адам/.

МАТЕРИАЛЬНЫЕ И МОРАЛЬНЫЕ СТИМУЛЫ материалдык жана моралдык стимулдар /социалистик коомдун өнүгүшүнүн маанилүү фактору. Кызматкерлердин өз эмгегинин натыйжасына материалдык жактан кызыгуусу коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн, анын натыйжалуулугун жогорулатуунун таасирдүү күчү болот. Ал эмгекке ақы төлөө аркылуу камсыз кылынат да, чарбалык эсепти жүргүзүү, керектөөнүн коомдук фондуларынан төлөө-

лөрдү жана жеңилдиктерди көбөйтүү аркылуу ишке ашырылат. Моралдык стимул алкыш жарыялоо, Ардак тактасына жазуу, грамоталар, ордендер, медалдар менен сыйлоо, ардак жана жогорку наамдарды берүү менен ишке ашырылат/.

МАТЕРИАЛЬНОЕ ПРОИЗВОДСТВО материалдык өндүрүш /материалдык байлыктарды өндүрүп жаткан өндүрүш: өнөр жай, айыл чарба ишканалары/.

МАТРИАРХАТ матриархат /алгачкы коомдук түзүлүштүн өнүгүшүндөгү доор, анда укум-тукум, уруучулук ажыл жагынан эсептелип, чарбалык жана коомдук турмушта аялдар үстөмдүк абалда болушкан/.

МАФИЯ мафия /Сицилия аралындагы /Италия/ банditтик-террорчулук ұюм. Мафия ири жер ээлери-латифундисттердин кызматында. Ал калкка террор жүргүзүп, прогрессивдүү кетекчи адамдарды өлтүрөт. АКШдагы мафия кайсы бир реакциячыл, гангстердик уюмдар менен байланыш түзгөн/.

МАХИЗМ махизм /эмпириокритицизм/ буржуазиялык философиядагы субъективдүү-идеалистик реакциячыл багыт. Ал XIX к. аягында чыгып, жана австриялык идеалист-философ Э. Махтын /1838—1916/ атынан алынган. В.И. Ленин "Материализм жана эмпириокритицизм" деген китебинде махизмге жана орус махисттери Богданов, Юшкевич, Базаров ж.б. сокку урган/.

МАХИСТ махист /махизмди жактоочу, жолдоочу, тутуучу адам/.

МАХНОВЩИНА махновчулук /1918—1920-ж. Украинада Совет бийлигине каршы күрөшкөн контрреволюциячыл анархисттик-кулактык кыймыл, ага анархист Н. Махно башчылык кылган. Анын бандалары эмгекчи калкты талап-тонон, партиялык, советтик кызматкерлерди ыймансыз жазалап, өлтүргөн/.

МЕДАЛЬ медаль /согуштук жана эмгектик каармандыктарды көрсөткөн адамдар сыйлануучу өкмөттүк сыйлык, м.: "Каармандыгы үчүн" медаль, "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медаль ж.б. Өтмө мааниде: Оборотная сторона медали кандайдыр бир иштин эң негизги /көбүнчө терс/ жагы/.

МЕЖЛИС мажлис /Түркиядагы закон чыгаруучу орган, парламент, Ирандын парламентинин төмөнкү палатасы/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ АССОЦИАЦИЯ ХРИСТИАН-ДЕМОКРАТОВ /МАХД/ Христ-демократтардын эл аралык ассоциациясы /ар түрдүү өлкөлөрдөгү прогрессивдүү христерди бириктирген эл аралык демократиялык уюм. 1946-ж. Парижде христердин эл аралык конференциясында түзүлгөн. МАХД эл аралык коопсуздукту, демократиялык укуктарды жана эркиндиктерди сактоо үчүн күрөшүүдө. Жогорку органы --Конгресс, күндөлүк ишин Совет кургузат, генеральный секретарь башында турган Бюро жана секретариат оперативдүү жетекчилик кылат. Штаб-квартирасы-Брюсселде/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ЛЕНИНСКАЯ ПРЕМИЯ Эл аралык лениндик сыйлык /"Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн" деген эл аралык Лениндик сыйлыкты СССР Жогорку Советинин Президиуму 20-XII 1949-ж. чыгарган. Тынчтыкты чыңдоо ишинде көрүнүктүү эмгек сиңиргендиги үчүн ар кандай өлкөнүн граждандары сыйланат, м.: ири окумуштуу Фредерик Жолио-Кюри /Франция/, англиялык поп Хьюлетт Джонсон, акын Пабло Неруда /Чили/, бизнесмен Сайрус Итон /АКШ/, сүрөтчүлөр П. Пикассо /Франция/ жана Х. Сидоструп /Дания/, жазуучулар Б. Брехт /ГДР/, Жоржи Амаду /Бразилия/, Н.Т. Тихонов /СССР/, саясий, коомдук, мамлекеттик ишмерлер Л.И. Брежнев /СССР/, Азиз Шериф /Ирак/, М. Вирс-Туоманен /Финляндия/, Ромеш Чандра /Индия/,

Сальвадор Альенде /Чили/, ж.б. сыйланышкан/.

МЕЖДОУСОБИЦА ич-ара кандал /көбүнчө феодалдык мамлекеттин ичиндеги коомдук таптар, уруулар арасында өз ич ара кагылышуу, тартышуу, чыркашуу, чабышуу/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ДЕМОКРАТИЧЕСКАЯ ФЕДЕРАЦИЯ ЖЕНЩИН /МДФ/ Аялдардын эл аралык демократиялык федерациясы /1945-ж. түзүлгөн; 100дөн ашык өлкөлөрдүн аялдар уюмун бириктирет. Ал аялдардын эркектер менен тең укуктуулугу, энелерди жана балдарды коргоо, элдердин тынчтык, демократия, көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүдө. Ага Советтик аялдардын комитети да кирет. Федерациянын жетекчи органдары--аялдардын бүткүл дүйнөлүк конгресси, Совет, Бюро Берлинде жайгашкан/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ ЖУРНАЛИСТОВ /МОЖ/ Журналисттердин эл аралык уюму /1946-ж. Копенгагендеги конгрессте түзүлгөн; тынчтыкты сактоо, элдердин достугун, кызматташуусун чыңдоо, басма сөздөрдүн жана журналисттердин эркиндик укугун коргоо максатын көздөйт. Элекстеттиктин эл аралык фондусу түзүлгөн. Жогорку органы--конгресс, Аткаруу комитети Прагада жайгашкан/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ КРИМИНАЛЬНОЙ ПОЛИЦИИ /ИНТЕРПОЛ/ Криминалдык полициянын эл аралык уюму /1923-ж. Венада түзүлгөн. Штаб-квартирасы Парижде, максаты — уголовный кылмыштарга каршы күрөштө өлкөлөрдүн полициялык органдарынын өз ара жардамдашуу. Жогорку органы--Генеральный ассамблея, ал Аткаруу комитетин шайлайт/президент, эки вице-президент, 6 делегат/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ ЗАЩИТЫ ДЕТЕЙ балдарды коргоонун эл аралык куну /Аялдардын эл аралык демократиялык федерациясы менен Демократиялык жаштардын эл аралык федерациясынын демилгеси боюнча

1950-жылдан бери ар жыл сайын I-июнда өткөрүлөт. Ал жаңы согушка даярданууга карши, тынчтык үчүн, балдардын өмүрүн жана саламаттыгын коргоо үчүн күрөшүү деген ураандын астында өтөт/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕТСКИЙ ДЕНЬ Балдардын эл аралык күнү /буржуазиянын үстөмдүгүнө карши күрөшкө аялдарды мобилизациялоо максатында социалист-аялдардын 1910-ж. Копенгагенде өткөн эл аралык II конференциясынын чечими боюнча бардык өлкөлөрдүн эмгекчи аялдарынын тилектештик күнү катарында жыл сайын 8-Мартта өткөрүлөт. Биринчи жолу Батыш Европанын бир катар өлкөлөрүндө 1911-ж., Россияда 1913-ж. өткөрүлгөн. ООНдун Генералдык Ассамблеясынын 27-сессиясы 1975-жылды Аялдардын эл аралык жылы деп жарыялаган. Аны өткөрүү боюнча дүйнө жүзүнүн көп өлкөлөрүндө /СССРде да/ Комиссия түзүлгөн/.

МЕЖДУНАРОДНОЕ ПРАВО эл аралык укук /укуктук нормалардын жыйындысы; ал мамлекеттердин кызматташуу процессинде саясий, экономика, маданият жагындагы маанилерди жөнгө салат. Мамлекеттердин ортосунда эл аралык келишимдерди түзгөн кезде улуттук нормалар аныкталат. Кол салышпоо, ар түрдүү социалдык-экономикалык системадагы өлкөлөрдүн тынчтыкта жанаша жашоосу, улуттардын өз тагдырын өзү чечүүсү, мамлекеттердин суверенитети, тең укуктуулук жөнүндөгү принциптери эл аралык укукка киргизилген/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ЖАНДАРМ эл аралык жандарм /демократиялык, революциялык, улуттук-боштондук күймөлүн басуу максатында полициялык кызматтоо функциясын эл аралык масштабда аткаруучу эксплуататордук ири мамлекет. Дүйнөлүк социалисттик системанын чыңдалышы, улуттук боштондукка чыгуу күймөлүнүн күчөшү, буржуазиялык өлкөлөрдөгү коммунисттик жана жумушчу күймөлүнүн өсүшү империалисттердин дүйнөлүк үстөмдүккө умтулушуна кубаттуу бөгөт жасайт/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ СОЮЗ СТУДЕНТОВ /МСС/ Студенттердин эл аралык союзу /демократиялык студент жаштардын кеңири катмарларын бириктирүүчү эл аралык уюм; 1946-ж. Прагада түзүлгөн. Ал тынчтык үчүн, колониализмге карши, жаштардын билим алуу укугу үчүн күрөшүүдө. Ал студенттердин бүткүл дүйнөлүк органдарын, эл аралык мелдештерин, спорттук фестивалдарды уюштуруп, ар жыл 10--17-ноябрда студенттердин эл аралык жумалыгын өткөрөт. Жогорку орган-конгресс, 3 жылда бир чакырылат, мында Совет шайланат, Аткаруу комитети түзүлөт. Иш аткаруучу органы болгон секретариат Прагада жайгашкан/.

МЕЖДУНАРОДНЫЕ АДМИНИСТРАТИВНЫЕ СОЮЗЫ эл аралык административдик союздар /экономикалык, укуктук, социалдык, административдик жана маданий мүнөздөгү айрым маселелерди жөнгө салыш үчүн мамлекеттердин ортосундагы атайын келишимдердин негизинде түзүлгөн уюмдар. Союздардын жетекчи органдары-конференция жө конгресс; аткаруу органы-бюро, башкарма жө комиссия. СССР: Эмгектин эл аралык уюмуна, Өлчөгүчтөрдүн жана тараза лардын эл аралык бюросуна, Бүткүл дүйнөлүк почта союзуна, электр байланышынын эл аралык союзуна, Эл аралык эпизоотикалык бюрого, Ит кармоо промыселин жөнгө салуучу эл аралык комиссияга, Бүткүл дүйнөлүк метеорологиялык уюмга, Радио укторуучулардын европалык уюмуна ж.б. катышат/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ИНВЕСТИЦИОННЫЙ БАНК эл аралык инвестициялык банк ЭИБ /СЭВ өлкөлөрүнүн 23-сессиясынын чечиминин /1970/ негизинде түзүлгөн; ага Болгария, Венгрия, ГДР, Монголия, Польша, СССР, ЧССР, Румыния кирген. Негизги максаты-узак мөөнөттүү /15 жылга/ жана орто мөөнөттүү /5-ж./ кредит берүү. ЭИБнын ресурстары буга мүчө болгон өлкөлөрдүн взносторунан турат. Анын Уставдык капиталы 1 млрд. сомдон ашык, бул мүчө болгон өлкөлөрдүн макулдашуусу боюн-

ча көбөйүшү мүмкүн. Кредит бергендиги үчүн ЭБ процент алып турат. Анын жогорку органы - ардык мүчө-өлкөлөрдүн өкүлдөрүнөн турган Совет, булардын ар бири бирден гана добушка ээ. Күндөлүк ишти башкарма /Председатель жана үч орун басары/ аткарат. Банк Москвада жайгашкан/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ВАЛЮТНЫЙ ФОНД эл аралык валюталык фонд /1944-ж. түзүлгөн, 60 өлкө катышкан эл аралык кредит мекемеси/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДОГОВОР эл аралык келишим /эки же бир нече мамлекеттердин ортосунда саясий, экономикалык ж.б. маселелер боюнча түзүлүүчү келишим. Өтө маанилүүлөрүн закон чыгаруучу жогорку органдар ратификациялайт /бекитет/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КООПЕРАТИВНЫЙ АЛЬЯНС /МКА/ эл аралык кооперативдик альянс /кооперативдик уюмдардын эл аралык бирикмеси, 1895-ж. түзүлгөн, азыр буга 65 өлкө мүчө, анын ичинде СССРдин центросоюзу да бар. Альянстын турган жери-Лондон. Анын аткаруу комитетинин заседаниелеринде кооперативдик ыймылды өнүктүрүү, кооператор аялдардын кардамчы комитетин түзүү, жаңы пайда болгон өлкөлөрдүн кооперативдик ыймылына кардам көрсөтүү, чилидеги реакциячыл зомбулукту айыптоо ж.б. маселелер каралган/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ СОЦИАЛИСТИЧЕСКИЙ КРЕДИТ эл аралык социалисттик кредит /социализм өлкөлөрүнүн ортосундагы экономикалык кызматташуусунун жана өз ара кардамдашуусунун ишиктүү формасынын бири. Бул социалисттик өлкөлөрдүн соодасын кенейтүүгө жана экономикасын өнүктүрүүгө түрткү берет. Социалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы кредиттик мамилелер тең укуктуулуктун принциптерине негизделип, социализмдин дүйнөлүк экономикалык системасын тез өнүктүрүү талаптары үчүн пайдаланылат. Социалисттик өлкөлөр бири бирине киска

жана узак мөөнөттүү кредиттерди акчалай же товар түрүндө беришет. СЭВдин мүчөлөрү киска, орто жана узак мөөнөттүү кредиттерди Экономикалык кызматташуунун эл аралык банкы жана Эл аралык инвестициялык банк /к./ тарабынан алышат/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ СУД эл аралык сот /ООНдун башкы сот органы; 9 жылга шайлануучу 15 судьядан турат да мамлекеттер аралык укуктук талаштарды гана карай алат. Бул сот органы Гаагада /Голландияда /жайгашкан/.

МЕЖДУНАРОДНЫЕ ГАГУОСКИЕ КОНФЕРЕНЦИИ эл аралык гагуостук конференциялар /ар түрдүү өлкөлөрдүн окумуштууларынын форуму; кыргын салуучу термоядролук согуштун коркунучуна каршы чыгат. 1957-ж. июлда Гагуоско /Канада/ 22 окумуштуу катышкан конференцияда ядролук куралды сынсоо жана пайдаланууга байланыштуу түзүлгөн коркунуч жөнүндө, ага контроль кылуу, тынчтыктын тагдыры үчүн окумуштуулардын жоопкерчилиги жөнүндө билдирүү кабыл алынган. Анда окумуштуулардын Гагуостук туракту комитети түзүлгөн. Конференция мезгил мезгили менен ар кайсы жерде өтүп турат/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ФЕДЕРАЦИЯ УЧАСТНИКОВ ДВИЖЕНИЯ СОПРОТИВЛЕНИЯ /МИР/ каршылык көрсөтүү кыймылына катышкандардын эл аралык федерациясы /1951-ж. Венада түзүлгөн; фашизмге каршы күрөшкөн каршылык көрсөтүү кыймылынын жоокерлеринин, мурдагы партизандардын жана туткундардын 40 улуу кирет. Согуш ветерандарынын Советтик комитети федерациянын ишине активдүү катышат/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КРАСНЫЙ КРЕСТ /МКК/ Эл аралык Кызыл Крест /1863-ж. Женевада эл аралык конференцияда түзүлгөн; буга согушуп жаткан өлкөлөрдүн жаралар болгон, оорукан жана колго түшкөн аскерлерине кардам көрсөтүү милдети жүктөлөт. 102 улуттук коом кирет.

Ал Женевада жайгашкан. СССРдин Кызыл Крести менен Кызыл Жарым ай коомунун өкүлдөрү ИККнын жетекчи органдарына шайланган. Жогорку органынын конференциясы 4 жылда бир чакырылат, аткаруу органы— Туруктуу комиссия/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ ТОРГОВАЯ ПАЛАТА эл аралык соода палатасы /кээ бир капиталисттик жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ишиктүү чөйрөлөрүнүн улуттук укмдарынын бирикмеси; 1920-ж. Парижде түзүлгөн, кунун түзүлүшүнө АКШ, Англия, Франция, Бельгия, Италия демилге көтөргөн. Дүйнөнүн 81 өлкөсүнөн коллективдүү жана жекече мүчөлөргө ээ, ага көптөгөн ири фирмалар, банктар, компаниялар кирет. Жетекчи органдары: конгресс /2 жылда бир чакырылат/; техникалык комиссиялар күндөлүк иш кургузөт. Анын эл аралык коммерциялык соту жана ООН менен байланыштуу бирөсү бар. Палатанын штабы Парижде, жайгашкан, Нью-Йоркто, Женевада, Бангкокто бөлүмдөрү бар/.

МЕЖДУНАРОДНЫЕ ПАРЛАМЕНТСКИЕ ОРГАНИЗАЦИИ эл аралык парламенттик уюмдар /ар түрдүү өлкөлөрдүн парламенттеринин өкүлдөрү кирген эл аралык уюмдар. Буга: Парламент аралык союз /К. МЕЖПАРЛАМЕНТСКИЙ СОЮЗ/, "Европалык парламент" жана Түндүк совет кирет. "Европалык парламент" же Европалык совет 1949-ж. түзүлүп, 18 буржуазиялык мамлекеттин /Австрия, Англия, Бельгия, Греция, Дания, Ирландия, Исландия, Италия, Кипр, Люксембург, Мальта, Нидерланды, Норвегия, Турция, ФРГ, Франция, Швейцария жана Швеция/ камтыйт. Мында Англиянын, Италиянын, ФРГ менен Франциянын 18 орунду, Турциянын 10 орунду, калгандарынын 3-7 ден орундары бар. Ассамблеясы жылына 2—3 жолу сессия өткөрүп турат. Түндүк советке Швециянын, Норвегиянын, Данияның, Исландиянын жана Финляндиянын парламенттери менен өкмөттөрүнүн өкүлдөрү кирет. Негизинен Түндүк Европа өлкө-

лөрүнүн экономикалык жана маданий жактан кызматташуу проблемаларын чечүүгө багытталган. Жылына кемиңде 1 жолу сессия өтүп турат/.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ОБМЕН КУЛЬТУРНЫМИ ЦЕННОСТЯМИ маданий баалуулуктарды эл аралык алмашуу /экономикалык байланыштардан жана улуттук маданияттын өз ара таасиринен келип чыккан об"ективдүү, тарыхый зарылдык. СССРде 100 чет мамлекеттин авторлорунун китептери басылып чыккан. Хельсинки кенешмесинен кийин котормо адабияттарды чыгаруу көбөйдү. Азыр СССРдин 120 чет өлкө менен маданий байланышы бар. Жыл сайын 15 союздук республиканын көркөм коллективдери чет өлкөлөргө гастролдорго барып турушат. Маданий байланыштар эл аралык саясий климатты жакшыртууга, элдердин ортосунда өз ара ишенимди жана түшүнүүнү бекемдөөгө өбөлгө түзөт/.

МЕЖИМПЕРИАЛИСТИЧЕСКИЙ империалисттер аралык /империалисттик мамлекеттер, монополиялар арасындагы мамиле. Обострились межимпериалистические противоречия в области торговли соода жагынан империалисттердин ортосундагы каршылыктар ирбап кетти/.

МЕЖКОЛХОЗНЫЕ ОБ"ЕДИНЕНИЯ колхоз аралык бирикмелер, КАБ /колхоз өндүрүшүнүн өнүгүшүндөгү чарба аралык кооперативдештирүүнүн формасы. Колхоз аралык бирикме, ишкана бир нече колхоздордун кенчи болуп эсептелет. Ал үч багытта түзүлөт: 1. өнөр жай-курулуш тибиндеги уюм, ишкана; буга курулуш бирикмелери, электр станциясы, ремонттоо мастерскаялары, айыл чарба продукцияларын иштеп чыгаруучу ишканалар кирет; 2. айыл чарба бирикмелери, м.: малды бордоп семиртүүчү пункттар; 3. маданий-тиричилик багытындагы бирикмелер. КАБ чарбалык эсеп /хозрасчет/ уюму катары иштейт. 1965-ж. алардын саны 3355 болсо, 1973-ж. 5,4 мынга жетти. Алар приленүүдө, м.: агрардык-өнөр жай комплекстери, мамлекеттик-

колхоздук өндуруштук бирикмелер/.

МЕЖПАРЛАМЕНТСКИЙ СОЮЗ парламент аралык союз /ар кайсы өлкөлөрдүн парламенттеринин мүчөлөрүнөн турган эл аралык уюм; 1889-ж. Парижде түзүлгөн. Демократиялык багыттагы байланыштарды, тынчтыкты сактоо жана элдердин ортосундагы кызматташууну өнүктүрүү жагын көздөйт. 70 тен ашык өлкөнүн парламентинин улуттук тобун бириктирет. Жогорку органы-конференция, ал Парламент аралык советти түзөт, ага ар бир парламенттен 2 мүчө кирет. Административдик органы-3 жылга шайлануучу 9 адамдан турган Аткаруу комитети жана башында генералдык секретары турган парламент аралык бюро. 1955-ж. бери СССРдин Парламенттик тобу Союздун ишине катышат/.

МЕЛКАЯ БУРЖУАЗИЯ майда буржуазия /майда өндүрүүчүлөр /дыйкандар, кол өнөрчүлөр, кустарлар ж.б./. Булардын пролетариаттын айырмасы—өндүрүш каражаттарына ээ болушат, капиталистен айырмасы—өздөрү иштешет. Капитализм түшүндө алардын көбү жакырданып, жалданма жумушчуга жана батракка, ал эми көө бирлери байып, ишкана ээсине, кулакка айланышат. Мунун өзү тап күрөшүндө алардын олку-солку болушуна алып келет/.

МЕМОРАНДУМ меморандум /кайсы бир маселе боюнча өкмөттүн көз карашын баяндаган дипломатиялык документ, эскертүү кат; адатта нотага кошо тиркелип киберчилет, печать басылбайт жана кол коюлбайт/.

МЕМУАР мемуар /I. математика, табигый илим жагындагы көө бир илимий эмгектин аты; 2. көбүнчө официалдуу мүнөздө болгон дипломатиялык-аскердик же башка дипломатиялык кат/.

МЕМУАРЫ эскерүүлөр /өткөндөгүлөрдү эске түшүрүү формасындагы адабий чыгарма. Чындыкты жанган эскерүүлөр тарыхый окуя катарында баалуу/.

МЕНЬШЕВИЗМ меньшевизм /Россиядагы жумушчу классындагы буржуазиялык агым. Ал россиялык социал-демократиялык РСДРПнын II съездинде пайда болгон. Меньшевиктер буржуазиянын жумушчу классындагы агенти болушуп, жумушчу табынын талаптарына чыккынчылык кылышкан. Реакция жылдарында /1905—1907/ подполдук шартта иштеп жаткан революциялык жумушчу партиясын жоюну /к. ЛИКВИДАТОРЧУ/ жактаткан. Октябрь революциясынын /1917/ алдында контрреволюциялык партияга айланып, революцияга каршы чыгышкан. Революциядан кийин ак гвардиячылар менен чет өлкөлүк интервенттерге кошулуп, Совет бийлигине каршы күрөшкөн. Большевиктер Лениндин жетекчилиги алдында анын контрреволюциялык бетин ачып, эл дешпес күрөш жүргүзгөн жана талкалаган/.

МЕНЬШЕВИК меньшевик /меньшевизмди колдогон адам, антимарксисттик оппортунисттик агымдын /1903—1917/ мүчөсү/.

МЕРКАНТИЛИЗМ меркантилизм /XV-XVII к. бир катар европалык мамлекеттердеги соода буржуазиясынын талабын көздөгөн экономикалык саясат. Коомдун байлыгын жана жыргалчылыгын материалдык байлыктарды өндүрүүдөн көрбөстөн, товар жана акча жүгүртүүдөн көрүшкөн. Ошондуктан ташкы соданы өөрчүтүп, товарларды сыртка сатуудан, акча капиталын /алтын, күмүш/ топтоодон коомдун байлыгын арттырмакчы болушкан/.

МЕССА месса /католиктердин сыйынып тамак ичүүсү. Бул кудайга сыйынуу ыр ырдоо же музыканын коштоосу астында өтүп, ал Евхаристия асеми менен аяктайт/.

МЕССИАНИЗМ мессианизм /реакциячыл шовинисттик окуу; белгилүү бир элди адамзаттын тагдырында өзгөчө роль ойнойт деп көрсөтөт/.

МЕССИЯ мессия /жуда жана христиан диндеринде: көк үстүндөгү

каманчылыкты жок кылууга кудайдын киберген периштеси. Этно маанисинде: жер жүзүндөгү кырсыктардан, алааматтардан, каманчылыктардан куткаруучу, аман алып калуучу дегендикке жатат. "Мессиандык роль" деген термин бир нерсенин өзгөчө маанисин баса көрсөтүүдө колдонулат. "Солчул" режиссонизмдин майда буржуазиялык-улуттук мазмун гегемонизмдин, улуу державалык шовинизмдин, алынган антисоветизмдин духунда айрым өлкөнүн мессиандык ролун үгүттөө болуп саналат/.

ФЕОДАЛДЫК _феодалдык_ /I. феодалдык коомдо уруунун иерархиясын катуу сактоо; коомдук, мамлекеттик таламдарды көзөмөстөн, өзгөчө кызыкчылыкты көздөп, аны таламын таламуу/.

МЕТАФИЗИКА _метафизика_ /марксисттик диалектикалык методго карама-каршы болуп, каралыштын жана коомдун кубулуштарын кийлигишсиз тынч абалда, ички карама-каршылыксыз өнүгөт деп караган метод; XIX к. метафизикалык метод табият таанууга тоскоолдук кылган жана капитализм түбөлүккө жашайт деген көрүнүштү жасоого жол берип реакциячыл роль ойногон. Илимдеги жана саясаттагы реакционерлер ушул кезде да ага жармашып, күнү бүтүп бараткан эски коомду жактап жатышат/.

МЕТАФИЗИЧЕСКИЙ МАТЕРИАЛИЗМ _метафизикалык материализм_ /Маркска чейинки материализмдин бир формасы; XVII-XVIII к. феодализмге каршы чыккан прогрессивдүү буржуазиянын көз карашы. Англияда Ф. Бэкон, Т. Гоббс; Францияда Б. Ламетри, П. Гольбах, К. Гельвеций; Германияда Л. Фейербахтар философиянын негизги маселесин туура чечишип, материяны алгачкы, ан-сезимди, духту экинчи деп эсептешкен. Бирок алар каралыштын предметтер менен кубулуштардын көкүсүнөн жайналган

нерсеси, алар бири биринен обочо, байланышсыз, көз карандысыз деп туурасынан деп натуура аныкташкан. Метафизикалык материалисттер коомдук турмушту түшүнүүдө идеалист болушкан/.

МЕТОДИКА _методика_ /I. бир нерсени практика жүзүндө иштөөнүн методдорунун, ыкмаларынын чогундусу, м.: илимий изилдөөнүн методикасы; 2. тигил же бул илимди окутуунун методдору жөнүндөгү окуу/.

МЕТОДОЛОГИЯ _методология_ /I. илимде же анын тармагында изилдөө жүргүзүү ыкмалары; 2. дүйнөнү илимий жактан таанып-билүү жана өзгөртүү методу жөнүндөгү окуу. Марксизм-ленинизм методология таанып-билүү методунун негизинде чыныгы болмуштун объективдүү закондору жатат дегенге таянат/.

МЕТРОПОЛИЯ _метрополия_ /колонияси бар капиталисттик мамлекет/.

МЕХАНИКАЛЫК МАТЕРИАЛИЗМ _механикалык материализм_ /Маркска чейинки материализмдин өнүгүшүнүн бир баскычы жана формасы; ал XVII-XVIII к. пайда болгон, анткени бул кезде башка илимге караганда математика менен механика көбүрөөк өнүккөн. Булар /Гоббс, Спиноза, Гольбах к.б./, кыймылдын бардык сапаттык формаларын /химиялык, биологиялык к.б./ механиканын законуна такашкан да, материянын кыймылынын ички булактарын, төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалга өнүгүшүн жокко чыгарышкан. СССРде 30-жылдарда механисттердин тобу диалектикалык материализмге каршы күрөшүүгө аракет кылышкан. Коммунисттик партия аларга сокку берип, талкалаган/.

МЕЦЕНАТ _меценат_ /илим менен искусствону колдоо; акындар Вергилийге, Горацийге жана Проперацияга колдоо көрсөткөн байыркы римдик бай адам Меценаттын атынан алынган/.

МЕЧЕНОСЕЦ _кылычтан_ /I. XI к. башындагы немецтик рыцардык ордендин мүчөсү; ал орден Прибалтиканы каратып алыш үчүн түзүлгөн;

2. орто кылымда кылыч менен курал данган жоокер ; 3. орто кылымда рыцардын кылычын көтөрүп, артынан эөрчип жүргөн малай/.

МЕЩАНИН мещанин /I. орто кылымда Батыш Европадагы бюргер; революцияга чейинки Россияда мещан катарында шаардык сословиеге таандык болгон адам; 2. көрт башынын камын көбүрөөк ойлогон, өзүмчүл, дүнүйөкөр, идеялык жана коомдук түшүнүгү тар адам/.

МЕЩАНСТВО мещанство /I. мещандар сословиеси, мещандык нам; 2. мещанын идеологиясы жана психологиясы—мүдөөлөрдүн майдалыгы, тайманбастыгы, идеялык жана коомдук түшүнүктүн тардыгы/.

МИГРАЦИЯ миграция /I. өлкөнүн бир жеринен экинчи жерине калктын көчүп барып отурукташуусу; калктын бир өлкөдөн башка өлкөгө барып жайгашуусу /к. ЭМИГРАЦИЯ, ИММИГРАЦИЯ/ ; 2. капиталдын миграциясы—капиталдын бир өлкөдөн экинчи өлкөгө же өнөр жайдын, транспорттун ж.б. бир тармагынан экинчи тармагына көп өлчөмдө өтүп өтүшү/.

МИЛИТАРИЗАЦИЯ милитаризация /адамзатты, күчүнү жек көрүүчүлүк, согушчылык, аскердик обочолонуу/.

МИКАДО микадо /Японияны императорунун титулу/.

МИЛИТАРИСТСКАЯ МИЛИТАРИЗАЦИЯ /империалистик мамлекеттердин экономикалык, өзөктүк жана коомдук турмушунун агрессивдүү согушка даярдануу максатында бек ийириликтери/.

МИЛИТАРИЗМ милитаризм /курал-жарактануунун күчөтүү жана басып алгыч согуштарга даярдануу боюнча капиталистик өлкөлөр жүргүзгөн реакциялык саясат. Милитаризм өзгөчө империализм доорунда өтө кеңири, өзгөчө өзүнчө өзгөчөлүктөрдө согуштук курал-жарактарды чыгарууга багытталган жана, грандиоздук тармактар боюнча жүрөт. АКШ, ФРГ ж.б. империалистик мамлекеттердин согушчан, реакциялык чөй-

рөлөрү азыр да милитаризм саясатын жүргүзүүдө. СССР жана социалистик башка өлкөлөр өзүлөрүнүн тынчтыкты көздөгөн саясатын буга карама-каршы коюп, согуштук курал-жарактарды кыскартуу, термоядролук, стратегиялык ракеталарды чыгарууга, сыноого, колдонууга тыюу салууга күрөшүүнү жайылтууда/.

МИЛЛИАРДЕР миллиардер /миллиарддаган сомдук байлыгы бар ашыкча монополист адам, м.: АКШдагы монополисттер Морган, Меллон, Дюпон, Рокфеллер, Форддордун байлыгы нечен миллиард сом менен өлчөнөт/.

МИЛЛИОНЕР миллионер /I. капиталисттик өлкөдө байлыгы миллиондогон сомго барабар бай адам; 2. кирешеси миллион сомдон ашкан колхоз ; 3. абада миллион километр учкан учкуч/.

МИНИМАЛЬНАЯ ГРАНИЦА ЗАРАБОТНОЙ ПЛАТЫ кызмат акынын минималдуу чеги /капитализмдин түшүндөгү кызмат акынын төмөнкү чеги ; жумушчулардын каалоо каражаттарынын наркы—тамак-аштын, кийим-кечектин, үй эмерек буюмдарынын ж.б. наркгары/.

МИНИМАЛЬНЫЙ РАЗМЕР ЗАРАБОТНОЙ ПЛАТЫ кызмат акынын минималдуу өлчөмү /мамлекет тарабынан закон аркылуу белгиленген кызмат акынын гарантияланган минимуму ; жумушчулар менен кызматчылардын эмгегине андан төмөн акы төлөнүүгө тийиш эмес. СССРде эл чарбасынын бардык тармактарында тең жумушчулар менен кызматчылардын кызмат акысынын минималдуу өлчөмү КПССтин XXIУ съездинин Директиваларына ылайык, 1971—1975-жылдарда айына 70 сом белгиленген. Жаңы беш жылдыкта ал андан ары дагы көтөрүлөй бермекчи/.

МИНИМУМ минимум /I. эң кичине өлчөм, өтө аз, бир нерсенин өтө кичине өлчөмү /максимумга салыштыр/; 2. билимдин же кайсы бир иш-чаралардын жыйынтыгы, м.: кандидаттык минимум. Агрономиялык минимум/.

МИРНОЕ СОСУЩЕСТВОВАНИЕ тынчтыкта жанаша жашоо /коомдук түзүлүшү ар түрдүү /социалисттик жана капиталисттик/ өлкөлөрдүн тынчтыкта жанаша жашоо мамилелериндеги лениндик принцип. Октябрь революциясынан кийин В.И. Ленин ишке чыгып, турмушка ашырган. Ошондон бери Совет мамлекети изден тайбастан жүргүзүп келе жатат. Ал согушту болтурбоо, өлкөлөрдүн тең укуктуулугун сактоо жана бири бирин ички ишине кийлигишпөө, мамлекеттердин ортосунда экономикалык жана маданий байланыштарды өнүктүрүү максатын көздөйт/.

МИРНЫЙ ДОГОВОР тынчтык келишим /согуш бүткөндөн кийин ага катышкан өлкөлөрдүн ортосунда түзүлгөн эл аралык келишим. Анын мүнөзү согуштун мүнөзүнө жараша болот/.

МИРОВАЯ СОЦИАЛИСТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА дүйнөлүк социалисттик система /социалисттик мамлекеттердик; социализм жана коммунизм жолу боюнча бараткан суверендүү эркин элдердин социалдык, экономикалык жана саясий мамлекеттеги. 1945-жылга чейин социалисттик системанын үлүшүнө жер шарынын 17% территориясы, 9% калкы гана туура келсе, азыр 25,9% территориясы, 35,2% калкы, дүйнөнүн өнөр жай продукциясынын 39% түзүп келет. СССР социалисттик мамлекеттерге экономикалык жардам көрсөтүүдө. Марксисттик-лениндик партиялардын жетекчилиги астында аларда социализм курууга аракеттенүүдө. Коллективдүү кызматташтыктын формалары—Экономикалык өз ара жардамдашуу совети /СЭВ/. Варшава келишиминин уюму, эки тараптуу келишимдердин системалары ж.б. түзүлдү/.

МИРОВОЗЗРЕНИЕ дүйнөгө көз караш /дүйнөгө,турмушка жана анын ичинде болгон көз караштардын системасы. Антагонисттик коомдо дүйнөгө көз караш дайыма таптык мүнөздө болот. Азыр коммунисттик жана буржуазиялык эки негизги дүйнөгө көз караш ортосунда күрөш жүрүп жатат/.

МИРОВОЙ ОКЕАН дүйнөлүк океан /жер шарынын суу мейкиндиги; аянты 361 миллион чкм келип, бүт жер жүзүнүн 71 процентин ээлейт. Буга Тынч, Атлантика, Инди жана Түндүк муз океандары кирет. СССР башка мамлекеттер менен кошо дүйнөлүк океанды изилдөө жана өздөштүрүү проблемаларын чечүүгө катышат. Адамзаттын азыркы турмуштиричилигинде океандар менен деңиздердин ролуна арналып,мезгил-мезгили менен ар кайсы өлкөдө бүткүл дүйнөлүк көргөзмө "экспо" уюштурулууда/.

МИРОВОЙ ПОСРЕДНИК калаптыгыч,арачы /Россияда 1861-жылы "дыйкандар реформасынан" кийин түзүлгөн мекеме; ал помешиктер менен дыйкандардын жер боюнча чыр-чатактарын караган/.

МИРОВОЙ СУДЬЯ калаштыргыч сот /Англияда, Францияда, АКШда жана эски Россияда граждандык жана кылмыштык майда иштерди кароочу судья/.

МИРОВОЕ ГОСПОДСТВО дүйнөлүк үстөмдүк /дүйнө жүзүнө үстөмдүк кылууну көздөгөн агрессиялык саясат, м.: германдык фашизм ушундай максатты көздөгөн/.

МИРОВЫЕ ДЕНЬГИ дүйнөлүк акча /бардык өлкөлөрдө товарлардын наркын өлчөп, алардын бааларын чагылдырып турган жалпы эквивалент катарындагы дүйнөлүк акча - алтын жана күмүш/.

МИРОВЫЕ ЭКОНОМИЧЕСКИЕ КРИЗИСЫ КАПИТАЛИЗМА капитализмдин дүйнөлүк экономикалык кризистери /капиталисттик өлкөлөрдүн экономикаларын дээрлик бүт кучагына алган кризистер; к. ЭКОНОМИЧЕСКИЙ КРИЗИС ПЕРЕПРОИЗВОДСТВА/.

МИРОВЫЕ ОБРАЗЦЫ дүйнөлүк үлгүлөр /ата мекендик жана чет өлкөлүк эң мыкты буюмдар. Алар өздөрүнүн сапаттык касиети боюнча дүйнөлүк илим менен техниканын алдыңкы мыкты жетишкендиктерине ылайык келет /к. КАЧЕСТВО ПРОДУКЦИИ/. Дүйнөлүк үлгүгө туура келген продукция аттестациялоо учурунда эң жогорку группага кошулат да, ага мамлекеттик Сапат белгиси берилет/.

МИРОВОЙ РЫНОК дүйнөлүк рынок /мамлекеттердин ортосундагы соода жүргүзүү системасы; ал феодализмдин акырында капитализмдин башталышында /XVI—XVII к./ түзүлгөн. Империализмдин түшүндө ири капиталисттик өлкөлөр дүйнөлүк рынокту колониялар менен көз каранды өлкөлөрдү талап-тоноо үчүн пайдаланышкан. Социалисттик өлкөлөрдүн дүйнөлүк рынокторгу көздөгөн саясаты таптакыр башкача/.

МИССИОНЕР миссионер /христиан динин үгүттөп, аны кабыл алдыруу үчүн өзгө христиан динидеги өлкөлөрдүн башка диндеги элдерге жиберген адамы; миссионерлер Азиянын, Африканын, Түштүк Американын начар өнүккөн өлкөлөрүндө империалисттик мамлекеттердин чалгынчы агентурасынын ролун да аткарышкан/.

МИССИЯ миссия /1. дипломатиялык туруктуу өкүл, ага элчиден төмөнкү даражадагы адам башчылык кылат; 2. бир мамлекеттин башка мамлекетке атайын тапшырма менен жиберген бир топ адамы, м.: экономикалык миссия, аскердик миссия; 3. миссионердик диний иш/.

МИСТИКА мистика /чындыкта болбогон нерсеге, кереметке сыйкырдуу деп ишенүү, арыл дүйнө, азап-тозок, бейиш деген диний ырым-жырымдарга берилүү/.

МИСТИЦИЗМ мистицизм /кереметке, сыйкырга ишенүүгө негизделген диний-идеалисттик көз караш; бул илимге кас, ар кандай диндин акыркысы бир белүгү/.

МИСТИФИКАЦИЯ мистификация /атайын алдоо, бирөөнү алдап жолго салуу, терс жолго азгырып киберүү же тамашалап алдоо/.

МИТИНГ митинг /саясий маанилүү, олуттуу окуяга байланыштуу өткөрүлүүчү чогулуш, палин жыйын/.

МИФ миф /1. дүйнөнүн, аламдын каралышы, ар кайсы кудайлар, перилер, пайгамбарлар, легендардык баатырлар, окуялар, табигаттын укмуштуу күбүлүштөрү жөнүндөгү байыркы элдик баяндама; 2. ойдон чыгарылган, фантазиялык, чындыкка жатпаган жалган нерсе. Миф о советской угрозе советтик коркунуч жөнүндөгү жалган ушак/.

МИФОЛОГИЯ мифология /1. мифтердин жыйнагы; 2. мифтерди изилдеп үйрөнүүчү илим/.

МОБИЛИЗАЦИЯ мобилизация /1. мамлекеттин куралдуу күчтөрүн тынчтыктан согуш абалына келтирүү. Аскерге милдеттүүлөрдү, запастагыларды аскерге чакыруу; 2. өнөр жайды, транспортту жана экономиканын башка тармактарын согуштук абалга келтирүү; 3. маанилүү тапшырмаларды, массалык олуттуу компанияларды ж.б. орундатуу үчүн адамдарды, каражаттарды, ресурстарды, ички резервдерди жыйнап тартуу/.

МОПОЛИЯЛЫК БУРЖУАЗИЯ буржуазиянын көрүн казуучу /буржуазиянын бийлигин кулатып, аны өйрөн кылуучу тап болгон пролетариат жөнүндө биринчи жолу К. Маркс менен Ф. Энгельс 1848-ж. "Коммунисттик партиянын манифестинде" ушундай деп айтышкан эле. Мында пролетариаттын революциячыл күчү, авангардык ролу биринчи ирет баса белгиленген/.

МОНИКАНЕ моникандар /1. Түндүк Америкадагы индеецтердин кырылып жоголгон уруусу; 2. бир нерсенин акыркы же эң эски өкүлү, америкалык жазуучу Ф. Купердин "Моникандын акыркысы" деген романынан кийин чыккан сөз/.

МОДУС ВИВЕНДИ "Тынчтыкта жанама жашоо жолу" /дипломатиялык термин; узакка келишим түзүүгө азырынча мүмкүндүк болбогон учурда адатта кыска мөөнөткө түзүлгөн келишимди билдирет/.

МОЛОХ молох /1. финикиялыктардын ж.б. көз бир элдердин мифологиясында күндүн, оттун кудайы болуп, ага адамдын курмандыкка чалынган; 2. адамдын өмүрүнүн кийлыгып, улам көп кан төгүлүшүн талап кылуучу нерсе, окуя, м.: согуш молоху/.

МОНАРХ монарх /монархияны башчысы. Көбүрөөк таралган титулдары: король, падыша, император/.

МОНАРХИЗМ монархизм /монархияны башкаруунун мыкты формасы деп эсептөөчү реакциячыл көз караштардын системасы; саясий реакциянын түрүнүн бири/.

МОНАРХИЯ монархия /эксплуататордук мамлекеттердеги башкаруунун бир формасы. Анда мамлекеттин башында бир гана адам— мурасчы монарх турат. Абсолюттук, чектелбеген же конституциялык, чектелген монархиялар болот ; кийинкисинде монарх менен кошо өкүлдүү мекемелер /парламент/ да болот/.

МОНИЗМ монизм /философиялык окуу, багыт. Дуализмдин тескерисинче, каратылыштагы жана коомдогу көрүнүштөрдүн башталышы бир деп эсептелет. Материалистик монизм дүйнө жүзүндөгү жашаган нерселердин башталышы материя десе, идеалистик монизм дух /кудай/ дейт/.

МОНИСТ монист /монизмдин жолун колдоочу, түтүүчү адам/.

МОНО моно /татаал сөздөрдүн бир, бирдиктүү деген башталыш бөлүгү, м.: моногамия, монотеизм/.

МОНОГАМИЯ моногамия /бир жакелүүлүк; көп жолу жакелешүүнүн— полигамиянын тескериси/.

МОНОГРАФИЯ монография /бир темаңы, маселени, проблеманы изилдөөгө арналган илимий эмгек/.

МОНОПОЛИЯ монополия /м.: өндүрүшкө, соодага же бир нерсены эксплуатациялоого болгон жеке укуктуулук/.

МОНОПОЛИИ КАПИТАЛИСТИЧЕСКИЕ капиталистик монополиялар /капиталисттердин бирикмелери же сөкөздөрү; картелдер, треттер, синдикаттар, концерндер ж.б. Булардын ар бири өз алдынча бирикме; көп тарагаңы-акционердик коом, аларда ири акциялардын эелери башчылык кылат. Монополиялык бирикмелер XIX к. аягында, XX к. башында пайда болгон, м.: АШдагы "Дженерал моторс", "Форд мотор", "Крайслер" деген үч фирма буткул автомобиль өнөр жайын эелешет/.

МОНОТЕИЗМ монотеизм /бир кудайга сыйынуу, бир гана кудайды таануучу дин; көп кудайга сыйынууну политеизм дейт/.

МОНОТЕИСТ монотеист /монотеизмди тутқан, колдогон адам/.

МОНТАНЬЯРЫ монтаньярлар /XVIII к. аягында француздук буржуазиялык революциянын убагында улуттук конвенттеги депутаттардын буржуазиялык революциячыл-демократиялык тобунун аты. Парижди революциячыл массасына таянышкан якобинчилер клубундагылар монтаньярлар болушкан/.

МОНУМЕНТ монумент /архитектуралык же скульптуралык чоң курулуш; көрүнүктүү окуянын же адамдын урматына орнотулган эстелик/.

МОРАЛЬ мораль /нравалуулук, коомдук ан-сезимдин формаларынын бири. Коомдо, үй-бүлөдө жүрүш-турушу нормаларынын жана принциптеринин жамысы. Таптык, антагонистик коомдо мораль таптык мүнөздө болуп, ар бир таптын өзүнчө моралы болот. Адамзаттын тарыхындагы эң жогорку мораль-коммунистик мораль /к. КОММУНИСТИЧЕСКАЯ МОРАЛЬ/.

МОРАЛЬНЫЕ СТИМУЛЫ моралдык стимулдар /кызматкерлердин эмгектик жана коомдук-саясий активдүүлүгүн көтөрүү үчүн социалистик мамлекет, ишкана, мекеме, коомдук уюмдар тарабынан пайдаланылуучу моралдык таасир этүүнүн чаралары. Бул бизде бардык эмгекчилерди коммунистик тарбиялоого негизделген. Алардын формалары төмөнкүлөр: "Коммунистик эмгектин эпкиндүүсү" деген наам берүү, "Социалистик мелдештин жеңүүчүсү" значогу менен сыйлоо, өндүрүштүн алдыңкыларын Ардак тактага илүү, алардын иштерин жана тажрыйбаларын басма сөз, радио, телевидение аркылуу жарыялоо, грамоталар, Ардак грамоталар, СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйлоо, мамлекеттик сыйлыктарды ыйгаруу жана эң мыктыларына "Социалистик Эмгектин Баатыры" деген наам берүү/.

МОРАЛЬНЫЙ ИЗНОС СРЕДСТВ ТРУДА эмгек куралдарынын моралдык эскириши /эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жана техникалык прогресстин өсүшүнүн натыйжасында алардын наркынын жоголушу; жаңы, өтө өндүрүмдүү жана үнөмдүү техника чыгарылганда эскирип калат да, экономикалык объективдүү категория болуп эсептелет/.

МОРАТОРИЙ мораторий /капиталистик өлкөлөрдө банк операциялары, тышкы заем ж.б. карыздар боюнча төлөөлөрдүн мөөнөтүн өкмөт тарабынан узартуу; бул экономикалык кризис, согуш ж.б. сыяктуу кийинчилик кырдаалда да узартылат/.

МРАКОБЕС мракобес /атыңган реакционер, прогресстин, агартуунун, илимдин барып турган душманы/.

МУЛЬТИМИЛЛИОНЕР мультимиллионер /көп миллион сомдук байлыгы бар капиталист, м.: америкалык миллиардерлердин ичиндеги монополистер Меллондордун, Дюпондордун, Рокфеллерлердин, Моргандардын үйбүлөсүнүн 15 тен 90 млрд. долларга чейин капиталдары бар/.

МУНИЦИПАЛИЗАЦИЯ муниципализация /мамлекеттин жеке менчигиндеги нерселерди /жерди, курулууну ж.б./ муниципалитеттерге өткөрүп берүүсү/.

МУНИЦИПАЛИТЕТ муниципалитет /кээ бир капиталистик өлкөлөрдөгү өзүн-өзү башкаруучу кергиликтүү /көбүнчө шаардык/ орган/.

НУССИРОВАНИЕ апыртуу /ачык сөздөрдү, кабарларды апыртып, бирди эки кылып, кучөтүп таркатуу. Кеңири эл массасын алдыртып, көңүлүн алагды кылуу максатында буржуазиялык пропаганда органдары ар кандай кабарларды апыртып жарыялат/.

МУШКЕТЕР мушкетер /1. илгерки мушкет мылтыгы менен курал данган солдат; 2. королдун сарайындагы кавалерияда кызмат кылуучу француздук дворян/.

МУШТРА муштра /аскердик окутуунун катаал, одоно тартипке негизделген системасы/.

МЭР мэр /кээ бир өлкөлөрдөгү муниципалитеттин /шаардын/ башчысы/.

МЭРИЯ мэрия /муниципалдык башкаруу жана анын имараты/.

МЮНХЕНСКОЕ СОГЛАШЕНИЕ Мюнхен келишими /Чехословакияны болуу жөнүндө Англиянын, Франциянын, Германиянын, Италиянын өкмөт башчылары 1938-ж. кол койгон келишим. АКШ, Англия, Франциянын реакциячыл чөйрөлөрү, "кийлигишпөө" саясатын жүргүзүшүп, Гитлердин басып алгыч саясатын кубаттаган жана анын СССРге каршы аракет кылуусуна түрткү берген. Гитлердик Германияга Чехословакиянын Судет области берилген. 1939-ж. 15/III Германия Чехословакияны басып алган. ЧССР менен ФРГнын ортосундагы өз ара мамилелер жөнүндөгү келишимге /11/XII 1973, Прага/ шайкеш, Мюнхен келишими жокко чыгарылган. "Мюнхен" деген сөз агрессорлордун жеңилгенин сыйлашуу-

лөрү менен бүтүмдөрүн билдирүүчү өтө маанилүү колдонулуп калган/.

МЯТЕЖ козголоң /мамлекеттик бийликке каршы чоң эмес куралдуу көтөрүлүш, бунт/.

МЯТЕЖНИК козголоңчу /козголоңго, бунтка катышкан адам/.

Н

НАБАТ набат /1. кандайдыр бир коркунуч тууралу, жоо кол салганда, суу ташкыны, жер титирөө ж.б. кабар кылган көңүрөө үнү; 2. дүрбөлөң салуу, бака-шака түшүрүү, кыйгыт кылуу/.

НАБЕГ жортуул /капыстан кол салуу, талап-тоноо, чукулунан чабуул жасоо/.

НАДЕЛ надел /революцияга чейин Россияда дыйкандардын пайдалануусуна кесилип берилген жер участогу/.

НАДСТРОЙКА надстройка /коомдун саясий, укуктук, диний, көркөм, философиялык көз караштары жана белгилүү экономикалык базиске ылайык келүүчү саясий, укуктук ж.б. мекемелер/.

НАЕМНИК жалданма /1. бирөөгө жалданып иштөөчү жумушчу, кызматкер; 2. жалданма солдат, аскер кызматчысы/.

НАЕМНЫЙ РАБОЧИЙ жалданма жумушчу /күчүн товар катарында капиталистке сатып, капиталисттик өндүрүштө жалданып иштөө менен кошумча наркты өндүрүүчү жумушчу/.

НАЕМНЫЙ ТРУД жалданма эмгек /капиталисттик өндүрүштөгү жумушчулардын эмгеги. Булар өндүрүш каражаттарына ээ болбой, өз жумушчу күчүн капиталисттерге сатууга аргасыз болушат. Алардын эмгеги кошумча наркты алуунун булагы болуп, аны аны төлөөсүз эле капиталист сиңирип алат. Социализм шартында жалданма эмгек жок, анткени социалисттик коомдо эмгекчилер өз табынын, коомдун кызыкчылыгы үчүн иштешет/.

НАКОПЛЕНИЕ өнүгүү, топтолуш /улуттук кирешенин бир бөлүгүн өндүрүштү кеңейтүү үчүн пайдалануу. Бул экономиканы өнүктүрүүнүн негизи, кеңейтилген капиталап-өндүрүүнүн булагы болуп эсептелет. Капиталисттик коомдо капиталдын топтолушу көпүчө наркты эсебинен жүргүзүлүп, монополисттердин байлыгын арттырса, социалисттик коомдо коомдук байлыкты арттыруу, эл чарбасын, айрыкча оор индустрияны өнүктүрүү, өлкөнүн коргонуу жарамдуулугун чыңдоо, эмгекчилердин турмуш жыргалчылыгын жогорулатуу үчүн пайдаланылат/.

НАЛОГИ налогдор /айрым адамдардан жана ишканалардан алынуучу милдеттүү түрдөгү мамлекеттик салык. Капиталисттик коомдо налогдор мамлекеттик бюджеттин негизин түзүп, төкө жана кыйыр болуп бөлүнөт. Төкө налог айрым адамдар менен компаниялардын кирешелеринен алынат. Кыйыр налог ар түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдөн, шаардык транспорттон, кино-театрдын билеттеринен жана таможналык бажылар түрүндө алынат ж.б. Капиталисттик өлкөлөрдө налог эмгекчилерди эзүүнүн бир түрү болуп саналат. СССРде налогдор бийликтин жогорку органдары тарабынан белгиленет. Мамлекеттик бюджетке кирешө налогдору көбүнчө ишканалар менен чарбалык укмдардын, колхоздордун кирешелеринен түшөт. Калктан алынуучу налогдордун өлчөмү кылдангылга кыскарууда/.

НАЛОГОВЫЕ ЛЬГОТЫ налогдук жеңилдиктер /СССРде айрым адамдардан же ишканалардан алынуучу налогдордун суммаларын азайтуу же толук жоготуу. 1966-ж. тартып колхоздор үчүн да налогдук жеңилдиктер киргизилген. 1971--1975-ж. ичинде айына 70 сом алган жумушчулар менен кызматчылардан налог алуу токтотулуп, 71 сомдон 90 сомго чейинки айлыктардан налог алуу ставкасы азайтылган/.

НАЛОГОПЛАТЕЛЬЩИК налог төлөөчү /налог, алык-салык төлөөчү адам/.

НАМЕСТНИК наместник /эски Россияда чет жерлерди башкарган адам, м.: Кавказдагы наместник; 2. Екатерина II нин убагында Россиянын бир же бир нече губерниясынын аскердик начальниги/.

НАРКОМ эл комиссары /1917-ж. 8-ноябрдан 1946-ж. мартка чейин министрлер ушундай аталып келишкен, м.: Народный комиссар просвещения эл агартуу комиссары/.

НАРОДНАЯ ДЕМОКРАТИЯ элдик демократия /социализмге карай өнүгүп баратkан коомдун саясий ишинин бир формасы; кыймылчы табы менен дыйкандардын революциячыл-демократиялык диктатурасынын пролетариат диктатурасына өсүп чыгышынын натыйжасында пайда болот. Дүйнөлүк экинчи согуштан кийин элдик-демократиялык революциялардын натыйжасында Чыгыш Европа менен Азиянын бир топ өлкөлөрүндө элдик демократия орнотулду; демократиялык терең өзгөрүүлөрдүн /өнөр жайдын, банктын ж.б. мамлекеттин колуна өтүшү, жер реформалары/ натыйжасында ал революциялар социалисттик революцияга өсүп чыгып, элдик демократия пролетариат диктатурасынын бир формасы болуп калды/.

НАРОДНАЯ ПАЛАТА элдик палата /1. ГДРда мамлекеттин жогорку өкүлдүк органынын аты; 2. Индияда парламенттин төмөнкү палатасынын аты/.

НАРОДНАЯ РЕСПУБЛИКА элдик республика /Народная Республика Болгария Болгар Эл Республикасы/.

НАРОДНИКИ народниктер /Россияда XIX к. экинчи жарымында пайда болгон разночиндик интеллигенциянын коомдук-саясий ишмиги. Народниктер дыйкандарды негизги революциячыл күч, дыйкандар общинасын социализмди куруунун негизи деп эсептешкен. Россияда капитализмдин өнүгүшүн таанып, кыймылчы табынын тарыхый революциячыл ролун түшүнүшкөн эмес. Бирок 70-жылдардагы народниктер дыйкандар революциясын, падышачылыкты кулатууну жактап чыгышкан. Өздөрүнүн утопиялык жаңылыш пайкы көз караштарына, күрөштүн индивидуалдык-террордук методун жактагандыгына карабастан, революциялык күрөштүн тарыхында белгилүү роль ойношкон. 80-90-жылдарда народниктер либералдык агымга айланышып, Россияда марксизмдин таралышына жана өнүгүшүнө жолтоо болушкан. Алардын марксизмге жат көз караштарын Г.В. Глеханов катуу сынга алган да, В.И. Ленин аларды идеялык жактан биротоло талкалаган/.

НАРОДНО-ДЕМОКРАТИЧЕСКИЙ СТРОЙ элдик-демократиялык түзүлүш

НАРОДНОЕ СОБРАНИЕ элдик чогулуш /Болгария, Албания, Бирма, Корея Элдик-Демократиялык Республикалары сыяктуу айрым өлкөлөрдөгү мамлекеттик бийликтин жогорку, Закон чыгаруучу органы; демократиялык шайлоонун негизинде шайлануучу жогорку элдик чогулуш/.

НАРОДНОЕ ХОЗЯЙСТВО эл чарбасы /өлкөдөгү өндүрүш жана эмгек тармактарынын жамысы; өнөр жай, айыл чарба, транспорт, курулуш, кредит системасы, агартуу, саламаттык сактоо, башкаруу иштери ж.б./.

НАРОДОВЛАСТИЕ эл бийлиги /мамлекеттик башкаруунун бир формасы; мында бийлик элге таандык, демократия деген түшүнүккө туура келет/.

НАРОДНЫЕ КОМИССАРИАТЫ Эл Комиссариаттары /мамлекеттик башкаруунун тармактык принцип боюнча түзүлгөн жогорку борбордук органдары. Булар 1917-ж. 26/X /8/XI/ Советтердин II съездинде түзүлгөн. Эл Комиссарлар Советинин I-председатели В.И. Ленин болгон. Эл комиссарлары союздук жана автономиялуу республикаларда да болуп, 1946-ж. министерстволорго айландырылган/.

НАРОДНЫЙ КОНТРОЛЬ элдик контроль /СССРдеги коомдук жана мамлекеттик контролдун бүткүл системасы. Партиялык контроль мамлекеттик

контроль жана коомдук контролдун башка түрлөрү: профсоюз, кооперативдик, комсомол уюмдарынын контролдору, комсомолдордун, элдик дружиналардын, жолдоштук соттордун ж.б. иштерди контролдору бар. Эл массасынын өкүлдөрү алардын ишине кеңири тартылган/.

НАРОДНЫЙ ФРОНТ элдик фронт /эмгекчилердин талаптарына капиталдын чабуул жасашына каршы, фашизмге жана согушка каршы, улуттук көз карандысыздык, демократия, социалдык прогресс үчүн кеңири эл массаларынын биригип бат коштунун формасы; II дүйнөлүк согуштун убагында каршылык көрсөтүү кийинки чоң роль ойногон/.

НАРОДОНАСЕЛЕНИЕ эл /бир өлкөнүн эли, калкы/.

НАСЕЛЕНИЕ ПЛАНЕТЫ планетанын калкы /4 млрд. /1976/; бир жылда орто эсеп менен 75 млн. адамга, б.а. 1%ке көбөйүүдө, Китайда 825 млн. /1974/, Индияда--600 млн. /1974/, СССРде 260,5 млн. /1/ I 1976/, АКШда 220 млн. /1978/, Индонезияда -- 128 млн., Японияда--110 млн. /1974/ ж.б. Азияда--2,206 млн., Европада--470 млн., Африкада--391 млн., Түндүк Америкада жана Түштүк Америкада--550 млн., Австралия менен Океанияда 21 млн. адам жашайт/.

НАСЕЛЕНИЕ СССР СССРдин калкы /1-78-ж.-260,5 млн. болгон. 1913-ж. 159 млн. адам, 1939-ж.--194,1 млн., 1959-ж.--208,8 млн., 1970-ж.--241,7 млн., 1974-ж.--251 млн. 1913-ж. дан 1973-ж. чейин СССРдин калкы 90 млн. адамга /Ата мекендик согушта жоготууга карабастан/ өскөн. Аялдар эркектерден 7,4 млн. көп. Адамдын өлүмү революцияга чейинкиге караганда 8,5 эсе, балдардыкы--11 эсе азайган. Жашоонун орточо узактыгы 32 жаштан 70 жашка жогорулаган. Мунун өзү элдин турмуш-деңгээлинин жогорулашынын, саламаттык сактоо чараларынын арбагандай жакшыргандыгынын далили/.

НАСИЛИЕ зомбоо /1. зордук-зомбулук, күчкө салуу, уруу, тактоо, сабоо; 2. басмырлоо, зордук кылуу/.

НАСЛЕДНИК мураскор, мурасчы /1. мүлктүн мураскору; 2. бирөөнүн ишин улантуучу, ордун басуучу адам, м.: монархтын, королдун ордуна такка отуруучу мураскор/.

НАСТАВНИК насаатчы /1. падышалык Россиядагы реалдуу окуу жайынын, гимназиянын класс жетекчиси, тарбиячы; 2. насаатчы, нускоочу, акыл-насаат айтып, үгүттөөчү, бир кесипке же ишке үйрөтүүчү адам. Азыркы учурда эл чарбасынын бардык эле тармактарында билимдүү, тажрыйбалуу адамдар жаштарга өнөрүн үйрөтүп, нускоо берип, акыл-насаат айтуулары кеңири кулач жайууда. Айрым райондордо, шаарларда жана ал тургул областтарда насаатчы клубдары түзүлүүдө/.

НАСТУПЛЕНИЕ чабуул /1. чабуул жасоо, чабуул коюу; 2. өздөштүрүү, наступление на целину дың жерди өздөштүрүү; 3. наступление капиталистов на жизненные уровни трудящихся эмгекчилердин турмуш абалын начарлатууга капиталисттердин көргөн чарасы/.

НАТО НАТО /Түндүк Атлантика келишиминин кыскартылган аты, империалисттик согуштук саясий блок. Түзүлгөн 4/IV.1949-ж. Вашингтонго кол коюлган. Адегенде бул блокко АКШ, Англия, Франция, Италия, Бельгия, Голландия, Люксембург, Португалия, Норвегия, Дания, Исландия, Канада, кийин Греция менен Түркия /1952-ж./, ФРГ /1955-ж./ кошулган. Штаб квартирасы адегенде Парижде, азыр Брюсселдин жанындагы Эвер шаарында /Бельгияда/ турат. Анын жогорку саясий органы--Совет, сессиясы жылына 2 жолу чакырылат. НАТОнун аскерлеринин саны 6 млн. көп. 25 жылдын ичинде согуштук расходдору 1 триллион 820 млрд. долларга жеткен. АКШ жыл сайын

80 млрд доллардан ашык суумаы согуштук макоаттарга чыгымлайт. НАТО кан төгүлгө.. көп уруштарды, жанжалларды жана мамлекеттик төңкөрүштөрдү уюштурду. Франция, Исландия /1966/, Греция /1974/ НАТО уюмунан чыгышкан. Мунун өзү анын ичиндеги терең кризисти айгинелейт/.

НАТУРАЛИЗАЦИЯ натурализация /чет элдик гражданды өз граждандыгына алуун. Капиталисттик өлкөлөрдө ар кандай чектөөлөр, шарттар бар. СССР же союздук республикалардын Жогорку Советинин Президиумунун чечими боюнча өзгөчө шартсыз эле кабыл алынат/.

НАТУРАЛЬНОЕ ХОЗЯЙСТВО натуралдык чарба /продуктылары рынокко чыгарылуу үчүн эмес, чарбанын өз, ички керектөөсүнө жана кызматкерлеринин жыктамдыгына жумшоо үчүн өндүрүлгөн чарба. Натуралдык чарба негизинен капитализмге чейинки формацияларда өкүм сүргөн. Артта калган өлкөлөрдө азыр да натуралдык чарба бар/.

НАТУРФИЛОСОФИЯ натурфилософия /жаратылыштын философиясы, табият жөнүндөгү идеалисттик философиялык окуу/.

НАУКА илим /жаратылыштын жана коомдун өнүгүү закондору жөнүндөгү окуулардын системасы. Бул илим үчкө бөлүнөт: жаратылыштын өнүгүү закондорун үйрөнүүчү табийгы илимдер /астрономия, биология, физика, химия ж.б./; коомдун өнүгүшүнүн закондорун үйрөнүүчү коомдук илимдер /саясий экономия, тарих ж.б./; таанып-билүү жөнүндөгү илим /философия/.

НАУЧНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ ТРУДА /НОТ/ эмгекти илимий уюштуруудагу /илимий изилдөөгө жана инженердик-техникалык эсептерге негизделп, эмгекти жана кызмат акысын уюштуруунун ар түрдүү системалары/.

НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКАЯ РЕВОЛЮЦИЯ илимий-техникалык революция /өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүдөгү сапаттык жаңы этап, илимдин түздөн-түз өндүргүч күчкө айланып, өндүрүштүк уюштуруууда, башкарууда түп тамырынан бери болгон бурулуш. Илимий техникалык революциянын негизги белгилерине ядролук энергияга ээ болуу, космосту өздөштүрүү, өндүрүштү автоматташтыруу, электрондук-эсептегич техниканы кеңири колдонуу, ал чарбасын химиялаштыруу, жаңы технологияларды колдонуу ж.б. кирет/.

НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО илимий-техникалык кызматташуу /ишкер байланыштын маанилүү бир формасы. Буга техникалык информацияларды, делегацияларды /айрыкча адистерди, окумуштууларды/ алмашуу, техникалык консультацияларды өткөрүү, лекция окуу, ар кандай көргөзмөлөрдү уюштуруу ж.б. кирет. Бул максатта ал аралык уюмдар бар. СССР мындай 400 уюмга, анын ичинде 250 илимий-техникалык жана экономикалык уюмга мүчө. СЭВ өлкөлөрү илимий-техникалык жактан кызматташуунун айкын-ачык үлгүсү/.

НАУЧНЫЙ КОММУНИЗМ илимий коммунизм /I. кеңири маанide алганда бүтүндөй марксисттик-лениндик илим. Капитализмдин ойрондолушунун жана социализм менен коммунизмдин курулушунун кайсиздыгын ар тараптан негиздеген философиялык, экономикалык жана социалдык-саясий көз караштардын биримдиги; 2. тар маанide алганда пролетариаттын бүткүл дүйнөлүк тарыхый миссиясын түшүндүрүүчү марксисттик-лениндик окуунун составдык бөлүгү/.

НАХИМОВСКОЕ УЧИЛИЩЕ Нахимовдук окуу жайы /СССРдеги атайын орто мектеп; мында окуучулар аскер-деңиздик башталгыч билим алышат/.

НАЦИЗМ нацизм /фашизмдин бир түрү; I дүйнөлүк согуштан кийин

Германияда күч алган. Нацистер Германиянын фашисттик партиясынын мүчөлөрү, элди алдоо үчүн гитлерчилер аны "Национал-социалисттер партиясы" деп аташкан/.

НАЦИОНАЛДАШТЫРУУ коомдоштуруу, мамлекеттештирүү /I. социалисттик же элдик-демократиялык мамлекет тарабынан жерди, заводдорду, фабрикаларды, кендерди, банктарды, транспорттуу ж.б. өндүрүш каражаттарын эксплуататордук таптардын колунан тартып алып, мамлекеттик, бүткүл элдик, социалисттик менчикке айландыруу. Октябрь революциясынан кийин Совет бийлигинин декреттери боюнча падышалык Россиядагы помещиктер менен капиталисттердин бардык менчиктери мамлекеттин колуна өтүп, калпы элдик кенчке айландырылган; 2. капиталисттик мамлекеттештирүү — жеке менчиктеги ишканаларды акысын төлөп мамлекеттин карамагына алуу дегендикти билдирет; мында кумушчу табы эксплуатациялана берет, м.: II дүйнөлүк согуштан кийин Австрияда, Англияда, Францияда ж.б. кээ бир өлкөлөрдө экономикалык кийин абалда калган тармактар /тап көмүр, темир жол ж.б./ мамлекеттин менчигине алынган/.

НАЦИОНАЛИЗМ улуучулдук /I. улут маселеси боюнча буржуазиялык реакциячыл идеология жана саясат. Тарихий партияга илайык улуучулдук коомдун өнүгүшүнүн ар түрдүү этабында ар кандай роль ойнойт, м.: феодализмден капитализмге өтүү доорунда буржуазиялык улуучулдук /улуттук мамлекет түзүүдө/ прогрессивдүү роль ойногон. Империализм доорунда улуучулдук улуу державалык улуттар майда улутту өзүнүн идеологиясына жана саясатына айланып, үстөмдүк кылуучу таптар расалык жана улуттук кастыкты өчөгүштүрүшөт, шовинисттик расалык жана улуттук дискриминациялык саясатты жүргүзүп, майда улуттар менен элдерди укуксуз абалга коюп, ырайымсыз эксплуатация-

лайт. Социализм жеңген өлкөдө шовинизм да, жергиликтүү улуучулдук да жоюлат; 2. империализмге, колониализмге карши улуттук көз карандысыздык үчүн күрөшкөн өлкөлөрдөгү улуттук кыймыл/.

"НАЦИОНАЛЬНАЯ АССОЦИАЦИЯ ПРОМЫШЛЕННИКОВ" "өнөр жай адамдарынын улуттук ассоциациясы" /АКШнын капиталисттеринин уюму. Бул 1895-ж. түзүлгөн. Ага 18 мин өнөр жай компаниялары кирет да, 12 эң ири монополисттик корпорациялар жетекчилик кылат. Булардын мамлекеттик аппаратын саясатына тийгизген таасири зор/.

"НАЦИОНАЛ-СОЦИАЛИСТЫ" "национал-социалисттер" /нацисттер, гитлердик фашисттик "национал-социалист" партиясынын мүчөлөрү. Адегенде 1919-ж. пайда болгон. Башында Гитлер турган бул партия 1933-ж. өлкөдө террордук фашисттик диктатураны /к. ФАШИЗМ/ орнотkon. Гитлерчилер дүйнөгө үстөмдүк орнотууга умтулушуп, дүйнөлүк экинчи согушту чыгарган /1939-45/, бирок өзү толук кыйроого дуушар болгон/.

НАЦИОНАЛЬНОЕ СОБРАНИЕ улуттук чогулуш /I. Чехословакия Социалисттик Республикасы менен Вьетнам Демократиялык Республикасындагы мамлекеттин жогорку өкүлдүк органдарынын аталышы; 2. Франциядагы парламенттин төмөнкү палатасынын аталышы; 3. Иордания менен Ливандын эки палаталуу парламентинин официалдуу аталышы; 4. Камбоджанын, Лаостун, Египет Араб Республикасынын, Панаманын, Тунистин жана Африканын борбордук бөлүгүндөгү мамлекеттердин бир палаталуу парламентинин аталышы/.

НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДОХОД улуттук кирешe /коомдо жыл боюнча өндүрүлгөн продуктунун бир бөлүгү, өндүрүш каражаттарынан болгон чыгымдарды чыгарып салгандан кийинки калган бөлүгү, улуттук кирешe жаңыдан өндүрүлүүдөн түзүлгөн нарк; 1 жыл ичинде мамлекеттик ресурстардын

реалдуу өсүшү, өлкөнүн өнүгүшүнүн темпи ушул көрсөткөн билинет. Капиталисттик өлкөлөрдө улуттук кирешенин зор бөлүгүн эксплуататордук таптар сиңирип алышат. Социалисттик коомдо бул кирешe анын өндүргөн өздүн өзүнө тиешелик болуп, өндүрүштү кенейтүүгө жана элдин турмушун жакшыртууга пайдаланылат. /К. КООМДУК КЕРЕКТӨӨ ФОНДУЛАРЫ/.

НАЦИОНАЛДЫК ОКРУГ улуттук округ /СССРде майда улуттардын саясий административдик территориялык бирдиги. Ошол Конституция боюнча Автономиялуу округ деп аталат. РСФСРдин областтары менен крайларында 10 автономиялуу округ бар, алар: Агин-Бурят, Коми-Пермяк, Коряк, Ненец, Таймыр, Усть-Ордин Бурят, Ханты-Мансы, Чукот, Эвенки, Ямал-Ненец/.

НАЦИОНАЛДЫК СОВЕТ улуттук Совет /Австрия менен Швейцариядагы парламенттин төмөнкү палатасынын аты/.

НАЦИЯ улут /адамдардын социалдык- этникалык тарыхый жалпылыгы; бул тилинин, территориясынын, экономикалык турмушунун туруктуу жалпылыгы менен жана психологиясынын, маданиятынын, үрп-адаттарынын, салттарынын ж.б. кайсы бир өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Улут феодализмдин бузулуп, капитализм өнүгүп келе жатканда калыптанат. Капитализм доорунда ички каршылыктар күчөп, улуттук кастыктар, улутчулдук келип чыгат. Социалисттик революция жеңгенден кийин социалисттик улуттар түзүлүп, антагонисттик таптар жоголат. Жумушчу табы менен дыйкандардын союзу чыңалып, улуттук достук орнойт, бардык улуттар тең укуктуу болуп, алардын экономикалык, маданий байланыштары өөрчүйт да, интернационалдык белгилери өнүгөт. КПСС улуттук чектелүүчүлүктүн калдыктарына, жердештикке, улутчулдуктун, шовинизмдин көрүнүштөрүнө каршы күрөшөт/.

НАЧЕТНИЧЕСТВО начетничество /1. окуган нерсени сын көз менен карабай, кандай жазылса, ошондой түшүнүү; 2. кандайдыр-бир окууну, доктринаны терең талдап текшербестен, сын көз менен карабастан, аның жоболорун жаңы шарттарга карата колдоно тургандай кылып чыгармачылык менен өнүктүрбөстөн эле аны үстүртөдөн, догматикалык, формалдуу түрдө өзөрчүү/.

НАЧЕТЧИК начетчик /окуган нерселеринин айрым жерлерин, жоболорун, үзүндүлөрүн жатка билип алып, аны формалдуу догматикалык түрдө өздөштүргөн адам. Жаттап алган формулалар аны чыныгы турмуштан, практикадан, жаңы нерселерден алыстатып таштайт/.

НАШЕСТВИЕ жортуул /кол салуу, кол салып басып кирүү, чаап алуу; нашествие Наполеона Наполеондун жортуулу/.

НЕВЕЖЕСТВО наалаңдык /1. билимсиздик, маданиятсыздык, түркөйлүк; 2. адепсиздик, олдоксондук, тарбиясыздык, сөнөлүк/.

НЕГОЦИЯ негоция /коммерциялык бүтүм, соода/.

НЕГРОИД негроид расасы /адамзаттын негизги расаларынын бири; анын чачтары тармал, оңу майланышкан кара, мурду барбагай келет/.

НЕГУС негус /Эфиопиянын императорунун титулу/.

НЕДЕЛИМЫЙ ФОНД бөлүнбөс фонду /колхоздун акча фондусу; ал колхозчуларга бөлүнбөстөн, өндүрүштү өркүндөтүү үчүн пайдаланылат/.

НЕДЕЛЯ БАЛТИЙСКОГО МОРЯ Балтика деңизинин жумалыгы/Балтика деңизинин жээгиндеги жана Түндүк Европадагы өлкөлөрдүн коомчулугунун салтка айланган жолугушуусу 1958-жылдан тартып, ГДРдин Росток шаарында жыл сайын июлда бир жумага өткөрүлүп келе жатат. Бул жумалык анадан өлкөлөрдүн прогрессивдүү күчтөрүнүн маанилүү форуму болуп, ар түрдүү коомдук түзүлүштөгү мамлекеттердин тынчтыкта жашоо принциптерин, элдердин тынчтыгы, коопсуздугу жана кызматташуусу

үчүн күрөшүү жактаат, м.: 1975-жылы 6—12-июлда Ростокто өткөн жумалыкка ГДР, Польша, СССР, Дания, Финляндия, ФРГ, Швеция, Норвегия жана Исландия өлкөлөрүнөн 80 миңден ашык делегаттар менен мейманлар катышып, "Балтика деңизи тынчтыктын деңизи болууга тийиш" деген девиздин астында өткөн/.

НЕДОИМКА недоимка /налогдун, алык-салыктын өз мөөнөтүндө төлөнбөй калганы/.

НЕДОИМЩИК недоимщик /налогду, алык-салыктын өз мөөнөтүндө төлөбөй калган адам/.

НЕЙТРАЛИЗАЦИЯ нейтрализация /1. бейтарапчылык, кийлигишпөөчүлүк ; 2. бир тараптын, коомдук топтун же мамлекеттин башка тараптардын, топтордун же мамлекеттердин ортолорундагы кагылышууларга кийлигишпей, бейтарап болуу саясаты ; 3. эл аралык укуктакалдайдыр-бир территориянын, райондун ж.б. нейтралдуу деп жарыялоо, м.: нейтралдуу кысыктар, зоналар ж.б./.

НЕЙТРАЛИЗМ нейтрализм /бейтараптык; мамлекеттин башка мамлекеттерге жасаган мамилелерде бейтараптык саясатты жүргүзүүсү; II дүйнөлүк согуштан кийин карама-каршы эки блок /НАТО, СЕАТО, СЕНТО жана Варшава Келишими/ түзүлгөндө аларга карата Индия, Бирма, Финляндия ж.б. өлкөлөр позитивдүү бейтарап болуу, б.а. блокторго кошулбоо саясатын жүргүзүүдө; алардын бул саясаты-империализмге каршы прогрессивдүү саясат/.

НЕЙТРАЛНАЯ ЗОНА бейтарап зона /эки мамлекеттин чек араларынын ортосундагы жылке жер; эч ким анда аскерлерин кармоого жана согуштук аракеттерди жүргүзүүгө укугу жок/.

НЕЙТРАЛИТЕТ нейтралитет /бейтараптык, калыстык, мамлекеттердин ортосунда күрүп жаткан согушка башка бир мамлекеттин катышпоосу,

бейтараптыкты сакташи; соблюдать нейтралитет бейтараптыкты сактоо; нарушать нейтралитет бейтараптыкты бузуу/.

НЕКРОЛОГ некролог /кандайдыр бир иштер адам дүйнөдөн кайтканда анын өмүр жолу кыскача баяндалып, басма сөзгө жарыяланган макала/.

НЕКРОПОЛЬ некрополь /байыркы шаарлардагы чоң көрүстөн/.

НЕМЕЗИДА немезида /1.байыркы грек мифологиясында өч алуу кудайы; 2. жазалоо, кылмыш, оор күнөө ж.б. үчүн жазага тартуу/.

НЕО ... нео... /жаңы деген сөздүн башталыш бөлүгү, м.: неофашизм, неоколониализм ж.б./.

НЕОКОЛОНИАЛИЗМ неоколониализм /колониализмдин жаңы түрү; империалисттик мамлекеттердин жана монополиялык бирикмелердин колониалисттик саясаты. Империализмдин колониялык системасынын жоолуп баратканкезинде мурдагы колониялык жана көз каранды өлкөлөрдө өз үстөмдүгүн же таасирин сактап калуунун жаңы, өтө ийкемдүү методдору. Буга согуштук, экономикалык тең эмес келишимдерди түзүү, экономикалык жардам көрсөтүмүш болуу, марионеттик өкмөт түзүү /Түштүк Корея, Латын Америкасындагы айрым өлкөлөр/ максатында реакциячыл партияларды же группировкаларды колдоо, империалисттик державалардын колдоосу астында мамлекеттердин союздарын түзүү, граждандык согушту тутандыруу ж.б. кирет/.

НЕОКАПИТАЛИЗМ неокапитализм /азыркы мамлекеттик-монополисттик капитализм; аны буржуазиялык идеологдор капитализмдин өнүгүүсүндөгү жаңы этап, анын социалдык негизги каршылыктары жоголуп баратат деп көрсөтүүгө умтулуп жатышат. Анткени мамлекеттик аппарат менен монополиялар эң тыгыз чиленишип кетип, мамлекет монополиялык буржуазиянын иштерин башкаруучу комитетке айланды. Ошентип,

монополиялардын талаптарында аракет кылып, мамлекет ченге салуу-
ну ар түрдүү чараларды кургузууда, экономиканын айрым тармактарын
мамлекеттин колуна алуулл. Анда экспорттук заказдар түрүндө мамле-
кеттик ири рынокторду түзүлүп, аларды чоң корпорациялар залеп алып-
ты. Капиталистик интеграция /бириктүү/ салмагы күч алып, "Ортак
рынок", "Европалык атом бирикмеси", "Эркин соодагын европалык
ассоциациясы" ж.б. бир мамлекеттик-монополиялык бирикмелер түзүл-
дү/.

НЕОЛИТ неолит /жаңы таш доору/.

НЕОМАЛЬТУЗИАНСТВО неомальтузианство /Мальтустун адамдын көк
өнүгүүлүк теориясын азыркы кездеги жактоочулар; к. МАЛЬТУЗИАН-
СТВО/.

НЕОТРОЦКИСТЫ неотроцкийчилер /троцкизмдин колун колдогон
оппортунистик агым. 1938-ж. Парижде 21 троцкийчилер чогулуп,
өздөрүн "IV Интернационал" деп жарыялашкан. Троцкийчилердин топ-
тору Франциядa, Испанияда, Голландияда, Англияда, Латын Амери-
касынын айрым өлкөлөрүндө ж.б. бар. Алардын "башкы теоретиктери"
Б. Хук, Л. Каннон, И. Дойчер ж.б. – антисоветтик пропаганданы
тарктоочу ууңчулар. Буржуазиялык басма сөздөр, радио жана
телевидение аларды антисоветтик "аргументтерин" пайдаланып,
коммунисттик идеяларды бөлөн чыгарыпат жана тараткат/.

НЕПРИСОЕДИНИВШИЕСЯ СТРАНЫ өлкөлөр /Африка, Азия, Латын Америка
өлкөлөрүнүн көбү. Жаңы тарыхый кыр-
даалга ылайыктуу, демократиялык, прогрессивдүү түзүлүшкө кас
аракет болгон, өз өлкөсүндө реакциялык партия, өкмөт, м.: Ирак-
да башында Г. Гасандаулат турган "кара полковниктердин" тобу
/1958-63 ж./ өлкөдөгү эски тәртипти жоюп, фашисттик диктатураны
орнотуп, ал режим 7 жыл бою кандуу террор жүргүзүп келип, 1973-ж.

кулаган эле. Чилиде генерал Пиночетчин бан кесер келдеттери
11.IX 1973-ж. аскердик төңкөрүш жасап, С. Альенденин закондуу
өкмөтүн кулатты да, патриоттордун канын суудай агызган катаал
режимди орнотту. Неофашистер Италияда, ФРГда ж.б. өлкөлөрдө
дагы эле бар/.

НЕОЧИТ неофит /1. кандайдыр-бир окуунун, коомдук көйөлдүн
жаңы колдоочусу, бир нерсеге жаңы келген адам; 2. бир динге жаңы-
дан кирген адам/.

НЕПРОИЗВОДИТЕЛЬНЫЙ ТРУД өндүрүшсүз эмгек /капиталистик коом-
догу материалдык байлыктарды өндүрбөгөн эмгек, м.: чиновниктердин
эмгеги/.

НЕПРОИЗВОДСТВЕННАЯ СФЕРА өндүрүштүк эмес чөйрө /материалдык
байлыктарды чыгарбастан, тейлөө майданында иштөө. Мында улуттук
доход түзүлбөстөн, аны кайра бөлүштүрүү жана керектөө гана болот.
Ага тейлөө чөйрөлөрүнөн болгон пассажир транспорту, турак жай-
коммуналдык тейлөө мекемелери менен ишканалары, саламаттык сактоо
жана маданият мекемелери, илимий-изилдөө, башкаруу аппарату жана
коомдук уюмдар, өлкөнү коргоо, коомдук тартипти сактоо мекемелери
ж.б. кирет. Капитализм түшүндө мүлдүк мүнөздө, ал эми социализм
түшүндө башкача мүнөздө болуп, элдин материалдык жана маданий
деңгээлин көтөрүүгө багытталат/.

НЕПРИСОЕДИНИВШИЕСЯ СТРАНЫ блокторго кошулбаган өлкөлөр /айрым
өлкөлөр эч кандай согуштук блокторго кошулбоо саясатын жүргүзүүдө.
Алар социалдык жана мамлекеттик түзүлүшү, өнүгүү даражасы жагы-
нан бири биринен айырмаланат. Көбү Азия менен Африканын жаңы
мамлекеттери. Алар империализмге каршы, улуттук-боштондук күйөл-

ды, социалистик өлкөлөр менен кызматташууну жактап чыгууда I конференциясы 196[illegible] ж. Белградда өткөн. Азыр 85 мамлекет бар/.

НЕПРОИЗВОДИТЕЛЬНЫЕ РАСХОДЫ өндурумсуз чыгымдар /сарптар, өндурүштү туура эмес уюштуруудан, эсеп-кисептин так болбогондугунан, материалдык байлыктарды начар сактоодон ж.б. кесепеттердин натыйжасында пайдаланылбын өндурумсуз текке кеткен чыгымдары/.

НЕРАВЕНСТВО теңсиздик /бирдей эместик, тең эместик, барабарсыздык; в СССР ликвидировано социальное неравенство СССРде социалдык теңсиздик жоюлган/.

НЕРАВНОМЕРНОСТЬ РАЗВИТИЯ КАПИТАЛИЗМА капитализмдин өнүгүшүнүн бир калыпсыздыгы /империализм доорунда капитализмдин бир калыпта эмес, секирмелүү, бир калка болбой өнүгүшү/.

НЕРАВНОПРАВНЫЕ ДОГОВОРЫ тең укуктуу эмес келишимдер /эл аралык келишим. Мында бир тарап экинчи тарапка караганда көбүрөөк укук жана артыкчылык алат. Ал империалистик державалар тарабынан начар өнүккөн, көз каранды өлкөлөргө таңууланып, аның суверенитетин жана өз алдынчалыгын чектейт/.

НИГИЛИЗМ нигилизм /I. коомдук нормаларды жана принциптерди тануу, жокко чыгаруу, ашыкча скептик; бул майда буржуазиялык анархизмдин идеологиясы үчүн мүнөздүү; 2. мурдагы доорлордун маданий мурастарынын маанисин тануу, XIX—XX кылымдардагы буржуазиялык маданияттын төмөн чөгүшү, декадентчиликтин көрүнүшү/.

НИГИЛИСТ нигилист /XIX к. 60-жылдарында Россияда пайда болуп, дворян маданиятынын принциптерине, аның традицияларына, самодержавиелик түзүлүшкө жана крепостнойлук идеологияга каршы көз караштагы разночинец-интеллигент/.

НИЗШАЯ ФАЗА КОММУНИСТИЧЕСКОГО ОБЩЕСТВА коммунисттик коомдун төмөнкү фазасы /социализм коммунизмдин төмөнкү фазасы, биринчи баскычы болуп саналат/.

НИЖНЯЯ ПАЛАТА төмөнкү палата /көз бир буржуазиялык өлкөлөрдөгү мамлекеттик органдын төмөнкү палатасынын наамы, м.: Францияда депутаттар палатасы, Англияда общиндер палатасы ушундай деп аталат. Жогорку палатадан /к. ВЕРХНЯЯ ПАЛАТА/ айырмаланып, аның составы калк тарабынан шайланат/.

НОБЕЛЕВСКИЕ ПРЕМИИ Нобель сыйлыктары /эл аралык сыйлыктар, Швед инженери, ойлоп чыгаруучусу Альфред Нобелдин /1833-1896/ ысмынан алынган. А. Нобель жарылгыч заттарды өндурүүдөн көп акча таап, андан жыл сайын таланттуу адамдарга 5 сыйлыктан берип турууга керээз калтырган; 3 сыйлык табийгый илимдер /физика, химия, биология/ боюнча, I сыйлык адабият боюнча, I сыйлык тынчтыкты жана элдердин достугун чыңдоо боюнча берилет. Сыйлыктарды атайын комиссиялар карап болуштурөт. Бул сыйлыктарды атактуу окумуштуулар: В.К. Рентген, эрди-катын П. Кюри жана М. Склодовская-Кюри, И. Павлов, И.И. Мечников, А. Эйнштейн, Ф. Жолио-Кюри, Н.Н. Семенов, Л.Д. Ландау ж.б., жазуучулар: Р. Тагор, Р. Ролан, А. Франс, Б. Шоу, Т. Манн, Э. Хемингуэй, М. Шолохов, П. Неруда ж.б. алышкан/.

НОБИЛИТЕТ нобилитет /байыркы Римде кул эзүүчү, башкаруучу катмар/.

НОБИЛЬ нобиль /нобилитеттин өкүлү, аристократ/.

НОВАТОР новатор /илимде, техникада, өндурүштө, искусстводо ж.б. жаңы, алдыңкы прогрессивдүү нерсени киргизүүчү адам. Социа-

[illegible] өндүрүүчүлөр новаторлук кийинки социалисттик мелдешүүнүн эң маанилүү формасы болот/.

"НОВАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ДОКТРИНА" СТА Аттин "Тынч океандык азиялык доктринасы" /АТТнын Азиядагы эски саясатын жүргүзүүгө киргән аракети. Президент Дж. Форд 1975-ж. 1--7-декабрда КЭР, Индонезия жана Сингапурга барган соң, Түштүк-Чыгыш Азия менен Тынч океанын согуштук күчтөрүн кармап турууга шеттенип, 7-декабрда Гонолулуда /Гавай аралы/ чыгып сүйлөгөн сөзүндө өзүнүн улуп доктринасын баяндаган. Доктрина 6 тексттен турат: Тынч океандын бүт районунда АТТнын күчтүү позициясын сактап туруу; Япония менен болгон партнерлукка таянуу; КЭР менен мамилесин жакшыртуу жана байланыштарын чыңдоо; Түштүк-Чыгыш Азияда активдүү ролун сактап калуу; Сеул режимин колдоо; Азия мамлекеттери менен экономикалык мамилелерин кенейтүү/.

НОВАЯ ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА /НЭП/ жаңы экономикалык саясат /Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги экономикалык саясат; граждандык согуш аяктап, согуш коммунизминин мезгили бүткөн соң, 1921-ж. В.И. Ленин тарабынан негизделип, партиянын X съездинде кабыл алынган да, капитализмден социализмге өтүүнү камсыз кылуу милдетин көздөгөн. Азык-түлүк чачыма азык-түлүк налогу менен алмаштырылып, капитализмдин айрым элементтерине жана эркин соодага уруксат берилген, бирок эл чарбасына башчылык кылуу Совет мамлекетинин колунда болгон. Бүлүнгөн экономика калыбына келтирилгенден кийин, өлкө эл чарбасын социалисттик реконструкциялоого киришип, социализм жеңиш чыккандан кийин НЭПти аяктаган/.

НОМЕНКЛАТУРА номенклатура /1. билимдердин же иш-аракеттердин атайын бир тармагында пайдаланылуучу терминдердин, наамдардын жыйыгы, чогуусу; 2. Жогорку орган беките турган кызмат орундарынын тизмеси/.

НОРМА ПРИБАВОЧНОЙ СТОИМОСТИ кошумча нарктын нормасы /жумушчулардын өндүрүш процессинде капиталисттер тарабынан эксплуатациялануу деңгээлинин көрсөткүчү. Ал кошумча наркты өзгөрмө капиталга бөлүнүшү аркылуу процент менен айкындалат. Капиталисттик өндүрүшкө жумуш күнүнүн бир бөлүгүндө жумушчулар өздөрүнүн күчтөрүнүн наркын калыбына келтирип, кызмат акиларын төлөп чыгарышса, экинчи бөлүгүндө капиталисттерге бекер иштешип, кошумча нарк өндүрүшөт/.

НОРМИРОВАНИЕ ТРУДА эмгекти нормалоо /белгилүү продукцияны өндүрүүгө кетүүчү жумуш убакытын белгилөө; бул - өндүрүштү уюштуруунун олуттуу шарттарынын бири/.

НОТА нота /бир өкмөттүн экинчи бир өкмөткө официалдуу кат жүзүндө дипломатиялык кайрылуусу. Кээде нааразычылык билдирген кат түрүндө да сүрилет. Нота протеста нааразылык билдирүү нотасы/.

НОТАРИУС нотариус /нотариалдык актыларды жасай турган кызматкер/.

НОТИФИКАЦИЯ нотификация /официалдуу билдирүү; эл аралык маанидеги кандайдыр бир маселе боюнча өз мамлекетинин позициясын баяндап, башка бир же бир нече мамлекетке тапшырылган дипломатиялык нота/.

НОУМЕН ноумен /идеалисттик философияда: заттар, "өз ичиндеги нерселер", аларды тажрыйбадан таанып-билүүгө болбойт, адамдын сезим органдарынын аларды таанып-билүүгө күчү келбейт деп ыраатоочулар/.

"НОУ-ХАУ" "Ноу-хау" /эл аралык соодада колдонулуучу термин; "кандай касоону билемин" деген англис сөзүнөн алынган. "Ноу-хау" төмөнкү компоненттерди камтыйт: ишканаларды долбоорлоо, өндүрүштүк процесс жөнүндөгү техникалык маалыматтар, жабдуулардын жана техтердин чиймелери, ал жабдууларды тейлөөчү персоналды окутуп үйрөтүү. Эл аралык соодада кайсы-бир патентти сатып алуу менен эле товар өндүрүп чыгара коюга мүмкүн эмес, ошол өндүрүш процессин үйрөтүүнү жана жүргүзө билүү керек. Ошондуктан лицензиялык келишим түзүлөт да, ага акы төлөө өзүнчө каралат. Ал эми чыгарылган товарлар көп болуп, зор киреше алып келгендиктен, лицензияга кеткен чыгым эч нерсеге арзыбайт/.

НУВОРИШ нувориш /капиталисттик өлкөлө жаңы чыккан бай, согуш же экономикалык кыйрылоо мезгилинде кызыл кулактык жол менен байыган, түйтүнгөн адам, эпчил бай/.

НУЙОН нойон /XI-XII к. монгол аскерлеринин жоокери; 2. Кавказдагы тоолук элдердин аскер башчысынын чоросу/.

НУЛЛИФИКАЦИЯ ДЕНЕГ акчаны нуллификациялоо /мамлекет тарабынан акчаны кокко чыгаруу жана башка жаңы акчага айырбаштоо. Бул кагаз акчалардын баасы өтө төмөндөп, нарк эч нерсеге татыбай калган учурда, инфляция кезинде жүргүзүлөт/.

НУНЦИЙ нунций /элчинин ранжасына барабар башка мамлекеттин өкмөтүнүн алдындагы Рим папасынын дипломатиялык өкүлү/.

НЭПМАНЫ нэпмандар /НЭПтин алгачкы кезиндеги соодагерлер, кызыл кулактар же жеке өнөр жай ишканаларынын ээси/.

НЮРНБЕРГСКИЙ ПРОЦЕСС Нюрнберг процесси /немецтик согуштук кылмышкерлердин башчыларын соттогон процесс. Бул 1945-ж. 20-ноябрдан 1946-ж. 1-октябрына чейин Эл аралык аскердик трибуналда, Нюрнбергде /Германия/ болгон. Гитлердик өкмөттүн мүчөлөрү, фашисттик партиянын, гестапонун, генштабдын жетекчилери адамзатка каршы кылмыш иштерди жасашкандыгы, согуштун закондору менен салттарын бузушкандыгы үчүн соттолушкан: эң башкы 12 кылмышкер өлүм жазасына, 7 кылмышкер ар түрдүү мөөнөткө камакка алынган. Бул процесс тарыхый зор маанилге ээ болуп, фашизмди, нацисттик партияны, агрессиялык согушту айыптаган, аны адамзатка каршы эл аралык кылмыш деп жарыялаган/.

О

ОАС оас /Франция, фашисттик куралдуу террористтик уюм; 50-жылдарда Франция менен Алжирде аракет кылып, алжир элине каршы Франциянын согушунун улантылышын, анда колониялык режимдин сакталышын жана Францияда фашисттик түзүлүштүн орнотулушун жактаган. 60-ж. экинчи жарымында курда соттолгон саясчыларга мунапыс берилип, камактан бошотулган/.

ОБЕЗЗЕМЕЛЬВАНИЕ жеринен ажыратуу /эксплуатациялоодо дыйкандардын жерден ажыратылышы, жерсиз калышы/.

ОБЕЗЬЯНЧИКА өзүнчүлүк /жоопкерсиздик; иште натуура укмуштуунун кесепетинен тиги же бу кемчиликке, бүлүнгөн нерселерге кимдин жооп берерин билүүгө мүмкүн болбогон учур/.

ОБЕР... обер... /татаал сөздүн башталышы; 1. кызматы, чини боюнча чоңдук, м.: обер-кондуктор, обер-мастер; 2. терс, жаман

сапаттын барып турган жери, м.: обер пдут ашынган алламчи, мытайым, шум/.

ОБЕР-ПРОКУРОР обер-прокурор /I. буржуазиялык өлкөдө сенаттагы департаментти башкарган адам/.

ОБЗОР обзор /басма сөз, радио ж.б. боюнча билдирүүчү публицистикалык чыгарманын бир түрү; чыккан китептер жөнүндө обзор; библиографиялык обзор ж.б./.

ОБЛИГАЦИЯ облигация /баалуу кагаз, м.: мамлекеттик ички заемдын облигациясы. Капиталистик өлкөдө облигацияны мамлекет же жеке акционердик коом чыгарат. Аның ээси облигациянын наркынан процент же утуп түрүндө киреше алат. Социалистик коомдо аны мамлекет гана чыгарат/.

ОБНАРОДОВАНИЕ жарыялоо /закондорду ж.б. мамлекеттик актыларды калың журтка жарыялоо. СССРде Жогорку Советтин закондору, актылары, указдары ар бир союздук республиканын тилинде элге жарыяланат/.

ОБНИЩАНИЕ жакырдануу /эксплуататордук коомдо эмгекчилердин жакырданышы, кедейлениши/.

ОБОЗРЕВАТЕЛЬ обозреватель /басма сөз бетинде, радио, телевидение ж.б. белгилүү бир маселе боюнча обзор жасаган адам/.

ОБОЗРЕНИЕ обозрение /белгилүү бир маселе тууралу басма сөз беттеринде жазылган макала, м.: адабияттык обозрение; международное обозрение эл аралык обозрение/.

ОБОРОНА коргоо, коргонуу /элди, жерди, өлкөнү душмандан, жоодон коргоо; крепить оборону страны өлкөнү коргоону чыңдоо; противовоздушная оборона абадан кол салууга каршы коргонуу/.

ОБОРОНОСПОСОБНОСТЬ коргонуу жөндөмдүүлүгү /тыштан кол салуудан элди, өлкөнү сактап калууга жарамдуулук; укрепление обороноспособности страны өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо/.

ОБОРОНЧЕСТВО коргонуучулук /"ата журтту коргоо" деген жалган ураандын астында капиталисттик мамлекеттин кана буржуазиянын талаасын талаасын, кумушчу табына чыккынчылык кылган саясат; аны 1914-18-ж. империалисттик согуш мезгилинде II Интернационалдын оппортунисттик партиялары, Россияда майда буржуазиялык эсер, меньшевик партиялар көтөрүп чыгышкан/.

ОБОРОТ КАПИТАЛА капиталдын айланышы, оборот/капиталдын бир гана жолу эмес, дайыма, мезгил-мезгили менен айлануу процесси. Ал канчалык тез айланса, пайда нормасы ошончолук жогору болот/.

ОБРАТИТЬ кайрылуу /саясий кампанияга байланыштуу партиянын элге кайрылуусу. Обращение ЦК КПСС ко всем избирателям КПСС Борбордук Комитетинин бардык шайлоочуларга кайрылуусу/.

ОБРОК оброк /крепостной укук доорунда помещиктер өз дыйкандарынан натуралай же акчалай салыкты өз каалашынча алышы; крепостной дыйкандарды эзүүнүн бир түрү/.

ОБСКУРАНТИЗМ обскурантизм /агартуугa, илимге жана прогресске өтө кас, реакциячыл агым/.

ОБСТРУКЦИЯ обструкция /I. парламенттик күрөштүн методдорунун бири; оппозициянга жакпаган закон долбоорун парламентте өткөрбөй коюу аракети; заседаниеде ишке тиешесиз сөздөрдү сүйлөй берүү, изи-чуу, күрү-гүү салуу; 2. кандайдыр-бир чараларды, супуштарды үзгүлтүккө учуратууга багытталган аракет; парламентская обструкция парламенттик обструкция/.

ОБЩЕЕВРОПЕЙСКАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ жалпы европалык коопсуздук /Европада коопсуздукту камсыз кылуу, экономикалык, маданий ж.б. жактарда кызматташуу, чек аралардын бузулбастыгын жана территориялардын бүтүндүгүн таануу принциптери боюнча чаралар. Муну СССР сунуш кылган, бирок "капкоз согуш" саясаты өкүм сүрүп турган кезде батыш державалары колдошкон эмес. Ушуну эл аралык абал оңоло баштап, конфронтациядан /к./ кызматташууга бет алып, "капкоз согуш" саясаты эң натыйжа бербей калганда батыш өлкөлөрүнүн көп жетекчилери реалистик багытты алууга мажбур болушкан. Ошентип, СССР, социалистик өлкөлөр жана тынчтыкты сүйгөн башка мамлекеттердин күч-аракети жумшалган көп жылдык күрөштүн натыйжасында 1975-ж. июнь-августта Хельсинкиде, Европада коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешме өз ишин ийгиликтүү аяктады. к. СОВЕЩАНИЕ ПО БЕЗОПАСНОСТИ И СОТРУДНИЧЕСТВУ В ЕВРОПЕ/.

ОБЩЕСТВЕННАЯ СОБСТВЕННОСТЬ коомдук менчик

ОБЩЕСТВЕННО-ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ФОРМАЦИЯ коомдук-экономикалык формация /адамзат коомунун өнүгүшүнүн белгилүү экономикалык түзүлүшү менен мүнөздөлгөн баскычы, мезгили, доору. Анын ар бирине материалдык байлыктарды өндүрүү жолу, өндүрүштүк мамилелердин системасы таандык. Байыркы общиналык түзүлүш, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталистик жана коммунистик /социализм, коммунизм/ түзүлүштөрдү камтыйт/.

ОБЩЕСТВЕННОЕ БОГАТСТВО коомдук байлык /социалистик өлкөнүн коомдук байлыгына өндүрүш каражаттары, жаратылыш байлыктары, жер, андагы кендер, токой, суу ж.б. кирет/.

ОБЩЕСТВЕННОЕ ПРОИЗВОДСТВО коомдук өндүрүш /коомдошкон эмгек процесси; керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн материалдык байлыктарды иштеп чыгаруучу өндүрүш. Коомдук өндүрүштүн тармактары: өнөр жай, айыл чарба, транспорт болот. Коомдук өндүрүш 2 бөлүктөн турат: өндүрүш каражаттарын өндүрүүчү өндүрүш, керектөө буюмдарын өндүрүүчү өндүрүш/.

ОБЩЕСТВЕННЫЕ НАУКИ коомдук илимдер /коом жөнүндөгү илимдер: саясий экономия, тарых ж.б./.

ОБЩЕСТВЕННЫЕ ОТНОШЕНИЯ коомдук мамилелер

ОБЩЕСТВЕННЫЕ КЛАССЫ коомдук таптар /өндүрүш каражаттарына жеке менчиктин келип чыгышынан адамзат коомунун эзүүчү жана эзилүүчү таптарга бөлүнүшү, м.: кул ээлөөчүлөр жана кулдар, феодалдар жана дыйкандар, капиталистер жана жумушчулар /пролетариат/, булар бири бирине карши күрөшүүчү антагонистик таптар. Социалистик коомдо да таптар болот, бирок алар бири бирине дос таптар/.

ОБЩЕСТВЕННЫЕ ФОНДЫ ПОТРЕБЛЕНИЯ коомдук керектөө фондулары /социалистик коомдо улуттук доходдун бир бөлүгү. Бул фондулар эмгекчилердин материалдык, агартуу, саламаттык сактоо, социалдык камсыздоо, маданий ж.б. жактарынан болгон керектөөлөрүн канааттандырууга жумшалат/.

ОБЩЕСТВО коом

ОБЩИЙ КРИЗИС КАПИТАЛИЗМА капитализмдин жалпы кризиси /капитализмдин дүйнөлүк системасынын экономикасы, саясаты жана идеологиясы кучагына алган ар тараптуу кризиси. Октябрь социалистик революциясынын жеңиши дүйнөнү эки системага-капиталистик жана социалистик системага бөлдү. Экинчи дүйнөлүк согуш жана бир топ

өлкөлөрдөгү социалисттик революциялар жалпы кризистин экинчи этабы болуп, мында социализмдин дүйнөлүк системасы пайда болду. 50-ж. дан берү дүйнөлүк капитализм жалпы кризистин үчүнчү этабына кирди: бир нече өлкө капитализмден кол үзду, империализмдин позициясы начарлады; колониялык система ойрон болду, капиталисттик экономика туруксуз /мезгил-мезгили менен кризис болуп, жумушсуздук күч алуу/ өнүгүүдө болду, капитал менен эмгектин күрөшү күчөдү; айрым өлкөлөрдө фашисттик тиранчылык диктатура орноду; буржуазиялык саясат менен идеологияда терең кризис келип чыкты ж.б./.

ОБЩИНА община /I. адамдардын бирикмеси; мында өндүрүш каражаттарына /жерге ж.б./ коллективдүү менчик болуп, толук же анчамынча өзүн-өзү башкаруу өкүм сүрөт, м.: үй-бүлөлүк, уруучулук ж.б. Общиналар алгачкы общиналык түзүлүшкө таандык болуп, мунун айрым түрлөрү кул ээлөөчүлүк, феодализм коомдорунда жана анчамынча капитализмде да болот; 2. коомдор; религиозная община диний жамаат/.

ОБ"ЕКТ об"ект /I. суб"ектиден, адамдын аң-сезиминен тышкары жана ага көз каранды болбостон жашаган тышкы дүйнө, реалдуу материалдык нерсе; 2. предмет, об"ект, көрүнүш/.

ОБ"ЕКТИВИЗМ об"ективизм /коомдук илимдер таптык, партиялык болууга тийиш эмес, алар "жалпы элдик", "партиялык эмес позицияда турат" деген натура ойду жактаган концепция. Буржуазиялык об"ективисттер--реакциячыл таптын идеологдору коомдук өнүгүүнүн об"ективдүү закондорун, тап күрөшүн, идеологиянын партиялуулугун таанышат; капитализмдин кебелбестигин жана түбөлүктүүлүгүн үгүттөшөт.

Марксизм--ленинизм буржуазиялык об"ективизмге каршы күрөшүп, тап күрөшү өкүм сүрүп турганда идеология партиясыз болбой албайт дейт /к. ИДЕОЛОГИЯ, ПАРТИЙНОСТЬ ИДЕОЛОГИИ/.

ОБ"ЕКТИВИСТ об"ективист /об"ективизмди жактоочу, колдон келдоочу адам/.

ОБ"ЕКТИВНАЯ ДЕЙСТВИТЕЛЬНОСТЬ об"ективдүү чындык

ОБ"ЕКТИВНАЯ РЕАЛЬНОСТЬ об"ективдүү реалдуулук

ОБЫВАТЕЛЬ обыватель /майда мүдөөлүү, өз көмөчүнө күл тарткан; идеясы жана коомдук түшүнүгү тар, мещан адам/.

ОБЫСК тинтүү /произвести обыск тинтүү жүргүзүү/.

ОБЫЧАЙ адат /үрп-адат, каада, салт; дедовские обычаи ата-бабадан калган үрп-адаттар, салттар/.

ОГРАНИЧЕНИЕ чектөө /чек коюу, чектелүү, чек коюлуу; отменить ограничения чектөөлөрдү жоюу/.

ОКАМ ОКАМ /Африканын француз тилинде сүйлөөчү мамлекеттеринин уюму; ал жалпы африка-мавриктиялык уюм деп аталат, 1966-ж. Мавританиянын борбору Нуакшотто 15 өлкөнүн жетекчилери катышкан конференцияда түзүлгөн. ОКАМдын максаты ага кирген мүчө-өлкөлөрдүн экономикалык, социалдык, техникалык жана маданий өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү жана тышкы саясий маселелер боюнча консультациялар алышуу болуп эсептелет/.

ОККУПАЦИЯ оккупация /бир мамлекеттин территориясын же территориясынын бир бөлүгүн экинчи бир мамлекеттин убактылуу басып алышы, м.: Израиль 1967-ж. араб өлкөлөрүнүн территориясынын бир бөлүгүн басып алып, аны бошотуу жөнүндөгү Коопсуздук Советинин /5.XI. 1967-ж/ чечимин орундатпай отурат/.

ОКТРОИРОВАННАЯ КОНСТИТУЦИЯ октроир конституциялоо /1. монарх тарабынан өзгөртодон берилген конституция; мунун текстин түзүүгө эл массасы катышпайт, монархиянын бийлигинин полномочиеси сакталып, парламенттин укугу чектелет; 2. Метрополиянын өз колонияларына берген конституциясы/.

ОКРУЖЕНИЕ курчоо /1. тегеректөө, ортого алуу; окружить войска неприятеля душмандын аскерлерин курчоого алуу; 2. камкордук кылуу, көңүл коюу; окружить вниманием кого-либо бирөөгө камкордук кылуу/.

ОКТЯБРИСТЫ октябристтер /"17-октябрь союзунун" мүчөлөрү; бул ири соода өнөр жай буржуазиясы менен помещиктердин контрреволюциячыл партиясы болгон. Россияда 1905-ж. 17/X да падышанын Манифестинен кийин түзүлгөн. Лидерлери-ири өнөр жайчы А. Гучков менен ири помещик М. Родзянко. Октябрь революциясынан кийин ак гвардиячыларга айланып, Совет бийлигине каршы күрөшкөн/.

ОЛИГАРХИЯ олигархия /эксплуататорлордун-байлардын, аристократтардын белгилүү бир тобунун үстөмдүгү, м.: байыркы гректердин мамлекет-шаарларында ири күл ээлөөчүлөрдүн олигархиясы. финансовая олигархия финансылык олигархия; өз ара жана банк чөйрөлөрү менен тыкыс байланышкан ири финансылык магнаттар. Ин жүзүндө капиталисттик мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ошолор багытташат/.

ОПЕКА опека /1. кам балдарга же катуу соорулуу адамдарга мамлекеттин камкордук кылуусу; 2. ошондой эле буларга мекеменин жана айрым адамдардын камкордугу. Международная опека эл аралык опека --ООНдун алдында Опека боюнча совет түзүлүп, ал колониялык көз карандыдан бошогон, стратегиялык маанисн бар территориялардын үстүнөн көзөмөл жүргүзөт/.

ОПЛАТА ТРУДА эмгекке акы төлөө

ОПЛОТ тирек /таянуч, коргоо; оплот мира тынчтыктын тиреги/.

ОПОЛЧЕНИЕ ополчение /регулярдык армияга жардам берүүгө өз ыктыяры менен чогулган аскердик кол; народное ополчение элдик ополчение/.

ОППОЗИЦИЯ оппозиция /1. кеңири маанide алганда-каршы болуу, өз көз караштарын, саясатын башкаларга карама-каршы коюу; 2. партиянын ичинде өзүнчө уюлган, анын саясатына, көпчүлүк бөлүгүнө каршы аракет кылган топ; 3. Парламентская оппозиция парламенттик оппозиция — капиталисттик өлкөлөрдө парламенти, президенти ж.б. шайлоо учурунда чыгуучу саясий партия же партиялардын блогу, парламентте башкаруучу партияга жана анын өкмөтүнө каршы турган партия/.

ОППОНЕНТ оппонент /талаш-тартышта, дискуссияда, диспутта айтылган пикирге каршы чыгып сүйлөгөн адам. Орипаддуу оппонент-окумуштуу даражаны алууга диссертация коргоо кезинде өзүнүн пикирин, эскертүүлөрүн, каршы сөздөрүн айтып чыгуучу атайын дайындалган адам/.

ОППОРТУНИЗМ оппортунизм /коммунисттик жана жумушчу кыймылында социал-демократтык жана майда буржуазиялык партиялар марксизм-ленинизмге каршы жүргүзгөн саясат; пролетариаттын жана эмгекчилердин таламдарын буржуазиянын таламдарына баш ийдирүү; буржуазия, буржуазиялык партия жана өкмөт менен келишүү, кызматташуу, социалисттик революциядан жана пролетариат диктатурасынан баш тартуу саясаты. Оппортунизм саясий жана идеология жактан ревизионизм жана реформизм менен /к. РЕВИЗИОНИЗМ, РЕФОРМИЗМ/ тыкыс байланыштуу/.

ОППОРТУНИСТ оппортунист /жумушчу кыймылындагы буржуазиянын агенти болуп, анын саясатын жүргүзүүчү, келишкич адам/.

ОПРЕДЕЛЕНИЕ аныктама /1. аныктоо, белгилөө; определение результатов выборов шайлоонун натыйжасын аныктоо; 2. чечим, өкүм, аныктама; определение суда соттун аныктамасы/.

ОПТАЦИЯ оптация /бир мамлекеттен башка мамлекетке өткөн территориянын калкына граждандыкты тандап алууда берилүүчү укук/.

ОПТИМИЗМ оптимизм /турмушка, келечекке, иштин ийгиликтүү болушуна ишенүү; адамзат коомунун өнүгүшүндөгү прогрессивдүү тенденциянын салтанат курушуна бекем ишенген көз караш; пессимизм деген түшүнүктүн /қ. ПЕССИМИЗМ/ тескериси/.

ОПТИМИСТ оптимист /турмушка шаттуу, ишенимдүү, шайыр маанайдагы көз караш менен караган адам/.

ОПТОВАЯ ТОРГОВЛЯ дүң соода /өнөр жай капиталисттери менен соода капиталисттеринин ортосунда жүргүзүлгөн соода. Дүң соода ар түрдүү товарлар менен жүргүзүлөт. СССРде жана башка социалисттик өлкөлөрдө да эл чарба тармактарынын ортосунда мамлекеттик план боюнча дүң соода жүргүзүлөт/.

ОПТОВАЯ ЦЕНА дүң баа /дүң соода боюнча сатылуучу товарлардын баалары/.

ОРАТОР оратор /чечен, сөзмөр, көпчүлүк алдында сүйлөөгө уста киши/.

ОРБИТА орбита /асмандагы телолордун мейкиндиктеги айлануу жолу; земная орбита жер шарынын орбитасы/.

ОРГАН орган /1. адамдын денесинин бир мүчөсү; 2. мекеме, уюм; органы власти бийлик органдары; 3. басма сөз органдары, м.: газета, журнал к.б./.

ОРГАНИЗАЦИЯ СОЛИДАРНОСТИ НАРОДОВ АЗИИ И АФРИКИ Азия жана Африка элдеринин тилектештик уюму /Азия менен Африка өлкөлөрүнүн кеңири чөйрөлөрүнүн коомдук эл аралык уюму. Бул 1957-ж. Азия жана Африка элдерине тилектештиктин I конференциясында түзүлгөн. Империализмге жана колониализмге каршы Азия жана Африка элдеринин күрөшүн бириктирүү жана багыттоо, азыркы элдерди азаттыкка чыгаруу максатын көздөйт. Жетекчи органдары-конференция, Совет, Аткаруу комитети, Секретариат. Штаб-квартирасы - Каирде, Азия жана Африка элдерине жардам претинде атайын фонд түзүлгөн/.

ОРГАНИЗАЦИЯ АМЕРИКАНСКИХ ГОСУДАРСТВ /ОАГ/ Америкалык мамлекеттердин уюму /1948-ж. Америкалык республикалардын эл аралык союзунун /1890-ж. негизделген/ базасында түзүлгөн. Ага Америка континентиндеги мамлекеттер киргизилген. АКШнын кысымы астында Куба 1962-ж. андан чыгарылган. Бирок кийин 12 мамлекет Куба менен дипломатиялык мамиле түзүштү. ОАГ Латын Америкасында агрессиялык саясатты жүргүзүү, улуттук-боштондук кыймылын басуу, америкалык монополиялардын таасирин күчөтүү боюнча АКШнын тил алгыч куралына айланган/.

ОРГАНИЗАЦИЯ АФРИКАНСКОГО ЕДИНСТВА /ОАЕ/ Африкалык биримдик уюму /Африкадагы көз каранды эмес мамлекеттердин антиимпериалисттик, антиколониялык эл аралык уюму. 1963-ж. 25-майда түзүлүп, БАРдан башка бардык 47 мамлекет кирет. Атайын Уставы, Африкалык биримдиктин хартиясы бар, анда бири бирининн ички ишине кийлигишпөө, суверенитетин, территориялык бүтүндүгүн сактоо, расалык дискриминациянын жоюу, блокторго кошулбоо, саясий жана экономикалык кызматташууну өнүктүрүү к.б. каралган. Штаб квартирасы Аддис-Абебада /Эфиопия/.

ОРГАНИЗАЦИЯ ВАРШАВСКОГО ДОГОВОРА Варшава келишиминин уюму, ВДУ /Европадагы социалистик мамлекеттердин коргонуу союзу. Социалистик интымакташтыкта өлкөлөрдүн тышкы саясатын багыттоочу орган. 1955-ж. 14-майда Варшавада Албаниянын, Болгариянын, Венгриянын, ГДРдин, Польшанын, Румыниянын, СССРдин жана Чехословакиянын өкүлдөрү достук, кызматташуу жана өз ара жардамдашуу жөнүндө келишимге кол коюшкан. /Албания 1962-ж. кийин катышпай калып, 1968-ж. уюмдан чыгып кеткен/. Башкы органы--Саясий консультативдик комитет. Заседаниелери зарыл убакта чакырылат. Туруктуу комиссия, Бириккен секретариат деген эки жардамчы органы бар; штаб-квартирасы Москвада, ВДУнун куралдуу күчтөрүнө бириккен командование башчылык кылат. Келишим 20 жылга түзүлгөн, аны жоку жөнүндө мүчөлөрү сунуш кылбаса дагы 10 жылга өзүнөн-өзү узартылат. НАТО таркатыла турган болсо, бул уюм да жоюлмакчы/.

ОРГАНИЗАЦИЯ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ /ООН/ Бириккен Улуттардын Уюму /эл аралык уюм. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин тынчтыкты жана коопсуздукту, мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты орнотуу максатында суверендүү мамлекеттердин ортосундагы иктияр-дуу келишүүнүн негизинде 1945-ж. 24-июнда Сан-Францискодогу /АКШда/ конференциялда түзүлүп, 51 мамлекет кол коюп, 24-октябрда күчүнө кирген. Башкы органдары: Генералдык Ассамблея-буга мүчө болгон бардык мамлекеттердин өкүлдөрүнөн турат; Коопсуздук Совет, Социалдык жана экономикалык совет, Опека боюнча совет, Эл аралык сот, Генералдык секретарь башында турган Секретариат. ООНдун системасында эл аралык атайын уюмдар: МОТ, ЮНЕСКО, Атом энергиясы боюнча эл аралык агентство ж.б. бар. Штаб-квартирасы Нью-Йоркто, Генералдык секретары 1/I 1972-ж. бери Курт Вальдхайм; 1977-ж. ООНго 149 мамлекет мүчө/.

ОРГАНИЗАЦИЯ ТРУДА эмгектин уюштурулушу /капиталистик ишканаларда иштеген жалданма жумушчулардын убагын өзүүчү таптардын — капиталисттердин кызыкчылыгы үчүн толук пайдаланууга /кошумча наркты өндүрүүгө/ багытталган чаралардын системасы. Социалистик ишканаларда бүткүл коомдун талаптары үчүн кызматкерлердин жумуш убагын рационалдуу пайдаланууга ынгайлуу шарт түзүү чараларынын системасы/.

ОРДЕН орден /1. белгилүү бир эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлай турган көкүрөккө тагылуучу белги; Орден Дружбы народов Элдердин достугу ордени ж.б. 2. орто кылымда монархтардын же рыцарлардын уюму, м.: католиктик орден, иезуиттер ордени, Тевтон рыцардык ордени; 3. айрым бирикмелер менен коомдордун аты, м.: Масон ордени/.

ОРДЕР ордер /бир нерсени алууга берилген документ, м.: квартирага берилген ордер; кат жүзүндөгү буйрук; камакка алууга берилген ордер; төлөө буйругу/.

ОРИЕНТАЦИЯ ориентация /1. өзү турган ордун белгилеп билүү, түшүнүү; 2. болуп жаткан окуяны, кырдаалды, кандайдыр бир маанилүү маселени баамдап билүү, түшүнүү, туюнуу; 3. саясатта, иште багыт алуу, бирөөнү өзүчүү, м.: айрым көз каранды эмес өлкөлөрдүн социалистик жол менен өнүгүүгө багыт алышы; айрым реакциячыл өкмөттөрдүн АКШны өзүчүшү/.

ОРУДИЯ ПРОИЗВОДСТВА өндүрүш куралдары /материалдык байлыктарды өндүрүүчү эмгек куралдарынын негизгилери: машиналар, станоктор, аспаптар ж.б./.

ОРУДИЯ ТРУДА эмгек куралдары

ОРУДИЕ курал-жарак

ОСВОБОДИТЕЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ боштондук кыймыл /колониялык өзүндөгү өлкөлөрдүн жана алардын боштондукка чыгуу кыймылы/.

ОРТОДОКС ортодокс /кандайдыр бир окууну, м.: доктринаны, көз караштарды бекем тутуу, ошол окуудан, көз караштан эч тайбастан бекем туруу/.

ОСНОВНЫЕ СРЕДСТВА негизги каражаттар /социалистик ишканалардын негизги каражаттарына имараттар, курулуштар, машиналар, аспаптар жана өндүрүштүк багыттагы эмгек куралдары кирет. Социалистик ишканалардын негизги каражаттары коомдук менчик болот, ал эми капиталистик дүйнөдө имараттар, машиналар, курулуштар ж.б. бардыгы тең капиталисттердин менчиги болуп, эмгекчилерди эксплуатациялоого кызмат кылат/.

ОСТРАКИЗМ остракизм /I. байыркы Грецияда адамды мамлекеттен айдап киберүүдө, күүп чыгууда карапанын сыныгын көтөрүп добуш /гректе сынык-остракос/ берүү менен чечим кылынган; 2. айдап киберүү, кетирүү, күүп чыгуу/.

ОТЕЧЕСТВО ата мекен /туулуп өскөн жер; социалистическое отечество социалистик ата мекен/.

ОТЗОВИЗМ отзовизм /оппортунистик майда буржуазиялык агым; 1908-ж. большевиктердин арасынан чыккан. Отзовисттер, Богданов жана башкалар, социал-демократиялык фракциянын Мамлекеттик думадан чакырып алууну, профсоюздар менен легалдык башка уюмдарда иштөөдөн баш тартууну талап кылышкан. Алардын бир бөлүгү ультиматисттер болушуп, Думадагы социал-демократиялык фракцияга ультиматум койгулары келишкен. В.И. Ленин бул өкөөнү тең большевиктерге эч

тиешеси жок оппортунисттик агым деп айыптаган/.

ОТЗЫВНЫЕ ГРАМОТЫ отзывдык грамоталар /к. ПЕРИТЕЛЬНЫЕ ГРАМОТЫ/.

ОТМЕНА КРЕПОСТНОГО ПРАВА крепостной укуктун жокболушу

ОТМИРАНИЕ ГОСУДАРСТВА мамлекеттин жок болушу, жокдошу

ОТРЯД отряд /иши же кандайдыр бир милдетти чогуу аткаруу үчүн биргелешкен адамдардын тобу, м.: учкучтар отряды, пионер отряды, партизандык отряд/.

ОТСТУПНИЧЕСТВО баш тартуучулук /өзүнүн мурдагы ишениминен, көз карашынан отказ кылуучулук, сөзүнөн тануучулук/.

ОТХОД чегинүү /I. аскерлердин артка чегинип кетиши; 2. бир көз караштан, идеядан ж.б. баш тартуу, кол үзүү, башка жолго түшүү/.

ОТХОЖИЙ ПРОМЫСЕЛ отхожий промысел /дыйкандар өз чарбасынан кол үзбөстөн, шаарга же башка жакка барып жалданып иштөөчү убактылуу, сезондук жумуш/.

ОФИЦИОЗ официоз /буржуазиялык өлкөлөрдөгү басма сөз органы /газета, журнал ж.б./. Булар өкмөттүн көз карашын чагылдырып, анын директиваларын ишке ашырат, бирок анын официалдуу органы болуп саналбайт/.

ОХРАНА коргоо /сактоо; охрана здоровья трудящихся эмгекчилердин ден соолугун сактоо; сакчы, кароолчу; вооруженная охрана куралдуу сакчы/.

ОХРАНА ТРУДА эмгекти коргоо

ОХРАНА МАТЕРИНСТВА И ДЕТСТВА энеликти жана балалыкты коргоо

ОХРАНКА охранка /падышалык Россиядагы саясий андууларды кургузген жашыруун полиция. Революциялык кыймылга карши крайнисиз куреш кургузген. 1881—1917-ж. февралга чейин окум сургон/.

ОЦАГ Борбордук Американдагы мамлекеттердин уюму /1951-ж. тузулуп, саясий, экономикалык жана маданий жактан кызматташууну көздейт. Ага Гватемала, Гондурас, Коста-Рика, Никарагуа жана Сальвадор кирет. Бул уюм улуттук-боштондук кыймылына карши реакциячыл саясатты кургузууде. АКШ аны борбордук американдык өлкөлөрдөгү өзүнүн монополиялык позициясын чыңдоо жана кенейтүү максатында пайдаланууда/.

П

ПАГУОССКОЕ ДВИЖЕНИЕ пагуош кыймыл /тынчтыкты жана дүйнөлүк термоядролук согушту болтурбай коюну жактаган окумуштуулардын эл аралык кыймылы. Бул кыймыл ракеталык-ядролук, химиялык жана бактериологиялык /биологиялык/ куралсыздануу көздейт да, калпы тынчтыкты жана эл аралык коопсуздукту чыңдоо ишине өз салымын коюуга окумуштуулардын чакырат. Анын I конференциясы 1957-ж. июлда Пагуошто /Канада/ болгон. /к. МЕЖДУНАРОДНОЕ ПАГУОССКОЕ КОНФЕРЕНЦИИ/. Кыймылдын кетекчи жана аткаруу органы-Туракту комитет. Ал жылына 2 ирет чогулат. Штаб-квартираси-Лондондо; "Пагуош жаңылыгы" деген ар кварталсайын чыгуучу бюллетени бар. СССРде окумуштуулардын советтик Пагуош комитети тузулгон/.

ПАЙ пай /акционерлик, кооперативдик ж.б. уюмдардын мүчөлөрүнүн төлөгөн үлүшү. Пай акыга негизделген шериктик/.

ПАЙЩИК пайщик /пай шериктигинин мүчөсү, шармакчы/.

ПАКТ пакт /өз ара келишүү жөнүндөгү эл аралык келишим, м.: оз

ара кызматташуу, коодалашуу, достук жөнүндөгү пакт; пакт о ненападении кол салышпоо жөнүндөгү пакт. Кайсы бир уюмдардын ортосундагы келишим/.

ПАКТ ТРЕХ ДЕРЖАВ уч державанын пактысы /Германия, Италия, Японияны ортосунда 1940-ж. 27. IX да Берлинде кол коюлган. Ал экинчи дүйнөлүк согушта басып алуучулук максатты көздөп, Германия менен Италия Европада, Япония Азияда үстөмдүгүн орнотуп, жаңы тартип тургузмак болушкан. 1945-жылы талкаланган соң,бул пакт толук ойрон болгон/.

ПАЛАТА палата /I. закон чыгаруучу өкүлдүк мекеменин аты, м.: СССР Жогорку Совети: Союз Совети менен Улуттар Совети деген эки палатадан турат. Англиянын парламенти: лорддор /жогорку/ палатасы менен общиндер /төмөнкү/ палатасынан турат. АКШнын конгрессиндеги өкүлдөр палатасы төмөнкү палата болуп эсептелет; 2. мамлекеттик же коомдук кээ бир мекемелердин аты; торгово-промышленная палата СССР СССРдин соода-өнөр жай палатасы; книжная палата китеп палатасы; судебная палата сот палатасы ж.б./.

ПАЛАТА ДЕПУТАТОВ депутаттар палатасы /Италиянын, Иорданиянын, Мексиканын, Перунун ж.б. парламентинин төмөнкү палатасынын аты/.

ПАЛАТА ЛОРДОВ лорддор палатасы /Англиянын парламентинин шайланбай турган жогорку палатасынын аты/.

ПАЛАТА ОБЩИН общиндер палатасы /Англия менен Канаданын парламентиндеги төмөнкү палатанын аты/.

ПАЛАТА ПРЕДСТАВИТЕЛЕЙ өкүлдөр палатасы /АКШда, Австралияда, Белгияда, Ирландияда, Колумбияда, Либерияда, Филиппинде, Шри Ланкада /Цейлон/, Японияда ж.б. парламенттин төмөнкү палатасынын аты/.

ПАЛАТА СОВЕТНИКОВ советниктер палатасы /Японияның парламентиндеги жогорку палатанын аты/.

ПАЛАЧ желлет /I. баш кесер, желлет.Казалоо мекемелеринде кунөкөр адамды токмоктоп сабоочу, өлүм казасына буйрулгандар боюнча өкүмдү аткаруучу желлет; 2. өзүүчү, казалоочу, мыкаачы, м.: фашизм өлдердин каардуу желлети болуп, канын суудай төккөн/.

ПАЛЕОГРАФИЯ палеография /байыркы кол жазмалар менен графикаларды изилдеп үйрөнүүчү илим/.

ПАЛЕСТИНСКОЕ ДВИЖЕНИЕ СОПРОТИВЛЕНИЯ Палестинанын каршылык көрсөтүү кыймылы /палестиналык арабдардын улуттук талаптарын көздөгөн империализмге жана сионизмге каршы күрөшү. Бул күрөш Израилдин басып алгыч согушунун негизинде 1948—49-ж. жана 1967-ж. палестиналык арабдарды өз жеринен куулп чыккандыктан пайда болгон. Палестиналык партизандардын 40 ка жакын ар түрдүү уюмдары жана топтору бар. Эң таасирдүү жана негизгиси Палестинаны бошотуу уюму /ООП — 1964-ж. түзүлгөн/, аткаруу Комитетинин председатели-Ясир Арафат/.

ПАЛЛИАТИВ паллиатив /I. оорууну бир аз басып, бирок биротоло айыктырбаган дары; 2. абалды убактылуу гана жеңилдетүүчү чара; жарым-картылай күргүзүлгөн ич, чара/.

ПАЛОМНИК паломник /I. зыяратчы, ажыга баруучу киши; 2. коюз жерлерге же белгилүү жайларды көрүүгө кызыгып баруучу кишилер/.

ПАМФЛЕТ памфлет /сатиралык мүнөздөгү публицистикалык чыгарма; орчундуу маселелер боюнча бирөөнү, мамлекеттик органды, саясий партияны мыскылдап, катуу сынга алуу; өз учуру үчүн өтө кызыктуу жазылган макала/.

ПАМЯТНИК эстелик /I. атактуу адамдардын эстелигин түбөлүктөө үчүн орнотулган эстелик, м.: В.И. Ленинин эстелиги; 2. мурдагы орнотулган эстелик; 3. байыркы заманлан сакталган калдыктар, м.: археологиялык эстеликтер, жазуу эстеликтери/.

ПАН пан /татаал сөздүн башында келип "бардык", "жалпы" деген маанини билдирет, м.: панисламизм-ислам дининдегилерди бир мамлекетке бириктирүүнү үгүттөгөн идея; пантюркизм-Түркиянын таасирин түрк тилдеринде сүйлөөчү бардык элге жайылтууну көздөп үгүттөгөн реакциячыл доктрина; к. ПАНАМЕРИКАНИЗМ/.

"ПАНАМА" "панама" /пара берүү менен чоң кызматчыларды сатып алууга умтулуучу жашырын иштер; бийликтик, жашырындык күчтүү өкүм сүрүп, ойрондолгон мекеме, м.: Панама каналын казууда Франциянын компаниясы ошондой болуп ойрон болгон; "панама" деген термин XIX кылымдын аягында пайда болгон/.

ПАНАМЕРИКАНИЗМ панамериканизм /АКШ империалисттеринин реакциячыл саясий доктринасы. Бул Түндүк жана Түштүк Америкадагы бардык өлкөлөрдүн "таламдарынын бирдигин" жана "шилектешигин" үгүттөйт. АКШ ошондой жалган үгүт астында ар түрдүү панамерикалык, америкалык аралык буржуазиялык уюмдарды түзүү аркылуу Батыш жарымында өзүнүн монополистик капиталынын үстөмдүк кылуусун улантууга умтулууда/.

ПАНАМЕРИКАНСКИЕ КОНФЕРЕНЦИИ панамерикалык конференциялар /1889-ж. тартып америкалык республикалардын мезгил-мезгили менен чакырылып турган жыйыны; мындай конференцияларда Америка мамлекеттеринин уюмуна /ОАГ/ жаңы мүчө алуу, Уставын кайра карап чыгуу ж.б. маселелер каралат/.

ПАНГЕРМАНИЗМ пангерманизм /1891-ж. Германияда чыккан реакциячыл саясий агым. Немецтердин жашоо аймагын кенейтүүгө умтулуп, "германдык раса башка бардык элдерден жогору турат" деген жалган теорияны ойлоп чыгарып, "Улуу Германия" империясын түзүүгө умтулушкан. Пангерманизмди жактоочулар Германияга Австрияны, Скандинавияны, Голландияны, Бельгияны, Россиядан Прибалтика, Украина, Кавказды коюп алуу, колонияларды кайра бөлүштүрүү менен дүйнөлүк үстөмдүк орноткусу келишкен. Пангерманизмди жактоочулардын идеологиясын жана басып алгыч пландарын гитлерчилер уланткан/.

ПАНЕГИРИК панегирик /басма сөздө, радио-теле берүүдө, ооз эки ашыра, өтө көк, көкөлөтө мактоо/.

ПАНИСЛАМИЗМ панисламизм /феодалдык-буржуазиялык мусулман катмарларынын диний-реакциячыл агымы. Бул биримдүү мусулман мамлекетин түзүүгө умтулган жана империалисттик мамлекеттердин басып алгыч саясатынын куралы болуп, Совет бийлигине каршы күрөш жүргүзгөн. Контрреволюциячыл ички катарында талкаланган/.

ПАНОРАМА панорама /1. бийиктиктен көрүнгөн көрүнүш, м.: шаардын панорамасы; 2. сүрөт; чоң окуяларды сүрөттөп, үйдүн керегесине тегерете тартып көз алдыңа келтирүү, м.: Москвадагы Бородино панорамасы, Севастополдогу панорамалар; 3. артиллериялык замбиректерде орнотулган оптикалык прибор/.

ПАНСИОН пансион /1. эски Россияда жана капиталисттик өлкөлөрдө ак сөөктөрдүн балдары үчүн түзүлгөн жатаканалуу орто окуу жайы; 2. мейманкананын бир түрү; 3. бирөөнүн үйүндө тамагы, жатаканасы үчүн акы төлөп жашап туруу/.

ПАНСЛАВИЗМ панславизм/Россияда жана көз бир славян өлкөлөрүндө XIX к. 20-жылдарында чыккан улуттук реакциячыл агым. Славяндардын

падышалык Россия башында турган бир мамлекетин түзүүгө умтулган/.

ПАНТЕИЗМ пантеизм /кудайды каратылыш менен окшоштуруучу философиялык окуу. Орто кылымда прогрессивдүү роль ойногон /Дж. Бруно, Б. Спиноза/. Азыр пантеизм реакциячыл роль ойноп, диний илим менен өп келиштирүүгө аракет кылууда/.

ПАНТЕОН пантеон /1. байыркы гректер менен римдиктерде бардык кудайга арналган жай, храм; 2. атактуу адамдардын сөөгү сакталуучу имарат; 3. ар түрдүү поэзиялык мүктү чогармалардын жыйнагы, адабий журналдардын, альманахтардын аты/.

ПАНТҮРКИЗМ пантюркизм /буржуазиялык-улутчул агым; бул Түркиянын гегемониясы астында бардык түрк элдерин буржуазиялык-помешиктик бир мамлекетке бириктирүүгө умтулган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында чыккан жана талкаланган/.

ПАРАД парад /1. көп эл катышкан салтанаттуу күрөш: 1-Майдагы физкультурниктердин парады; аскер парады; 2. майрам күндөрүндөгүдөй жыйынуу, кооздоо; 3. фехтованиедеги чабышуу өнөрү/.

ПАРАДОКС парадокс/ 1. адат болуп калып алып калган ойлорге карама-каршы, кайчы келген өзгөчө бир ойлор; акылга сыйбас ишенилген нерсе; 2. көкүсүнөн, капысынан болгон нерсе, укмуштуудук/.

ПАРАЗИТИЗМ паразитизм /жатакчылык, жатып ичер, арам тамак, бөлөк бирөөнүн эсебинен күн көрүүчүлүк. Мындай көрүнүш эксплуататордук таптарга таандык. Социалисттик өлкөлөрдө аны айрым көрүнүштөрүнө каршы эски калдыктар катарында катуу күрөш жүргүзүлөт/.

ПАРИЖСКАЯ КОММУНА Париж коммунасы /жумушчу табынын революциячыл өкмөтү; 1871-ж. 18-мартта орногон пролетариат диктатурасынын дүйнө жүзүндөгү биринчи тажрыйбасы. Бул тарыхта биринчи жолу буржуазиянын мамлекеттик машинасын сындырып, жаңы типтеги мамлекет-

чак сроканы чүзгөн, бирок 28-майга дейре гана өкүм сүргөн. Коммуна кезинде 30 мин коммунар өлтүрүлүп, көп кишилери камалган жана каторгага айдалган. Бирок Париж Коммунасынын мааниси зор. Анын маанисн К. Маркстин "Франциядагы гражданын согуш" деген китебинде кенири баяндалган. В.И. Ленин да буга жогору баа берген/.

ПАРИЖСКАЯ МИРНАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ Парижлик тынчтык конференция /1919-ж. 18/I—1920-ж. 21/I чейин болгон. Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилген өлкөлөр: Германия, Австрия, Венгрия, Түркия, Болгария менен тынчтык келишимдн иштеп чыгуу үчүн жеңген державалар: АШ, Англия, Франция, Италия, Япония ж.б. /21 өлкө/ тарабынан чакырылган. Конференцияда бир нече келишим /Версаль системасы/ түзүлгөн/.

ПАРИЖСКИЙ ДОГОВОР Париж келишими /к. "ЕВРОПЕЙСКОЕ ОБОРОНИТЕЛЬНОЕ СООБЩЕСТВО"/.

ПАРИЖСКОЕ СОГЛАШЕНИЕ /1973/ Париж келишими /Вьетнамда согушту токтотуу жана тынчтыкты калыбына келтирүү жөнүндө 4 тараптын--АШнин, АШнин жана Түштүк Вьетнам Республикасынын /Сайгон/ өкүлдөрү 1973-ж. 27-январда кол койгон келишим/.

ПАРИТЕТ паритет /I. эки тараптын өз ара мамилелериндеги тең салмактуулук; кандайдыр-бир маселени, чыр-чатакты чечүүдө, эки тараптын тең кызыкчылыгын көздөгөн маселени талкуулоодо эки тараптын тең укуктуулугу/.

ПАРИЯ парий /I. Түштүк Индиядагы "параян" кастасына таандык, өзү нерсеге укуксуз адам; 2. бардык укуктардан ажыраган, кемсинтилген, эзилген адам/.

ПАРЛАМЕНТ парламент /капиталисттик өлкөлөрдөгү закон чыгаруучу, шайлануучу /көздө дайындалуучу/ өкүлдүк орган. Алардын аттары ар түрдүү өлкөлөрдө ар башка, м.: Түркия, Иранда-- мажилис, Швецияда--риксдаг, Финляндияда --сейм, Норвегияда--стортинг, Непалда -- панчаят ж.б. Буржуазиялык шайлоо системасынын көп кезалдуулугу эмгекчилердин өкүлдөрүнөн парламентке шайлануусун өтө чектеп, эксплуататордук таптардын талымдарын көздейт/.

ПАРЛАМЕНТАРИЗМ парламентаризм /буржуазиялык мамлекеттик түзүлүштүн системасы; анын шайлануучу органы-парламент, феодалдык абсолютизмден айырмаланат. Анын негизги формасы--конституциялык монархия жана буржуазиялык парламенттик республика/.

ПАРЛАМЕНТСКАЯ ФРАКЦИЯ парламенттик фракция /өз партиясынын саясатын өткөрүү үчүн аракеттенген парламенттеги партиянын депутаттарынын тобу/.

ПАРЛАМЕНТЁР парламентёр/согушта карашуу жөнүндө душмандын өкүлү менен сүйлөшүүгө, келүшүүгө командование тарабынан дайындалган, жиберилген элчи, өкүл/.

ПАРОДИЯ пародия /I. адабий, музыкалык ж.б. чыгармада башка бирөөнү же авторду тамашалап же мыскылдап туурап, өзгөртүрүү; не стихи, а пародия нр эмес эле пародия; 2. бир нерсени бурмалап; бузуп туурап, тескерисинче көрсөтүү, м.: буржуазиялык парламентаризмдин бийликтин пародиясы/.

ПАРОЛЬ пароль /өз адам экенин билүү үчүн аскерлик же кашырын ураандарда колдонулуучу кашырын белги, сөз же фраза/.

ПАРТИЯ партия /таптын умтулган саясий бөлүгү болуп, өз табынын талаасын көздейт жана анын күрөшүнө жетекчилик кылат; таптык уюмдун жогорку формасы болуп саналат. Буржуазиялык

партиялар капитализмдин сактанышына умтулушуп, буржуазиянын таламдарын талашат. Коммунисттик жана жумушчу партиялар жумушчу табы менен эмгекчилердин таламдары үчүн күрөшөт; анын программасы менен көздөгөн максаты-эксплуататорлордун бийлигин кулатуу жана коммунисттик коомду куруу/.

ПАРТНЕР өнөк /бир нерсеге чогуу, бирге катышкан адам. Эл аралык маселеде саясий, экономикалык багыттарда кошо, чогуу, бирге болуу дегенди билдирет: Англия, Италия и др. государства являются партнерами по блоку НАТО Англия, Италия ж.б. мамлекеттер НАТО блогу боюнча өнөктөр болуп эсептелишет/.

ПАРЦЕЛЛА парцелла /дыйкандын кичине бир участогу; парцеллдик дыйкандын чабал, начар чарбасынын үй-бүлөсүн багууга да кудурети жетпейт. Капиталисттик коомдо парцелла ири помещиктер жана кулактар тарабынан сүрүлүп чыгып, пролетариаттын катарына кошулат, пауперизмге айланат; парцеллярное хозяйство парцеллярдык чарба/.

ПАСКВИЛЬ паскиль /бирөөнүн кадыр-баркын кетирип үчүн жамандап, ушактап жазылган чыгарма, калаа, ушак; паскильная статья ушактап жазылган макала. Паскилянт жалакор, ушакчы, паскиль чыгарманын автору/.

ПАССЕИЗМ пассеизм /өткөн заманды эңсөө, көксөө, жаңыга, учурдагыга кас болуп, жактырбоо/.

ПАТЕНТ патент /1. автордукту жана бир нерсени ойлоп чыгаргандыкты күбөлөндүрүүчү документ; 2. соода, промысель жана кандайдыр бир башка кесип кылууга, кызмат өзгөчө укук берүүчү документ/.

ПАТРИАРХ патриарх /1. уруу коомунун аксакалы, билерманы; 2. православный чиркөөдөгү жогорку титул/.

ПАТРИАРХАТ патриархат /алгачкы общиналык түзүлүштүн матриархаттан кийинки акыркы доору. Анда мал багуучулук, металл иштетүү, дыйканчылык өнүгүп, эркектердин эмгеги үстөмдүк кылат да, алар үй-бүлөнүн өзөгү болуп, чарбалык жана коомдук турмушта жетекчи роль ойнойт. Патриархат тушунда жеке менчик, теңсиздик, таптар жана мамлекет пайда болгон/.

ПАТЕРНАЛИЗМ патернализм /1. капиталисттик өлкөлөрдө ишкана эелеринин көз бирөөлөрүнүн эмгекчилер жөнүндө "камкордук кылышы" болгон демагогиялык жалган саясаты. Жумушчулар менен кызматчыларга майда акчаларды таратып, ишканалардын кирешелеринен алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн деген шылтоо менен аларды тап күрөшүнөн, революциячыл күчтөрдү колдоодон алагды кылышат. Муну оңчул оппортунисттик лидерлер колдошот; 2. империалисттик державалардын начар өнүккөн, артта калган өлкөлөргө жардам көрсөтүүсү болуп, чындыгында аларды экономикалык жана саясий жактан көз каранды кылууга умтулган тышкы саясаты/.

ПАТРИОТ патриот /өз мекенин сүйгөн, элине берилип, ата журтунун, элинин демократиялык жана революциячыл салттарын бекем жолдогон, душмандарын жана эзүүчүлөрүн жек көрүп, аларга каршы каршын, жанын аябай күрөшкөн адам/.

ПАТРИОТИЗМ патриотизм /Родинасын, мекенин чексиз сүйүү, элине берилүү, алар үчүн жанын курман кылуудан кайра тартпоо. Патриотизм деген түшүнүк байыркы заманда эле чыккан, кийин феодализмге каршы күрөштө буржуазиялык улуттун өкүлү катарында пайдаланылган. Патриотизмдин эң жогорку формасы-социалисттик патриотизм; советтик патриотизм Улуу Ата мекендик согуш мезгилинде фашизмге каршы айкышкан күрөштө айрыкча айкын-ачык көрүндү.

Советтик патриотизм коомдун күйүмдаткыч күчтөрүнүн бири болуп, коммунизмди куруу.а зор роль ойнойт. Социализм өлкөлөрүндө патриотизм деген түшүнүк жалпы элдик, интернационалдык болуп, буржуазиялык улутчулдук жана космополитизм менен сыйышпайт/.

ПАТРИЦИЙ патриций /байыркы Римдеги аристократ, ак сөөк; карапайым калкты, плебейлерди эзген адам/.

ПАТРОН патрон /1. байыркы Римдеги толук укуктуу адам; 2. буржуазиялык коомдо ишкананын кожоюну, эзүүчү; 3. колдоочу, жактоочу, калкалоочу киши/.

ПАТРОНАТ патронат /1. колдоочулук; 2. СССРде жетим балдарды жеке адамдын багып тарбиялоосуна ыктыярдуу берүү ; аларга мамлекет жардам көрсөтүп турат/.

ПАУПЕРИЗМ пауперизм /эксплуататордук коомдо эмгекчилердин кашырт жакырданышы, алардын күн көрүү каражаттарынын жоктугу. Массалык түрдөгү жумушсуздук өкүм сүргөн капитализмдин жалпы кризисинин түшүндө пауперизм өзгөчө күч алат/.

ПАУПЕР паупер /кедей, карды, томалак, жакыр/.

ПАФОС пафос /жанануу, көңүл эргүү, шыктангандык, энтузиазм, м.: беш жылдыкты ийгиликтүү орундатууда эмгектин пафосу ; революциянын пафос революциячыл пафос/.

ПАЦИФИЗМ пацифизм /буржуазиялык-либералдык агым; ал согуштун мүнөзүнө жана максатына карабастан, ар кандай эле согушка каршы чыгат, тынчтыкты сактоо деген ураан астында улуттук-боштондук ж.б. адилеттүү революциячыл согуштарга деле каршы чыга берет. Азыркы шарттарда ак ниет пацифисттер ядролук курал колдонуучу дүйнөлүк согуш коркунучуна каршы, жалпы тынчтыкты жактап чыгууда/.

ПАЦИФИСТ пацифист /пацифизмдин жактоочусу/.

ПЕДАНТ педант /өтө эле бышыксынган, тыкансынган, майдачыл адам. Андайлар көздө формализмге батып кетишет/.

ПЕДАНТИЗМ педантизм /орногон тартипке, эрежелерге абдан моюн сунуп, өтө эле тыкансынган, бышыксынган күрөш-туруш, ой-пикир. Он склонен к педантизму ал педантизмге өтө жакын неме/.

ПЕДОЛОГИЯ педология /антимарксисттик, жалган окуу; балдардын тагдыры биологиялык жана социалдык факторлор менен шартталып, курактык жана кандайдыр-бир өзгөрүлбөс, туруктуу чөйрөнүн таасиринен болот деген реакциячыл закондорго таянат/.

ПЕНСИЯ пенсия /кариганда же майып болуп, ишке жөндөмдүүлүгүн жоготкондо берилүүчү акча жардам; персональная пенсия персоналдык пенсия/.

ПЕНСИОНЕР пенсионер /карылыгы же инвалиддиги боюнча пенсия алуучу адам/.

ПЕНТАГОН Пентагон /АКШнын аскердик ведомствосунун аты; Вашингтондогу борбордук аскердик мекемелер жайгашкан беш бурчтуу имараттын атынан алынган америкалык империализмдин милитаризминин жана согуштук саясатынын символу. Өлкөнүн улуттук доходунун басымдуу көпчүлүгү Пентагондун муктаждыгына жумшалат. АКШнын согуштук расходдору кийинки 20 жылдын ичинде 48 эсе көп болуп, Вьетнамдагы согушка гана 140 млрд. доллар чыгымдалган/.

ПЕНЯ өсүм /закон же договор боюнча белгиленген төлөмдүн мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн алынуучу акчалай штраф/.

ПЕОНАЖ пеонаж /аргасы түгөнгөн дыйкан же батрак помещикке карызга белчесинен батып, ага азбай өтө көз каранды болушу. Пеонаждын жоюлганына карабастан, Латын Америкасынын айрым өлкө-

лөрүндө жана АШтын түштүк штаттарында ал дале бар/.

ПЕРВОБЫТНО-ОБЩИННЫЙ СТРОЙ алгачкы общиналык түзүлүш/адамзаттын тарыхындагы биринчи, эң байыркы коомдук түзүлүш /коомдук-экономикалык формация/, ага өндүргүч күчтөрдүн деңгээлинин төмөндүгү менен өндүрүш каражаттарына коллективдүү /коомдук/ менчик мүнөздүү болгон. Мунун негизги ячейкасы община болуп, матриархат доорунда--эне, патриархат доорунда ата үстөмдүк кылган/.

ПЕРВЫЙ ИНТЕРНАЦИОНАЛ Биринчи Интернационал /Маркс менен Энгельс тарабынан пролетариаттын эл аралык революциячыл биринчи бирикмеси, 28/IX. 1864-ж. Лондондо түзүлгөн. I Интернационал илимий коммунизмди жайылтууда, аны жумушчу кыймыл менен кошууда зор роль ойногон жана пролетардык партиянын түзүүдө маанилүү этап болгон. Ар түрдүү өлкөлөрдүн саясий жана экономикалык күрөшүнө жетекчилик кылып, капитализмге каршы чабуул коюу үчүн эл аралык жумушчулардын күч-аракетин бириктирүүгө аракет кылган. 1876-ж. тараган/.

ПЕРЕВООРУЖЕНИЕ кайра куралдануу /I. кайрадан куралдануу, жаңы курал-жарак менен жабдуу; 2. кайрытып жабдуу; техническое перевооружение народного хозяйства эл чарбасын техника менен кайрытып куралдандыруу/.

ПЕРЕВОРОТ төңкөрүш /I. чукул өзгөрүш, м.: илимдеги, техникадагы чукул өзгөрүш; 2. коомдук саясий түзүлүштөгү чукул өзгөрүш; государственный переворот мамлекеттик төңкөрүш/.

ПЕРЕЖИТКИ РЕЛИГИОЗНЫЕ диний калдыктар /динге ишенүүчүлүк, кудайга сыйынуучулук, диний ырым-жырымдарды тутуу. Дин социализмге чейинки доордо кеңири тарап үстөмдүк кылып келгендиктен,

бизде анын саркынды калдыктары дагы эле айрым адамдарда бар. Анын сакталышына СССРдеги диний уюмдардын болушу жана капиталисттик системанын таасири түртүү берүүдө. Коммунисттик коом курулган сайын атеисттик тарбия күч алып, ал калдыктар бара-бара жоголмокчу/.

ПЕРЕКУПЩИК алып сатар /пайда көрүү максатында товарды арзан алып, кымбатка өткөрүп саткан кызыл кулак адам/.

ПЕРЕМЕЩЕННЫЕ ЛИЦА көч оогон адамдар /немецтик фашисттер убактылуу басып алган өлкөлөрүндө адамдарды Германияга кара жумушка зордоп көчүрүп кетишип, осуштан кийин ар кайсы өлкөлөрдө тентип жүрүпкөн адамдар. Аларды өз жерине кайтаруу үчүн 1945-ж. СССР, АШМ, Франция, Англия, Бельгия келишим түзүшүп, ООНдун Генералдык Ассамблеясы 1946-ж. эки ирет резолюция кабыл алган. Израиль 1948-ж., 1967-ж. басып алган араб өлкөлөрүнүн элдери да өз жеринен куулган /К. ПАЛЕСТИНСКОЕ ДВИЖЕНИЕ/.

ПЕРЕПЛИРИЕ утурумдук карашуу /согушуп жаткан тараптардын урушту убактылуу токтотууга келишүүсү. Тынчтык жөнүндө сүйлөшүүнү жүргүзүү үчүн калпы утурумдук карашуу бардык куралдуу күчтөрдө таркатылат. Фронттун айрым участокторунда өлгөндөрдү көмүү, жарадарларды алып кетүү үчүн да утурумдук карашуу болот/.

ПЕРЕНАСЕЛЕНИЕ ашык калк /эксплуататордук коомдо эмгекке жөндөмдүү калктын ишке чегилбей, жумушчу күчкө болгон талаптын салыштырмалуу түрдө азаюусунун натыйжасында көптөгөн жумушчулардын жумушсуз калышы/.

ПЕРЕПРОИЗВОДСТВО ашыра өндүрүү /капитал өлкөлөрүндө элдин сатып алуу жөндөмдүүлүгүнө караганда товарлардын ашыра өндүрүлүп, сатылбай, өтпөй, көбөйүп кетиши. Мунун өзү экономикалык кризистин чыгышына себеп болот. Ашык өндүрүү мезгил-мезгили менен кайталанып турат да, бир катар ишканалар жабылып, жумушчулар иштен чыгарылат/.

ПЕРЕПИСЬ НАСЕЛЕНИЯ эл каттоо /элдин, калктын өсүш көйөлдүн аныктоо үчүн мезгил-мезгили менен жүргүзүлүп турат. СССРде 1926, 1940, 1959 жана 1970-ж. эл каттоо болгон/.

ПЕРЕРАСХОД ашык сарптоо /белгиленгенден ашык акча каражаттарын, материалдарды сарп кылуу, чыгымдоо/.

ПЕРЕРОЖДЕНИЕ өзгөрүү /1. мурунку касиетин жоготуп, начарлоо, таптакыр өзгөрүү, башкага айлануу, бүтүндөй кубулуу/.

ПЕРЕСЕЛЕНЕЦ переселенец /бир жерден экинчи бир жерге көчүрүлгөн адам/.

ПЕРЕСЕЛЕНИЕ көчүрүү /калктын бир жерден экинчи жерге көчүшү, м.: 1954--55-ж. дан жерлерди өздөштүрүүгө көп адам көчүп барышкан/.

ПЕРЕХОДНЫЙ ПЕРИОД ОТ КАПИТАЛИЗМА К СОЦИАЛИЗМУ капитализмден социализмге өтүү мезгили /социалисттик коомдун өнүгүшүндөгү тарыхый мезгил; мында түшүндө социалисттик коом түзүлүшү үчүн экономикалык, саясий, рухий шарттар түзүлөт. Социалисттик негизги өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн пролетариат диктатурасы орношу керек. Ал кулатылган таптардын жеке меншигин калпы элдик, мамлекеттик меншикке айландырган экономикалык саясатты жүргүзөт. Өткөөл мезгил шаар менен кыштакта капиталисттик элементтердин жоюлушу, бүткүл эл чарбасында социализмдин жеңиши менен аяктайт/.

ПЕРИФЕРИЯ периферия /1. өлкөнүн борборунан, борбордук бөлүгүнөн алыс турган райондор, м.: периферияда иштөө; 2. борбордук эмес, жергиликтүү органдар/.

ПЕРСОНА ГРАТА персона грата /дайындалган дипломатиялык өкүлдү ал баруучу мамлекеттин жактырып, макулдугун берүүсү. Персона нон грата өлкөдөн чыгып кетүүсү талап кылынган дипломатиялык өкүл/.

ПЕРСПЕКТИВНОЕ ПЛАНИРОВАНИЕ перспективдүү пландаштыруу/социалисттик өлкөлөрдө бүтүндөй эл чарбасын же анын айрым тармактарын, райондорду, ишканаларды өнүктүрүүнүн бир нече жылга эсептелген пландарын илимий түрдө иштеп чыгуу, турмушка ашыруу жана орундалышына контролдук кылуу, м.: СССРде өлкөнүн эл чарбасын, маданиятын өнүктүрүүнүн 5 жыл жана андан узак пландарын түзүлүп, ишке ашырылууда. СССРдин биринчи перспективдүү планы 10—15-жылга эсептелген ГОЭРЛО болгон; СЭВ өлкөлөрүнүн рамкасында да перспективдүү пландар түзүлүп, ишке ашырылууда/.

ПЕССИМИЗМ пессимизм /турмушка, келечекке көңүлсүз, сары убайым, кызыксыз кароо; көңүл чөгүүчүлүк, идеясыздык; бул өмүрүн сүрүп, ойрондолуп баратқан реакциячыл таптардын өкүлдөрүнө мүнөздүү. Пессимизм оптимизмдин тескериси/.

ПЕССИМИСТ пессимист /пессимизмге берилген, пессимизмге батқан адам/.

ПЕТИЦИЯ петиция /бийликтин жогорку өкүлүнө, мамлекеттин башчысына ж.б. кайрылып жазылган көчүлүктүн өтүнүчү, арыз, суроосу/.

ПЕТРАШЕВЦЫ петрашевчилер /орустун дворян өкүлдөрүнүн жана ар түркүн чиндеги интеллигенциясынын революциячыл кружогу; 1845-ж. М.В. Буташевич-Петрашевский негиздеген. Алар утопиялык социализмдин идеяларын колдоткон. Крепостнойлук укукту, падышалык самсдержавиеңи жек көрүшкөн патриоттор болуп, дийкандар көтөрүлүшүн жактаткан. 1849-ж. падыша өкмөтү аларды катуу жазалаган/.

ПЕХОТА жөө аскер /куралдуу күчтөрдөгү аскердик бөлүктүн негизги түрү/.

ПЕЧАТЬ басма сөз /газета, журнал, китеп, брошюра жана башкалар/.

ПИГМЕЙ пигмей /I. кабунча Борбордук Африкада жана Түштүк-Чыгыш Азияда жашаган бою кыска адамдар; 2. кудуретсиз, санда жок адам/.

ПИЕТИЗМ пиетизм /I. XVII кылымда Германиядагы протестанттардын арасынан чыккан диний агым; 2. мистикалык, каңыл чектүү маанай/.

ПИКЕТ пикет /I. күзөттөгү кичине отряд; 2. капиталистик өлкөлөрдө иш таштаган кыймылчылардын тобу; штрейкбрехерлерди ишканага колотпой жолун тосуу үчүн стачкалык комитет тарабынан бөлүнгөн күзөтчү кыймылчылар; демонстрацияга чыгышкан адамдарды кайтаруучу же болбосо эмгекчилердин талаптарын билдирүү үчүн өкмөттүк имараттардын алдына топтолушуп келишкен адамдардын тобу, м.: кыймылсыздардын же согуш ветерандарынын пикети/.

"ПИНГ-ПОНГОВАЯ ДИПЛОМАТИЯ" "Пинг-понг дипломатиясы" /1971-жылы чыккан термин. Ошол жылы апрелде АКШнын теннис спортсмендери КНРге келип, аларды Чжоу Энь-лай кабыл алган. 1949-жылдан бери бул өлкөлөрдүн ортосунда дипломатиялык мамиле жок болгондуктан, бул визит саясий мүнөзгө ээ болгон/.

ПИОНЕР пионер /I. кандайдыр бир иште, илимде, техникада, искусствода ж.б. биринчи болуп жол салуу, ачуу, м.: космоско биринчи баруу, дан жерди биринчи өздөштүрүп, отурукташуу; 2. балдардын коммунистик кыймылдуу уюмунун мүчөсү; 3. Англияда, Германияда, Францияда жана XIX кылымга чейинки Россияда инженердик аскерлердин солдаты/.

ПИОНЕРСКАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ пионер уюму /СССРдеги балдардын массалык коммунистик уюму; бул уюм 1922-жылы түзүлүп, 1924-жылы январда В.И. Ленициндин ысмы берилген/.

ПИРАТ пират, каракчы/кемелерди же жээктердеги кишилерди талап-тоноочу деңиз каракчысы/.

ПЛАКАТ плакат /I. агитациялык максатта көрүнө жерге илинүүчү, сүрөттүү же сүрөтсүз тексттер; 2. эски Россияда дайындар менен мещандарга берилүүчү паспорт/.

"ПЛАН ДАУЭСА" "Даузстин планы" /Германиянын репарация төлөө плани. Биринчи дүйнөлүк согушта жеңген өлкөлөрдүн 6/8 1924-жылы Лондон конференциясында кабыл алынган. Америкалык ири банкир Ч. Даузстин катышуусу менен түзүлгөн. Пландин максаты Германияга чет элдик, өзгөчө америкалык капиталдын киришин кеңейтүү болгон; ага берилген заемдун 70% ин АКШнын капитали түзгөн. Ал эми Германия репарация үчүн эки эсе аз төлөгөн. Германия түшкөн акчалардын өзүнүн согуштук потенциалын күчөтүү, агрессиялык максаттарын ишке ашыруу үчүн пайдаланган. 1929-жылы бул план "Юнгдун планы" менен алмаштырылган/.

ПЛАН план /I. иштердин, чаралардын алдын ала белгиленген программасы, м.: беш жылдык, кварталдык, айлык пландар; 2. бир об"ектинин же нерсенин кичине масштабда түшүрүлгөн чиймеси: шаардын планы; 3. айтылуучу же жазылуучу нерсенин кыскача, ыраатту сапалып баяндалыши, м.: докладдын планы; 4. бир нерсенин жайгашкан орду; на заднем плане сценн сахнанын арткы жагында/.

ПЛАНЕТА планета /I. Марс, Чолпон, Меркурий, Жер ж.б. спектту күндүн айланасында тегеренип жүрүүчү телолор; 2. Жер шары, дүйнө жүзү/.

ПЛАНЕТАРИЙ планетарий /1. асмандагы планеталардын кыймылын көрсөтүүчү прибор, 2. ошондой прибордун жардамы менен асман телолорунун жайгашуусун жана кыймылын көрсөтүүчү имарат/.

ПЛАНИРОВАНИЕ НАРОДНОГО ХОЗЯЙСТВА эл чарбасын пландаштыруу /эл чарбасын өнүктүрүүнүн пландарын түзүү жана аткарылышын уюштуруу. Пландар илимий негизде жана эл чарбасынын план ченемдүү өнүгүшүнүн законуна ылайык, социализмдин башка экономикалык закондорунун талаптарын эсепке алуу менен перспективалык жана жылдык пландар болуп түзүлөт/.

"ПЛАН МАРШАЛЛА" "Маршаллдын планы" /экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Европа өлкөлөрүнүн чарбасын калыбына келтирүүгө "жардамдашуу" максатында АШтын сол кездеги Мамлекеттик секретары Джорж Маршалл /1880-1959/ сунуш кылган АШтын экономикалык экспансиясын жайылтуу планы. Парижедеги конференциядa /УП. 1947-ж./ "Маршаллдын планын" Европадагы 17 өлкө кабыл алган. Бул план боюнча берилген каражатты согуштук максаттарга, СССР жана элдик демократиялык өлкөлөргө каршы пайдалануу талап кылынган. 1951-жылы АШтын конгресси "Маршаллдын планын" "кооперациялоону өз ара камсыз кылуу жөнүндөгү закон" менен алмаштырган/.

"ПЛАН ШУМАНА" "Шумандын планы" /Франциянын тышкы иштер министри Р. Шуман тарабынан 1950-жылы майда сунуш кылынган; Батыш Европанын көмүр жана металлургия өнөр жайларын өнүктүрүү планы. Европалык көмүрдү жана болотту өнүктүрүү боюнча монополдук бирикме/.

"ПЛАН ЯНГА" "Янгдын планы"/биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Германиянын репарация төлөө планы; Дауестин планынын ордуна 1929-жылы кабыл алынган, ага америкалык банкир Янг председателдик кылган. Бул план Германиянын согуштук күч-кубатын арттыруу-ну, анн СССРге каршы пайдалануу, АШтын капиталынын Европага, өзгөчө Германияга көбүрөөк кириши көздеген. Германиядан алынуучу репарациянын жалпы суммасы 113,9 миллиард марка болуп белгиленип, төлөө мөөнөтү 59 жылга узартылган. Бирок Германиянын өкмөтү 1932-жылы репарацияны төлөөдөн баш тартканда, "Янгдын планы" иште аткай калган/.

ПЛАН КАПИТАЛЬНОГО РЕМОНТА капиталдык ремонттун планы

ПЛАН КАПИТАЛЬНОГО СТРОИТЕЛЬСТВА капиталдык курулуштун планы

ПЛАНОВОЕ ХОЗЯЙСТВО пландуу чарба /социалисттик коомдук менчиктин жана эркин чыгармачылык эмгектин негизинде экономикалык закондордун талаптарына ылайык мамлекеттик план боюнча өнүгүп турган чарба/.

ПЛАНОВОЕ ЗАДАНИЕ пландуу тапшырма /пландын негизинде эл чарбасынын тармактарын өнүктүрүүгө, белгилүү бир продукцияларды өндүрүүгө берилген тапшырма/.

ПЛАНОВЫЙ ДОХОД пландуу кирешe /бир жыл ичинде түзүлгөн накта пайда; к. НАЦИОНАЛЬНЫЙ ДОХОД/.

ПЛАНОМЕРНОСТЬ план ченемдүүлүк/экономикалык закондордун негизинде эл чарбасынын план ченеминде өнүгүшү/.

ПЛАНТАТОР плантатор /капиталисттик дыйканчылыктагы ири чарбанын ээси; бул айыл чарбачылыгына тиешелүү кофе, каучук, пахта, кант тростниги, банан, тамеки ж.б. сыяктуу айрым өсүмдүктөрдү өстүрөт. Плантаторлор көбүнчө колониялык жана көз карандысыз өлкөлөрдө көп кездешет да, булардын иши катуу эксплуатацияга негизделет/.

ПЛАНТАЦИЯ плантация/I. плантатор эксплуатациялоочу жер чарбасы; 2. атайын өсүмдүктөр өстүрүлүүчү ири жер участогу, м.: кант кызылчасынын плантациясы; пахта плантациясы ж.б./.

ПЛАТОНИЗМ платонизм /I. байыркы грек философу Платондун жана анын жолун жолдоочулардын идеалисттик философиясы; 2. турмушта, ич жүзүндө эмес, идеяда, ойдо гана жашоочу нерсе; 3. суз, мерес сүйүү/.

ПЛАТФОРМА платформа /кандайдыр бир саясий партия, фракция же топ жетекчиликке алган теориялык жобо же практикалык программа/.

ПЛАЦДАРМ плацдарм /аскерлердин чабуул коюу үчүн чыңдалган ондойлуу район, территория; кеңирээк маанисинде: согуштук операция жүргүзүлүп жаткан территория/.

ПЛЕБЕЙ плебей/I. байыркы Римде адегенде саясий укукка ээ болбогон катмарлардын бири. Кулдан айырмаланып, плебей эрте башына ээ болот. Саясий укук үчүн плебейлер менен патрицийлердин ортосунда тынымсыз күрөш жүрүп турган; 2. дворяндык-буржуазиялык тилде плебей аварлык кедей-комбагалдардын катмары дегенди да түшүндүрөт/.

ПЛЕБИСЦИТ плебисцит /өзгөчө маанилүү маселени чечүүдө жалпы калктан суроо, бүткүл элдик добушка коюу ж. РЕФЕРЕНДУМ/.

ПЛЕМЯ уруу /I. тукум, эл; тюркские племена түрк уруулары; 2. эл, улут; 3. муун, жеткинчек; комсомольское племя комсомол жеткинчектер/.

ПЛЕН туткун /I. согуш туткуну; 2. жок нерсеге ишенүүчүлүк; в плену предрассудков ырым-жырымдардын туткунунда болуу/.

ПЛЕНАРНЫЙ пленардык /кайсы бир уюмдун, советтин, комитеттин, комиссиясынын ж.б. бардык мүчөлөрү катышкан чогулуш, заседание ж.б./.

ПЛЕНУМ пленум /кандайдыр бир уюмдун же партиянын жайланма жетекчи органынын мүчөлөрүнүн чогулушу, заседанеси, м.: КПСС БКнын пленуму/.

ПЛЕЯДА плеяда /бир доордо жашаган көрүнүктүү инсандардын тобу; булар өз каалтары, идеялык багыттары, милдеттери, энергиялары жагынан окшош болушат; Пушкинская плеяда поэтов Пушкиндин тушундагы акындардын плеядасы; плеяда композиторов композиторлордун плеядасы/.

ПЛУТОКРАТ плутократ /эксплуататордук коомдо үстөмдүк кылуучу таптын өз байлыгынын аркасында бийликке, чоң таасирге ээ болушу; ушундай бийликке ээ болгон адам/.

ПЛУТОКРАТИЯ плутократия /I. капитал өлкөсүндөгү саясий түзүлүш; мында бийлик үстөмдүк кылуучу таптын бир уюч өкүлдөрүнө, империалисттик мамлекетте--магнаттарга таандык болот; 2. өлкөдөгү мүлктүү, бай таптардын өкүлдөрүнөн турган башкаруучу, үстөмдүк кылуучу катмар/.

ПЛЮРАЛИЗМ плюрализм /дүйнөнүн биримдигин таанган жана бардык жаралган нерселер бири бирине көз каранды эмес, өз алдынча турат деген идеалисттик көз караш; монизмдин карама-каршысы/.

ПОБОРНИК жактоочу /талапкер, бир нерсени жактоочу, ал үчүн күрөшүүчү; СССР--поборник мира и демократии СССР-тынчтыктын жана демократиянын жактоочусу/.

ПОБОРЫ алык-салык/өтө оор алык-салык, көп налог; крестьяне восстали против чрезмерных поборов дыйкандар өтө эле оор алык-салыкка каршы көтөрүлүш чыгарып турушкан/.

ПОГАШЕНИЕ төлөө /1. карызды төлөө, төлөп кутулуу, м.: заемду төлөп берүү; погашение ссуды карызды төлөө; 2. өчүрүү, жарамсыз кылуу, күчүн жоготуу; погашение паспорта паспортту жарамсыз кылуу/.

ПОГРОМ талкалоо /1. эксплуататордун коомдо кайсы бир улутка, улуттун топко карыш уюштурулган реакциячыл-шовинисттик талоончул кыйратыч кыймыл; 2. бүлүндүрүү, кыйратып жок кылуу, м.: согуш учурунда кыйратып, бүлгүн салуу/.

ПОДАТЬ алым-салык /революцияга чейинки Россияда дыйкандар менен мещандардан хан башына алынуучу алык-салык/.

ПОДАЧКА кайыр-садага /1. эксплуататордук коомдо жакыр адамдардын кайыр сурап хан багышы; 2. капиталисттик ишкана ээлеринин жумушчуларга берүүчү харытимсиз, аз акылары/.

ПОДВИГ эрдик /баатирдин, каармандык, акыан кайраттуулук, м.: эмгек майданында баатырдык көрсөтүү; воинский подвиг аскердин баатырдын ит/.

ПОДЖИГАТЕЛЬ эрттөөчү /1. эрттегүч, күйдүрүүчү адам; 2. согуш отун тутандыруучу/.

ПОДОХОДНЫЙ НАЛОГ киреше налогу /кишилердин жана ишканалардын бардык кирешелеринен милдеттүү түрдө алынуучу налог. Капиталисттин коомдо өзүн көпчүлүгүн эмгекчилер төлөшөт/.

ПОДПОЛЬЕ подполье /1. подвал, үйдүн асты; 2. өкметтен жашыруун иштелүүчү ит. Саясий партиянын же топтун жашырын ит жүргүзүүсү/.

ПОДРАЗДЕЛЕНИЕ бөлүк /1. бир нерсенин майда бөлүктөргө бөлүнүү, м.: өлкөнүн бир нече областтарга жана округдарга бөлүнүшү; 2. аскердин бөлүк, политогу батальон, рота, взвод/.

ПОЗИТИВИЗМ позитивизм /буржуазиялык суб"ективисттик-идеалисттик философиянын бир агымы. Бул об"ективдүү чындыкты жана перселерди таанып-билүүнү танат/.

ПОЗИЦИЯ позиция /1. бир маселеде аягына чейин колдонулган ыкма, жол; 2. аскерлер же согуштук курал-жарактар жайгашкан жер. Передовая позиция алдыңкы позиция; 3. көз караш, м.: өз көз карашын жактоо; отстаивать свою позицию по вопросам разоружения куралсыздануу маселеси боюнча өз көз карашын бекем жактоо/.

ПОЗНАНИЕ таанып-билүү /1. билүү, тануу, жаратылышты таанып-билүү; 2. баштан өткөрүү, татуу, м.: эмгектин кубанычын татуу/.

ПОКОРЕНИЕ багындыруу /согуштук күч колдонуу же башка жолдоо менен кечип алуу, каратып алуу, басып алуу, бак пайдыруу. Покорение природы жаратылышты багындыруу/.

ПОЛЕМИКА полемика /басма сөздө, чогулушта, диспутта, ж.б. жыйындарда кандайдыр-бир маселени талкуулоодогу талаш-тартыш, айтыш, м.: илимий талаш-тартыш/.

ПОЛИ поли /татаал сөздөрдүн көп дегенди билдирүүчү бөлүгү, м.: полигамия, политеизм, политехникалык институт/.

ПОЛИГАМИЯ полигамия /айрым элдерде же уруулардо сакталып келаткан көп никелүүлүк, көп аялдуу адам, көп күйөө күткен аял. Анын тескериси - моногамия, бир никелүүлүк/.

ПОЛИГОН полигон /ок, снаряд атып машыгуучу жай. Артиллерийский полигон артиллериялык полигон/.

ПОЛИСМЕН полисмен /англис тилинде сүйлөөчү өлкөлөрдөгү, АКШ, Англия ж.б., полицейский/.

ПОЛИТЕИЗМ политеизм /көп кудайга сыйынуучулук; көп кудайдын бар экенин таануучу дин; анын тескериси—монотеизм, бир кудайга сыйынуу/.

ПОЛИТИКА сайсат /коомдук таптардын, партиялардын, топтордун көздөгөн талаптарын жана максаттарын аныктоочу ич-аракеттери; өлкөнүн коомдук жана экономикалык түзүлүшүн чагылдыруучу мамлекеттик бийликтин, башкаруу органдарынын ич-аракети/.

ПОЛИТИК саясатчы /1. саясатчы, саясий ишмер; 2. кишилер менен чебер мамиле кыла билүүчү адам/.

ПОЛИТБЮРО ЦК КПСС КПСС БКнын Саясий бюросу /КПСС БКнын кетекчи органы; БКнын Пленумунда, пленумдардын аралыгында партиянын ишине кетекчилик кылуу үчүн пайдаланылат. Саясий Бюронун заседаниесинде партиянын ички жана тышкы саясатынын өтө маанилүү маселелери каралат/.

ПОЛИТИКА "ОТКРЫТЫХ ДВЕРЕЙ" "Ачык эшик" саясаты /америкалык империализмдин экспансия кылуу саясаты; тиги же бу өлкөгө экономикалык жактан үстөмдүк кылууга умтулуу. Бул саясат биринчи жолу Кытайга колдонулуп, АКШнын мамлекеттик секретары Гей /1899/ өзүнүн нотасында билдирген. АКШ экономикалык кубаттуулугунун аркасында XIX кылымдын аягында башка өлкөлөрдү сүрүп чыгып, Кытайдын рыногуна үстөмдүк орнотkон/.

ПОЛИТИЧЕСКАЯ ЭКОНОМИЯ саясий экономия /адамдардын коомдук-өндүрүштүк, б.а. экономикалык мамилелеринин өзүгүшү жөнүндөгү илим. Саясий экономия коомдогу ар түрдүү таптардын экономикалык жана саясий талаптарына тиешеси болгон маселелерди изилдеп үйрөнөндүктөн, бардык эле таптар үчүн бирдей болбойт. Буржуазиялык саясий экономия пролетардык саясий экономия жана

майда буржуазиялык саясий экономиялар бар. Пролетардык — Маркстик-лениндик саясий экономия таптык, партиялык мүнөзгө ээ. Ал дайыма тыкыйыз өзүгүп, чыгармачыл, таптык мүнөздө болот.

ПОЛИТИЧЕСКОЕ УРЕГУЛИРОВАНИЕ саясий жөнгө салуу /эл аралык татаал проблемаларды, мамлекеттердин ортосундагы талаш маселелерди тынчтык жол менен чечүүгө багытталган келишимдердин, дипломатиялык чаралардын жыйындысы. Мындай жөнгө салууга Индокитай боюнча 1954-жылкы Женева келишимдери, Индия менен Пакистандын чатагын жайгаштыруу боюнча 1966-жылкы Ташкент декларациясы, Батыш Берлин боюнча 1971-ж. 3-сентябрдеги келишим ж.б. мисал болот/.

ПОЛИТИНФОРМАТОР саясий информатор /саясий темадагы ар түрдүү маселелер боюнча коллективде мезгил-мезгили менен информация жасап берип туруучу адам/.

ПОЛИТОТДЕЛЫ саясий бөлүмдөр /БКП/б/ БКнын чечими боюнча 1933-жылы МТСтердин алдында түзүлгөн. Алар колхоздорду уюштуруу, чарбалык жактан чыңдоо, кадрларды өстүрүү, дыйкандар массасынын саясий деңгээлин көтөрүлүүдө чоң роль ойногон. Өз милдетин аткарган соң, кадимки партиялык уюмдарга айландырылган. Партка шайлык, саясий бөлүмдөр эл чарбасынын башка тармактарында да түзүлүп турат/.

ПОЛИТКАТОРЖАНИН саясий каторгодагы адам /революцияга чейин Россияда саясий, революциячыл ишери, саясий көз караштары үчүн каторгога айдалган адам/.

ПОЛИТКРУЖОК саясий кружок /адамдардын идеялык-саясий билимин көтөрүү максатында саясий маселелерди үйрөтүүчү кружок/.

ПОЛИТРАБОТНИК саясий кызматкер /саясий органдарда иштеечу жана калк арасында саясий иштерди жүргүзүүчү адам/.

ПОЛИТРУК саясий жетекчи /Советтик Армиянын бөлүктөрүндө саясий иштерге жетекчилик кылуучу аскердик кызматкер, ротанын политругу/.

ПОЛИТСОСТАВ саясий состав /Советтик Армияда жана флотто аскердик-саясий кызматкерлердин составы/.

ПОЛИТЭМИГРАНТ саясий эмигрант /өкметке каршы саясий иш жүргүзгендүгү үчүн куугунтукталып, чет өлкөгө кеткен саясий кишер/.

ПОЛИЦЕЙСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ полициялык башкарма

ПОЛИЦИЯ полиция /капиталисттик өлкөлөрдө куралдуу атайын уюм; ал эксплуататордук таптардын кызыкчылыгын, алардын коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн коргойт. Өз укугу үчүн күрөшкөн эмгекчилерди аёосуз катуу жазалайт. Полициянын өзгөчө бир түрү-Кошурын полиция, фашисттик Германиядагы гестапо/.

"ПОЛИЦЕЙСКИЙ СОЦИАЛИЗМ" "Полициялык социализм". /к. ЗУБАТОВЩИНА/.

ПОЛНОМОЧИЕ полномочие /бирөөгө берилген бийлик же укук, м.: эл сотторунун полномочиеси/.

ПОЛПРЕДСТВО полпредство /полномочиелүү өкүлдүк, 1941-ж. чейин СССРдин чет өлкөлөрдөгү полномочиелүү өкүлдүк мекемелеринин кыскартылган аты. Полпредствонун башында Полпред /полномочиелүү өкүл/ турган. 1941-ж. Полпредство посольствого же миссияга айландырылган/.

ПОЛУКОЛОНИЯ жарым колония /формалдуу түрдө өзүнчө, ал эми ич күзүндө экономикалык жана саясий жактан империалисттик мамлекеттерге көз каранды болгон өлкө/.

ПОМИЛОВАНИЕ мунапыс /кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамга кечирим берүү же жазалоо мөөнөтүнүн жарым-жартылайын кыскартуу; заявление о помиловании кечирим берүү жөнүндөгү арыз/.

ПОЛЮС уюл /1. планетанын, жер шарынын түндүк жана түштүк уюлу; 2. бири бирине карама-каршы турган, келишпес нерсе/.

ПОЛЯРИЗАЦИЯ поляризация /тарыхый процесстин жүрүшүндө антагонисттик таптардын жана коомдук күчтөрдүн бири бирине карама-каршы эки тарапка бөлүнүшү. м.: капиталисттик коомдо буржуазия жана пролетариаттын ортосунда элдешпес саясий тап күрөшү жүрөт/.

ПОМЕСТЬЕ поместье /помещиктин эзелеген жери, имениеси/.

ПОМЕЩИК помещик /феодалдык-крепостнойлук Россияда үстөмдүк кылуучу тап, дворян-жер ээлери. Помещиктер зор жер аянтын ээлеп, крепостной дыйкандарды /к. КРЕПОСТНОЕ ПРАВО/ эзүү менен эң көп кирешe алган; самодержавиени,саясий реакциянын башкы таянычы болгон. Крепостной укук жокторгондон кийин, 1917-жылга чейин, көп артыкчылыктарга ээ болуп келген. 1917-ж. Октябрь революциясы помещик табын жок кылып, жерин мамлекеттин меншигине айландырган. Социалисттик жана демократиялык өлкөлөрдө да помещиктер экспроприацияланып, агрардык реформа жүзөгө ашырылган. Капиталисттик өлкөлөрдө ири жер ээлери азыр дагы бар/.

ПОПЕЧИТЕЛЬСТВО камкордук /жашы толо элек балдарды же майып жана өтө жарчан адамдарды багып көзөмөлдөө жана алардын укуктарын коргоо боюнча жетекчүчү чаралардын системасы/.

ПОПОВЩИНА поповщина /диний таасирге байланыштуу ырым-жырымдар, чиркөө колдогон диний-мистикалык көнүмдөр/.

ПОПРИЩЕ майдан /ич майданы, м.: адабият майданында же ыйык майданында иштөө/.

ПОПРОШАЙНИЧЕСТВО кайырчылык /тилемчилик, эксплуататордук коомдо адамдардын сурпун абалынын жакыр болушунан аргасыз кайыр сурашы, тилемчилик кылыш/.

ПОРТО-ФРАНКО порто-франко/товарларды ташып келүүдө жана чыгарууда пошлинасыз, бажысыз укуктан пайдалануучу порт/.

ПОСЕЛЕНИЕ байыр алдыруу /1. жайгаштыруу, жай алдыруу; 2. поселок, кыштак; 3. алыс жерге айдап жиберүү, жер котортуу; 4. военные поселения аскердик поселение - падыша Александр I убагында генерал Аракчеев уюштурган аскердик бөлүк, андагы дыйкандар аскердик милдет аткаруу менен коно жер айдап, дыйканчылык кылышкан/.

ПОСЕССИОННОЕ ПРАВО посессиондук укук /крепостной Россияда айрым капиталисттердин ишканаларды жана көз каранды дыйкандарды укум-тукумуна чейин пайдаланууга болгон укугу/.

ПОСЕССИОННЫЕ ПРЕДПРИЯТИЯ посессиондук ишканалар /крепостной Россияда казыналык жерде курулуп, айрым капиталисттердин эелигине берилген ишканалар/.

ПОСЛАННИК посланник /1. өкүл; бир мамлекеттин башка мамлекетке баруучу миссиясына башчылык кылуучу дипломатиялык өкүл; 2. дипломатиялык элчиден төмөнкү рангдын бири/.

ПОСОБИЕ пособие /1. жардам акча. СССРде төмөндөгүдөй пособиелер бар: көп балалуу жана калгыз бой энелерге берилүүчү пособие; эмгекке жараидуулугун убактылуу жоготкондо берилүүчү пособие; мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча; өлгөн жумушчуну же кызматкерди көмүүгө, квалификациясын өркүндөтүүдө, штат кыскартылып, же уюм, мекеме, ишкана жоюлуп кызматтан, иштен бошотулганда берилүүчү пособие; 2. окуу куралдары, окуу китептери; наглядные пособия көрсөтмө куралдар/.

ПОСОЛ посол, элчи /1. мамлекеттин башка мамлекеттеги посольствосуна башчылык кылуучу дипломатиялык өкүлү; Посол СССР в США СССРдин АКШдагы элчиси; 2. дипломатиялык жогорку ранг/.

ПОСОЛЬСТВО посольство /1. элчилик, башка мамлекетке дипломатиялык сүйлөшүү жүргүзүү үчүн өкмөт тарабынан жиберилген адамдардын тобу; 2. башка мамлекеттеги дипломатиялык өкүлдүк мамиле; Советское посольство в США АКШдагы Советтик посольство/.

ПОСРЕДНИЧЕСТВО далдалчылык /орточулук; тараптардын келишүүсүнө көмөк көрсөтүү; эки мамлекеттин же эл аралык уюмдун ортосундагы талаш-тартыштарды тынчтыкта чечүү үчүн ортого түшүү, далдалчылык кылуу/.

ПОСТЕПЕННЫЙ ПЕРЕХОД ОТ СОЦИАЛИЗМА К КОММУНИЗМУ социализмден бара-бара коммунизмге өтүү

ПОСТОЯННОЕ ВОЙСКО туруктуу аскер

ПОСТОЯННЫЙ КАПИТАЛ туруктуу капитал

ПОТЕНЦИАЛ потенциал /белгилүү бир учурда атайын максатта пайдаланылуучу мүмкүндүк жана күчтөрдүн жыйындысы, м.: мамлекеттин согуштук жана экономикалык потенциалы/.

ПОТЕНЦИЯ потенция /жашыруун түрдөгү мүмкүнчүлүк, көндөмдүүлүк, бирок белгилүү бир шарттарда ачык көрүнүүгө, ыкты пайдаланууга толук жарактуу нерсе/.

ПОТОК поток, агым /тыныксыз, үзгүлтүксүз, м.: өндүрүштүн үзгүлтүксүз, тыныксыз иштеши/.

ПОТРЕБИТЕЛЬНАЯ СТОИМОСТЬ керектөөчү нарк /адамдын, коомдун кандайдыр бир керектөөсүн канааттандырууга продукциянын, заттын, буюмдун көндөмдүүлүгү, аның пайдалуулугу. Керектөөчү нарк экиге бөлүнөт: өздүк керектөөлөр: тамак-аш, кийим-кечек, үй-мүлк ж.б.;

материалдык байлыктарды өндүрүүчү өндүрүш каражаттары, адамдын конкреттүү эмгеги менен өндүрүлүүчү продукциянын керектөө наркы/.

ПОТРЕБИТЕЛЬСКАЯ КООПЕРАЦИЯ керек-карак кооперациясы /керектөөчүлөрдүн товарларды сатып алуу жана сатуу үчүн биригкен ыктыярдуу бирикмеси. Капитализм шартында эмгекчилердин бул бирикмеси ири соода капиталисттерине көз каранды болуп калайт. Социалисттик коомдун керек-карак кооперациясы селолук калк мүчө болуп кирген социалисттик сообдун негизги бир формасы болуп эсептелет/.

ПОТРЕБЛЕНИЕ ЛИЧНОЕ өздүк керектөө /өндүрүштүк эмес керектөөлөрдүн негизги белүгү; кишилердин өз керектигине пайдаланылуучу продуктылар: тамак-аш, кийим-кече, турак-жай, үй мүлктөр ж.б. Өндүрүштүк эмес керектөөлөрдүн экинчи белүгүн өндүрүштүк эмес сферадагы мекемелерге, маданий-агартуу, ден соолукту сактоо ж.б. кеткен каражаттар түзөт. Капитализм кезинде эмгекчилердин сатып алуу жөндөмдүүлүгү төмөн болгондуктан, алардын өздүк керектөөлөрүнө чек коюлган. Социалисттик коомдо өндүрүштүн өнүгүшүнүн жана өркүндөшүнүн негизинде элдин керектөөлөрү үзгүлтүксүз өсүүдө/.

ПОТСДАМСКАЯ ДЕКЛАРАЦИЯ Потсдам декларациясы /1945-ж. 26-июлда Потсдам конференциясынын убагында АКШ, Англия, Кытай өкметтөрүнүн атынан жарыяланып, Японияны кыска этпестен багынышын талап кылган декларация; августта буга СССРда кошулган. Япония бул декларацияны тоотпой согушун уланта бергендиктен, экинчи дүйнөлүк согушту созуктуруу коркунучу туулган. Крым конференциясынын чечимине ылайык, өз милдеттенмесин орундатып, СССР 1945-ж. 8-августта Японияга согуш жарыялаган. 2.IX.45-ж. Япония

капитуляцияланган. Потсдам Декларациясында Японияны өнөр жайын чектөө, толук куралсыздандыруу, аны тынчтыкты сүйгөн мамлекетке айландыруу ж.б. каралган; буга дейре Японияны оккупациялап туруу белгиленген/.

ПОТСДАМСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ Потсдам конференциясы /улуу үч державанын башчыларынын Потсдамда /Берлиндин жанында/ 17/УП-2/УШ 1945-ж. болгон конференциясы; буга И.В. Сталин, Г. Трумэн, У. Черчилль /28 УП дан кийин Эттли/, тышкы иштер министрлер жана штабдардын начальниктери катышкан. Потсдам конференциясынын максаты согуштан кийинки эл аралык кечиктирилгис проблемаларды чечүү болгон. Союздаштар өз зоналарындагы Контролдук совет аркылуу Германияны реминтаризациялоого, тынчтык, демократиялык негизде башкарууга макулдашкан. 4 державанын Контролдук совети Берлинде жайгашкан. Потсдам конференциясы Германиядан репарация алуу жана территориялык маселелерди чечкен; СССРге Кенигсберг шаары айлана-тегереги менен берилген; азыр Калининград области; Польшанын батыш чек арасы Одер-Нейсе өзөнү аркылуу өтүп, ага Данциг /Гданск/ берилген/.

ПОЧЕТНАЯ ГРАМОТА Ардак грамотасы

ПОЧЕТНОЕ ЗВАНИЕ Ардак наам /СССРдеги сыйлоонун жогорку формаларынын бири. Эл чарбасы менен маданияттын ар түрдүү тармагында көрүнүктүү эмгек сиңирген кызматкерлерге жарылат; народный артист СССР СССРдин эл артисти ; заслуженный деятель науки илимге эмгеги сиңген инмер ж.б./.

ПОЧЕТНЫЙ ГРАЖДАНИН ардактуу граждании/башка өлкөнүн белгилүү же атактуу адамына бөлөк мамлекеттин ардактуу гражданинин деген ардак наамды берилиши, м.: Л.И. Брежневге "Монгол Эл

Республикасынын ардактуу граждандыгы" деген наам берилген. Айрым шаарлардын да ардактуу граждандыгы деген наам берилет/.

ПОЧЕТНЫЙ КАРАУЛ ардак караулу /гарнизондун начальнигинин, аскердик бөлүктүн же бирикменин командирининн приказы боюнча биреого аскердик урмат көрсөтүү үчүн атайын дайындалуучу взвод же рота; ал чет мамлекеттердин өкмөт башчылары келгенде аларды тосууда жана узатууда, салтанаттуу заседаниеге тууларды алып кируүдө, аскер кызматчысынын же мамлекеттик имерлердин сөөгүн коруда /ардактуу эскорт/ дайындалат/.

ПОЧИН деңгээл /саамалык, баштапкы негиз, м.: В.И. Ленин кумурчулардын 1919-ж. алгачкы имембиликтерин улуу деңгээл деп атаган/.

ПОЧТА почта/1. каттарды, посылкаларды жана башкаларды жиберүү, кеткирип берүү операцияларын жүргүзүүчү мекеме; 2. дипломатическая почта дипломатиялык почта/.

ПОШЛИНА баж /1. тышка алып чыгуучу жана ичке ташып кируучу товарлардан алына турган өкмөттүк акчалай салык, налог; таможняя пошлина таможниялык баж; 2. сот органдары алуучу налогдун бир түрү/.

"ПРАВДА" "Правда" /күн сайын чыгуучу газета, КПСС БКнин органы/.

ПРАВИТЕЛЬСТВО өкмөт /өлкөнү башкаруучу жогорку орган/.

ПРАВЛЕНИЕ башкарма /1. башкаруунун, бийликтин формасы; 2. мекеменин, уюмдун жана чарбанын башында турган шайланма орган, м.: колхоздун башкармасы/.

ПРАВО укук /мамлекеттик бийликтин закондору жана токтомдору аркылуу берилген нормалардын, жүрүм-турум эрежелеринин каанысы,

чогуусу, м.: граждандык укук, шайлоо укугу, эмгек кылуу укугу ж.б./.

ПРАВОНАРУШЕНИЕ укук бузуу /укукту, колдонулуп жүрген законду, тартипти бузуу/.

ПРАВА И ОБЯЗАННОСТИ ГРАЖДАН СССР СССР граждандарынын укуктары жана милдеттери

ПРАВО УБЕЖИЩА баш калкалоо укугу /саясий куугунтукка алынып, башка өлкөдөн качып келген граждандарга баш калкалоо укугун берүү. Бул жөнүндө көп өлкөлөрдүн конституциясында айтылган. СССРдин Конституциясы /1918-ж. бери/ куугунтукталган чет элдик саясий имерлерге баш калкалоо укугун берет. Буржуазиялык өлкөлөрдө реакциячыл, согуштук чыккынчылар баш калкалоо укугунан пайдаланышып, Латин Америкасында, Испанияда, АКШда жүрүшөт. Бул ООНдун Генеральный Ассамблеясынын 1948-ж. кабыл алган "Адамдын укугунун жалпы декларациясына" карама-каршы келет, анткени ошондой укук ООНдун Уставына туура келбейт/.

ПРАВОСУДИЕ сот адилеттиги /1. мамлекеттин сот институттары, сот; 2. адилет сот, адилеттик, чындык, акыйкаттык/.

ПРАВЫЕ СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТЫ оңчул социал-демократтар /социал-демократиялык кыймылдын социалисттик көз караштардан чегинип, монополисттик буржуазия менен кызматташып кеткен бир бөлүгү. Алар пролетариат диктатурасын таанышып, "таптарды элдештирүүгө" үгүттөшөт, көз бирлери бийлик башына келгенде капитализмдеги эксплуатацияны кок кысбастан, майда реформаларды жүргүзүү менен чектелишет. Англияда лейбористтер партиясы, ФРГда социал-демократиялык партия. Австрияда социалисттик партия, Японияда "Демократиялык социализм" партиясы ж.б. /ж. СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯ/.

ПРАВЫЙ УКЛОН ВКП /б/ ВКП /б/ даги оңчул уклон /партиянын ичиндеги оппортунисттик агым; социализмдин бүткүл фронт боюнча чабуул коюу мезгилинде партияны легиндик жолдон чыгарууга, СССРде капитализмди кайра орнотууга умтулган. Анын лидерлери--Бухарин, Рыков, Томский ж.б. 1928--29-ж. коллективдештирүү жана кулактарды тап катарында коюу мезгилинде партиянын линиясына каршы ачык эле активдүү күрөш күргүзүшүп, капиталисттик элементтердин шаарда жана кыштакта эркин өнүгүшүнө жол берүүнү талап кылышкан. Партия оңчул уклонду идеялык жактан биротоло талкалаган, анын лидерлери партиядан чыгарылган/.

ПРАВЯЩИЕ КРУГИ башкаруучу чөйрөлөр

ПРАГМАТИЗМ прагматизм /I. философиядагы суб"ективдик-идеалисттик багыт; ал чындыктын об"ективдүү закондорун таанат жана буржуазия үчүн күнделүк пайдасы бар нерселерди чындык деп эсептейт; 2. тарых илиминдеги багыт; тарыхый өнүгүүнүн об"ективдүү закондорун ачып көрсөтпөстөн эле тарыхый окуяларды жөн гана баяндап жазуу/.

ПРЕАМБУЛА преамбула /келишимди түзүү үчүн негиз болгон принципиалдуу жоболор жана далилдер баяндалган эл аралык келишимдин кириш сөзү/.

ПРЕДАННОСТЬ берилгендик /бир нерсеге жан аябастан берилүү, кыйбастык, м.: Родинага берилгендик-советтик адамдардын негизги мүнөзү/.

ПРЕДАТЕЛЬСТВО чыккынчылык /өз өлкөсүнө, партиясына же иштеримине чыккынчылык кылып, душман тарабына өтүү/.

ПРЕДПАРЛАМЕНТ Предпарламент /убактылуу өкмөттүн тушунда Демократиялык кеңешме деген(ден 1917-ж. сентябрде белүнүп чыккан

республиканын убактылуу совети. Келишкич партиялар /эсерлер, меньшевиктер/ Россияда парламенттик түзүлүш орнотулууда, эми демократиялык өнүгүү болот деним болуп, жумушчуларды куралдуу көтөрүлүштөн алагды кылганы келишкен. В.И. Ленин Предпарламентке бойкот кылууну талап кылган/.

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬ ишеттирүүчү /I. капиталист; өнөр жай, соода ж.б. ишканасынын ээси; 2. пайда чыгарып алууга кызыккан жалуу адам/.

ПРЕДПРИЯТИЕ ишкана /I. өнөр жай, соода, кооперативдик айыл чарба ж.б. ишкана; 2. аракет, баштаган иш/.

ПРЕДРАССУДОК жок нерсеге ишенүүчүлүк /ырым-жырым, адатка айланган калган көз караш, диний ырым-жырым/.

ПРЕДСТАВИТЕЛЬСТВО өкүлдүк /I. соода өкүлдүгү, эл аралык мамилелердеги өкүлдүк; 2. шайлоодогу өкүлдүк нормалар; м.: СССР Жогорку Советине ар бир совдук, автономиялуу республикалардан, автономиялуу областтардан жана автономиялуу округдарынын белгиленген норма боюнча депутаттын киберилиши/.

ПРЕЗИДЕНТ президент /I. көп бир өлкелердеги шайлануучу мамлекет башчысы; АКШда, Латын Америка өлкелөрүндө президент конгресс кабыл алган законго вето /тыюу/ сала алат; министрлерди дайыдайт жана кызматтан бошотот; закондуу күчү бар актыларды чыгарат; куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы болот ж.б.; 2. көп бир мекеменин, коомдун жана уюмдун шайланган жетекчиси, м.: Кыргыз ССР илимдер академиясынын президенти ж.б./.

ПРЕЗИДИУМ ВЕРХОВНОГО СОВЕТА СССР СССР Жогорку Советинин Президиуму /мамлекеттик бийликтин жогорку органы; Жогорку Советтин Президиумунун составын Жогорку Совет /председатель,

председателдин биринчи орун басары, I5 орун басар, Президиумдун секретары жана 2I мүчөсү/ Союз Совети менен Улуттар Советинин кошо заседаниесинде 5 жылдык мөөнөткө шайлайт. Жогорку Советтин Президиумунун полномочиелери СССР Конституциясынын II8-I2I-статьясында аныкталган/.

ПРЕМИЯ сыйлык /I. өндүрүштүк планды, тапшырманы ашыра орундаткандыгы үчүн жумушчу, кызматкерге берилүүчү акчалай сыйлык; 2. мамлекетке же айрым тармакка өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык /орден, медаль, грамота ж.б./; 3. конкурста, көргөзмөдө ж.б. айрыкча айырмаланган эмгеги, чыгармасы үчүн ыйгарылуучу сыйлык/.

ПРЕМИАЛЬНЫЙ ФОНД сыйлык фондусу /сыйлыкка бөлүнгөн каражат/.

ПРЕМИИ ЛЕНИНСКОГО КОМСОМОЛА Ленин комсомолунун сыйлыктары, /I. адабият, искусство, журналистика жана архитектура боюнча мыкты чыгармаларды сыйлоо үчүн 1966-ж. марттa белгиленген; 2. илим жана техника боюнча сыйлыктар /1967-ж./. Лауреаттардын арасында көрүнүктүү жаш окумуштуулар бар. Сыйлыктар ВЛКСМдин уюшулган күнү--29-октябрда салтанаттуу түрдө тапшырылат. Бир адамга ал экинчи жолу ыйгарылбайт/.

ПРЕМЬЕР премьер /премьер-министр, министрлер кабинетинин /советинин/ башчысы, биринчи министр/.

ПРЕНИЯ жарыш сөз /чогулуштарда, с"ездерде ж.б. жыйындарда докладдарды талкуулаганда чыгып сүйлөнгөн сөз. Прения сторон сот мезгилинде эки тараптын айтышуулары/.

ПРЕПОНА тоскоолдук /жолтоо, каргаша, кедерги. Чинить препоин кому-либо кимдир-бирөөгө тоскоолдук кылуу/.

ПРЕРОГАТИВА прерогатива /мамлекеттик органга же өкмөт башчысына

тиешелүү артыкча укук, м.: СССРдин башка өлкөлөр менен түзгөн келишимдерин ратификациялоо прерогативасы СССР Жогорку Советинин Президиумуна тиешелүү/.

ПРЕССА пресса /мезгил-мезгили менен чыгуучу басма сөз: газета, журнал. Представители прессы прессанын өкүлдөрү: газета, журналдын редакторлору, жооптуу кызматкерлери, журналисттер, атайын кабарчылар/.

ПРЕСС-АТТАШЕ пресс-атташе /дипломатиялык өкүлдүктүн составындагы атташе; ал прессанын, басма сөздүн маселелерин башкарат/.

ПРЕСС-БЮРО пресс-бюро /I. маанилүү окуя күрүп жатканда прессанын, радио жана теле көрсетүүнү информация менен жабдуу үчүн түзүлгөн редакциялык аппарат; 2. басма сөз, телеграф-информациялык агенстволорунда прессанын, радио жана теле көрсетүүнү күндөлүк кабарлар, адабий жана сүрөт материалдарын менен жабдуучу атайын бөлүм/.

ПРЕСС-КОНФЕРЕНЦИЯ пресс-конференция /мамлекеттик, коомдук жана илимий, искусство ишмерлеринин басма сөз, радио жана теле көрсетүүнүн өкүлдөрү менен жолугушуусу. Пресс-конференция кыскача сөз сүйлөө менен башталат да, андан соң суроолорго жооп берилет/.

ПРЕСС-КЛУБ пресс-клуб /журналисттердин клубу/.

ПРЕСС-ЦЕНТР пресс-борбор /I. с"ездин, кеңешменин, спорттук мелдештердин ж.б. журналисттердин, радио менен теле көрсетүүнүн комментаторлорун информация менен жабдый турган орган; 2. ошол орган жайгашкан имарат; 3. башка өлкөлөрдө аккредитивделген журналисттердин борбору. Большой зал аэропорта превратился в пресс-центр аэропорттун чоң залы пресс-борборго айландырылды/.

ПРЕСЛЕДОВАНИЕ куугунтуктоо /I. артынан түшүү, кубалоо, изине түшүү, м.: душмандын артынан түшүп кубалоо; 2. кысуу, куугунтуктоо, эзүү, м.: капиталисттик өлкөлөрдө саясий ишмерлердин, прогрессивдүү адамдардын куугунтукталышы/.

ПРЕСМИКАТЕЛЬСТВО кешекерленүү /бирөөгө жагынуу, кешекерленүү, жасакерленүү/.

ПРЕСТИЖ бедел /адамдын, уюмдун, мекеменин, мамлекеттин кадыр-баркы, бедели, м.: эл аралык аренада СССРдин кадыр-баркы аябай көтөрүлдү/.

ПРЕСТОЛ так /I. монархтын, падышанын, королдун таҗы, м.: 1917-ж. Февраль революциясында падыша Николай II тактан кулатылган эле; 2. чиркөөнүн төрүндө турган бийик стол/.

ПРЕСТОЛОНАСЛЕДИЕ мурасчы /падышанын, королдун, монархтын ордун басуучу, тагына отуруучу адам/.

ПРЕСТУПЛЕНИЕ кылмыш /I. кыянат. Коомдун укук тартибин же законду бузуп, кыянат, кылмыш жасоо; государственное преступление мамлекеттик кылмыш; 2. туура эмес, эсиңдүү жүрүш-туруш; жарабаган кылык-жорук; поймать на месте преступления кылмыш үстүндө кармап алуу/.

ПРЕСТУПНИК кылмышкер /кылмыш, кыянаттык иш, күнөө жасаган адам/.

ПРЕСТУПНОСТЬ кылмыштуулук /күнөөлүүлүк, кыянатчылык, в капиталистическом обществе беспрерывно растет преступность капиталисттик коомдо кылмыштуулук тынымсыз өсүүдө/.

ПРЕТЕНДЕНТ претендент /атаандаш, талапкер, м.: чемпиондук, лауреаттык ж.б. наам үчүн/.

ПРЕТЕНЗИЯ доо; талап/I. бир нерсеге доо коюп, талап кылуу;

претензия на наследство мурас-мүлккө доо кылуу; 2. быть в претензии бирөөгө таарынуу, өпкөлөө, дооматын артуу, нааразы болуу/.

ПРЕТОР претор /байыркы Римде адегенде консулдар менен диктаторлордун титулу, кийин жогорку сот бийлиги/.

ПРЕФЕКТ префект /байыркы Римде ар кайсы административдик жана аскердик кызмат адамдары; азыркы Францияда полиция баш ийген департенттеги чоң кызмат адамы; Парижде өзгөчө полициянын префекти /начальниги/.

ПРЕФЕКТУРА префектура /I. кээ бир өлкөлөрдө префект башчылык кылган административдик башкаруу мекемеси жана ал жайгашкан имарат; 2. Японияда--губернатор башкарган административдик-территориялык бөлүнүш/.

ПРЕФЕРЕНЦИЯ преференция /артыкчылык, жеңилдик, Преференция пошлины - мамлекеттер ортосундагы келишимдин негизинде четтен алынып келинген товарлардан преференция баасынын алынышы/.

ПРЕЦЕДЕНТ прецедент /кийинкилер үчүн үлгү, өрнөк болорлук, туурай турган иш, окуя; кандайдыр татаал иш боюнча жүргөн сот процесси/.

ПРИБАВОЧНАЯ СТОИМОСТЬ кошумча нарк /капиталисттик өндүрүштө жалданма жумушчу тарабынан акысыз өндүрүлүп, капиталист бекер сиңирип алган нарк. Кошумча наркты өндүрүү жана сиңирип алуу - капитализмдин негизги экономикалык закону. Кошумча нарк-капиталисттердин, банкирлердин, соодагерлердин кирешесинин, байлыгынын негизги булагы. Капиталист жалданма жумушчуну аны төлөнгөн жумушчу күчүнүн наркынан тышкары иштетип, кошумча наркты өндүрүүгө мажбур кылат. Социализмдин түшүндө өндүрүш каражаттарына жеке менчик, адамды адам эксплуатациялоо жок болгондуктан,

кошумча нарк да болбойт, эмгекчилер өзү үчүн, коом үчүн иштешет/.

ПРИБЫЛЬ пайда /капиталисттик өндүрүштө халдануна жумушчуларды эксплуатациялоонун натыйжасында капиталисттин алган кирешеси. Капиталисттер өз товарларын рынокто сатып, аны өндүрүүгө кеткен чыгымдан ашык акча алышат. Дал ошо ашык акча капиталисттин накта кирешеси, пайдасы болот. Кирешени, пайданы арттыруу үчүн капиталист техникалык прогрессти өөрчүтүү, эксплуатацияны күчөтүү, монополиялык бааны орнотуу ж.б. жолуна түшөт. Социалисттик коомдо кирешө материалдык өндүрүштө кызматкердин эмгеги менен түзүлгөн кошумча продуктыдан турат. Ишкананын пайдасы жана рентабелдүүлүк планда каралат. Анда ишкананын чарбалык ишаракетинин бардык жактары: өндүрүштүк фондуларды пайдалануу даражасы, техника менен технологияны, өндүрүштү жана эмгекти уюштуруунун деңгээли ж.б. эсепке алынат. Социалисттик ишкананын алган пайдасы /кирешеси/ экиге бөлүнөт: бир бөлүгү ишкананын карамагында калат, экинчи бөлүгү мамлекеттик бюджетке түшөт/.

ПРИВИЛЕГИЯ привилегия /башкаларга караганда өзгөчө, артыкча укук, жеңилдик/.

ПРИГОВОР өкүм /I. кылмыш иши уккандан кийин соттун чыгарган чечими; 2. буйрук иретиндеги сүйлөнгөн сөз/.

ПРИЗНАНИЕ таануу /I. моюнга алуу, таануу; признание вины күнөөнү моюнга алуу; 2. таануу; признание нового государства жаңы мамлекетти таануу; 3. сезимин билдирүү, сырын айтуу/.

ПРИЗЫВ чакырык /үндөө; призывы партии партиянын чакырыгы, ураандары, үндөөсү; 2. чакыруу; призыв на военную службу аскер кызматына чакыруу/.

ПРИКАЗ приказ, буйрук /I. бийлик органынын, мекемесинин, ишкананын, уюмдун ж.б. жетекчисинин приказы, буйругу; 2. Россияда XVI-XVII к. мамлекеттик айрым тармакты башкарган мекеме, м.: монастырдык приказ/.

ПРИКАЗЧИК приказчик /I. соода мекемесинде халданып иштеген адам, дүкөнчү, сатуучу; 2. помещиктин чарбасын башкарып, ар түрдүү тапшырмаларын орундатуучу кызматкер/.

ПРИМАТ примат /биринчилик, негизгилик, биринчи маанилүүлүк, м.: оор өнөр жайдын жеңил өнөр жайга караганда негизгилиги/.

ПРИМЕРНЫЙ УСТАВ КОЛХОЗА колхоздун үлгүлүү уставы /колхоздун ички чарбалык турмушун аныктоочу негизги документ; азыркы устав 1969-ж. ноябрда колхозчулардын Бүткүл союздук III с"ездинде кабыл алынган/.

ПРИМИРЕНИЕ жарашуу /I. келишүү, жарашуу, интымакташуу, татуулашуу; 2. тынчтык, тынчташуу, жараштыруу; между ними наступило полное примирение алардын ортосуна толук тынчтык орноду/.

ПРИМИРЕНЧЕСТВО келишүүчүлүк /келишип кетүүчүлүк; жумушчу класстарындагы оппортунизмдин принципсиз саясатынан болуп, буржуазиянын таламдарындагы таптык карама-каршылыктарды жумшалтууго багытталган/.

ПРИНУДИТЕЛЬНЫЙ ТРУД эрксиз эмгек

ПРИНУЖДЕНИЕ аргасыз кылуу /зордоо, эрксиз иштетүү, кыстоо/.

ПРИНЦИП принцип /илимде, теорияда, саясатта негизги, башкы, жетекчи нерсе, көз караш; жүрүм-турумдун ж.б. негизги жобосу; м.: коммунизмди куруучунун моралдык кодексинин негизги принциптери/.

ПРИНЦИПИАЛЬНОСТЬ принципиалдуулук /принципттүүлүк; маселенин негизине байланыштуулук; тийиштүү колдон, көз карантан, ишенимден чыкпоочулук/.

ПРИОРИТЕТ приоритет /I. илимий ачылышта, ойлоп чыгарууда, изилдөөдө ж.б. болгон биринчилик; 2. бир нерсенин биринчи, басымдуу артыкчылык маанеге ээ болушу, м.: СССРде республикалык закондорго караганда калпы союздук закондун приоритети, биринчилиги/.

ПРИРОДНЫЕ РЕСУРСЫ жаратылыш ресурстары /өлкенун улуттук байлигинын бир белугу; ага: жер фондусу, казылып алынуучу кен байлыктар, гидроэнергетикалык ресурстар, суу, токой ж.б. кирет/.

ПРИСЛУЖНИЧЕСТВО жасакерленуучулук /биреого кошокерленүүчүлүк, жасакерленүүчүлүк/.

ПРИСЯГА ант /бир нерсеге берилгендик, законго шайык иштөөгө шеттенгендик жонунде салтанаттуу берилген аты, м.: аскердик ант, врачтык ант/.

ПРИУСАДЕБНЫЙ УЧАСТОК короо жанындагы участок /СССРдин айылкыштак жерлериндеги эмгекчилерге өзүмдүк комок чарбасын уюштуруу үчүн мамлекеттик жер фондудан бөлүнүп берилген жер участогу/.

ПРИХОД приход /I. чиркөө коому. Мусулмандарда-мечит коому; 2. XVI-XVII к. Россияда падышанын казынасын башкаруучу мекеменин аты. Приходская школа эски чиркөөлүк-диний башталгыч мектеп; 3. келүү, приход к власти бийликке келүү/.

ПРИЧИННОСТЬ себептүүлүк /об"ективдүү дүйнөнүн көрүнүштөрүнүн жалпы өз ара байланыш формаларынын бири. Өз ара байланышкан кубулуштардын, көрүнүштөрдүн тутумунда бир нерсени пайда кылган, жаратаган, анын келип чыгышына түртүү берген нерсе себеп болуп, ал эми оношун себебинен пайда болгон көрүнүш натыйжа деп аталат.

Реакциячыл буржуазиялык философия себептүүлүктүн об"ективдүү маанисин танып, идеализмди жактайт/.

ПРОБЛЕМА проблема /чечүүнү, изилдөөнү талап кылган татаал жана маанилүү маселе, милдет; проблемы воспитания тарбиялоо проблемалары/.

ПРОВАЛ онунан чыкпоо /бир нерсенин ишке ашпай, онунан чыкпай калышы, ойрондолушу; полный провал авантюры сионистов сионисттердин авантюрасынын онунан чыкпай толук кыйрашы/.

ПРОВИНЦИАЛ провинциал /провинцияда, маданият борборунан алыс, четте туруучу адам/.

ПРОВИНЦИАЛИЗМ провинциализм /I. маданият борборунан алыс, четте жашаган адамдын үрп-адаты; 2. элет сөзү /адабий тилге кирбей, белгилүү бир гана жерде айтылуучу сөздөр/.

ПРОВИНЦИЯ провинция /I. мамлекеттик территориянын ири райондук бөлүгү, м.: Италия, Испания ж.б. өлкөлөрдөгү административдик-территориялык бөлүкчө, аймак; Франциядагы тарыхый провинциялар Прованс, Шампань, Нормандия, Британь ж.б.; 2. маданий борбордон алыс, чет жер, перифериянын эле өзү/.

ПРОВОКАТОР провокатор /I. провокация жасаган адам, чыкынчылык кылуу максатында азгырган, колдон чыгарган адам; 2. капиталисттик мамлекетте революциячыл уюмга кирип алып, ал уюмдун ишин жана жетекчилери жонунде жашырын маалыматтарды билдирип жүргөн полициянын жашыруун адамы/.

ПРОВОКАЦИЯ провокация /I. революционерлердин ишери жонунде полицияга кабарлоо максатында революциячыл уюмдарга жашырын кирип алган провокаторлордун чыкынчылык аракеттери; 2. кара ниеттик максатта атайын чатак чыгарууга көкүтүү, шылтоо таануу;

м.: 1933-ж. гитлерчилер коммунисттерди жок кылуу максатында Рейхстагды атайын өрттөшкөн/.

ПРОГНОЗИРОВАНИЕ прогноздоо /1. бир нерсенин абалын, өнүгүшүн, өлчөмүн алдын ала айтуу, прогноз түзүү, экономическое прогнозирование даст возможность взглянуть в будущее экономикалык прогноздоо бизге келечекке көз чаптырууга мүмкүндүк берет; жер астындагы кендин запасын болжолдоп эсептөө/.

ПРОГРАММА программа /1. иш-аракеттин планы, м.: окуу программасы, өндүрүштүк программа; 2. саясий партиялардын, коомдук уюмдардын, өкмөттөрдүн иш-аракетинин милдеттерин жана максаттарын, негизги принциптери менен багыттарын баяндоо, м.: КПССтин программасы; Тынчтыктын программасы ж.б./.

ПРОГРАММА КПСС КПССтин Программасы /СССРде коммунисттик коомду куруу үчүн күрөштө жумушчу табы менен анын партиясынын максатын жана милдетин илимий түрдө баяндоочу документ. Партиянын I программасы 1903-ж. РСДРПнин II с"ездинде кабыл алынып, 2 бөлүктөн: Программа-минимум, Программа-максимумдан турган. Партиянын II Программасы 1919-ж. РКП /б/ нын VIII с"ездинде кабыл алынган. Анда социалисттик коомду куруу үчүн партиянын жана Совет мамлекетинин күрөшү илимий түрдө баяндалган. Партиянын III Программасы 1961-ж. КПССтин XXII с"ездинде кабыл алынып, СССРде коммунисттик коомду куруунун эбегейсиз зор планы илимий түрдө негизделген/.

ПРОГРАММА МИРА Тынчтыктын программасы /КПССтин XXIV с"ездин /30. III - 9. IV. 1971/ иштеп чыккан. Анда СССР империализмдин агрессивдүү саясатына тынчтыкты активдүү коргоону жана эл аралык коопсуздукту чыңдоо саясатын карама-каршы коюп, 6 пункттан

турган негизги милдеттерди чечүүгө умтулгандыгы баяндалган. Тынчтыктын программасын дүйнөлүк көй өлкөлөр жана элдер колдоп, кубатташкан/.

ПРОГРЕСС прогресс /төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалга, жамандан жакшыга алышдап, илгерилеп жылуу, өнүгүү, өзгөрүү; идти по пути прогресса прогресс жолу менен баруу. Прогресстин тескериси - регресс/.

ПРОГУЛ прогул /эч себепсиз ишке, кызматка чыкпай коюу. Вынужденный прогул администрациянын законсуз аракетинин натыйжасында иштен, кызматтан туура эмес бошотулуп, иштебей калган күндөр. Эмгек законуна ылайык мындай натура аракети үчүн иштебей калган адамга администрациянын жетекчисинин эсебинен акы төлөнүп, кайра ишке орноштурулат/.

ПРОДЮССЕР продюссер /капиталисттик өлкөлөрдүн кинематографиясында кино өндүрүшүн финансылоочу адам; кинофильмдерди чыгаруучу ишкананын эзси/.

ПРОДНАЛОГ азык-түлүк салыгы /дыйкан чарбаларынан натуралай алынуучу салык; бул 1921-ж. партиянын X с"ездинин чечимининн негизинде азык-түлүк чачымынын ордуна киргизилген/.

ПРОДРАЗВЕРСТКА азык-түлүк чачымы /граждандык согуш мезгилинде Совет бийлиги колдонгон азык-түлүктү даярдоо системасы. Мамлекет дыйкандардын ашык азык-түлүгүн, жем-чөбүн мамлекет белгилеген баа боюнча алып, өзүнө жетерлик бөлүгүн жана үрөнүн калтырган. Граждандык согуш жеңиштүү аяктагандан кийин ал 1921-ж. азык-түлүк налогу менен алмаштырылган/.

ПРОЕКТ долбоор /1. жаңы имараттын долбоору; 2. ой, план, долбоор. Проект Конституции Конституциянын долбоору; 3 жылдык

пландын долбоору/.

ПРОЕКТЁР киялчыл /ишке ашпас, негизсиз пландарды, долбоорлорду ойлоп чыгарууга берилген, кыялга баткан адам/.

ПРОЕКТЁРСТВО кыялкечтик /ишке ашпас пландарды, долбоорлорду түзүү менен алек болуучулук; чындыкка туура келбеген бир ойду ишке ашыруурга курулай тырышуучулук/.

ПРОЗЕЛИТ прозелит /1. өз дининен чыгып, башка динге кирген адам; 2. бир нерсеге, окууга, теорияга ж.б. абдан берилген, өтө ишгин койгон адам/.

ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТЬ ТРУДА эмгек өндүрүмдүүлүгү /өндүрүш процессиндеги коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгү, эффективдүүлүгү, б.а. жумушчунун белгилүү бир жумуш убагынын ичинде /саат, күн ж.б./ белгилүү сандагы продукцияны өндүрүп чыгаруу жөндөмдүүлүгү/.

ПРОИЗВОДИТЕЛЬНЫЕ СИЛЫ өндүргүч күчтөр /материалдык байлыктарды өндүрүү үчүн керектүү өндүрүш каражаттары жана аларды кыймылга келтирүүчү адамдардын тобу/.

ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ ОТНОШЕНИЯ өндүрүштүк мамилелер /коомдун экономикалык базасын түзүүчү материалдык байлыктарды өндүрүү процессинде адамдардын бири-бири менен болгон мамилеси/.

ПРОИЗВОДСТВЕННЫЕ РАСХОДЫ өндүрүштүк расходдор /продукция өндүрүүгө сарпталган өндүрүш каражаттарынын наркы/.

ПРОИЗВОДСТВО СРЕДСТВ ПРОИЗВОДСТВА өндүрүш каражаттарын өндүрүү /коомдук өндүрүштүн I бөлүмүнө тиешелүү продукцияларын, өндүрүш каражаттарынын өндүрүлүшү; бул продукция менен эл чарбасынын бардык тармактары кабдылып, кеңейтилген кайталанма /үзгүлтүксүз/ өндүрүш өркүндөтүлөт/.

ПРОИЗВОДСТВО өндүрүш /белгилүү өндүрүштүк мамилелер менен байланышкан адамдардын коомго керектүү материалдык байлыктарды өндүрүү процесси/.

ПРОИЗВОЛ зомбулук /1. зордук, зөнбаштык; 2. негизсиз, куру бекер; произвол в суждениях негизсиз, куру бекер эле ой жүгүртүү; на произвол судьбы багуусуз, кароосуз калуу; кайдыгер калтыруу ж.б./.

ПРОКЛАМАЦИЯ прокламация /саясий үгүт маанисиндеги үндөө, чакырык, кайрылуу. Прокламация баракча түрүндө болот. Большевиктер падышалык самодержавиеге каршы прокламацияны кеңири пайдаланышкан/.

ПРОКУРАТУРА прокуратура /СССРде закондордун так аткарылышына көзөмөл болуучу орган; законду бузуучуларды сотко берип, сотто иш кароо убактысында мамлекеттин талаптын көздөп, айыптоо милдетин аткарат. Советтик прокуратура 1922-ж. түзүлгөн. Анын башында Генералдык прокурор турат. Ал СССР Жогорку Совети тарабынан 7 жылга дайындалат. Республикалык, областтык, крайлык прокурорлорду Генералдык прокурор 5 жылга дайындайт; округдук, райондук жана аалдык прокурорлор республикалык прокурор тарабынан дайындалып, Генералдык прокурор тарабынан бекитилет/.

ПРОЛЕТАРИАТ пролетариат /капиталисттик коомдогу эки негизги таптын бири; ал өндүрүш каражатына ээчик укугуна ээ болбостон, өз жумушчу күчүн капиталистке сатып, жалданып иштөө менен кошумча нарк өндүрүп чыгарат. Анын эзилиши жана эксплуатацияланышы капиталистке каршы элдешпес тап күрөшүн күчөтөт. Пролетариат буржуазиялык коомдогу алдыңкы жана революциячыл тап болуп эсептелет/.

ПРОЛЕТАРСКАЯ РЕВОЛЮЦИЯ пролетардык революция /капитализмдин саясий үстөмдүгүн кулатып, анын өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчигин коомдук менчикке айландырууга, социализмди жана коммунизмди курууга багытталган революция; к. ВЕЛИКАЯ ОКТЯБРЬСКАЯ СОЦИАЛИСТИЧЕСКАЯ РЕВОЛЮЦИЯ/.

ПРОЛОНГАЦИЯ пролонгация /келишимдин, векселдин ж.б. мөөнөттөрүн узартуу/.

ПРОМУЛЬГАЦИЯ промульгация /мамлекеттик кээ бир актылардын жарыяланышы/.

ПРОМЫСЕЛ промысел /кол өнөрчүлүк кесиби, м.: кустардык, мергенчилик, токойчулук, өнөр жай, нефть, туз, балык ж.б. промыселдери/.

ПРОМЫСЛОВАЯ КООПЕРАЦИЯ промыслолук кооперация /кол өнөрчүлүк кооперациясы; көбүнчө эл керектөөчү буюмдарды өндүрөт. Мында өндүрүш кооперация /артель/ мүчөлөрүнүн биргелешкен эмгегине негизделип, өндүрүш каражаттары кооперациянын менчиги болуп эсептелет/.

ПРОМЫШЛЕННАЯ ПРОДУКЦИЯ ГРУППЫ "А" "А" тобундагы өнөр жай продукциясы /өндүрүштүн керектөөсүнө жумшалуучу продукция; буга өндүрүш каражаттары кирет. Алар социалисттик экономиканы өнүктүрүүдө жана өлкөнүн коргонуу жарамдуулугун чыдоодо чечүүчү роль ойнойт/.

ПРОМЫШЛЕННАЯ ПРОДУКЦИЯ ГРУППЫ "Б" "Б" тобундагы өнөр жай продукциясы /коомдун мүчөлөрүнүн жеке керектөөлөрүн канааттандырууга жумшалуучу продукция/.

ПРОМЫШЛЕННИК өнөр жай ээси /өнөр жайга ээ болуп, жумушчуларды жетектеп, кошумча нарк өндүрүп алуучу капиталист/.

ПРОМЫШЛЕННОЕ ПРЕДПРИЯТИЕ өнөр жай ишканасы /өнөр жай тармактарындагы белгилүү бир продукция өндүрүп чыгарып жаткан ишкана/.

ПРОМЫШЛЕННОЕ ПРОИЗВОДСТВО өнөр жай өндүрүшү /материалдык байлыктардын бир бөлүгүн өндүрө турган өнөр жай; оор, жеңил, тамак ж.б. өнөр жай тармактарындагы эмгек процесси/.

ПРОМЫШЛЕННОСТЬ өнөр жай /материалдык байлыктарды өндүрүүчү эл чарбасынын негизги тармагы; ишканалардын заводдордун, фабрикалардын, электростанциялардын, рудниктердин ж.б. чогуусу. Ал өндүрүш каражаттарын жана керектөө буюмдарын өндүрүүчү негизги эки группадан турат/.

ПРОМЫШЛЕННЫЙ КАПИТАЛ өнөр жай капиталы /өнөр жай ишканаларында жалданма жумушчуларды өндүрүп, кошумча нарк өндүрүүгө жумшалып жаткан капитал/.

ПРОМЫШЛЕННЫЙ КАПИТАЛИЗМ өнөр жай капитализми /жеке менчикке негизделип, жумушчулардын эмгектеринен кошумча нарк өндүрүп алуучу, капиталисттер табынын коомдук түзүлүшүнүн негизги белгиси/.

ПРОМЫШЛЕННЫЙ КРИЗИС өнөр жай кризиси /капиталисттик коомдо товарлардын ашыра өндүрүлүп, өтпөй турушу. Бул эмгекчилердин жакырданышынын күчөп, алардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашы, капиталисттик өнөр жай ишканаларынын көпчүлүгү иштебей калып, жумушсуздардын көбөйүшү, чарбанын кыйроого учурашы, капитализмдин бардык каршылыктарынын курчушу менен мүнөздөлөт/.

ПРОМЫШЛЕННЫЙ ПЕРЕВОРОТ өнөр жай төңкөрүшү /өндүрүштө кол күчү менен иштелген куралдардын машина менен алмаштырылышы; мануфактуранын фабрикалык системага өтүшү. Бул капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин үстөмдүк кылышына алып келген/.

ПРОПОРЦИОНАЛЬНАЯ СИСТЕМА ВЫБОРОВ пайлоонун пропорциялык системасы /капиталисттик өлкөлөрдөгү шайлоо укугунун бир системасы; мында парламенттеги /м.: Бельгия, Италия ж.б. өлкөлөрдө/ орундар

партиялардын кандидаттарына шайлоочулардын берген добуштарынын санына жараша бө... лүштүрүлөт да, мажоритардык системага караганда алда канча демократиялуураак келет/.

ПРОМФИНПЛАН ишкананын өнөр жай - финансылык планы

ПРОПАГАНДА пропаганда /идеяларды, окууларды, саясий теорияларды, билимдерди жайылтуу, түшүндүрүү, үгүттөө жана негиздөө. Пропаганда таптык, партиялык мүнөздө болот. Партийная пропаганда партиялык пропаганда - марксизм - ленинизм идеяларын, компартиялардын саясатын оозеки жана басма жүзүндө түшүндүрүү, үгүттөө жана жайылтуу. КПСС пропагандалык иштердин методдорун тынымсыз өркүндөтүүдө/.

ПРОПАГАНДИСТ пропагандист /пропаганда ишин жүргүзүүчү адам/.

ПРОПОРЦИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ НАРОДНОГО ХОЗЯЙСТВА эл чарбасынын пропорционалдуу өнүгүшү /социалисттик экономиканын бардык тармактары өз ара байланышта, шайкеш, туура катышта болуп, алардын план ченемдүү түрдө ырааттуу жүргүзүлүшү. Ал эмгекти, материалдык жана финансылык ресурстарды рационалдуу пайдаланууну камсыз кылат/.

ПРОРОК пайгамбар /1. ар кайсы диндин көз карашы боюнча кудайдын жиберген кишиси; 2. алдын ала билүүчү, көрөгөч, күн мурдатан сезгич адам/.

ПРОСВЕТИТЕЛЬ агартуучу /1. элге билим жайылтуучу, таратуучу адам; 2. XVII-XVIII кылымдарда Батыш Европада, XVIII-XIX к. Россияда прогрессивдүү идеологиянын өкүлдөрү/.

ПРОСПЕКТ проспект /1. басылып чыгуучу айрым эмгектин, китептин, чыгармалар жыйнагынын планын жана мазмунун кыскача баяндоо; 2. брошюра, китепче түрүндө сүрөттөр, үлгүлөр аркылуу кооздолуп

чыгарылган реклама; 3. шаардагы кең жана чоң көчө/.

ПРОТЕКТОРАТ протекторат /начар өнүккөн өлкөлөрдүн ири империалисттик өлкөлөргө көз карандылыгынын бир формасы. Азыр мурдагы протекторат көп өлкөлөр толук көз карандысыздыкты алышып, өз алдынча мамлекет болушту/.

ПРОТЕКЦИОНИЗМ протекционизм /капиталисттик өлкөлөрдө өнөр жай менен айыл чарба өндүрүшүн чет элдик конкуренциядан калкалоо максатында четтен ташылып келүүчү товарларга таможнялык бажыны көп салуу жана импортту чектөөнүн башка чараларын колдонуу саясаты. Протекционализм ошондой эле өз товарларын экспорттоону көбөйтүү аркылуу тышкы рынокторду басып алууга да багытталат/.

ПРОТЕКЦИЯ протекция /колдоо; таасирдүү кишинин колдоосу; белгиленген эрежелерге жана законго карабастан өң-тааныш, тууган адамдарын кызматка көтөрүү, коюу/.

ПРОТИВОБОРСТВО тирешүү /өлкөлөрдүн бири бирине каршы багытталган саясатты жүргүзүшү/.

ПРОТЕСТ протест /нааразылык, каршылык; заявить протест нааразылык билдирүү; протест векселя вексельди протест кылуу/.

ПРОТИВНИК душман /1. кас, жоо, каршы; разбить противника душманды талкалоо; 2. каршы жак, атаандаш; победить противника в состязании мелдеште атаандашты жеңип чыгуу/.

ПРОТИВОПОЛОЖНОСТЬ карама-каршылык /өндүрүш каражаттары үстөмдүк кылуучу таптардын жеке менчигинде болушунун негизинде адамды адам эксплуатациялоодон келип чыккан бир коомдук таптын экинчи коомдук тапка карама-каршы турушу, м.: капиталисттер табы менен жумушчулар табынын ортосундагы карама-каршылык/.

ПРОТИВОПОЛОЖНОСТЬ МЕЖДУ ГОРОДОМ И ДЕРЕВНЕЙ шаар менен кыштактын ортосундагы карама-каршылык - к. СУЩЕСТВЕННЫЕ РАЗЛИЧИЯ МЕЖДУ ГОРОДОМ И ДЕРЕВНЕЙ

ПРОТИВОПОЛОЖНОСТЬ МЕЖДУ УМСТВЕННЫМ И ФИЗИЧЕСКИМ ТРУДОМ акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы карама-каршылык к. СУЩЕСТВЕННЫЕ РАЗЛИЧИЯ МЕЖДУ УМСТВЕННЫМ И ФИЗИЧЕСКИМ ТРУДОМ

ПРОТИВОРЕЧИЕ каршылык /жеке менчиктин негизинде адамды адам эксплуатациялоодон келип чыккан эзүүчү таптар менен эзилүүчү таптардын ортосундагы антагонисттик келишпестик. Капиталисттик коомдо антагонисттик каршылыктар дайыма болуп турат. Социалисттик коомго антагонисттик эмес каршылыктар мүнөздүү. Мындай карама-каршылыктар коомдун мүчөлөрү тарабынан өз иштерин сын көз менен карап, өкмөттүн саясатын кийшарусуз аткаруу жолу менен чечилип турат/.

ПРОФСОЮЗ профсоюз /кумушчу табынын кесип уюму; ал кумушчулардын өз талаптарын коргоо үчүн болгон күрөштүн пайда болгон. Алгачкы профсоюз уюмдары XVIII к. башында Англияда /к. БРИТАНСКИЙ ТРЕДЮНИОНЫ/, Францияда XVII к. аягында, АКШда XIX к. башында; Германия 1848-к. пайда болгон/

ПРОФБЮРО профбюро /профсоюз уюмунун бюросу/.

ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ЗАБОЛЕВАНИЕ өндүрүштүк оору /белгилүү бир кесип боюнча өндүрүштө иштөөдө адамдын ден соолугуна зыян келтирүүчү факторлордун таасиринен ооруга чалдыгуу: бул көбүнчө кен алдындагы кумуштарда, радиологиялык нурлар колдонулган ж.б. жерлерде болот/.

ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ кесиптик билим берүү /окуучуларга теориялык жана практикалык жактан билим берип, белгилүү

бир кесипке үйрөтүү; СССРде ал пландуу түрдө ишке ашырылып, эл чарбасынын бардык тармактарын квалификациялуу кумушчулар менен камсыз кылат. Окуучулардын бул кесипке ээ болуп билим алышынын бардык чыгымдарын мамлекет өзү көтөрөт. Бул кесипке ээ кылып окутуу ПТУ /профтех окуу жайлары/ аркылуу ишке ашырылат/.

ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ ОРИЕНТАЦИЯ кесип тандоо

ПРОЦЕДУРА процедура /1. кандайдыр бир ишти аткаруу, талкуулоо үчүн орнотулган, белгиленген тартип, м.: сот процедурасы; дипломатиялык процедура; добуш берүү процедурасы, ООНдо чечим кабыл алуу процедурасы ж.б. ; 2. врач тарабынан дайындалган дарылоо чаралары, м.: ванна, электр тогуна кактоо, массаж кылоо ж.б./.

ПРОЦЕНТ процент/капитализмдин тушунда карызга берилген же банкка салынган акча капиталынан алынуучу доход, киреше; ссудалык капиталисттин берген ссудасы, карызы үчүн өнөр жай капиталистинин киреше сынан берилген бир бөлүк. Процентгин чыгуучу булагы кошумча нарк болуп эсептелет/.

ПРОЦЕСС процесс /1. бир нерсенин ишелишинин, жүрүшүнүн абалы, м.: өндүрүш процесси; 2. сот процесси/.

ПРОЦЕССИЯ процессия /көп адам катышкан салтанаттуу жүрүш. Саясий мүнөздөгү процессия демонстрация деп аталат. Өлгөн адамдын сөөгүн коюда аза кутуу процессиясы да болот/.

ПРЯМЫЕ ВЫБОРЫ тике шайлоо /СССРдин Конституциясынын 139-статьясынын негизинде эмгекчилер депутаттарынын селолук Советинен тартып СССР Жогорку Советине чейин депутаттардын гражданлар тарабынан тикеден-тике шайланышы/.

ПСЕВДОНИМ псевдоним /саясий ишмерлер, жазуучулар, артисттер ж.б. колдонуучу жашырын ат, м.: Максим Горький - А.М. Пешковдун псевдоними, Ленин - В.И. Ульяновдун псевдоними ж.б./.

"ПСИХОЛОГИЧЕСКАЯ ВОЙНА" "Психологиялык согуш" /идеологиялык күрөштүн бир формасы; мында монополисттик буржуазия бүлдүргүч ишгерди жана ыкмаларды колдонуп, эмгекчилерге реакциячыл идеологияны таңуулоого аракет кылат. Империализмдин идеялык-саясий башкы куралы антикоммунизм /и./ болуп, анын негизги мазмуну социалисттик түзүлүштү жамандап угактоо, компартиялардын саясаты менен максаттарын, марксизм-ленинизмдин окуусун бурмалоо болуп эсептелет. Бул үчүн басма сөздөрдү, радиону, теле көрсөтүүнү, кинону, илимди ж.б. кеңири колдонушат/.

ПУБЛИКАЦИЯ жарыялоо /белгилүү бир окуя, ич ж.б. жөнүндө газеталарга, журналдарга, китептерге жарыялоо, кабарлоо; аларга айрым адабий ж.б. чыгармаларды, документтерди киргизүү/.

ПУБЛИКАЦИЯ ЗАКОНА законду жарыялоо /социалисттик өлкөлөрдө мамлекеттик бийликтин жогорку органы чыгарган закондор председателдин жана секретардын колу коюлуп жарыяланат. Буржуазиялык өлкөлөрдө мамлекеттин башчысынын колу коюлуп, өкмөттүн мүчөлөрүнүн коштогон колдору тиркелет/.

ПУБЛИЦИСТ публицист /коомдук-саясий маселелер жөнүндө жаза турган жазуучу/.

ПУБЛИЦИСТИКА публицистика /актуалдуу коомдук-саясий маселелер боюнча адабияттардын түрлөрү: макалалар, очерктер, фельетондор, памфлеттер, обзорлор ж.б./.

ПУЛ пул /картелдердин өзгөчө бир түрү; анда бардык катышуучулардын пайдасы /киреше/ жалпы фондуга түшөт да, алардын салган капиталынын жана сатылган продукциянын өлчөмүнө жараша бөлүштүрүлөт/.

ПУТЧ путч /анчалык чоң эмес топтун мамлекеттик төңкөрүш жасоого ийгиликсиз жасаган авантюристтик аракети/.

ПЬЕДЕСТАЛ пьедестал /1. эстеликтин, монументтин, колоннанын, скульптуралык сүрөттүн ж.б. түбү, негизи, фундаменти; 2. адамдын кадыр-баркы, абалы, мансабы, м.: адамдын мансабын жогорулатуу же түшүрүү/.

ПЭР пэр /Великобританияда, Францияда жана Японияда дворяндын эң жогорку катмарынын өкүлүнүн наамы. Бул наам Англияда азыр да сакталып, лордлор палатасындагы заседаниеге катышат/.

"ПЯТАЯ КОЛОННА" "Бешинчи колонна" /кас өлкөнүн тылында бүлдүргүч иштерди жүргүзүүчү жашырын агентуранын каймана аты. "Бешинчи колонна" деген термин Испаниядагы улуттук-революциячыл согуштун /1936-39/ убагында чыккан. 1936-ж. күзүндө испандык фашисттер Мадридге 4 колонна болуп чабуул коюшканда, шаарда жашырын аракет кылган сатылгыч чыккынчылардан турган өз агентурасын "Бешинчи колонна" деп аташкан эле/.

ПЯТИЛЕТНИЕ ПЛАНЫ беш жылдык пландар /СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн 5 жылга эсептелген мамлекеттик перспективалуу пландары/.

Р

"РАБОЧАЯ АРИСТОКРАТИЯ" "жумушчу аристократиясы" /капиталисттик өлкөлөрдө жумушчу табынын квалификациялуу жана монополиялардын үстөк пайдасынын эсебинен көбүрөөк акы алуучу катмары болуп,

халлы эмгекчи массасынан өзүнүн ооматтуулугу менен айырмаланат; буржуазиянын саясий жана оңчул социалисттердин таянычы болуп эсептелет/.

РАБОЧАЯ СИЛА жумушчу күч /адамдын эмгекке көндөмдүүлүгү; акыл, күч жана рухий көндөмдүүлүктөрүнүн чогуусу; ушунун натыйжасында материалдык байлыкты өндүрүүгө болгон көндөмдүүлүгү /.

РАБОЧАЯ ПАРТИЯ жумушчу партиясы /жумушчу табы менен халлы эле эмгекчилердин кызыкчылыгын көздөөчү пролетариаттын саясий партиясы/.

РАБОЧЕЕ ДВИЖЕНИЕ жумушчу кыймыл /өзүнүн саясий үстөмдүгүн орнотуп, эксплуатациядан кутулуу жана өзүүчү таптарды коюу үчүн болгон жумушчу табынын күргүзгөн күрөшү/.

РАБОЧИЙ ДЕНЬ жумуш күнү /жумушчунун ишканада иштеген саатынын саны/.

РАБОЧИЙ КЛАСС жумушчу табы /коомдун алдыңкы жана прогрессивдүү табы. Буржуазиялык коомдо пролетариат өз тарабына бардык эзилген эмгекчилерди тартып, революциячыл, марксстик-лениндик партиянын жетекчилиги астында капиталисттер менен помещиктердин үстөмдүгүнө карши элдешпес күрөш күргүзөт. Социалисттик өлкөлөрдө жумушчу табы алдыңкы жана жетекчи күч болуп, эмгекчи дыйкандар менен бирдикте социализмдин, коммунизмдин курулушун багыттайт/.

РАБОЧЕ-КРЕСТЬЯНСКОЕ ПРАВИТЕЛЬСТВО жумушчу-дыйкан өкмөтү

РАБОЧИЙ КОНТРОЛЬ жумушчу контролу /социалисттик революциянын күрүчүндө өндүрүш каражаттарын коомдоштуруу, өндүрүштү жана продукциялардын бөлүштүрүү иштеринде жумушчу табы тарабынан күргүзүлүүчү контроль/.

РАБСТВО кулчулук /кулдарды эксплуатациялоого негизделген коом; кул өндүрүш каражаттарына таптакыр ээ болбойт жана өз көкөсүн, кул эсиптин толук менчиги болот. Ошондуктан көкөсүнү ани сатууга, сатып алууга, ал түгүл өлтүрүп коюга укуктуу. Кулчулуктун калдыктары ар кандай формада феодализмдин түшүндө да сакталып келген, капитализмдин түшүндө да сакталууда. АКШда 1861-65-ж. кулчулук жоюлган, бирок расизм, дискриминациялоо түрүндө эмгиче дейре бар, колониялык өлкөлөрдө XX к. орто ченине дейре сакталып келген/.

РАБФАК /РАБОЧИЙ ФАКУЛЬТЕТ/ рабфак /жумушчу менен дыйкандарды жогорку мектепке даярдоочу жана халлы орто билим берүүчү окуу жайы; мындай окуу жайлары 1919-ж. тартып 1939-ж. чейин болгон/.

РАВЕНСТВО теңчилик /тең укуктуулук, теңдик/.

РАВНОВЕСИЕ теңдештик /тең салмак; равновесие сил күчтөрдүн теңдештиги; вывести из равновесия куйөлектентүү, туталантуу/.

РАВНОЕ ИЗБИРАТЕЛЬНОЕ ПРАВО шайлоого тең укуктуулук /к. ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ СИСТЕМА/.

РАВНОПРАВИЕ тең укуктуулук /теңчилик, бирдей укуктуулук; равноправие граждан СССР СССРдин гражданларынын тең укуктуулугу; равноправие женщин аялдардын тең укуктуулугу/.

РАДА рада [ч]/I. Украинадагы алдык чогулуш, халлы жыйын, кеңеше; 2. Украинада жана Польшада бийликтин органы катарындагы Министрлер Совети, селолук Совет ж.б. 3. Украиналык жана Белоруссиялык буржуазиялык улутчулдардын контрреволюциячыл уюму катары 1917-1918-ж. Украина менен Белоруссияда орногон, м.: Украиналык борбордук рада, Белоруссия радасы/.

РАДИКАЛЬНАЯ ПАРТИЯ радикалдык партия /майда буржуазиянын жана интеллигенциянын бир бөлүгүнүн кызыкчылыгын көздөөчү партия/.

РАДИКАЛИЗМ радикализм /I. кандайдыр бир маселени чечүүдө чечкиндүү чараларды көрүүгө, аракеттерди жасоого умтулуу; 2. буржуазиялык радикализм буржуазиялык радикализм-саясий агым катары XIX к. капиталисттик өлкөлөрдө пайда болуп, буржуазиялык түзүлүшкө зыян келтирбестен, анча-мынча демократиялык реформаларды жүргүзүүнү гана сунуш кылган/.

РАДИКАЛЫ радикалдар /радикализмдин тарабындагылар; радикалдык партиялардын мүчөлөрү/.

"РАДИО ВАТИКАНА" "Ватикандын радиосу" /дүйнө жүзүндөгү Ватикандын карамагындагы радиостанциялардын эң ирилеринин бири; программасы 30 тилде даярдалып, анын ичинде Борбордук жана Чыгыш Европанын элдеринин 16 тилинде берилет. Чиркөөлүк диний догматтарды пропагандалаган болуп, чындыгында социалисттик өлкөлөрдөгү мамлекеттик түзүлүштү жамандайт, тарыхый фактыларды бурмалайт жана ал өлкөлөрдөгү граждандардын дүйнөгө прогрессивдүү көз караштарын бузуп, диний ууландырууга аракет кылат. Муну католиктик чиркөө акча каражаты менен камсыз кылууда/.

РАДИОВЕЩАНИЕ радио аркылуу уктуруу /радио аркылуу ар түрдүү кабарларды, музыкалык күүлөрдү, лекцияларды ж.б. уктуруу, радиовещательная станция радио аркылуу уктуруучу станция/.

РАДИОГРАММА радиограмма /радио аркылуу берилген телеграмма, кабар, маалымат/.

РАДИОЖУРНАЛ радиожурнал /I. радио жөнүндө маалымат берүүчү атайын журнал; 2. радио аркылуу кабарларды берүүчү журнал/.

РАДИОКОММЕНТАТОР радиокомментатор /саясий, экономикалык, эл аралык, спорт, маданий ж.б. темалардан радио аркылуу маалымат жана комментарий берип туруучу журналист/.

РАДИОЛОКАЦИЯ радиолокация /алыс жерден көрүнбөгөн нерселердин кайда экендигин, кайсы багытка карай бет алып бараткандыгын радио толкундары аркылуу билүү методу; радиолокационный прибор радиолокациялык прибор/.

РАДИОПЕРЕКЛИЧКА радио менен кабарлашуу /радио аркылуу сүйлөшүп, пикир алышуу/.

ЧРЕЗВЫЧАЙНЫЙ өтө эле, чукул, шашылыш /өтө эле чон; чрезвычайное усилие өтө зор ийгилик; чрезвычайное заседание шашылыш чакырылган заседание/.

ЧРЕЗВЫЧАЙНОЕ ПОЛОЖЕНИЕ өзгөчө абал /өлкөдө өзгөчө бир абал түзүлгөн учурда белгилүү бир мөөнөткө өкмөт тарабынан киргизилген өзгөчө абал. Бул көбүнчө согуш чыгып кеткен кезде болот. Капиталисттик өлкөлөрдө бул абал көп учурларда саясий кырдаал курчуп кеткенде, тап күрөшү күчөп, революциялык кыймыл жайылтылып, бийликти аскердик хунта басып алган ж.б. учурларда киргизилет/.

ЧРЕЗВЫЧАЙНЫЕ ЗАКОНЫ /ДЕКРЕТЫ/ чукул чыгарылган закондор /декреттер/ /буржуазиялык өлкөлөрдө мамлекеттик бийлик органдары тарабынан чыгарылуучу закондор, булар согуш же камалоо абалы түзүлгөндө же башка бир коркунуч келип чыккан чукул чараларды көрүүнү белгилейт да өкмөт өлкөдө жеке бийлик күргүзүп, парламенттин полномочиелери токтотулат. Мындай закондор демократиялык эркиндиктерге, профсоюздардын кыймылына колдонулуп жүрген закондорго, стачкалар менен забастовкаларга, прогрессивдүү басма сөздөргө ж.б. тыюу салат/.

ЧРЕЗВЫЧАЙНЫЕ ВООРУЖЕННЫЕ СИЛЫ ООН ООНдун атайын курамдуу

кучтеру /Израилдин коншу араб өлкөлөрүнө карши агрессиялык саясатынын натыйжасында Жакынкы Чыгышта түзүлгөн оор абалга байланыштуу Биримкен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Совети 1973-к. 25-октябрда атайын курамдуу кучтөрдү түзүүгө мажбур болгон. Бул кучтөр адегенде 6 айлык мөөнөткө жиберилген эле, бирок Жакынкы Чыгыштагы абал кенге салынбагандыктан, алардын туруу мөөнөтү узартылган. ООНдун ушундай аскердик кучтөрү Сирия менен Израилдин чек арасында, Кипрде да бар/.

ЧРЕЗВЫЧАЙНЫЙ СЪЕЗД чукул чакырылган съезд

ЧТЕНИЕ ЗАКОНОПРОЕКТА закондун долбоорун окуу /1. буржуазиялык көп өлкөлөрдө палатанын пленардык заседаниесинде закондун долборун талкуулоо учуру; 2. Францияда закондун долбоорун окуу деп аны сенатка берүүгө чейин Улуттук чогулуштун карап чыгуусун айтат, ал эми долбоорду экинчи ирет окуу /талкуулоо/ болсо Сенат карап, өзгөртүү, толуктоо киргизгенден кийин кайра Улуттук чогулушта жүргүзүлөт/.

Ш

ШАБЛОН шаблон /калып, үлгү, нуска, курулма эле окшоштуруп туурай берген даяр үлгү; работать по шаблону шаблон боюнча иштөө; шаблонная фраза баягы эле айтылып жүргөн сөз/.

ШАНС шарт, мүмкүндүк /шано на успех в соревнованиях мелдеште ийгиликке жетишүүчү шарт, использовать имеющийся шано для установления мира на Ближнем Востоке Жакынкы Чыгышта тынчтыкты орнотуу үчүн болгон мүмкүндүктөн пайдалануу/.

ШАНТАЖ шантаж /бир нерсеге кендируу үчүн ар түрдүү амал менен опузалоо; мында шантажчы адам белгилүү бир пайда чыгарып алууну көздейт/.

ШАРЖ азил, шарж /биреөнү же бир нерсени тамашалап карикатура кылып тарткан сүрөт; чыныгы карикатурадан айырмаланып, мында адамга оң мүнөз берилет же кемчилиги айтылат, дружеский шарж достук азил/.

ШАХ шах /падышанын титулу; мурда Чыгыш өлкөлөрүнүн бир кыйласынын падышасы шах болгон; Шахиншах Ирана Ирандын шахынын титулу падышалардын падышасы/.

ШЕДЕВР шедевр /эң сонун, искусстводо өтө көрүнүктүү чыгарма, устөлүктүн, үздүктүн эң чеберi/.

ШЕЙХ шейх /арабдарда уруунун, диндик общинанын башчысы, экс-кеэлы, Оман княздыгынын башчысы/.

ШЕРЕНГА шеренга

ШЕРИФ шериф /1. АКШда, Англияда, Ирландияда административдик, полициялык жана айрым соттук милдетти аткаруучу адам; 2. айрым мусулман өлкөлөрүндө феодалдык башкаруучулардын титулу/.

"ШЕСТАЯ ДЕРЖАВА" "алтынчы держава" /XIX кылымдын аягында басма сөздү ушундай деп аташкан, анткени Европада улуу держава деген атакка ээ болуу үчүн 5 мамлекет /Россия, Англия, Франция, Германия жана Австро-Венгрия/ атаандашкан учурда коомдук пикирдин калыптанып түзүлүшүндө басма сөздүн ролу, күчү абдан зор болгон/.

ШЕСТВИЕ салтанаттуу жүрүш /көпчүлүк элдин салтанаттуу жүрүшү, первомайское шествие элдин Биринчи майдагы салтанаттуу жүрүшү/.

ШЕФ шеф /1. башчы, начальник; 2. шефке алган укм, мекеме, ишкана; 3. эски Россияда эрдектуу начальник/.

ШИРПОТРЕБ /ШИРОКОЕ ПОТРЕБЛЕНИЕ/ кенири керектелүүчү /производство предметов ширпотреба кенири керектелүүчү буюмдарды даярдап чыгаруу /.

ШИФР шифр /кашырын маалыматтарды берүүдө, жазууда колдонулуучу шарттуу белгилердин, тамгалардын, цифралардын ж.б. жыйындысы. Буларды тар чейректеги, атайын максаттагы адамдар гана колдонушат/.

ШКАЛА ЗАРАБОТНОЙ ПЛАТЫ кызмат акынын шкаласы

ШКОЛА КОММУНИСТИЧЕСКОГО ТРУДА коммунисттик эмгектин мектеби /эмгекчилердин саясий билим, жогорку өндүрүмдүү ишке алууга, өндүрүштү башкарууга үйрөтүү максатын көздөөчү коммунисттик эмгекке тарбиялоонун формасы. Мектепти профсоюз жана чарба органдары уюштурат/.

ШКОЛА-ИНТЕРНАТ мектеп-интернат /балдар окуп билим алуучу, тарбиялануучу жана анда жашап туруучу орто мектеп/.

ШКОЛА ПЕРЕДОВЫХ МЕТОДОВ ТРУДА эмгектин алдыңкы методдорунун мектеби /эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку көрсөткүчтөрүнө, мыкты сапаттагы продукция чыгарууга, материалды үнөмдөөгө ж.б. жетишкен өндүрүштүн новаторлорунун тажрыйбаларын массалык түрде үйрөтүү жана жайылтуу формасы, кыймылчылардын квалификациясын жогорулатуучу жай/.

ШКОЛА ФАБРИЧНО-ЗАВОДСКОГО ОБУЧЕНИЯ /ФЗО/ фабрикалык-заводдук окуу мектеби /ишкананын алдында уюштурулган атайын профессиялык-техникалык окуу жайлары /ФЗО, ФЗУ/ аркылуу квалификациялуу кыймылчыларды даярдоонун бир формасы; мындай мектеп 1959-ж. чейин иштеген. Кийин окуу мөөнөтү 1-3 жыл болгон профтех окуу жайларына айландырылган/.

ШЛЯХТА шляхта /эски Польшадагы дворяндар/.

ШОВИНИЗМ шовинизм /ашынган улутчулдук, ар түрдүү улуттар

менен расалардагы элдердин ортосундагы кастыкты жана жек көрүүчүлүктү туудурууга багытталган империалисттик буржуазиянын реакциячыл саясаты. Шовинизм өзгөчө улуттук артыкчылыкты, бир улутка экинчи бир улуттун үстөмдүгүн үгүттөйт. Ашынган шовинизм менен расизмдин идеологиясы фашизм болуп эсептелет/.

ШОВИНИСТ шовинист / шовинизмди колдоочу, ашынган реакционер киши/.

ШПИОН шпион, тыңчы / бир мамлекеттин же уюмдун башка бир өлкөдөгү мамлекеттик кашырын бир болуп эсептелген саясий, согуштук, экономикалык ж.б. кашырын маалыматтарды чогултуп берүүчү кашырын агент/.

ШПИОНАЖ тыңчылык /бир мамлекеттин органдарынын, уюмдарынын атайын тапшырмасы боюнча чет өлкөдө тыңчылык кашырын ишмердүүлүү/.

ШТАБ штаб /I. аскерлерди башкаруу органы жана ага кирген адамдар; штаб полка полктун штабы; генеральный штаб; 2. штаб, жетекчи орган; партия есть боевой штаб рабочего класса партия жумушчу табынын күкүрөгөн штабы. В штаб БАМа собрались молодые строители БАМдын штабына жаш курулушчулар чогулушту/.

ШТАБ-КВАРТИРА ООН ООНдун штаб-квартирасы /Биригкен Улуттардын Уюмунун даймы турагы --Нью--Йорк /АКШ/.

ШТАБС-КАПИТАН штабс-капитан /падышалык Россиянын жана кээ бир чет өлкөлөрдүн армияларындагы капитандан төмөн, поручиктен жогору офицердик чин/.

ШТАНДАРТ штандарт /I, падышалык Россияда аткан аскерлердин полкунун туусу; 2. мамлекет башчысынын, монархтын, президенттин келеги/.

ШТАТ штат /I. кээ бир федерациялуу өлкөлөрдөгү АКШ, Индия,

Латин Америкасындагы айрым өлкөлөр, Австралия ж.б. мамлекеттик-территориялык бирдик; жана тиги же бу деңгээлде өзүн- өзү башкаруу укугу бар бөлүкчө; Голландия менен Францияда сословиелик өкүлдүк мекемелердин аты; 3. мекеменин, уюмдун, ишкананын кызматкерлер составы/.

ШТАТНОЕ РАСПИСАНИЕ штаттык-расписание /тартип/мекеменин, уюмдун, ишкананын кызматкерлер составын, андагы кызмат орундары менен окладдарын белгилеп көрсөткөн нормативдик документ/.

ШТРАФ штраф /жазалоо иретинде акча төлөтүп алуу, наложить штраф штраф салуу/.

ШТРАФ ЗА НАРУШЕНИЕ ДОГОВОРНЫХ УСЛОВИЙ келишим шарттарын бузгандык үчүн алынуучу штраф

ШТРЕЙКБРЕХЕР штрейкбрехер /I. капиталисттик өлкөлөрдө кумушчулардын же кәлктин артта калган катмарларынан чыгышып, стачкаларга, иш таштоолорго катышпай, пролетариаттын ишине тилектеш болуудан баш тартышкан жана иш таштоодо кумуштан чыгарылгандардын ордуна ишканага кирип алышкан адамдар /сөзмө сөз: "стачка бузуучулар" деген мааниде/; 2. штрейкбрехерлер-эксплуататорлорго карши кумушчулардын күрөшүндө алардын таптык талаптарына чыккынчылык кылышкан шумпайлар/.

ШТУРМ штурм /I. чабуул, штурм укрепления позиций противника душмандын чыңдалган позицияларына чабуул жасоо; 2. чечкиндүү, активдүү аракет, бир нерсени чечкиндүү аракет менен алуу, кулатуу; штурм самодержавия самодеравиеге чечкиндүү чабуул коюу, штурм капитализма капитализмге чечкиндүү чабуул жасоо/.

ШТУРМОВЩИНА штурмовщина /куру курсулдөккө салуу, ишкананын бир калыпта иштебей, мөөнөттүн акырында жан талаштып иштөөсүнүн жарбаган практикасы./

ШТЫК штык /I. найза, мылтыктын найзасы: идти в штыки найзалашып сайышууга баруу; 2. аскер, кол; отряд в тысячу штыков миң кишиден турган отряд; при помощи штыков аскердин жардамы менен. Встретить в штыки эте жактырбай, душмандарча кабыл алуу/.

Э

ЭВАКУАЦИЯ эвакуациялоо /эвакуация кылуу, согуш мезгилинде же стихиялык чоң кырсык убагында калкты, ишканаларды, мекемелерди, материалдык жана маданий байлыктарды башка жакка көчүрүү; согуш болгон майдандан жарадарларды ташып кетүү; аскердик белуктөрдү башка позицияга алып чыгуу. ГЭС жана чоң суу сактагыч курууда да эвакуация кәсалат/.

ЭВОЛЮЦИОНИЗМ эволюционизм /эволюциялык өнүгүү жөнүндөгү илим/.

ЭВОЛЮЦИЯ эволюция /коомдогу же жаратылыштагы кыймылдын формаларынын бири; акырындык менен тынымсыз түрдө сандык өзгөрүү, өсүү болуп отуруп, белгилүү бир шарттарда секирик жолу менен жаңы сапатка өтүү. Эволюция менен революция—жаратылыштын жана коомдун кыймылынын өнүгүшүнүн, өзгөрүшүнүн бири-бири менен акырғыс байланышкан формасы/.

ЭГАЛИТАРИЗМ эгалитаризм /теңчилик, тендемечилик; жеке менчикти тең бөлүү аркылуу капитализмдин карама-каршылыктарын жоюу мүмкүндүгүн далилдөөгө умтулушкан майда буржуазчылык утопиялык теория/.

ЭГИДА калкалоо /I. камкордук, колдоо, сактоо; под эгидой закона закондун калкалоосу астында; не признать эгиды империалистов империалисттердин колдоосуна, камкордугуна көнбөө; 2. ба-

йркы грек мифологиясында—Зевс деген кудайдын калканчы, коргонуунун жана камтамасыздык кылып калкалоонун символу/.

ЭГОИЗМ эгоизм, менменсинүү /өз мүдөөсүн коомдук теламдардан жана башкалардыкынан жогору коюп, керт башынын кызыкчылыгын көздөө/.

ЭГОИСТ эгоист /өз керт башынын гана камын ойлоочу адам/.

ЭГОТИЗМ эготизм /менменсинүүчүлүк; өз керт башын, өзүнүн кендемдүүлүгүн, кадыр-баркын башкалардан жогору сапоо, коюу/.

ЭГОЦЕНТРИЗМ эгоцентризм /баарын турган, өте ашынган өзүмчүлүк, эгоизм менен индивидуализмдин ашынган түрү/.

"ЭЗОПОВ ЯЗЫК""эзоп тили" /сөздүн чыныгы мазмунисин жашыруу максатында бурмалап, жандатып, каймана мазмунисинде сүйлөө же жазуу. Бул тил байыркы грек тамсилчиси кул Эзоптон алынган. Революциялык подполье шартында реакциячыл цензурадан жана полициялык жазалоодон жашыруу үчүн революционерлер, прогрессивдүү ишмерлер ушундай амалды колдонууга мажбур болушкан/.

ЭКВАТОРИАЛЬНЫЕ СТРАНЫ экватордук өлкөлөр /экваторду бойлото жайгашкан өлкөлөр/.

ЭКВИВАЛЕНТ эквивалент /барабар баалуу, бирдей мазмилүү, ордуна жүрүүчү, айырбаш болорлук, алайык келерлик, мазмунисин берердик нерсе, м.: акча—өзгөчө товар болуп эквиваленттин ролун аткарат, анткени акча товардын ордуна жүрө алат; всеобщий эквивалент жалпы эквивалент/.

ЭКЗЕКУЦИЯ экзекуция /I. балак алып жазалоо; 2. айрым капиталисттик өлкөлөрдө балак алуу; мүлкүн конфискациялоо же өлүм жазасын аткаруу; 3. эл аралык укукта: бир мамлекеттин башка бир мамлекетке карата жаза чарасын колдонушу/.

ЭКЗОТИКА экзотика /алыскы өлкөлөргө таандык болгон, өтө эле укмуштуу нерсе, м.: тропика өлкөлөрүнүн климаты, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн азыркы өлкөлөгү адамдарга башкача көрүнүшү. Экзотические страны экзотикалык өлкөлөр; экзотические растения экзотикалык өсүмдүктөр; экзотическая внешность тышкы кейпи башкача адам/.

ЭКЛЕКТИЗМ эклектизм /бири бирине байланышпаган ар түрдүү теорияларды, көз караштарды, идеялык жана керкем багыттарды принципсиз түрде дайыма кок эле биріктирүү/.

ЭКОЛОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА экологиялык проблема /социалдык проблема; аны чечүү үчүн курчап турган айлана чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, анын таптакыр түгөнүп кетишин болтурбоо, деңиз, дарыяларды булгануудан коруу ж.б. чаралардын системасын ишке ашыруу /.

ЭКОНОМ экономн, унем /I. сарамжалдуу, чарбачыл, үнөмчүл адам; 2. чарба башчысы/.

"ЭКОНОМИЗМ" "экономизм" /орус социал-демократиясында XIX кылымдын аягында чыккан оппортунисттик агым; анын өкүлдөрү жумушчу кыймылынын негизги максаты саясий күрөш эмес, экономикалык абалын жакшыртуу үчүн кызмат акысын жогорулатуу, эмгек шарттарын ондоо ж.б. үчүн күрөшүү болуп санашат, саясий күрөштү либералдык буржуазия жүргүзсүн дешкен. Алар жумушчу кыймылынын стихиялуулугу жөнүндө антимарксисттик, зыяндуу теорияны үгүттөшкөн, жумушчу табынын үюшкан партиясынын жана революциячыл теориянын ролун, жумушчу табынын жетекчи ролун танышкан. Экономисттерге В.И.Ленин "Эмне кылуу керек?" /1902-ж./ деген эмгегинде кыйраткыч сокку урган/.

ЭКОНОМИКА экономика /I. коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүш-

нун белгилуу бир бөлүмчөнө илайык келүүчү өндүрүштүк мамилелердин жыйындысы болуп, ошол коомдук түзүлүштүн базисин түзөт; экономика капитализма капитализмдин экономикасы; экономика социализма социализмдин экономикасы; 2. айрым өлкөнүн, областтын, райондун эл чарбасы; 3. эл чарбасынын айрым тармагы, транспорттун экономикасы, колхоздун экономикасы ж.б.; 4. эл чарбасынын айрым тармактарын изилдөөчү илим/.

ЭКОНОМИКА РАЗВИТОГО СОЦИАЛИЗМА өнүккөн социализмдин экономикасы /социалисттик эл чарбасынын өнүгүшүнүн өндүргүч күчтөрдүн жана эң илайык келген өндүрүш мамилелеринин жогорку деңгээли менен мүнөздөлүүчү азыркы этабы; ооп адамзаттын тарыхында биринчи жолу СССРде түзүлгөн/.

ЭКОНОМИСТ экономист /экономика, экономикалык илим боюнча адис/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ АГРЕССИЯ ИМПЕРИАЛИЗМА империализмдин экономикалык агрессиясы

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ БЛОКАДА экономикалык блокада /империалисттик өлкөлөрдүн белгилуу бир талапты коюп, айрым мамлекет менен экономикалык байланышын үзүп, аны обочолотуу. М.: социалисттик Кубага АКШ башында турган буржуазиялык мамлекеттер 60-жылдардан тартып ушундай чараны колдонушкан эле/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ЗАВИСИМОСТЬ экономикалык көз карандылык

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ ООН для АЗИИ И ДАЛЬНЕГО ВОСТОКА (ЭКАДВ) ООНдун Азия жана Ыраакы Чыгыш үчүн экономикалык Комиссиясы /ООНдун Экономикалык жана Социалдык Совети тарабынан 1947-ж. түзүлгөн. Бүгө 27 мамлекет мүчө: СССР, АКШ, Англия, Франция ж.б. 21 азиялык мамлекет. Комиссиянын милдети экономика жагындагы

маселелерди чечүүдө макулдашылган иш-аракет жасоо. Анын Секретариаты Бангкокто /Таиланд/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ ООН для АФРИКИ (ЭКА) ООНдун Африка үчүн экономикалык комиссиясы /ООНдун Экономикалык жана Социалдык Совети тарабынан 29/IУ 1958-ж. түзүлгөн. Ага 42 африкалык өлкө мүчө. Комиссиянын милдети-Африканы экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрүү максатында андагы өлкөлөрдүн өз ара жана башка мамлекеттер менен экономикалык мамилелерин чыңдоо жана колдоо. Анын Секретариаты-Аддис-Абебада /Эфиопия/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ ООН для ЕВРОПЫ /ЕЭК/ ООНдун Европа үчүн экономикалык комиссиясы /ООНдун Экономикалык жана Социалдык Совети тарабынан 28/Ш 1947-ж. түзүлгөн. Ага СССР жана АКШ менен кошо европалык 30 мамлекет кирет. Комиссия европалык өлкөлөрдүн өз ара жана башка мамлекеттер менен экономикалык кызматташуусун колдоого, кеңейтүүгө жана экономикалык деңгээлин жогорулатууга багытталган күч-аракеттерин макулдаштырууга көмөк көрсөтүүгө тийиш. Комиссия жыл сайын кезектеги сессиясына чогулуп турат. Анын Секретариаты-Женевада /Швейцария/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ ООН для ЛАТИНСКОЙ АМЕРИКИ /ЭКЛА/ ООНдун Латын Америкасы үчүн Экономикалык комиссиясы /ООНдун Экономикалык жана Социалдык Совети тарабынан 25/П 1948-ж. түзүлгөн. Ага Латын Америкасы менен Кариб деңизиндеги 29 өлкө АКШ, Англия, Франция жана Канада мүчө. Комиссиянын милдети-Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн экономикалык деңгээлин жогорулатууга, эл өлкөлөрдүн өз ара ж.б. өлкөлөр менен экономикалык байланыштарын өркүтүүгө көмөк көрсөтүү. Анын Секретариаты-Сантьягодо /Чили/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА экономикалык саясат /мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан экономикалык чаралардын системасы/.

ЭКОНОМИЧЕСКАЯ РЕФОРМА В СССР СССРдеги экономикалык реформа /коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында КПСС менен Совет мамлекети турмушка ашырып жаткан чаралардын системасы/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ ЗАКОНЫ экономикалык закондор /адамзат коомунун өр түрдүү баскычтарында өндүрүштү жүргүзүү, материалдык байлыктарды белүштүрүү, алмаштыруу жана керектөө иштерине багытталып өрөкөт кылуучу объективдүү закондор/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЕ КАТЕГОРИИ экономикалык категориялар /адамдардын экономикалык, коомдук-өндүрүштүк мамилелеринин теориялык көрүнүшү: эмгектин коомдук белүнүшү, нарк, акча, капитал, кошумча нарк, өндүрүштүк фондулар ж.б./.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ КРИЗИС ПЕРЕПРОИЗВОДСТВА ашыкча өндүрүүнүн экономикалык кризиси /буржуазиялык экономиканын бардык каршылыктарынын өтө бетер курчушун мүнөздөгөн капиталисттик циклдин бир фазасы: товарлардын көп өндүрүлүшү, сооданын кыскартылышы, рынокто товарлардын өтпөй калышы, өндүрүштүн өйрүм тармактарынын токтоп калышынан келтеген кумушчулардын өндүрүштөн куулуп, кумусуздарга өйлөнүшү; кийлө капиталисттик, майда товар ишканаларынын, кредит институтунун жана банктардын кыйрашы/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ И СОЦИАЛЬНЫЙ СОВЕТ ООН ООНдун Экономикалык жана Социалдык Совети /ООНдун башкы органдарынын бири. АЛ ООНдун Генеральный Ассамблеясы үч жылга шайлоочу 27 мүчөсүнөн турат, буга СССРде кирет. Совет экономикалык, социалдык, маданий, агартуу, саламаттык сактоо ж.б. жактардагы эл аралык проблемаларды изилдеп үйрөнүүгө, докладдарды түзүүгө, ООНго мүчө мамлекеттерге жана

.ООНдун өр түрдүү органдарына сунуштарды берүүгө тийиш/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РАЗДЕЛ МИРА дүйнө жүзүн экономикалык белүштүрүү /максималдуу пайданы камсыз кылуу үчүн капиталисттик монополиялык союздардын ортосунда конкуренция аркылуу дүйнө жүзүнүн белүнүшү/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РАЙОН экономикалык район /коомдун белгилүү бир экономикалык түзүлүшүнүн жана эмгектин территория боюнча белүнүшүнүн негизинде, өз аймагында адистештирилген чөрөө түзүлүп жана өнүгүп жаткан өлкөнүн бир белүгү/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ УКЛАД экономикалык уклад /өнчүктүн тигил же бул формасына негизделген экономиканын сектору, экономикалык мамилелердин бир тиби/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ ЭКСПЕРИМЕНТ экономикалык эксперимент /экономикалык өнүгүүнүн темптерин жогорулатуу максатында белгилүү чөрөбалык чаралардын пайдалуулугун текшерип, илимге таянып жүргүзүлгөн тажрыйба/.

ЭКОНОМИЧЕСКИЙ ЭФФЕКТ экономикалык натыйжа

ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СОРЕВНОВАНИЕ СОЦИАЛИЗМА С КАПИТАЛИЗМОМ социализмдин капитализм менен экономикалык мелдеши /чөрөбанын дүйнөлүк эки системасынын тынчтыкта жашоо шарттарында материалдык өндүрүштүн чейресиндеги тең күрөшүнүн формасы, объективдүү тарыхый процесс. Мында өндүрүштүн жалпы көлөмү жана калктын өр бир жан башына өндүрүлүүчү продукциянын өлчөмү боюнча өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөн озуп кетүү милдети коюлган. СССР көмүр, темир материалдары, кездеме ж.б. боюнча дүйнө жүзүндө биринчи орунга чыкты/.

ЭКОНОМИЧЕСКОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО экономикалык кызматташтык

ЭКОНОМИЯ үнөм /I. үнөмдөө; экономия государственных средств мамлекеттик каражаттарды үнөмдөө, үнөмделген; экономия сырья и материалов сырьёлор менен материалдардын үнөмделгени; 2. помещиктин ири имение, чарба; 3. эски Россияда чарбаны башкаруучу өкметтук айрым мекемелер/.

ЭКСКУРС экскурс /башкы маселелерден, негизги темадан четтөө мүмкөтүндө кардамчы, экинчи маанидеги маселелерди, теманы баяндоо/.

ЭКСПАНСИОНИЗМ экспансионизм /экспансиялык агрессивдүү саясат; экспансионизм американских империалистов америкалык империалисттердин экспансионизми/.

ЭКСПАНСИЯ экспансия /I. башка территорияларды, сырьё булактарын жана рынокторду басып алуу максатында империалисттик мамлекеттердин кургуган агрессиялык саясаты; алардын белек элке-, дерге өзгөрүнүн ссясий жана экономикалык табиатын жайылтышы; 2. бантарпы чектерден тышкары чыгып кецейүү, жайылуу, таралуу/.

ЭКСПЕДИЦИЯ экспедиция /I. жөнөтүү; экспедиция грузов жүктерду жөнөтүү; 2. атайын бир максат менен уюшулган топ; научная экспедиция илимий экспедиция; карательная экспедиция жазалоочу экспедиция; 3. эски Россияда мамлекеттик мекеменин канцелярисн/.

ЭКСПЕРИМЕНТ эксперимент /I. илимий изилдөө максатында кургузулган тажрыйба; произвести химический эксперимент химиялык эксперимент жасоо; 2. сынап көрүү, байкоо кургузуу, тажрыйба кылуу; рискованные эксперименты тобокелге салган эксперименттер/.

ЭКСПЕРТ эксперт /кандайдыр=бир иш же маселе боюнча корутунду, жыйынтык чыгарып берүүчү адис; судебный эксперт соттук эксперт/.

ЭКСПЕРТИЗА экспертиза /адистердин кардамы менен кандайдыр=бир маселени же ишти текшерүү, чечүү же изилдөө; врачебная

экспертиза врачтык экспертиза; отправить на экспертизу экспертизага жиберүү/.

ЭКСПЛУАТАЦИЯ эксплуатация /I. өндүрүш каражаттары жеке менчигинде болгон эксплуататордук таптардын зайлуучу таптар өндүргөн продуктыларды бекер сиципип алыш. Эксплуатация--кул зээчулук, феодалдык жана капиталисттик коомдорго таандык, антагонисттик таптарга белүнгөн. Социалисттик революция жецип чыкан жана өндүрүш каражаттарына жеке менчик жоюлган кезде гана адамды адам эксплуатациялоо биротоло жок болот; К. СОЦИАЛИЗМ,КОММУНИЗМ; 2. пайдалануу, колдонуу, натетүү; эксплуатация недр земли жер астындагы байлыктарды натетүү; сдать в эксплуатацию жилой дом турак үйдү пайдалануага берүү/.

ЭКСПЛУАТАТОР эксплуататор /эксплуатация кылуучу, бирөөну эзүүчү, анын эмгегинен пайдаланууч, өндүрүш каражаттарынын ээси-капиталист, помещик, кулак; эксплуататорские классы эксплуатациялоочу таптар/.

ЭКСПОЗЕ экспозе /I. документти, чыгарманы ж.б. кыскача баяндоо, андан үзүндү келтирүү; 2. парламентте өкметтун саясатын, көбүнчө тышкы саясатын кыскача баяндап көрсетүү/.

ЭКСПОЗИЦИЯ экспозиция /көргөзмөлөрдө, музейлерде буюмдарды, экспонаттарды белгилүү бир система боюнча жайгаштыруу/.

ЭКСПОНАТ экспонат /музейге, көргөзмөгө коюлуучу нерселер, искусство буюмдары, китептер, машиналар; музейные экспонаты музей экспонаттары/.

ЭКСПО экспо /бүткүл дүйнөлүк көргөзмө, участники "ЭКСПО—75" или Всемирной выставки "ЭКСПО —75" . бүткүл дүйнөлүк көргөзмөнүн катышуучулары/.

ЭКСПОНЕНТ экспонент /товарларды, буюмдарды, экспонаттарды, көргөзмөгө жиберүүчү мекеме, ишкана, адам/.

ЭКСПОРТ экспорт /1. бир өлкөдөн башка мамлекетке товарлардын жана капиталдын чыгарылышы; экспорт машин машиналарды экспорттоо; 2. чет мамлекетке чыгарылган товарлардын саны же наркы/.

ЭКСПОРТЕР экспорттоочу /чет өлкөгө товар чыгаруучу мекеме, ишкана же киши/.

ЭКСПОРТ КАПИТАЛА капиталдын экспорттолушу /империалисттик күчтүү державалардын чет өлкөлөргө капиталды алып барып жайгаштырышы. Мунун максаты ал жерде өнөр жайларды куруп, жергиликтүү жумушчуларды азуу аркылуу көптөгөн кошумча наркты өндүрүү болуп саналат/.

ЭКСПОРТ КОНТРРЕВОЛЮЦИЯ контрреволюцияны экспорттоо /демократиялык түзүлүш орногон мамлекеттерде капиталисттик же колониялык түзүлүштү кайра орнотууга умтулуп, капиталисттик мамлекеттердин реакциячыл чөйрөлөрүнүн күч колдонушу, аскерлерин жиберүү, жергиликтүү реакцияга согуштук жардам көрсөтүү, идеологиялык диверсияларды уюштуруу ж.б./.

ЭКСПРОПРИАТОР экспроприатор /биреөнүн бир нерсесин тартып алуучу, биреөнүн эмлигинен ажыратуучу адам, экспроприацияга катышуучу киши/.

ЭКСПРОПРИАЦИЯ экспроприация /1. экспроприациялоо, экспроприация кылуу; бир кожоюндук тептин же катмардын өндүрүш каражаттарынын экинчи тап тарабынан тартып алынышы. Социалисттик революциянын жеңишинин натыйжасында помещиктер менен капиталисттердин өндүрүш каражаттарынан ажыратылышы; 2. буржуазиялык укукта капиталисттик өлкөлөрдөгү жеке менчиктеги мүлктөрдү, акча төлөп же төлөбөй мамлекеттик бийликтин мажбурлап алып коюшу/.

ЭКСТЕРН экстерн /1. эски Россияда жабык окуу жайынын жатаканасында жатпастан, келип окуучу бала; 2. окуу жайында туруктуу окубастан, бут куро боюнча экзамен берүүчү адам; 3. мурдагы заманда практикадан өтүү максатында оорукананда же медициналык мекемеде акы албастан иштеечү, штаттан тышкары врач/.

ЭКСТЕРРИТОРИАЛЬНОСТЬ экстерриториалдуулук /эл аралык келишимдердин жана адаттардын негизинде чет өлкөлүк дипломатиялык өкүлдөрдүн жана адаттардын негизинде чет өлкөлүк дипломатиялык өкүлдөрдүн өздөрү турган өлкөлөрдө өзгөчө укуктарга жана артыкчылыктарга ээ болушу. Чет өлкөлүк делегациялар да ушундай укуктардан пайдаланышат/.

ЭКСТРЕМИЗМ экстремизм /көбүнчө саясатта өтө эле ашкере чабуучулук, эң эле катаал чараларды колдонууга умтулуучулук; реакциячыл экстремисттер азыр Аргентинада, Индияда, Италияда, Түндүк Ирландияда ж.б. өлкөлөрдө аракет кылууда/.

ЭКСТРЕМИСТ экстремист /экстремизм методун колдонуучу, ашкере реакциячыл адам, протестанткие экстремисти в Олстере Олстердеги протестанттык экстремисттер/.

ЭКСТРЕННОСТЬ шашылыштык

ЭКСЦЕСС эксцесс /1. өтө эле чектен чыгып кетүү, ашкере, апыртма; 2. кооңдук тартипти бузуу, катылышуу; предотвратить всякие эксцессы ар кандай эксцесстерди алдын ала болтурбай коюу/.

ЭЛЕКТРИФИКАЦИЯ электрлештирүү

ЭЛЕКТРОВООРУЖЕННОСТЬ ПРЕДПРИЯТИЯ ишкананын электр күбаты менен жабдылышы

ЭЛЕКТРОВООРУЖЕННОСТЬ ТРУДА эмгектин электр күбаты менен жабдылышы

ЭЛЕМЕНТ элемент /бир нерсенин составдык же мүнөздүү бир белгиси; прогрессивные элементы общества коомдун прогрессивдүү элементтери; подозрительный элемент шектүү адам/.

ЭЛИТА элита /буржуазиялык социологияда элита деген сөз таптык теңсиздикти белгилөө үчүн колдонулат, элита общества коомдун тандалмалуу, мыкты чөйрөсү, катмарлары деген мааниде түшүндүрүлөт/.

ЭЛЛИНИЗМ эллинизм /байыркы грек маданиятынын Александр Македонскийдин жеңип алышынан кийинки доор; эллинистическая культура эллинисттик маданият/.

ЭМАНСИПАЦИЯ азаттык /бөтөндүк, эркиндик, кутулуу, куткаруу, эмансипация женшин аялдарды азаттыкка чыгаруу/.

ЭМАНСИПИРОВАТЬ азаттыкка чыгаруу /көз карандылыктан, азуудан, эски үрп-адаттан, көз карактан ж.б. куткаруу; азаттыкка, бөтөндүккө чыгаруу, кутултуу; эмансипировать личность адамдын көрт башын азаттыкка чыгаруу/.

ЭМБАРГО эмбарго /тыюу салуу; наложить эмбарго эмбарго салуу, товарларды, валюталарды, курал-жарактарды ж.б. алып келүүгө бир мамлекеттен же башка өлкөгө чыгарууга тыюу салуу; башка мамлекетке тиешелүү кемени, кукту ж.б. мүлктү кармап калуу. Тынчтык убактагы эмбарго бөлөк өлкөгө экономикалык, саясий, финансылык ж.б. кысым көрсөтүү чара көрүү катарында, ал эми согуш мезгилинде экономикалык блокада катарында колдонулат/.

ЭМБЛЕМА эмблема /белги, кандайдыр-бир идеяны же түшүнүктү мүнөздүү, символикалуу түрдө билдирүүчү белги, м.: көгүчкөн-тынчтыктын эмблемасы; орок жана балка-жумушчулар менен дыйкандардын союзунун эмблемасы/.

ЭМИГРАНТ эмигрант /бир өлкөдөн башка мамлекетке көчүп барган адам; политический эмигрант саясий эмигрант/.

ЭМИГРАЦИЯ эмиграция /1. саясий, экономикалык, диний ж.б. түрдүү себептер боюнча өз өлкөсүнөн башка чет элге агасыздан же өз ыктыяры менен кетүү; уехать в эмиграцию эмиграцияга кетүү; 2. башка бир өлкөдө жашоочу эмигранттар; русская эмиграция после борьбы против царизма орус эмигранттары падышачылыкка каршы күрөш жүргүзүшкөн эле; 3. чет өлкөдө жашоо; в эмиграции упорно работал В.И.Ленин В.И.Ленин эмиграцияда жүрүп өтө катуу иштеген/.

ЭМИР эмир /чыгыштагы айрым мусулман өлкөлөрүндө өкмөт башчылары жана да ушул титулга ээ болгон адам; Бухарский эмир Бухаранын эмири. Азыр Кувейт мамлекетинин башчысын эмир башкарат/.

ЭМИССАР эмиссар /саясий тапшырма менен башка өлкөгө жашырын жиберилүүчү өкүл, агент/.

ЭМИССИОННЫЕ БАНКИ эмиссиялык банктар /капиталисттик коомдо акча каражаттарын сактап, аларды кредитке берүүчү, проценттерди төлөөчү, бюджеттин өткөрүлүшүн тейлөөчү жана кредит акчаларын-банкнотторду чыгаруучу банктар. СССРде жана социалисттик өлкөлөрдө эмиссиялык банктын ишин Мамлекеттик банк өткөрөт/.

ЭМИССИЯ эмиссия /кагаз акчаларды, баалуу кагаздарды чыгаруу/.

ЭМПИРИЗМ эмпиризм /фактыларды жана кубулуштарды изилдеп үйрөнүүдө теориялык жалпылоолордун маанисин баалабастан, таанып-билүүнүн бирден-бир негизи тажрыйба жана сезип кабыл алуу болот деп эсептеген философиялык окуу/.

ЭМПИРИК эмпирик /эмпиризмди жактоочу адам/.

ЭМПИРИОКРИТИЦИЗМ эмпириокритицизм /материалдык дүйнөнүн жашашын таанып жана аны ой-сезим менен түзүлүштүн айкалышуусун-

дагы көрүнүш деп караган материализмге душман реакциячыл, субъективдик-идеалисттик философиялык агым; Бул агым XIX-к. аягында XX к. башында пайда болгон. В.И.Ленин "Материализм жана эмпириокритицизм" деген эмгегинде /1909-ж./ бул агымдын негиздөөчүсү Махтын окуусуна жана аны орус колдоочуларына кайраткыч сокку урган/.

ЭНТУЗИАЗМ энтузиазм /дилгирдик, кайраттуулук, жигердүүлүк, работать с энтузиазмом дилгирдик менен иштөө/.

ЭНТУЗИАСТ энтузиаст /интилүүчү, дилгир, кайраттуу, жигердүү, энтузиазм менен иштөөчү адам; энтузиасты пятилетки беш жылдыктын кайраттуу адамдары/.

ЭНЦИКЛИКА энциклика /Рим папасынын саясий, дин, мораль ж.б. маселелер боюнча бардык католиктерге жиберген посланиеси/.

ЭНЦИКЛОПЕДИСТ энциклопедист /I. бардык жагынан билимдүү, кең маалыматтуу, билимдин эр түрдүү тармагынан кабары бар киши; илимдин эр түрдүү тармагына чоң салым кошкон окумуштуу /м.: М.В. Ломоносов/; 2. XVIII к. экинчи жарымында Франциядагы прогрессивдүү философтор, табиятты изилдөөчүлөр, жазуучулар, публицисттерден турган инимдер тобу/.

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ энциклопедия/I. илимдин, техниканын жана искусствонун бардык тармагы боюнча билимдердин системага салынган жыйнагы; Большая Советская Энциклопедия Советтик Чоң Энциклопедия; 2. айрым илимдин эр түрдүү тармагынын системага салынып баяндалышы, м.: энциклопедия права укук энциклопедиясы/.

ЭПИГОН эпигон /искусствода, илимде, искусстводо ж.б. кандайдыр бир багытты жактаган, бирок өзүнүн чыгармачылык өзгөчөлүгү болбостон, тигилердикин гана кайталаган адам/.

ЭПИГРАММА эпиграмма /I. кандайдыр=бир кубулушка же адамга арналып жазылган сатиралык кыскача ыр; 2. байыркы гректерде өтөликке, молого, үйдүн бооруна ж.б. жазылган кыскача ыр/.

ЭПИГРАФ эпиграф /текстке же анын идеясына түшүнүк берүү максатында адабий чыгарманын же анын бөлүмдөрүнүн баш жагына жазылган кыскача цитата, макал же сөзүм сөз; взять эпиграфом строки из Пушкина эпиграф кылып Пушкинден бир сап ыр алуу/.

ЭПИДЕМИЯ эпидемия /кайсы бир жугуштуу оорунун өтө жайылып кетиши; эпидемия холеры холеранын эпидемиясы/.

ЭПИЗОД эпизод /I. окуя, болгон нерсе; интересные эпизоды из жизни путешественника саякатчынын өмүрүндөгү кызык окуялар; 2.болор-болбос, майда окуя; это лишь эпизод в его борьбе бул анын күрөшүндөгү бир гана окуя; 3. көркөм адабий чыгарманын бөлүгү; показали эпизод киноэпопеи "Освобождение" "Боштондук" киноэпопеясынан эпизод көрсөтүшү/.

ЭПИЗОДИЧЕСКИЙ анда-санда болуучу /көп бир убакта, мезгил-мезгили менен болуучу; эпизодический случай анда-санда болуучу окуя/.

ЭПИЛОГ эпилог /I. көркөм адабий чыгарманын, кинофильмдин ж.б. акыркы, тыянак бөлүгү; эпилог романа романдын эпилогу; 2. бир нерсенин, талаш-тартыштын түйүнүнүн чечилиши,акыры; эпилог восстания көтөрүлүштүн акыры/.

ЭПОПЕЯ эпопея /I. тарыхый зор окуяларды сүрөттөөчү адабий чоң чыгарма; эпопея Л.Н.Толстого "Война и мир" Л.Н.Толстойдун "Согуш жана тынчтык" деген эпопеясы; 2. өз эре байланышкан өтө зор окуя; эпопея Великой Отечественной войны Улуу Ата мекендик согуштун эпопеясы/.

ЭПОХА эпоха, доор /жаратылыштын, коомдун, илимдин ж.б. тарыхый өнүгүүнүн узак мезгили; эпоха феодализма феодализм доору; Советская эпоха Советтик доор/.

ЭРА эра, заман /I. жылдык санактын башы; новая эра Христостун туулган күнүнөн башталган жаңы заман; в четвёртом веке до нашей эры биздин заманга чейинки төртүнчү кылымда/.

ЭРУДИТ эрудит /көптү билген, билими чоң, маалыматтуу киши/.

ЭРУДИЦИЯ эрудиция /илимдин бир же көп тармагы боюнча көптү билгендик, терең окумуштуулук; это человек с большой эрудицией бул көптү билген, өтө маалыматтуу адам/.

ЭСЕРЫ /"социалисты-революционеры" / эсерлер /" социалист-революционерлер" /1901--1902-ж. Россияда народниктик чачкын майда топтордун калдыктарынан түзүлгөн майда буржуазиялык /дыйкандар/ партиясы; эсерлер буржуазиялык-демократиялык революцияда кумушчу табынын кетекчи ролун жана пролетариат диктатурасынын идеясын танып, марксизм-ленинизмдин идеялык душманы болушкан. Алар күрөштүн негизги куралы деп террорду эсептешкен. Февраль революциясы убагында меньшевиктер менен убактылуу өкмөттү колдошкон. Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин Совет бийлигине каршы күрөшүп, заговорлорду, көтөрүлүштөрдү уюштуруп, террордук иштерди күргүзушкен. Граждандык согуштан кийин эсерлер партиясы жоюлуп алардын лидерлери эмиграцияга кетишкен/.

ЭСКАДРА эскадра /аскер-деңиз флотунун же авиациянын чоң бирикмеси; эскадренный миноносец эскадралык миноносец/.

ЭСКАДРИЛЬЯ эскадрилья /аскер-або флотундагы бөлүкчө; эскадрилья истребителей истребителдер эскадрильясы/.

ЭСКАЛАЦИЯ эскалация /империалисттик мамлекеттердин согуштук-саясий доктринасынын термини; бул термин мамлекеттин, армиянын согуштук күч-кубатын пландуу түрдө күчөтүү, белгилүү бир райондо согуштук күчтөрдүн санын бара-бара көбөйтүү, согуштук ракеттердин интенсивдүүлүгүн улам-улам күчөтүү жана согуштук ракеттердин аймагын кеңейтүү, аны башка жаңы жерлерге кайылтуу дегендикти билдирет/.

ЭСТАФЕТА эстафета/I. атчан жеткирилүүчү почта;отправлять эстафетой эстафета почтасы менен жөнөтүү; 2.спорттук көө карыята таякчаны улам өз тарабындагыларга берип отуруп, ырага жеткирүү; 3. улуулардын жолун колдоо, улгу, тажрыйба, эрнек ж.б. жакшы жактарын жеткинчек муундардын өткөрүп алышы; эстафета поколений улуу муундардын эстафетасы/.

ЭСТЕТИКА эстетика /I. искусствонун өнүгүү закону, анын идеялык мазмунун, көркөмдүк формасын жана тап күрөшүндөгү анын коомдук ролун изилдөөчү окуу; марксистско-ленинская эстетика марксисттик-лениндик эстетика; 2. бирөөлүн искусствого көз карам системасы; эстетические взгляды Чернышевского Чернышевскийдин эстетикалык көз караштары/.

ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ эстетикалык тарбия /турмуштагы жана искусстводогу коом жакшы нерселерди түшүнүү жана баалоо көндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө, эстетикалык сезимдерди, ой-кыгыртууларды жана коом жакшы нерселерди ырата билүүчүлүккө тарбиялоочу, турмушта жана көркөм чыгармачылыкта жакшынакай коом нерселерди түзүүгө катышуу сезимин ойготууга багытталган тарбиялык чаралардын системасын. Бул тарбия социалдык шарттарга карама болот. Эксплуататордук коомдо кооздук көнүндөгү түшүнүк бурмаланып, карама-каршылыктагы мунөздө болот. Социалисттик коомдо болсо эл элди

коммунисттик тарбиялоонун составдык бир бөлүгү болуп саналат. Ал эмгекке тарбиялоо менен тыкыс байланышта. Эстетикалык тарбия бизде балдар мекемелеринен баштапат да, көркөм сүрөт, музыка окуу жайлары, мектептери, студиялар, маданият үйлөрү ондай тарбиянын очогу болуп саналат/.

ЭСТЕТСТВО эстетство /искусстводо көркөм чыгармалардын мазмунуна көңүл бурбай, формасына гана өтө берилүүчүлүк, "Искусство искусство үчүн" деген реакциячыл теориянын мааниси/.

ЭТАП этап /кандайдыр бир нерсенин өсүшүнүн жекече, өзгөчө учуру, баскычы/.

ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ ПРОМЫШЛЕННОСТИ өнөр жайдын өнүгүү этаптары

ЭТИКА этика /I. коомдук ан-сезимдин формаларынын бири болуп, нрава /мораль/ көнүндөгү адамдын коомдук жана жеке турмушундагы роду көнүндөгү окуу. Буржуазная этика буржуазиялык этика; коммунистическая этика коммунисттик этика; 2. адеп,сылыктыктын,тартиптүүлүктүн, адамгерчиликтин, кичи пейилдүүлүктүн, маданияттуулуктун нормасы; врачебная этика врачтык этика; научная этика илимий этика/.

ЭТИКЕТ этикет /элге сиңип калган белгилүү бир жүрүш-туруш эрежеси же коомдук белгилүү чөйрөлөрдө жана официалдуу функцияларды аткарууда өзүн-өзү алып жүрүүнүн, мамиле кылуунун эрежеси; дипломатический этикет дипломатиялык этикет/.

ЭТНОГРАФИЯ этнография /I. элдердин материалдык жана рухий маданиятын изилдеп үйрөнүүчү илим; 2. калктын турмуш-тиричиликтик, урп-адаттык, салттык, маданияттык өзгөчөлүктөрү; этнография Средней Азии Орто Азиянын этнографиясы/.

ЭФФЕКТ эффект /өтө таасирдүүлүк, тузук натыйжалуулук, произвести эффект на зрителей көрүүчүлөргө зор таасир берүү/.

ЭТНОГЕНЕЗ этногенез /элдин, калктын келип чыгышы/.

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ОБЩЕСТВЕННОГО ПРОИЗВОДСТВА коомдук өндүрүштүн эффективдуулугу коомдук өндүрүштө аз чыгым сарптоо аркылуу көбүрөөк натыйжага жетишүү/.

ЭФФЕКТИВНЫЙ эффективдуу /көбүнчө өзүнүн сыртқы түрү, формасы боюнча көзгө чалдыгга, кызыктыра, көңүл бурдура турган нерсе/.

Ю

ЮБИЛЕЙ юбилей /даңазалуу окуянын же айрым адамдын, мекеменин, уюмдун ишинин белгилүү бир жылдыгын жана мамлекеттин түзүлүшүнүн ж.б. жылдыгын салтанаттуу түрдө белгилөө, майрамдоо; празднование юбилея юбилейди майрамдоо/.

ЮБИЛЯР юбиляр /юбилейин белгилеп жаткан киши/.

ЮДОФОБ юдофоб /еврейлерди мек көрүүчү, антисемит; к. АНТИСЕМИТИЗМ/.

ЮЛИАНСКИЙ КАЛЕНДАРЬ юлиан календары /Россияда 1917-ж. Октябрь революциясына чейин колдонулуп келген жыл эсептөө системасы; анын биздич замандан мурда 46-ж. Рим императору Юлий Цезарь киргизген болучу/.

ЮНГА юнга /кемеде матростук кызматка даярдалып жаткан кенже матрос/.

ЮНКЕР юнкер /I. падышалык Россияда офицерлерди даярдоочу мектептин окуучусу; 2. феодалдык Пруссиядагы ири жер ээси--дворянин, ири помещик/.

ЮНКЕРСТВО юнкерство /Пруссияда, кийин Германияда өскөн реакциянын, шовинизмдин жана империализмдин тиреги болгон жер ээлери. 30-жылдарда Германияда фашизмдин бийликке келишине жардамдашкан, ГДРде тап катарында жоюлган помещиктер тобу/.

ЮНЕСКО юнеско /билим берүү, илим жана маданият маселелери

боюнча 1946-жылы түзүлгөн Бириккен Улуттардын Уюму--ООНдун өкмөттөр аралык атайын уюму, Ага 135 мамлекет кирче, анын ичинде СССР, УССР, БССР бар. Максаты жана милдети: тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоого көмөк көрсөтүү, элдердин расасына, жынысына, тилине же тутган динине карабастан билим берүү, илим жана маданият жагынан кызматташуусуна жардамдашуу. Жогорку органы-эки жылда бир ирет чакырылуучу Генеральная конференция, аткаргыч органы--Совет. Штаб-квартирасы-Парижде/.

ЮПИ ЮПИ /Юнайтед Пресс Интернейшнил /АКШдагы эң ири информациялык агенствонун бири. АКШда ж.б. өлкөлөрдө кабар берүүчү ири тармактары бар. АКШнын башкаруучу чөйрөлөрү менен тыкыс байланышта болуп, монополиялык капиталдын талаптарын көздейт/.

ЮРИДИЧЕСКАЯ КОНСУЛЬТАЦИЯ юридикалык консультация /укук маселеси боюнча калкка жардам көрсөтүү милдетин аткаруучу адвокаттар коллегиясынын бөлүгү/.

ЮРИДИЧЕСКОЕ ЛИЦО юридикалык мекеме, ишкана,уюм /булар жеке адамдан айырмаланышып, мүлктүк келишим түзүүдө, соттук талашып-тартышууда ж.б. укукка жана милдетке ээ болушат/.

ЮРИСДИКЦИЯ юрисдикция /1. граждандык, кылмыш ж.б. иштерди карап боюнча сот органдарынын компетенциясы; ошол сот кароого жана чечүүгө укуктуу иштердин чөйрөсү; 2. мамлекеттик мекемелердин же мамлекеттин карамагына тиешелүү маселелер чөйрөсү, м.: административдик юрисдикция, эл аралык юрисдикция/.

ЮРИСКОНСУЛЬТ юрисконсульт /укук маселелери боюнча мекемелердин же ишканалардын алдындагы туруктуу консультант/.

ЮРИСПРУДЕНЦИЯ юриспруденция /юридикалык илимдердин жыйынтыгы, укук жөнүндөгү илимдердин жыйындысы/.

ЮРИСТ юрист /укук таануу, юридикалык илим боюнча адис, укук жагындагы кызматкер/.

ЮСТИЦИЯ юстиция /сот иштерин жүргүзүү, сот мекемелеринин системасы, ведомствосу; министерство юстиции юстиция министерствосу/.

Я

ЯВЛЕНИЕ кубулуш /көрүнүш, окуя;явление общественной жизни коомдук турмуштун көрүнүшү; явление природы табияттын кубулушу/.

ЯДЕРНЫЙ ядролук /ядерная энергия ядролук энергия; атомдук ядронун бөлүнүшүнөн келип чыккан энергия; ядерная физика ядролук физика; атомдук ядро жана анын кубулушу изилденип үйрөнүлө турган физиканын бир бөлүгү/.

ЯДЕРНОЕ РАЗОРУЖЕНИЕ ядролук куралсыздануу /массалык турде кырып жок кылуучу ядролук куралдын тынымсыз чыгарылып, жайылып кетишине байланыштуу адамзаттын алдында турган өтө татаал проблемалардын бири. СССР жана социалисттик өлкөлөрдүн күч=аракети менен бул жагынан төмөнкүдөй алгачкы жыйынтыктарга жетишилди: үч чөйрөдө-атмосферада, космос мейкиндигинде жана суу астында ядролук куралдарды сыноого тыюу салуу жөнүндө Москва келишимине, космос мейкиндигин изилдөө жана пайдалануу, ага ядролук куралдарды чыгарбоо жөнүндөгү келишимге, ядролук куралдарды таркатпоо жөнүндөгү келишимге, декреттер менен океандардын түбүнө ядролук курал-дарды жайгаштырбоо жөнүндөгү келишимге кол коюлган. Ядролук куралсыздануу боюнча бүткүл дүйнөлүк конференцияны чакыруу жөнүндөгү СССРдин сунушун ООНдун Генеральный Ассамблеясы 1971-ж. кубаттаган болучу. Анын чакырылышы жана чечим кабыл алышы дүйнө жүзүн ядролук согуштун коркунучунан куткарар эле/.

ЯКОБИНЦЫ якобинчилер /ХУШ к. Франциядагы буржуазиялык революция убагында буржуазиянын кийлө революциячыл белугунун эл массасын монархияга жана феодалдык тузулушке карши кетерген саясий партиясы. Бул партия 1793-ж. июндан 1794-ж. июлга дейре гана жашап, контрреволюциячыл теңкөруш убагында кулатылган /к. ТЕРМИДОР/.

ЯЛТИНСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ /1945/ Ялта конференциясы /совдаш уч улуу державалардын башчыларынын 1945-ж. 4—12-февралда Крымда болуп өткөн конференциясы; анга И.В.Сталин, Ф.Рузвельт жана У.Черчилль жана уч өлкөнүн тышкы иштер министрлери, штабдарынын начальниктери катышкан. Фашисттик Германияны талкалоо, Биригкен Улуттар Уюмун тузуу /ООН/, Японияга карата жалпы жонундогу маселелер каралып, чечилген/.

ЯНКИ янкилер /АКШда туулган америкалыктардын аты/.

ЯНУС янус /к. ДВУЛИКИЙ ЯНУС/.

ЯНЫЧАРЫ яничарлар /1. Турциянын султанынын 1826-ж. чейинки тандалма жоо жокери, султан бийлигинин полициялык кучу, таянычы; 2. деспоттук, зулумдук бийликтин элге карши курешкен куралдуу жалдаттары, баш кесерлери/.

ЯРЛЫК ярлык /1. товарлардын базоо, салмагы, саны, өлчөмү ж.б. көрсөтүлгөн кагаз, белги; 2. жарлык, буйрук, монгол-татар хандыгы кезинде хандын чыгарган буйругу, жарлыгы; 3. өткө маанисинде: бирөөгө берилген мүнөздөмө; навешивать ярлыки на людей адамдарды куруган жаман атты кылуу/.

ЯРМАРКА ярмарка /товарларды дүңүнөн сатуу жана сатып алуу үчүн соода, өнөр жай уюмдарынын, комерсанттардын мезгил-мезгили менен уюшулган көргөзмөсү. Весенняя ярмарка жазгы ярмарка; международная ярмарка эл аралык ярмарка/.

"ЯСТРЕБЫ" "карчыгалар" /эл аралык талаш-тартыш проблемаларды куралдуу күчтөрдүн жардамы менен чечүүгө үгүттөшкөн империалисттик ашынган реакциячыл саясатчылар жана согушчан генералдар; алардын үгү-АКШнын Пентагонунда, конгрессинде, ЦРУсунда. ФРГнын реваншисттик уюмдары, Израилдин башкаруучу чөйрөлөрү ошондой саясатты жүргүзүүдө/.

ЯЧЕЙКА ячейка /коомдук баштапкы уюм; партийная ячейка партиялык ячейка — 1934-ж. чейин ВКП /б/нын баштапкы уюмунун аты. Комсомольская ячейка комсомолдук ячейка — ВЛКСИдын 1934-ж. чейинки уюмунун аты/.

С.Дарияров, А.Кангелдиев

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ-СПРАВОЧНИК
ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ

Подписано к печати 22.05.79. Формат
60x90 1/16. Бумага писчая. Ротапринт.
Объем 30,0 п.л., 16,7 уч.-изд. л.
Тираж 500 экз. Цена 2 руб. 63 коп.
Заказ

Издательство Академии наук Киргизской ССР,
г. Фрунзе, Ленинский проспект, 265 а

Типография Академии наук Киргизской ССР,
г. Фрунзе, ул. Пушкина, 144

Цена 2 руб. 63 коп.